


*Алыкул Осмонов*

*(1915–1950-жж.)*



*Шота аба, чын достуктун эң кымбаты,*
*Эр үчүн керек жерде ак кызматы.*
*Жөнөй бер, дагы сонун жерге алпарат,*
*Алдагы мен берген ат – кыргыз аты.*

*Жок күтпөйм, алдын ала айтпа рахмат,*
*Өзүң көр, өзүң өлчө таразалап.*
*Арманым – ошол сүйүү бул күнгө да,*
*Кайрадан жаралсачы атаганат!*

***Алыкул. 3.12.1944.***
***Койсары***

Шота Руставели

# ЖОЛБОРС ТЕРИСИН КИЙГЕН БААТЫР

*Алыкул Осмоновдун эркин котормосу*

*Жетинчи ирет басылышы*

*«Алыкул – 95» маарекесине арналды*

**Бишкек**
**«Бийиктик»**
**2010**

УДК 821.35
ББК 84 Р 7-5
Р - 89

***Аты-жөнүн китепке жаздырбастан Алыкулдун анык күйөрманы катары «Жолборс терисин кийген баатырдын» XXI кылымдагы алгачкы басылышына каржылык жактан көмөк көрсөткөн кыргыздын жөнөкөй атуулуна окурман журтунан рахмат айтуу парзыбыз.***

***Бул ишти Өкмөт, КР маданият министрлиги же байлыгы молдор жасаганга жарабады эле..***

*Которгон* **Алыкул Осмонов.**
*6-басылышы 1982-жылы чыккан.*

**Шота Руставели.**
Р – 89 Жолборс терисин кийген баатыр: Поэма /Котор. А. Осмонов. Басууга даярдаган, баш сөзүн жазган П. Казыбаев. – 7-басылышы. – Б.: Бийиктик, – 2010 336 б

ISBN 978-9967-13-703-5

Р – 4702170202-10

УДК 821.35
ББК 84 Р 7-5

ISBN 978-9967-13-703-5

© «Алыкул үйү – борбору» , 2010

## «ЖОЛБОРС ТЕРИСИН КИЙГЕН БААТЫР» БАЯНЫ

Дасыккан адабиятчылар менен таланттуу котормочулардын далай сынынан, алтымыш беш миң окурман баамынан өткөн жана көптөгөн калемгерлердин сөз өнөрүн өркүндөтүүсүнө өбөлгө түзгөн Шота Руставелинин айтылуу дастаны Алыкул Осмоновдун эркин котормосунда 70 жыл ичинде алты ирет басылганы адабияттагы өзгөчө көрүнүш. Анткени түп нускадагы эң мыкты чыгармалар деле кайра-кайра китеп түрүндө чыгарылышы чанда кездешет.

Алыкул айтылуу котормосун 1938-жылы май айында баштап, 1939-жылдын апрелинде бүтүрсө, ошол эле жылдын 15-ноябрында латын арибинде терүүгө берилип, Казан шаарындагы Татполиграфта 23 басма табак көлөмүндө, 10 миң 90 нуска эсебинде, Кыргызмамбастын грифи менен китеп болуп чыккан. «Кыргызстан мамлекет басмасы» деп айланта жазылган жазуу, ичинде чыгып келаткан күн, тоолор жана алчактаган ат минип турган ак калпакчан кишинин сүрөтү, сол жагы бадырайган буудай башы, оң жагы куш канаты иймекей тарта курчап турган айлампа текче үстүндөгү китеп мукабасы менен бир бүтүндүккө ширелишип, энтамгалык таасирге жетип турат.

Басууга кол коюлган күнү – 1940-жылдын 11-марты. Ар бир басма табагында 48 миң 400 тамга боюнча жазылганын алсак, китеп 1113200 тамгадан турат. Ал эми азыркы эреже боюнча бир басма табак дегенибизде 40000 тамга бар. Бирок бул сан китептин чоң, кичине форматына, көлөмүнө, сүрөттөрүнүн санына карата да өзгөрүп кетерин эске алуу шарт.

Биринчи басылышына жооптуу редактор А. Осмонов өзү, жооптуу корректорлор Б. Ысмайылов, Ж. Солтобаев, чыгышына жооптуу Ж. Жоробаев, техникалык редактору Н. Гайфуллин болушкан.

Котормонун экинчи басылышы 1950-жылы 20-июлда терүүгө берилип, ошол эле жылдын 21-ноябрында басууга кол коюлган. Көлөмү 16 басма табак, нускасы 5090. Котормонун редактору Т. Сыдыкбеков болгон. Бул китеп 1951-жылы жарык көрөт. Демек, 1, 2 - басылыштарына котормочу А. Осмонов автор жана редактор катары катышы бардыгын, бирок ден соолугуна байланыштуу экинчисине канчалык деңгээлде катышкандыгын адабий тарыхта эске алыш зарыл.

1956-жылы «Кыргызстан» басмасында Ш. Абдылдаевдин редакторлугу менен 10 миң нускада, 16 басма табак көлөмүндө чыгарылган. 16-июлда терүүгө берилип, 12-октябрда басууга кол коюлган.

1975-жылы 19-ноябрда терүүгө, 1976-жылы 19-январда басууга кол коюлуп, чыгышына жооптуу А. Исакова болгон басылма 16 басма табак көлөмүндө 20 миң нуска менен «Мектеп» басмасынан жарык көргөн.

Акыркы алтынчы басылышы 1982-жылы ушул эле басмадан Э. Үсөновдун жооптуулугу менен 15 миң нускада (300 бет), 16 басма табак көлөмүндө чыгарылган.

Биринчи жана алтынчы басылыштардын көлөм боюнча айырмасы 7 басма табак экени эмнеде? Башта эскертилгендей китептин форматына жараша болгон. Мисалы, 1940-жылдагысы 60x90 1/16, калгандары негизинен 84x108 1/32 форматта. Булар техникалык жагы деп коёлу.

Ал эми жалпы саны 65 миң 180 нусканы түзгөн котормо чыгарманын маани-маңызы кандай өзгөртүүлөргө, алымча-кошумчаларга кез келгени адабият айдыңында көңүлгө алынбаганы текстология илиминин кемтигидир.

## АЛЫКУЛДУН АЛГЫ СӨЗ

Котормочу катары өз оюн билдиргени, китептин авантитулунда: «Кыргызчалаштырылып эркин которгон Алыкул Осмонов», – деп жазылгандын чоо-жайын түшүндүргөн, эркин кетип калышына мисал келтирген чакан кириш сөзү латын арибиндеги 1940-жылдагы алгачкы басылмада берилген.

Окурман кызыкчылыгын көздөө менен акындын ошол сөзүн толугу менен жарыялоону эп көрдүк.

*Улуу акындын чыгармачылык жолун жана ким экендигин толкутуп жазуу кыйын, төмөнкүчө гана бир-эки ооз сөз жазууну ылайык таптым. «Жолборс терисин кийген баатыр» (Vepxic Tgaosani) грузин элинин сүйүктүү ыры 750 жылдан бери ооздон оозго айтылып, элдин жүрөгүндө сакталып келди. Ашыглыктын, досчулуктун, баатырчылыктын поэмасы грузия элине кайда жүрсө да (согуштарда, дыйкандар арасында, жумуш маалында, үйлөнүүдө, кайгыруу-шаттанууда) макал катары колдонулат.*

*Жакында болуп өткөн акындын юбилейинен кийин бир тууган улут республикалар да өз тилдерине которууга киришти, ошонун бири биздин кыргыз жазуучулар да айрым главаларын которуп, элге таанышттырышты.*

*Мен үч жылдык ишимде ушул поэманы толугу менен которуу максатын коюп, акыры ишке ашырдым. Котормо эң эркин которулду, маселен, сиздерге төмөнкүнү жазып окутуп көрөйүн.*

*Орусчасында:*

Уж забыл я ликованье, арф и звонких лир бряцанье,
И свирели напеванье, той, чье имя нежно най.
Так в печали безответной вянет пламень розоцветной,
Но в сердечной мгле заветной молвил он «не унывай».

*Котормодо:*

Коңур үндүү арфа күүсүн сагындым,
Үнүн кошуп ыр ырдаган жарымдын.
Жаш төгүшкөн ошол салкын түндөгү –
Жароокерлүү шерттеринин бардыгын;
Чыда жаным, болот канжар кессе да
Түбү келип сары алтын дейт – сабырдын.

*Орусчасы менен кыргызчасынын ортосунда чоң айырма (расхождение) бар, бирок ошондой болсо да мааниси өзгөрбөй сакталат. Поэманын эң бөтөнчөлүгү, афоризм байлыгын сактоого да тырыштым. Ачык айтканда, көп жерлеринде маанисин алып туруп, өзүмчө кетип калган учурлар да бар. Мындан аркы котормочулар мындай кемчиликтерден арылуулары шексиз.*

*Ардактуу окуучулардан, өздөрү тарабынан сезилген кемчиликтерди мага жазууларын сурайм, мындан аркы басылуулар сайын оңдой берүүгө даярмын.*

*Шота Руставели жөнүндө жетиштүү башкы сөз жазууга мүмкүндүк болгон жок, ал тууралуу жазылган сын материалдары менен тийиштүү китепканалардан таап алып, таанышып чыгууңуздарды сурайбыз.* (1940-жыл. 5–6-беттер).

«Миң уккандан бир көргөн» дегендей эле улуу, таза, нукура жана ыйбаа махабат жөнүндөгү бул дастанга сюжеттик сүрөттөр да ар кыл түстө, ыкмада тартылган. Бала кезде окуганда элестеткен элестер менен айрым үй чатырларын коофдоп турган сүрөттөрү (көбүнчө, Тариэл менен жолборстун кармашып жатканы) гана болбосо, бул алты ирет чыгарылган котормо-чыгарманы көркөмдөп сүрөт тартканга кыргыз китебинин художниктери чыгынбашында не себеп. Балким, эмки китеп художниктери жаңы түстөгү сүрөттөрдү жаратып, Шота менен Алыкулдун каарман элестерин Ала-Тоо арасына аралатар.

Айтмакчы, Алыкул менен Шотанын кыргыз кыйырын аралай чаап баратканын чагылдырган графикалык эмгек кинорежиссер жана художник С. Ишеновго таандык.

Мына ушул себептерден улам, алты ирет басылган китептин төртөө мурдагы эле иллюстрациялар менен толукталган. Алардын авторлору советтик жана ага чейинки мезгилде жашаган башка эл өкүлдөрү. 1976, 1982-жылдардагы басылышында иллюстрация түгүл, авантитулунда Шота Руставелинин сүрөтү да жок. Мукабалары деле эч айырмасыз.

Негизинен Н. Заболоцкийдин 1984-жылы «Художественная литература» басмасынан чыгарылган орусча котормосу колдонулду.

Текстологиялык, редакциялык алымча-кошумчалар менен иштөөдө 1940-жылдагы басылманын негизиндеги оңдоолор * (жылдызча) менен белгиленди.

***Памирбек Казыбаев***

## БЕТ АЧАР

Ааааламды алдуу кылып жаратканым,
Баарына энчи бөлүп жашагандын,
Асмандан жердегиге кубат берип,
Дүйнөнүн жарыкчылык жыргалдарын
Бир гана адамзатка жазып койгон,
Бийлигин өкүм кылып падышанын.

Ар жанга өз насибин жазган алла,
Жалгай көр, мени азгырбай шайтандарга!
Бактысыз мажнундардын жалынын чач,
Жанайын чын ашыктык оту алдында.
Күйгүзгүн, сүйүүдөгү күнөөмдү кеч,
Өзүңдүн, ак барайын сурагыңа.

Баатырды, жаасын тарткан Тамаранын
Көркүнө күнүн баскан ай-ааламдын;
Мен билем ырга кошуп айтпай турган,
Берсе да айыптуулук жазаларын?
Кумары ыракаттын шондо канат,
Салтанат салтын ачсаң кыраандардын.

Ырдайлы Тамар-шааны күч жеткенче,
Көл кылып көздүн жашын алда нече.
Сайрагам түрлөндүрүп ыр жолдорун
Жарашат мактаганды мактай берсе!
Сымбаты, көз жаңылткан сонун көркү,
Эрге даңк, эбин таап келиштирсе.

Ал үчүн эң сылык сөз тапмак керек
Жазмакка кара чачы агаттай деп.
Жана да эрин, кашын, кирпиктерин
Жаңылбай орду менен жакшы теңеп.
Жылмайса жарк дей түшкөн ак тиштери,
Тим эле ирет менен тизген бермет!

Тил, сезим, чеберчилик жанга паана
Үчөө тең бирдей керек чыгармага.
Кубат бер, колдоп алгын, о, акыл-ой
Даанышман көсөмүмсүң өзүң гана!
Ырдайлы сулуулугун Тариэлдин
Ызаттап урмат айтып үч баатырга.

Жаш керек Тариэлди эске алууда
Эрдиктен ким тең келген айтчы, буга?
Жаралуу жүрөгүнө жолдош кылып,
Ырдадым – Руставели, салып муңга.
Үзүлгүс чынжырдан бек сөз жасадым,
Берметтей тизмектешкен удаама-удаа.

Эркине өзүм жазган бул ырлардын,
Мен акын – Руставели, күйүп-жандым.
Мындагы ашыктардын дартын ээрчип,
Өзүм да мажнун болуп эстен тандым.
Бир гана айыгарым сүйүү күчү,
Эмесе, көрүм казып көөмп салгын!

Жазылган грузинче бул дастанды
Баяндап өзүңөргө айткандарды.
Каухардай, бирден иргеп курастыргам,
Кадимки каухарлардан Ирандагы.
Түптүгөл зыяны жок эритилди,
Кандырар ашыктыкка чаңкаганды.

Ашыктык күчөй берет, кайра жанбайт,
Жүрөгүм мажнундардан айрыла албайт.
Түгөнүп түтөп жаным бүтмөк болдум,
Эмесе, бул күйүттүн дарысын айт!
Айтууга үч баатырдын махабатын –
Каламым ошондуктан алга ылдамдайт.

Ар бир жан тагдырына ыраазы болгой,
Эмесе, эмгекчини эмгекке кой.
Баатырдын жолун ачкын, эрдик кылсын,
Себеби ар бир иштин салты ошондой!
Сүйгөндөр сүйүү отунда азап тартсын
Кайгырсын, махабатка күнөө койбой.

Ыр деген даанышман жол жадыраган
Тагдырым тартуу кылган өз колунан,
Жараткан ыр күчүнө кулдук кылып,
Асмандан ыклас кылып кулак салган.
Ырында узун сөздү кыскача айтса,
Акын деп ошол акын ардакталган.

Кокустан эки сөздү кураштырган,
Жөнү жок акын атын ала турган!
Урматтуу акын даңкын ала бербейт,
Сөз жыйнап улаштырган андан-мындан.
Уялбай «акынмын» деп төшүн кагат,
Ары жок, акылы жок, кээ бир наадан!

Кулукту сынаар болсоң – ыраакка чап,
Кең жерде топ оюндун өнөрүн тап.
Андыктан* акындарды ырда сына
Дастанды узун сабак алдына тарт.
Эгерде күчсүз болсо жетпей кайтат,
Алсырап, аткарылбай коюлган шарт.

Күчтүү ыр жөпжөнөкөй тизмектешет,
Жупжумшак баскан изин жеңил сезет.
Сыпсыйда тегиз сапта уйкалышып,
Акылга терең канып мемирешет.
Кыйналбай тар жерлерден эргип чыгып,
Зымырайт алга өтүүгө бербей кезек.

Акын бар – ыры чолок, айтор, кандай,
Окусаң көкүрөктө кумар канбай,
Ал акын өзүнчө зор үмүт менен,
Сени деп ууга аттанган жаш уландай.
Бирок да чоңго жетпей, майдалантып,
Өзүнчө болду го деп мактангандай.

Үчүнчү: оюн-шоок күлкү ырлары,
Тойлордо мактай турган курбуларды,
Чынында көңүл ачуу жаман эмес,
Бирок да таттуу болсун ырдын даамы!
Берилип чын көңүлдөн эргип айткан
Акындык өнөр керек мында дагы.

Ашыктык баарыбыздан өйдө турган,
Кубаты эч бир сөздүн жетпес буган!
Сүйүүнүн ширесине чыгара албай
Менсинген нечен сөздөр алдан курган.
Чынында махабатка эч даба жок,
Кайгыдан кайгыга өтүп, көңүлүң туман.

Сүйүүдө берендердин сырларына,
Жете албай кулдук кылат генийлер да,
Сөз эмес, миң кубула күү ыргалткан
Муңканып жабыр түшөт ырларга да!
Мен жаздым азап туртып кор болгонду
Сүйүүнүн тунук акыл муңдарында.

Мажнун деш – эстен тануу деген мага,
Ушундай сөз мааниси: арабчада.
Жан кыйып чын сүйүүгө берилгендер,
Ошентип эстен танар айрыларда.
Кээ бирлер жараткандан жардам сурайт,
Ааламдын жан калкалай жыргалына.

Чын мажнун – күндөй таза, көңүлү жарык,
Сабырлуу, өзү жоомарт, ойго канык.
Айтышса, бет келгенди сөзгө жыгып,
Ар кимге орду менен акыл салып.
Эгерде бул сапаттан алыс болсо,
Ал мажнун: сүйүү баркын билбес анык.

Мажнундун, билмек кыйын сезим даамын,
Ал сезим: бузук жолдуу жамандардын.
Ыплас кырсыгынан алыс турат,
Бузуктан таза кармап өз тарабын.
Өзүнчө мына ушундай мааниси бар,
Сиздерге мен ыр менен айткандардын.

Чын мажнун – сөзүндө бир, шертинде бек,
Жары үчүн арып-азып алыс кетет,
Айтылган антты актабай кайра кайтпайт,
Кууса да тагдыр күчү канча кектеп.
Алдамчы сезими жок жалган сүйүү,
Көңүлүмдү капа кылып иренжитет.

Курдаштар сүйүү жолун айрып алсын,
Чын мажнун – ичтен күйүп кайгылансын.
Көргөндө, сүйгөндүгүн ичке сактап,
Мезгилсиз айрылууда күйүп-жансын.
Жарынын четтеткенин айып көрбөй,
Керт башын муңга бөлөп, дартка чалсын.

Милдети – жүрө берсин, эч кимге айтпай,
Сүйгөнүн «сүйөмүн» деп элге уялтпай!
Жана да калк алдында үшкүрбөсүн,
Сыртында токтоо болуп түк байкатпай,
Отуна махабаттын кумар болсун
Сезилип тарткан азап, ыракаттай.

Арсыз бар «сүйөмүн» деп айта турган,
Таң калам карап туруп, мен ушуган?
«Сүйөм» деш сүйгөндөрдү шылдың кылат,
Неге айтыш, чын сүйүүгө арзыбасаң.
Не пайда жамандыкка пайда кылып,
Арамдын арам оюн ырбатуудан?

Ким сүйсө ыйлай берсин зарлай-зарлай,
Зарлоого жыргал барбы ашык жардай?
Муңкансын, жалгыздыкта куурал тартсын,
Эңгиреп элден безген бечарадай.
Өзүнчө жарын эстеп күйө берсин,
Бирок да көп ичинде сыр чыгарбай.

Акындар, сөз берметин текке чачпа,
Бирди сүй, тирек кылып өз багыңа.
Тартынбай өнөрүңдү көрсөтө бил,
Кубанып ошол үчүн жанганыңа!
Ыр чыгар, сүйүп чыгар, бекер чыгар,
Сыйлануу, даңк алууну оюңа алба!

Мен өзүм ошол анттан кайра кайтпайм,
Мактанам – ал шертимди тунук актайм.
Эзилем ашыглыктын күчү катуу,
Ууланам, сүйгөнүмдү такыр айтпайм.
Баяндап ошол сүйүү касиетин –
Мындайча кайра урматтап, кайра мактайм.

I

## АРАБ ХАНЫ РОСТЕВАН ЖӨНҮНДӨ БАЯН

Тагдыры сүйүп, таалайына бак берген,
Урматы улук миң-миң колду ээлеген.
Арабияда Ростеван деген хан болду
Кызыл тилден жоктур буга тең келген.
Колу да ачык, айтпачы анын марттыгын
Жүзү жаркын, өзү да жеткен эр келген.

Кандай десем, жаркын нур го күндөгү,
Көргөндөрдүн эрип түшкөн жүрөгү.
Ростевандын жалгыз сулуу кызы бар
Андан башка эч перзент көрбөдү.
Ай десең ай, күн десең күн, көркү бар,
Мактап аны даанышмандар айталар.

Мунун аты Тинатин кыз, тийген күн,
Ашыктыктын оту күндө, өзүнүн.
Айдай толуп бойго жеткен чагы эле,
Кантип айтам анын көркүн, мүчөсүн?
Бир күнү хан, вазирлерин чогултуп,
Айта баштайт балдай ширин сөздөрүн:

«Вазирлерим, чакыртканда максатым:
Кеңешиме акылың сурайм баарыңдын
Гүл бакчада соолуганда кызыл гүл,
Арт жагында гүлдөр жайнар дагы анын,
Таалайы үчүн, чыккан күнү баткан соң
Билерсиңер түндөр өкүм аларын.

Мен карыдым, жашар күндү жашадым
Бул карылык кыйын оору, чарчадым.
Мөгдөп калдым, бүгүн-эртең өлөрмүн?
Билемин го көр өз койнун ачарын.
Хандыгымды бергим келди кызыма,
Калың журтка, күндөй нурун чачарым».

«Таксыр, ханым, койчу, – дешти вазирлер
Ырас, гүл да, кызыл гүлүн түшүрөр,

Тийген айга жылдыз кастык кыла албас,
Ай жеңилбес, өз жолунда түз сүзөр.
Гүл соолубас, жыпар жыты сакталар,
Анын жытын сактап жүрөр көп гүлдөр.

Койчу, ханым – гүлүбүз өз нурунда,
Бул кеңешти күткөн жокпуз угууга.
Сиздин нурду калкалоочу ким экен,
«Карылык» – деп кайгырбаңыз сиз буга.
Жүрөгүңүз оттой жанар албууттап
Хандыгыңыз өтсүн күндөй сулууга!

Шумдук болду хан коюлуп* аялдан –
Дешип айтар, кудай өзү жараткан.
Жалган эмес, байкаганбыз мурунтан
Ордуңузга күндөй сулуу болот хан...
Баатыр шери сиз болсоңуз элдердин,
Артыңызда ал да бала арстан».

Автандил эр, миң сан колду башкарган,
Кайраттуу эр арстанга да батынган.
Ай мүчөсү ай, айдан, күндөн кем эмес
Далай көздү сулуулугу ай тарта алган...
Тинатиндин жоодураган кой көзү,
Бул жигиттин жүрөгүнө чок салган.

Кызды эстесе, жүрөктү оройт махабат,
Бир саатта карасам дейт миң ирет.
Көрбөй калса, сары ооруга кез келет,
Жолугушса жүрөгүнөн от жанат.
Чын ашыктар таба билсе бир бирин
Чиркин сүйүү, аларды эстен тандырат.

Хан өз кызын, хан кылат дейт, деп угуп,
Автандилге кубаныч кирди курбулук.
Жүрөгүнөн каткан черлер тарады,
Күн бетинен күлдү белем сулуулук.
Ашыгымды*, тийген Айды бир карап,
Жаркырайм дейт сары оорудан кутулуп.

Хандык кылган, эч ким келбей теңине,
Ростеван хан мүлдө арабдын жерине,



«Хандыгымды – түшүп берем кызыма» –
Деген жардык таратылды элине.
«Менин кызым, ал көктөгү тийген күн
Күндү карайм дегениңер келгиле»…

Келди арабдар, миң сан болуп туш-туштан,
Бекзаттар көп, эсеби жок чуурушкан.
Автандил бар, түмөн* эрлер башчысы
Сулуулугу кем эмес го, Нур кыздан.
Саграт вазир койгон кезден тактыны –
«Ой, чиркин ай, баа жок экен» – дейт буган.

Тинатинди атасы өзү жетелеп,
Кыз бетинен алтын нурлар себелеп.
Алып келди колу менен хан өзү
Нурлуу кызга хан таажысын кийгизет:
Керме таяк, күмүш кымкап жапканда
Күндөй жанып, Айдай тийип жарк этет.

Көрөбүз деп келген хандар башка элден,
Тинатинге: «Ой, бали ай», – деп баш ийген.
Журт мактады, керней, сурнай тартылды,
Улуу жардык: «Кыз хан болду!» – делинген.
Ростеван хан түштү алтын тактыдан
Элди суроо Тинатинге берилген.

Көз жаш менен кыз тактыга олтурат,
«Эрте го» – дейт, акталса экен хандык барк.
«Кой, күнүм» – дейт, түшүндүрүп атасы:
«Ата салты, атасы атын калтырмак,
Эне сүтүн, ата акысын актоочу эр
Күйгөн отту уландырып жандырмак.

Гүл бакчага көктөн жамгыр куйгандай,
Менин күнүм, көтөр башты, ыйлабай!..
Улуу арабдын Урматтуу улуу ханысың,
Көрөгөч бол, акылман бол жалтанбай.
Жакыр дебей, жарды дебей көз салгын,
Нуруңду чач бардык элге тартынбай.

Күн жаркырап гүлгө нурун чачкандай,
Тегиз нур чач, шордууларды калтырбай.



Ким март болсо – береке да ошондо
Сараң болгон өлүп кетет жарыбай.
Берекеңди жая бергин кең-кесир
Булак-булак суусун бөлгөн дайрадай.

Марттык кылбоо – хандыктагы чоң намыс
Марттык кылсаң – Эдемдеги[1] кипарис[2]
Сыяктанып көккө жетип турасың,
Жай, кыш дебей гүлдөн гана көз алгыс!
Жоомарт болсоң – дүнүйө, мүлк да сеники
Жоомарт болсоң – эр болосуң бет алгыс».

Касиетин, ата сөзүн жай гана,
Кең санаада ак кептердей айлана.
Укту кызы, баарын эске калтырды,
Ростеван хан таң-тамаша сайранда...
Күн Тинатин, Тинатин күн – экөө бир
Көктө турат көз уялтып нурлана.

Ханша* Тинатин кары устатын чакыртты
Шарт эттире казына оозун ачтырды:
«Төккүн, – деди, – канча дүнүйө болсо да».
Калайыкка марттык кылып чачтырды.
Алтын, күмүш, каухар, жакут асылдар
Эл колуна жарк-журк этип ташылды.

Бала күндөн жыйнап жүргөн өзүнчө
Нечен жылдар чогултулган дүнүйө,
Былк этпеген, кол тийбеген мурасты
Тинатин кыз таратты бейм бир күндө.
Буйрук берди: «Ата сөзүн аткарам,
Бир ууч алтын сакталбасын үйүмдө».

«Бүт ачылсын өзүм билген казыналар
Чубатылсын өңкөй учкул тулпарлар».
Жер ызы-чуу, чуулары жоо чапкандай
Таратылды төрт түлүктүү миң сан мал.
Кызга раазы... алтын баалуу жибектер,
Кымбат заттар карасаң көз жаңылтар.

---

[1] *Эдемдеги* – бейиштеги деген мааниде.

[2] *Кипарис* – жылуу жакта өсө турган көлөкөлүү сонун дарак.

Талоочу эле, эрлер жоону чапканда,
Дал ошондой хан казынасы таланды.
Эркин туйлап, жакырлардын астында
Булут менен учту арабдын аттары.
Тинатин кыз мүлктү чачты мөндүрдөй:
«Дагы кимдер кур калды?» – деп сурады.

Мына сайран. Батты арак-шарапка
Күң да, кул да, кыз-эркек да шапарда.
Эмне шумдук, сабыры суз Ростеван?
Кайгырыңкы, калың журттун алдында...
Сайранда элге күбүр-шыбыр тарады –
Деген сөздөр: «Бу не үчүн хан капа?»

Сансыз элден көзгө түшкөн бирден бир,
Арстандыгын сансыз эл да билгендир?
Обочодо күндөй тийип олтурат
Жанында бар Саграт деген карт вазир.
«Хан эмне үчүн, таң калгандай капалуу?» –
Деп шашылып сурап калды Автандил.

«Таксыр ханым баткан окшойт капага,
Жаңылыштык иш кылдыкпы биз ага?
Бул укмуш ко, хандын дартын билели» –
Деди Автандил ханга жаккан Сагратка:
«Бекер бизди уялтпасын нуруна
Сурайлычы кылган болуп тамаша».

Турду ордунан күн Автандил, Саграт
Мелт-калт кылып таттуу шарап колго алат.
Жоодурашып, хан астына жыгылып
Мындай деген, балдан ширин сөз тамат.
Кепке чечен, ханга сырдаш Саграт
Андай сөздү дароо гана өзү алат:

«Күн жаагандай, ханым, бүркөө кабагың.
Үшкүрөсүң оор белем абалың?
Сүрдүү бетиң күндөй күлүп берсинчи,
Капаңды жаз, бизге күлө карагын.
Эмнең жетпейт, айт ооруңду, таксырым,
Мен вазириң, жокту да издеп табарың».

Деди дагы кошуп койду мындай кеп:
«Хандык кылган сенин кызың жаш тентек,
Мурасыңды желге чачып түгөттү,
Сен ушуга капасың го, аның эп.
Тактыдан ал, жаштык кылган кызыңды
Сары-санааң, убайымың бүт кетет».

Хан укту да, айдай жумшак жылмайып,
Күлкү менен Сагратка нур жайып:
«Билемин го, сенде болсун эмне айып,
Сен вазирим, оң көзүсүң ханыңдын
Бирок дагы сараң деген ханыңды,
Келбес мага бул кыялың ылайык.

Жок, вазирим, кайгы-касирет анда эмес
Кайран жаштык, бир кайрылбай болду элес...
Адамзаттан беттешкен эр болбоду
Чактар кетти, арстанга да эп бербес...
Эрдигимди алып калар медер жок
Мына ушинтип өтүп барат кайран кез.

Сен алпештеп, багып берген кызым бар,
Эркек бербей, кең кудайым кылды тар.
Арт жагымда таянычым калган жок
Найза саяр... сызгырылтып жаа тартар,
Автандил шер, бул да менден үйрөнгөн
Бирок мага кайдан болсун барабар».

Унчуккан жок, жерди тиктеп, турат Шер,
Жылмаюудан күндөй күлдү ак тиштер,
Автандилдин жылмаюусун карачы,
Мына ошондо нурга чөмдү барлык жер.
Хан сурданып, тике карап сурады:
«Эмне болду – мен тараптан сен күлөр».

«Сен күлөрдөй эмне болду» – деди хан,
«Кечир, таксыр, бир ооз сөздү бер, маган.
Кулдук, таксыр, айт десеңиз айтайын,
Эрдигиме мен эмесмин мактанган».
Бир ооз гана сөз сурады Автандил,
«Руксат, баатыр, сүйлө», – деди Ростеван.

Хан дагы айтты: «Менин сөзүм бир гана
Касиеттүү Тинатиним турганда,
Экини айтсам, Тинатиндин каны урсун!» –
Дейт Ростеван нур кызына анттана.
«Кем эмесмин» – деп ошондо Автандил:
«Найза сайып, керилтип жаа тартканга,

Ак сөзүмдүн таап айттым ырасын
Мына ушул, эми эмне кыласың?
Жаа тартканда бизди көрүп турууга
Калың колдор, калыстарын чыгарсын!
Сөздөгү эрдик желге кеткен желдей көп,
Эрдигибиз мына ошондо сыналсын».

«Жарайт» – деди хан ордунан козголо:
«Сынашалы, келе жааны, бер колго!
Кең талаага жаа тартышып көрөлү
Калың калыс, карап турсун топтоло.
Таамай тийип уча билсе тарткан ок,
Жаа аткычтын аты калсын ошого...»

Автандил шер макул деди жылмайып,
Күлүштү экөө, эрегиште эмне айып?
Тамашалуу жумшак сөздөр айтылды,
Беттеринен айдай аппак нур жайып.
Ким жеңилсе үч күн жүрсүн жылаңбаш
Ушул жаза болсун – дешти ылайык.

Хан өзүнө туура он эки кул алды,
Сансыз колдон тандап алды буларды.
Бер дегенге окту сууруп берүүгө –
Кызыгында кызыктуура куралды.
«Шермадиниң он экиге барабар,
Так санашсын таамай атып турганды».

Деди да хан Автандилге ошондо,
Жаа тартышчу кең жайыкты курчоого –
Жолборс, илбирс, теке, кулжа жайытын
Билгиле деп буйрук берди көп колго.
Ошол күнү сайран... таттуу шараптар
Шапар бүттү, түн жарымы оогондо.

## II

## РОСТЕВАН МЕНЕН АВТАНДИЛ МЕРГЕНЧИЛИККЕ ЧЫГЫШТЫ

Таң сүрүлдү, мына эми күн чыгат,
Автандил шер алда качан болгон так.
Алтын чалма ак лилия[1] мүчөсү,
Эр жарагы эр үстүндө шарактап.
От жангандай анын чолпон көзүнөн
Так түйүлтүп мингени боз аргымак.

Хан да өзүнүн эр кийимин сеңселткен
Жарагы шай, тулпар минип теңселткен,
Ошол майдан... сансыз колго чулганган
Бир күн мурун хан буларды эскерткен.
Топ-топ болгон, кылкылдаган аскерлер
«Ай, кимиси, эр экен» – деп, дегдешкен.

Ээрчи деди хан он эки кулуна,
Кер жаак жаадан бирден берип туруугa:
«Адетим бар кызый тартып келгенде,
Жебе сунгун бир жакка да бурулба,
Санагыла ким канчаны атканын».
Айт койду аңдар, талаа толду уу-чуугa.

Ар түрлүү аңдар, үйрү менен качты бейм,
Эки баатыр жаанын огун чачты бейм.
Эчки, теке, кулжа, кулан, аркарлар
Жан коргоого жар таба албай шашты бейм.
Качкан менен кайда барып кутулат,
Эки мерген, бир жаңылбай басты бейм.

Аттар учат, чаң гана ызгыйт адам ай,
Миң-миң аскер күндүн көзүн көрө албай...
Эки эрди көр, жаа огунан кан акты
Топ-тобунан кулап жаткан аңдар ай,
Ок берүүгө элдер араң жетишет,
Булар эле көктөгү учкан жагалмай.

---

[1] *Лилия* – сонун ак гүл.

Койчу эми деп кесир кылып таштаган,
Аңдар гана токойлордо калды аман.
Мергенчилик бүтсүн эми деп чечип,
Кайтышты анан, таңда кеткен кечте араң.
Шаттык менен, бир бирине каткырып:
«Мен көп аттым» – дейт Автандил, Ростеван.
«Шерт меники», «Жок меники» – дейт эки эр.

Хан ошондо: «Он эки кул бери кел!» –
Деп чакырып ак калыстар айткыла.
«Жаа тарткычтык бетке айтылчу ушул жер.
Хан экен деп, өң жазмалык болбосун,
Он эки кул, ким көп атты айтып бер».

Он эки кул: «Таксыр, башты кесип ал,
Болгон ишти болгонундай чынды айтар –
Ак кулуңбуз. Автандилге, таксырым,
Жаа тартуудан келе албассыз барабар.
Бул баатырдын тарткан болот огунан
Эсеп жеткис аңга толду талаалар».

«Эки миңди кулаттыңар, кыйратып,
Автандилде сиздикинен жыйырма ашык,
Жаш баатырдын мээлегени кур кетпей,
Тийип жатты, койгон жокко бир жазып.
Огуңуздун көбү жерге сайылды,
Артыңыздан шагыратып жыйнаштык».

Хан бул сөзгө чыгарды бейм күлкүнү –
Аны жеңген өзү үйрөткөн шакирти.
«Жеңилдим» – деп кайгырган жок, кубанды.
Каткан черлер жүрөгүнөн жибиди.
Ал өзүнүн медери го, бели го,
Ээлеп турган булбулу го көп гүлдү.

Эки жолборс агыттырды эки атты,
Бир чоң бакка көлөкөлөп эс алды.
Он эки кул, хандын бери жагында,
Кылкылдайт кол, тегеректей жок саны.
Сайран бүттү. Эрлер кээде караштЫ,
Аккан булак, көк тиреген асканы...

## III

## АРАБДЫН ХАНЫ РОСТЕВАНДЫН ЖОЛБОРС ТЕРИСИН КИЙГЕН БААТЫРГА ЖОЛУГУШУ

Ошол аска, ошол чексиз дайрадан,
Көрүнгөнсүйт, таанылбаган бир караан…
Кара кулак шер сыяктуу эр неме,
Миңген аты шумдуктуу ат жараган.
Берметтенип аккан жашын карачы,
Кайдан келген, бул не болгон башка адам?

Кийингени чаар жолборс териси,
Күркүрөгөн анык жолборс белгиси.
Жолборс башын кийип алган башына,
Жашын төгөт, күчтүү белем кейиши?
Колунда бар өрмө жоон камчысы
Кайгысы оор бул не болгон жат киши?..

Хан ошондо баргын деди бир кулун,
Кулу келди маңдайына ушунун.
Шер олтурат күн жаагандай кабагы,
Таң калат кул, кайдан билсин мунусун?
Ыйла сен да, селдей аксын көз жашың,
Боору таштык, минтип карап турушуң.

Шер сүрүнөн мукактанды кул кайпып,
Сөз айта албайт. Кетсемби дейт же кайтып.
Токтоп калды, жолборс баскан коёндой:
«Хан келсин дейт» – деген гана сөз айтып.
Күтүп турду, жооп аламын деп ойлоп,
Капалуу шер караган жок кылчайып.

Жерди тиктей санаалуу шер, жолборс баш,
Миң сан колдун кыйкырыгы чоочутпас,
Теребелди терең карап үшкүрөт,
Кайгысына коргошундай эрийт таш…
Сүйлөмөктөн жоо чапса да иши жок,
Бетин жууп тама берет ачуу жаш.

Түпсүз деңиз тереңиндей санаага
Чөккөн шер го. Кайтып келди кул анда,
«Суроо бердим, жооп албадым, таксырым», –
Деп жалдырап жанагы кул турганда:
«Баргын» – деди, башка кулду жиберди,
Капалуу шер, кылчайган жок жана да...

Ал да кайтты: «Бүткөн боюм калтырап,
Шер сүрүнө эрип кетти бар кубат,
Менин сөзүм ташка айтылган сыяктуу,
Кайдан болсун сизге айткандай барк кылмак.
Киши экен деп, балким, сезген жок чыгаар,
Талып кеттим тура берип жалдырап».

Көз алдында бул окуя баятан –
Болуп жатат, хан ачуулуу кумсарган.
Бул эмне кеп, эмне болгон баатыр деп,
Хан ызалуу, хан өзү да айран таң.
«Ким экен ал, маңдайыма алып кел
Он эки кул, он эки эр жаракчан!»

Жарактанган ошол эрлер келатат
Он эки учкул тулпарын көр алчактап,
Ат дүбүртүн, кол чууларын уккан соң,
Шер да турат, о дагы эле жаш тамат.
Мына ошондо, шер оозунан сөз чыкты –
Деген гана: «Бул не болгон мага азап!»

Жеңи менен аарчып алып көз жашын,
Тура калып бекемдейт жоо жарагын.
Эр камчысы чакандалды колуна
Атка минди, минген атын карагын!
Кулдар сөзүн укмак кайда, ал учту,
Ак шумкары экен го, бул талаанын...

«Карма»...лашып, чуулар келди жакындап,
Ал кадимки он эки эр го шатырап.
Үмүт менен шерге колдор сунулду –
Бири менен бирин согуп талкалап;
Эби келсе, камчы менен жыга уруп,
О, шумдук ай, жанагы шер баратат.

Оңго, солго кулап жатты адамдар
Хан кыйкырат: «Эмне болду арамдар!»
Саны арбыды ого бетер өлүмдүн,
Топ-топ болуп кулап жаткан кыраандар,
О, жаш шер ай, кырып жаткан элдерди
Ойлоп койбойт «алар кимдер, не жандар?»

Хан Автандил тартты алдыга тулпарды,
Тулпарды эмес, көктөгү учкан шумкарды.
Жанагы эрдин сая кууп артынан,
Аттар шамал, шерлер күн го... нурланды.
Жер дүңгүрөйт. Шер кылчайып бир карап,
Билип койду, хандын өзү кууганды.

Хан келатат, жетип келди жакындап,
О, чиркин ай, буудан атын алкынтат,
Шер ошондо бир теминди тулпарын
Көздөн кайым, закым болуп закымдап –
Шер жок болду. Асманга учуп кеткендей.
Кайда кетти, эмне болду, ойлоп тап.

Ошо жерде же кара жер жарылып,
Же учтубу, куш канатын тагынып?
Бир дегенче таң каларлык иш болду
Хан тулпары жокко чабат каңгырып.
Дайра жээгин, ой-кырларды карашты.
Чакырышат. Чыкканы гана жаңырык...

Изин карайт, шер атынын изи жок,
Бул не шумдук, болуп кетти түшкө окшоп?
Хан кошунан жарадар бар, өлгөн бар,
Ыйлар чыгат, аянычтуу үн боздоп.
«Кандай балаа, шаттыгыма от салды –
Кайгырат хан, – таалайсыз го болочок».

«Ушул күнгө, ушул жашка чыкканы,
Мен кайгысыз адамзаттын сырттаны –
Жалгыз гана сайран кушун учуруп
Жүргөнүмө кең кудайым кызганды.
Таалайымдын тарыганы ушубу, –
Дейт Ростеван, – кандай балаа курчады»...



Ушуну айтып хан бастырды жалгыз жай,
Мындан мурун түк болбогон кайгысы ай,
Жаа огунан кыйратылган олжолор,
Ошол бойдон кала берди жыйналбай.
Дейт кээлери: «Таксырыма кайгы жөн»
Дейт кээлери: «Сактай көргүн, о, кудай».

Элден четте, сүзүп кайгы дайрасын,
Сары санаа убайымга хан башын –
Чүмкөп алып, жарык күнүм кеттиңби?
Кастанет[1] күү, арфа[2] күүлөр кайдасың?
Ростеван хан… Автандил шер жанында,
Чындап  сүйгөн, кандай сүйсө баласын.

Тинатин да бул тууралуу толуктап,
Кабар угуп, күндөй жарык болгон чак.
Уйкусунан чукуранып ойгонуп,
Ростевандын эшигине жакындап:
«Уктайбы атам?» – деп сурады нөкөрдөн,
«Жок, таксырым, –хан кайгыда олтурат».

Ростевандын баласындай болгон соң,
Жалгыз гана Автандил бар, анысы оң.
Хан жанында ошол күн шер олтурат.
Жанагы укмуш иш жөнүндө ойлонгон.
Карап туруп чыгып кетти Тинатин:
«Сурап калса, келди деп айт» – деп койгон.

Бир аз туруп хан сурады нөкөрдөн:
«Менин күнүм, менин гүлүм көрктөнгөн,
Бак-таалайым, жарык шоолам, жылдызым
Көрүп койсом, көңүлүмдү көтөргөн –
Тинатиним көрүнбөйт ко, каякта?»
«Келип кетти. Нурлуу ireңин өзгөрткөн».

---

[1] *Кастанет* – испан тилинен алынган. Бий маалында шыңгырап күүлүү тартыла турган көңүлдүү музыка аспабы.

[2] *Арфа* – немец тилинен пайдаланылган, бул да ошондой.

Тинатинди чакыр деп хан тапшырды,
«Бир жаркырап, токтотсун көз жашымды.
Дем алуудан чарчап калды көкүрөк,
Дем берсинчи, көтөрөйүн башымды.
Дарт санаанын, себептерин айтайын
Кайрылуусуз учуп кеткен шаттыкты».

Ата сөзүн кыз адети барк алмак,
Тинатин кыз кирип келди этип жарк.
Толгон айдай, толукшуган мүчөсү ай,
Беттеринен күн шооласы чачырап.
Ата ыраазы... маңдайынан жыттаса,
Карылыктын каткан чери жазылат.

«Чолпон нурум, чакыртуусуз келбейсиң,
Кары атаңдан – кайгың эмне дебейсиң?»
Деген кепке жооп айтат Тинатин:
«Сенин кайгың туман эмей не дейсиң?
Сен кайгырсаң, күн да кошо бүркөлөт,
Жабыркооңду ачык айтып бергейсиң».

«Айым менин, нурум сени бир карап,
Жүрөгүмдөн тарап кетти барлык дарт.
Карылыктын кайгысы экен сары оору,
Сары ооруга сен болорсуң бир кубат!
Мен жашырбай баарын айтып берейин,
Ата сөзүн угуп тургун жакшылап.

Бир шер көрдүм, кечке жүрүп сейилде,
Жаш азамат бир укмуштуу киши эле.
Аянычтуу ылдый карап отурса,
Тегерегин жарык кылат нур бере.
Билгиле деп кулдарымды жибердим,
Жабыр тартат бул жаш баатыр эмнеге...

Бул кандай жан эки кылган сөзүмдү,
Колду кырып, шылдың кылган өзүмдү.
Карап койбой атка минип кеткен соң,
Мен да куудум – тумандатты көзүмдү.
Бул адамбы? Периштеби, же жинби?
Мына ушинтип карайлатты көңүлүмдү.

Ташка сокту сайранда учкан кушумду,
Чыны менен таалай-багын буздубу?
Шаттуу чагым, шапар тепкен сайраным
Бир заматта ак туйгундай учтубу?
Жолду бөгөп касиеттүү тагдырым
Карыганда кылмак белең ушуну».

Кызы да укту, кепке кылып сабырдык,
Жумшак сүйлөйт, койбоюн деп таарынтып.
«Дейсиз, ата, кудай салды балааны,
Башыбызга түшкөн жокко жабырдык.
Түпсүз деңиз таалай эрки колуңда,
Бул не деген кайгырышың, жарыктык.

Сен хандардын ханысың го, атаке,
Хандык атың медер болгон бүт элге.
Ата, сени билбеген жан бар бекен
Жашап турган биздин ушул дүйнөдө,
Чыдамдык кыл, бул кейишиң жарабас –
Көздөн кайып жок болду деп бирөөгө.

Шыйкыры бар болгон болсо ошол шер,
Кеткен болсо, асманга же жарып жер...
Ким экенин, кайда экенин ал эрдин
Жер үстүнөн табылар дейм билгендер.
Ошондуктан эрдин эрин тандатып,
Биздин милдет ошол эрди издетер».

Мына ошентип куугунчулар камдашты,
Эрдин эрин, шердин шерин тандашты.
«Издегенди тапмайынча, кайтпагын»
Калайыкка катуу жардык хан жазды.
Кылкылдаган миң сан болгон калың кол,
Төгөрөктүн төрт бурчуна таралды...

Куугунчулар жол жүрүштү көп убак
Күндөр эмес, нечен айлар, бир жылдап...
Жолсуз чөлдөр, тоо таштарда адашты.
Жолуккандан: «Шер көрдүңбү?» – деп сурап.
Акырында кайтып жатты сандалып,
Кайран эрлер... сүлдөрү бар, жок кубат.

Арып азган хан кулдары чогулуп:
«Төгөрөктүн төрт бурчунда тең болдук!
Ал киши эмес, закымдаган жел окшойт,
Таяк алып жөө да бастык, бут жооруп.
Адамзаттан таба албадык көргөнду
Аргасын тап, ханым, эми ойлонуп».

Ошондо хан бул сөзүнө көп элдин:
«Ук, калайык, калың журтум, эрлерим,
Билдим эми, менин шоолам Нур кызым –
Кур жабыркоо себеп болбос – дегенин.
Сейилимде өз көзүмө көрүнгөн
Душманымдын сеси го дейм анчейин».

Кетти ал күндөр. Хан кайгысы жок элес
Дагы сайран... таң-тамаша жок теңеш.
Чоң оюн бар, мына өнөр көрсөтүш
Кирди ырчылар, жер эмеспи беттешпес?
Хан марттыгы, дүнүйө, мүлктү таратуу,
Байып жаткан күң, кул да жок эмес.

## IV

## ТИНАТИН АВТАНДИЛДИ ЖОЛБОРС ТЕРИСИН КИЙГЕН БААТЫРДЫ ИЗДӨӨГӨ ЖӨНӨТТҮ

Автандил да бойду керип таштаптыр,
Солкулдатып арфа күүсү ырдайт ыр,
Тарткан күүсү бой эрите муңканат
Кыз-жигиттер аны курчап алыптыр.
Шашып кирип, деп жиберди кара кул:
«Тинатин нур келсин деди, о таксыр».

Автандилге эми кайдан олтуруш,
Бой жасанды, болду белем сонун куш,
Көптөн бери көрө албаган сулууну
Азыр көрөт – кандай бакыт болду туш!
Мына эми күйүп жүргөн махабат,
Эки ашыкка сагынычтуу жолугуш.

Арстан келбет, жолборс сүрдүү Автандил
Келе жатат ага токтоо жок эч бир,
Нуру турат, гүлү турат, чолпону –
Жубайы үчүн далай санаа кечкендир.
Тинатин күн, анын бүркөө кабагы
Муңайыңкы, көңүлүндө бар го кир.

Жылт-жылт эткен бермет менен шурулар
О эсеп жок, анын канча куну бар.
Баа жетпеген кара кундуз күрмөсү
Көзүн айтпа карагаттай тунук ал.
Жерге тиет тестеп өргөн колоң чач
Кай бактылуу шердикисиң, сулуу жар…

Келбетин айт, ак жибектей буралган,
Толгон айдай толукшуган, суналган.
Баасыз чалма, жерге тиет бир учу,
Балким, сулуу эрингендир буугандан.
Аккуу моюн, чүрөк мүчө соорудан,
Көйкөлгөн чач көшүлүңкү чубалган.

Болгон менен миң кубулта кийинген,
Башкача эле дем алуусу, ийнинен.
Орун алды сылык гана Автандил,
Тинатиндин башы жерге ийилген.
Бул эмне үчүн, кайдан чыккан бул капа
Кандай санаа… ашыгы аны* билбеген?

Шер ошондо сөздү ойлоп тапкычың:
«Күн нурунан ай жоготор жаркынын,
Мына ошондой сен күн болуп жаркырап,
Мен ай болуп шоолаңа эрип калкыдым.
Ачсаң боло жүрөгүңдө кайгыңды
Эмне болду айтсаң боло, алтыным».

Кыз да кандай… гүлдөн гүлдү кармады,
Тереӊ ойлоп сөздөн, сөздү тандады.
Сөз казынасы Тинатинде жок беле?
Бир бирине кураштырды, жамакты:
«Сүйүү кушу болсо дагы коно элек
Айтайынчы, жүрөктөгү санаамды.

Ашык курбум калды бекен эсиңде,
Жаа тартышып сейил кылган кезиңде.
Атам экөөң көккө учуруп тулпарды,
Сайран бүтүп, кайра кайтар мезгилде:
Таанылбаган бир жаш баатыр жаш төгүп,
Олтурганы ошол деңиз жээгинде.

Мына ушул, жүрөктөгү каткан чер
Ким болду экен ыйга баткан ошол шер?
Ошондуктан, өзүң эрдин эрисиң
Булуттарды аралап чык, болсо эгер.
Асмандан да табылбаса, кайра түш –
Күн кылкылдап баткан жерден таап кел.

Айтайын деп жүрсөм дагы мен муну,
Жолугууга болбоду иштин учуру.
Бирок билем, айтпасаң да, бир ооз сөз,
Ачпасаң да чын сырдаштык кулпуңу.
Жалгыз санаа, жалгыз убай ичинде
Эмессиңби ашыктыктын туткуну.

Эки түрлүү түркүгү бар сөзүмдүн,
Эки түрлүү шооласы бар көзүмдүн:
Биринчиси – сен адамзат жолборсу,
Экинчиси – мажнунумсуң[1] өзүмдүн.
Жалган эмес. Ошол шерди таап кел
Аткар муну, тынар анан көңүлүм.

Махабатым дагы үч эсе күч курар,
Убайымдан курган жүрөк кутулар.
Муну аткарсаң, таалай гүлүм кайра өсүп,
Жалаң гана жыпар жыты буркурар.
Тосуп алсам күндөн кайткан арстандай,
Ашыктыкта мындан артык эмне бар.

Бир жыл эмес, таамай үч жыл карагын,
Көлгө түшүп кетсе дагы, карaанын.
Табарсың дейм, таап кайтсаң, жаркыным,
Мен да гүлдөп, миң түрдөнүп калармын.
Таппай кайтсаң, аянычтуу көрөсүң,
Кызыл гүлдүн соолуп калган сабагын.

Күдөр үзбөй үч жыл күтөм, антымды ук,
Менин антым ак тилегим туптунук.
Сени унутсам жете албасмын бейишке,
Ашыктыктын тозогунда тумчугуп.
Жан чыкканча, күнүм, сени күтпөсөм,
Жок болгонум, махабаттын анты уруп».

Автандил шер: «Күнүм, сенин бул оюң –
Акыл менен эрдик шартты койгонуң.
Аткарайын, менин күнүм, сен үчүн –
Кыйын милдет, кыйын сыноо – бул оюң.
Мага дагы керек дары ушул эле
Ырас айттың, күнүм, кулуң болоюн».

---

[1] *Мажнунумсуң* – ашыгымсың, сүйгөнүмсүң.

Кошту Автандил: «Сен бейиштин күнүсүң,
Күндөй тийип жарык кылдың жер жүзүн.
Сүйүү шерти сени артыкча жараткан,
Күмүш нурлуу күн болсун деп күн үчүн.
Жоодураган сансыз жылдыз артыңдан
Уяң сезет көктө калкып жүрүшүн»…

Тийген жери бир бирине эки нур
Махабаттан шашып сокkон бул учур.
Кандай кыйын, чын ашыктык акыры
Көккө учканы ушул беле же кургур.
Күлө карап, айдай тиштер жарк этет,
«Мен сендикмин, мен сендикмин» – дейт утур.

Ошол саат, таттуу сөздөр сүйлөштү,
Ошол мезгил, бир минуттан тез өттү.
Ашыктыкта көз уяңдык кылбайбы
Булар эле айланган куш көктөгү.
Ак тилекти жүрөк бирге сокконго
Чын махабат эритпейби жүрөктү.

Мына ошентип сыр алыша келгенде,
Сүйүү шертин жара айтып бергенде,
Адамзатта түк болбогон махабат
Бир ай, бир күн отурган кез термеле.
Сүйүү эрки араң гана айрылды,
Автандил күн эрип кеттим дегенде.

Теңселиңки шер турган кез ошондо,
Жетермин деп талпынып кол созгонго.
Эки көздөн мончоктоп жаш тамчылайт,
Ой, айрылуу… түштүң неге ортого?..
Автандил шер карыш жылып баса албайт,
Айрылуу да махабаттын оту го.

Деди Автандил – бул сөздү айтты өзүнчө:
«Ажыратуу чок салды го көңүлгө.
Ашык жардан айрыларда түштүң го –
Жалбырактай сары санаа өңүмө.
Жарым үчүн азап жанга ширинсиң
Жарым үчүн өлсөм дагы жок күнөө».

Шер уйкуда... жашын төгүп шолоктоп,
Уйкусунан улам чоочуп ойгонот.
Дем алышы аянычтуу жигиттин,
Чын сүйүүдөн ысык аккан  жаш толот.
Тинатини көзү илинсе уйкуга,
Ыргып турат, ал түшү го – жок болот.

Жипке тизген ак берметтей жаш тамат,
Чын ашыктык жүрөктү отко каптамак.
Түн уйкусуз таңда туруп Автандил,
Алыс сапар жол жүрүүгө аттанат.
Мына ошентип, кетип бара жатканда,
Ростеванга мындай деген кат жазат.

Бир жигитке: «Ме, – дейт катты, – алпаргын».
Автандилдин анда эмнени жазганын –
Окуйлучу: «О, таксыр, хан, ойлочу,
Ростеван деп алыс кетти атагың.
Жерлер кезип дагы жайып кайтайын,
Билбегени калган болсо ааламдын.

Сапар чегем, жоолор менен согушам,
Жерди кезип, тулпар менен көккө учам.
Тинатиндин таалайы үчүн уу төгөм
Ханым, сага болгон болсо ким душман!
Зомбулукту эрдик менен кыйратам,
Алсыздарды алгыр кылам, болушам».

«Баракелде, – дейт Ростеван. – Бала шер –
Эр жарагы эрге бүтпөс кур бекер,
Жоо ичинде кол кыйратып чер жазып,
Чак эмеспи кумар канар бул кездер,
Сапарга аттан. Биз каларбыз айрылып,
Чок түшкөндөй жүрөгүбүз тыз этер».

Шер ошондо Ростеванга жүгүндү:
«Мактооңду угуп, канга кубат жүгүрдү,
Жалгыз башка канча азап түшсө да,
Түк коробос кайрат  белге түйүлдү.
Жолум туман... Андан артык бакты жок,
Аман кайтып дагы көрсөм жүзүңдү».

Хан ким эле? Автандилге ата да!
Шер ким эле? Ростеванга бала да!
Хан кучактап маңдайынан жыттады,
Шер турду да, жүрүп кетти аттана.
Ошол мезгил кандай оор. Хан калды,
Жашык көздөн мөлтүлдөгөн жаш тама.

Ошол бойдон учуп жүрүп олтурду,
Күн, түн менен жыйырма күндү толтурду.
Жер менен көк ортосунда күркүрөп –
Алгыр кыраан бүркүткө окшоп учту бу...
Курган жүрөк бекем сактайт эмеспи,
Тинатинди, күндөй жаркын сулууну.

Калып жатты чөл, тоо, таш, аскалар,
Түшкөн жерде той-тамаша, сайрандар.
Элден элге таратылган күн мурун –
Шер келатат деген катуу кабарлар.
Баа жетпеген түркүн белек тартылат,
Куугунчу эрге андай жерде эмне бар.

Кошоматчы жеңилдер да жок бекен
Маселен ал: аял жана эркектен.
Журт оозуна алымдуу кеп болсом деп,
«Биздикине бир күн конуп кет» дешкен,
Бирок дагы сабыр кылып тура албай,
Автандил шер чоң сапарын тездеткен...

Ана аскалар тиреп турат көк бетин
Жан өткөнбү? Өткөн эмес, жок эч ким!
Жол тосулду. Үч күн сейил курушту
Бирге келген анын кулу Шермадин.
Ошондо шер кеңеш курду досуна,
Шермадиндин угайын деп кеңешин.

Сөз башына келеличи биз кайра,
Шермадин деп жалгыз ооз сөз айта.
Окурмандар өзү жаттап турар деп,
Жүрүп кеттик күтпөй сабыр кылбай да.
Ким экенин тааныштырып өтөлү –
Шермадинди бир кеп менен мындайча.

Бул Шермадин бир чоңойгон шер менен
Жаш чагында тарбия алган бир жерден.
Ростеван хан Автандилге дос кылып,
Курдашыңа кубат болгун деп берген.
Акылдашы, жан жолдошу, кайраты,
Туура келбес Шермадинди кул деген.

Автандил эр ачып салды жүрөгүн:
«О, Шермадин, көлдөй терең күнөөнүн.
Кайсынысын сага айтып түгөтөм?
Сен тең шерик курдашымсың – мүдөөмдүн.
Тинатиндин махабаттык оту үчүн
Билбейсиңби эл, жер кезип жүрөмүн.

Тинатинди ойлой берип сары ооруп,
Ашык болдум, жүрөгүм дарт оронуп.
Махабатты айта албадым батынып,
Шер болсом да, шердик кайрат жоголуп.
Моюн алышкан бактылуу түн ичинде,
Мындай деген бир сөз айтты жалооруп:

«Ал качкын эр кайда барып жоголмок?
Таап келгин, гүлүм кайта торолмок.
Мен сеники, сен меники болоорсуң,
Күтпөй койсом алсын мени уу тозок».
Деген шерти кайрат берип өзүңө –
Ашыктыкка ууландарып жакпайбы от?..

Журт ичинде эр болгон соң атагым,
Жоо ичинде шердик антты актадым.
Келди… Мына, ханым үчүн кулча иштеп,
Убагында ушул улуу сапардын,
Бара жатам. Ашык жарың алдында –
Эр болгон соң адамдыкты актагын.

Мен башкарган калың шердин-шерисиң,
Мен ээрчиткен калың эрдин-эрисиң.
Ошондуктан ишенгеним жалгыз сен,
Ушул болсун башчылыкты беришим.
Мен келгенче колдорумду коротпо,
Мен келгенче башкарып тур эл ичин.

Аскерлердин кылда алдында жүрө бил,
Согуштарда колдоруңду түрө бил.
Жеңе жүргөн биздин шерлер адаты,
Дал ошондой келген жоону сүрө бил.
Мен кеткен соң, бөксөрбөсүн кол ичи,
Кан сарайда мен күлгөндөй күлө бил.

Казатта да, сейилде да мендей бол,
Болгондо да, эркин өскөн желдей бол.
Үч жыл күткүн, үч жыл сырды сактагын,
Кайтпай калсам, ак кудайым бербей жол:
Гүлүм турар, үмүт менен гүл ачып,
Жаш алып кой, курбум эле деп ошол.

Чоң сапарым туура үч жылга толгондо
Кайтпай калсам, кайтар мезгил болгондо:
«Күнү бүтүп, ажал жетип жаш кырчын
Өлгөн экен деп биле бер ошондо.
Ыйлап туруп хан алдына кабар кыл,
Казынамды чач жакырларга, кол-колго.

Ажал жетип өлүп калсам арга жок,
Сыр билдирбей колду башкар мага окшоп.
Кезек-кезек эсиңе алгын унутпай,
Элестесин балалык чак, жаштык шок».
Шермадинге ушуну айтып кол берди
Мына азыр бөлүнүшөт, коштошот.

Сырды ушинтип көлдөй төгүп бергенин,
Уккандан соң, эстен танды Шермадин.
Көздөн тынбай тама берди ысык жаш:
«Сенден калып мен күн көрүп нетемин?
Кошо ала кет, түшүп калса кыйындык,
Жанды берип сага жардам этемин.

Миң-миң шерди башкар дейсиң, шер болуп,
Эрчит дейсиң сансыз эрди мен болуп.
Мен канетип толтура алам ордуңду,
Жаралган соң, шердигиңден кем болуп?
Не жаралдым, жок болсомчу дүйнөдөн,
Тепселсемчи муздак кара жер болуп».

Муңайыңкы эр Автандил дейт анда:
«Ашыктыкка жүрөгү оттой жанганга
Токтоо бербе... Жаш чыкмакпы күйүтсүз
Себеп барбы башка түшкөн арманга?
Күйгөн күйсүн... эркин чачсын капасын
Ошондуктан, учсун жалгыз талаада.

Сенден башка таянар тоом ким эле,
Ордумду бас. Көп кайгырба тим эле.
Сенден башка анык сырдаш досум жок,
Сак болгула, жоолор каптап киргенге.
Колдорду бөл тегиз курчап калааны,
Аман болсом келем үч жыл ичинде.

Бактысыздык жулар миңдин тамырын,
Бирок мени колдойт көктөн тагдырым.
Кош болгула! Туура үч жылда кайтпасам
Үмүт үзүп кара кийип кайгыргын!
Ишенсин деп сага биздин зардалдар
Мына ушу осуятты калтырдым».

V

## АВТАНДИЛДИН КАЛКЫНА ЖАЗГАН ОСУЯТЫ

Акылман шер жазган экен осуят:
«О, калайык, мага берген чоң урмат,
Камың үчүн эркин учуп ак куштай,
Кол алдында кылып бердим көп кызмат.
Эриктирбес, окушсун деп бу сөздү –
Автандилдин өзү жазып отурат.

Ук курдаштар, карыялар, жан калкым!
Акылмандар, башыңды иер адатың.
Жыйналган журт, мында келген уландар –
Куштай сызып ырдайын деп жол тарттым,
Жаа огуна куландарды кыйратам –
Күндүк менин, ошол болот оокатым...

Жолум алыс, кайда тынам, жок дайын,
Кучагында жалгыз учам жыл, айдын,
Санаам кайсы, санаам дайра учу жок
Жолум кыян болгон менен, жок кайгым.
Айтар кебим, калкыма жоо кол салса –
Кыраандарым, бере көргүн сазайын.

Шермадинге баш ийгиле таксырлап,
Сыйлагыла, мендей кылып кадырлап.
Бул аманда – соолубассың гүлбурак,
Силер үчүн күн боло алат жаркырап.
Баш ийдирет, арамдыгың бар болсо,
Ошол замат күм-жам кылып жок кылат.

Бир гүл ачтык. Оюбуз бир, максат бир,
Калкым сага, мына экинчи Автандил.
Жолборсторду сүрү менен сүрдөнткөн
Кара кулак шер экенин анык бил.
Кайтпай калсам калкым баарың кайгырып,
Деп койгула: «Арманда өлүп кетиптир».

Жакуттанган асыл сөздөр токтоду,
Соотун кийди – алтын менен сокконду.
Узатчулар  калың тобун тең жарып,
Чыга келди, жан жигитин кошподу:
«Жалгыз сапар, жан эрмегим терең ой», –
Деп койду да көздөн кайып жок болду.

Досторунун эрчиткен жок эч бирин,
Кайыгындай калкып учсуз деңиздин.
Автандил шер жөнөп кеткен жери ушул
«Тобо» деген кеп ээледи эл ичин.
Үч күн тынып мына ушинтип жөнөдү,
Кайдан кетсин тентек ойдон Тинатин?

Эки жагы бороон болуп шамалдап,
Чабышы эле, ал Автандил минген ат.
Алда кайда, алыс... алыс узады...
Муң аралаш, кайгы аралаш ыр ырдап.
Жолун тосуп, бөгөт кылган жан болсо,
Кылыч менен мойсоп кетип баратат.

Аскерлери эми билди бул ишти,
Акылмандар жапырт атка миништи.
Тоо кыдырып, ой кыдырып акыры
Автандилден айрылганын билишти.
Ирeңи өчкөн, кумсарыңкы жамы журт,
Хан колуна башчы болмок кимиси...

«О, дүнүйө, тап экинчи кабыланды,
Тарытайын дегениңби, заманды.
Эл көсөмсүз, кол башчысыз калабы?»
Деген сөздөр калк ичинде таралды.
«Автандил жок» деген сөздү уккан эл,
Баары тегиз көздөрүнө жаш алды.

Шермадин да карап тура албады,
Хан шеринин арстандарын тандады.
Жыйын болду, мында осуят окулду,
Топ ичинде акылмандар бар дагы.
Кээси үшкүрөт, кээси оор дем алат,
Кээси аң-таң, жакаларын кармады.

Ошондо журт: «Бизге тийген күн болгон –
Автандилдин өзү тандап койгону оң,
Өз калкыңды эмесе алып жүрөрсүң
Колду сактап кыйын татаал жолдордон»
Бирден-бирден жыйын тарай баштады,
«Болсун», «Болсун» деген сөздөр чыккан соң.

## VI

## АВТАНДИЛДИН ТАРИЭЛДИ ИЗДЕП ЧЫККАНЫ

Жаркындуу жаз, жайнап турбас ар качан,
Мезгили бар, кезек менен алмашкан.
Назик гүлдөр соолуп калган саргайып,
Жай көркү жок, жалаң аппак кар баскан.
Мейкин талаа бороон согуп гүүлдөп,
Ызгаар суук тумандаган Бадахшан.

Автандилге кандай капа бул кезек,
Айткан менен жолдошу жок, ким сезет?
Узап кеткен тууган араб жеринен,
Таанабаган чоочун жерде жол кезет.
Тең шилтенген төрт аягы тулпардын
Дүбүрттөгөн дабыш гана ага эрмек.

Ачууланат, бороонго күч уланат,
Арстандай беттен чапчып бурганак.
Мындай азап өткөн жокко бир жолу
Чиркин дүйнө ач түлкүдөй шумданат.
«Тагдыр мага үйө бергин кордукту,
Не кылсаң да жалгыз башым чыдамак.

Коңур үндүү арфа күүсүн сагындым,
Үнүн кошуп ыр ырдаган жанымдын*.
Жаш төгүшкөн ошол салкын түндөгү
Жароокерлүү шерттеринин бардыгын.
Чыда жаным, болот канжар кессе да,
Түбү келип сары алтын дейт сабырдын».

Шер жалгыздык кайгы ичинде тумчугат
Бирин-серин адамдарга учурап:
«Мен куугунчу алыс жактан келатам –
Жолборс түстүү шер көрдүңбү» – деп сурап.
«Билген жокпуз, андай укмуш укпадык,
Көргөн жокпуз» деген гана сөз угат.

«Күн кылкылдап баткан жерден таап кел,
Ошондо анан көкүрөктөн тарар чер».
Ал ким эле, жаткан колун жазданып,
Бир өзүнө энчиленген мейкин жер,
Ал терең сыр, ал Тинатин чеккен сыр,
Автандилдин издегени ошол шер.

Жердин үстүн айтуу кыйын болжолдоп,
Автандил шер кыдырды эркин желге окшоп.
Бүт аңтарды, барбаган жер калбады
Сурамжылайт. Жоопту укту: «Жок да, жок».
Болжолуна үч ай, токсон күн калды,
Кайтам деген үч жылы анан сап болот.

Үч айы кем үч жыл тентип издеди,
«Тулпарынын болсочу» – дейт издери.
«Уккан жокпуз, көргөн жокпуз» деген сөз,
Жанга батып, жабыркатып жиберди.
Элсиз, журтсуз айланып куш учпаган,
Какыраган боз талаага туш келди.

Мындан өттү. Жетип келди шамалдай
Калың токой дайрасы агат аралай.
Бир сулуу жер мына ага кез келди,
Жан жыргатып кененирээк дем албай.
Караманча өткөөл издеп кечүүгө
Жети күнчө туруп калды аялдаай.

Шер адашты, күндөр өттү саналып,
Үч жылга эми, эки ай – алтымыш күн калып...
Жол жабылды, мындан тулпар өтө албайт,
Куугунчунун калганыбы сандалып.
«Чыны менен сыр ачылбай калабы?» –
Деп Автандил ойго батат саргарып.

Аргасы жок, жатты жапан талаада,
Шер калкыды талаадан кең санаада.
Кайтып келдим, таппадым деп уялбай,
Калганымбы минтип эки арада:
«Же өтө албай, же кайрылып кете албай,
Кантип айтам Жылдызымдын алдында.

Жок, кайта албайм, улуу сапар бүтө элек,
Кайдан болсун жердин түбү түгөнмөк?
Шерт коюшкан үч жыл деген жыл бүтүп,
Жалгыз башка аянычтуу күн түшөт.
Дагы аттанам. Жан курдашым Шермадин,
Хан алдында кабар кылат өлдү деп.


Ошондо анан Шермадин дос шолоктоп:
«Үч жыл болду, үч жыл күттүк келген жок,
Ажал жетип өлдү» – деп журт дуу ыйлар.
«Мен аманмын... эмеспи бул чын тозок,
Тирүү туруп, шек келтирбей кудайга,
Же элиме кайрылсамбы», – деп коёт.

«Жок болбостур. Бул кырсыктын бардыгы,
Эр жигиттен өтүп кетер акыры.
Же тагдырым түз бараткан жолумдан
Адаштырып кыйшык жолго салдыбы.
Чыдайынчы, алып кетсе мейличи,
Ташып аккан бул турмуштун агымы».

Дейт да Автандил: «Чыдай түшчү жаш денем,
Өлүм деген же бүгүнбү, же эртең.
Башка түшсө, амалың жок кутулар,
Жаш-карылык, шердигиңди билбеген.
Көкүрөктү тумчуктуруп кайгыга,
Бекеринче жаш төккөнүм бул эмнем?

Эрки келсе тагдыр сени кааламак,
Тырмагынан эр жүрөгү канамак», –
Деп Автандил, атка минип бастырды,
Таш агызып дайра суусу салаалап.
Агып жатат... Келе жатты Автандил
Чытырмандуу түнт токойду аралап.

Көбүк чачып күркүрөгөн суу шары,
Шуулдаган кайың, арча кучагы.
Кандай сулуу жер үстүнүн бейиши,
Ушул жерге шер тулпарын тушады.
Байкап турса даңгыраган жол жатат,
Мунарыктап алыстаган дагы ары.



Автандил шер өйдө туруп из карап,
Серепчилеп ошол жакка көз салат.
Жойлоп жүргөн аюу, жолборс, илбирстер...
Ок коротуп аткан менен не табат?
Көз жиберет дагы алыс... алыска...
Жок, көрүнбөйт кыбыр эткен адамзат.

Көптөн бери тамак жебей өңү азды,
Ошондуктан Автандилдин карды ачты.
Даам буйруп кулан үркүп өтөрдө
Кер жаа менен кере тартып салбаспы!
Кургак шилби... От да улуу жагылды,
Жалын чачып кызыл алоо, нур басты.

Атты агытты. Кайнап жатты таш казан,
Бышкан мезгил – эт салынган капкачан.
Маңдайына күтүлбөгөн мезгилде
Аңгыча эле келип калды алты атчан.
Деп коюшат: «Ат чаргытып алыстан –
Кайдан келген биз көрбөгөн чоочун жан?»

Тура келди, жаасын камдап колуна,
Октор дагы даяр өз-өз ордунда.
Алты атчандын ичинде бар жаш жигит,
Башын таңган, иреңи өчкөн, ак куба.
Ат үстүндө араң турат теңселип,
Аянычтуу, жүрөгү аз-аз согууда.

Деди Автандил: «Кайдан келген жансыңар,
Азап көрүп, жабыркаган башыңар».
«Дос бололу, чоочубагын, тууганым,
Мындай күйүт сенде дагы бар чыгар.
Жөн эмессиң, кебетеңди байкасак,
Шер экенсиң, жардам бергин» – дешти алар.

Анда Автандил: «Аты-жөнүң айткын», – деп,
Суроо берип, жооп алат мындай кеп:
«Дөөлөт колдо жыргап маарып жашаган,
Үч бир тууган, үч бактылуу эр элек.
Болот чептүү, куштар учуп өтө албас –
Анык бейиш жерибиз болот Хатаег.

Жоо куучудай коломолуу кол алып,
Согушчудай ок-дарыны мол алып.
Сейил курдук эрикkенди жазууга –
Жолборс калың[1] болот деген, болду анык.
Биз ушинтип кыргын салып аңдарга
Келе жаттык кыйкырык, ызы-чуу салып.

Жок дейсиңби жаа тарткычтар көзгө атар,
Үч бир тууган мерген элек түз тартар.
Эрегишип атып бара жатабыз,
Олжолорду жыйнап жүрөт башкалар.
О, айтпачы, кол да кызып алган кез,
«Мен кыйынмын» деген гана мелдеш бар.

Теке, кулжа... Сан жетпеген атка арттык
Ошол жерде кол жарымын аттанттык.
Нарк жетпеген олжо менен тунжурап,
Алар кайтты үйдү карай жол тартып.
Бизде калды ок сунгучтар тандалып,
Чыкты белем көкүрөктөн чер балкып.

Андан нары дагы зуулап биз кеттик,
Ой, кырлардан өттүк, тулпар тердетип.
Бараткада ойноп, күлүп шарактап,
Бийик жарлар, көп аңдарга кез келдик.
Мында калың улар жана тоодактар,
Кулай берет урган таштай топ этип.

Чоочуп кеттик, маңдай жакты жалт карай,
Бирөө чыкты минген аты жагалмай.
Кийип алган чулгап жолборс терисин,
Кабактары салыңкы шер адам-ай,
Чагылышып анын күндөй бетинен –
Көз уялды... жакын басып баралбай.

Баракелде, ал бир каухар гүл эле,
Мүчөлөрү жалаң жакут түр эле.
Кең асмандан мейкин жерди балкытып,
Жаркын нурун чачыраткан күн эле.

---

[1] *Калың* – көп.

Өз-өз ара бүтүм кылган кеңешип:
«Байлаш керек» деген биздин үн эле.

Эки инимден: «Мен барам», – деп сурандым,
Ортончу иним: «Мен барам деп турамын» –
Деген замат, кичүү иним: «Агалар, –
Деп жиберди – мен сыналчу убагым».
Макул болдук. Сала берди качырып
Жанагы шер, чоочуп койбойт урганың.

Бетин жууп, берметтенип жаш тамат,
Байкап көрсөк, көзүндө жок кыянат.
Айбанбы деп, адамбы деп байкабайт,
Улууларга салам берчү жок адеп.
Арт жагында күйкө ээрчиген бүркүттөй,
Мына ушинтип өтө бердик сабалап.

Жолун ачып четке чыга бергенде,
Кичүү иним жетип барды эр неме.
Курчтук кылып, мурунураак кол салып,
Бир кыйкырып: «Токто ордуңда» дегенде,
Камчы менен бир басканда... шордуу иним, –
Ат үстүнөн кулап түштү сенделе.

Шер колунан ырайымсыз сокку жеп,
Күнөөсүз кан агып жатты диркиреп.
Кыян жүрүп аскадан таш баскандай,
Талкаланган баш сөөктөрү бириндеп.
Кабылан баатыр не кылдым деп сезбестен,
Шашпай гана жай бастырып илкитет.

«Карап турдук караан узап кеткиче,
Бара жатат көрдүңбү ана тигинде».
Автандил шер баткан айы чыккандай,
Атка минди, колу тийди тизгинге,
Жарк этти өңү, ачылган күн сыяктуу:
«Бар экенсиң чындык, эми билдим ээ?»

Дейт Автандил: «Айлар, жылдар... жол жүрө,
Таалайсыз шер – арып-азган мен бирөө.
Санаа сырын эми ачып олтурам.
Тентип жүрүп өзүңөргө туш келе.

Азабыңдын жазсын мага жармысын
Таптым эми, издегеним ушу эле.

Жабыркаган күнөөсүз жаш баланын –
Жүрөгү өлбөс, Кудайым* берер жардамын,
Жазганына не кыласың айла жок,
Эрки ушундай, бул адилсиз жалгандын,
Таптым изди, мен адашкан куугунчу» –
Деп Автандил тартты аларга тамагын.

Билебиз го шердин чыдап турбасын,
Ал калкыган асмандагы ылаачын,
Же эки шер кетсе бүркүт сыяктуу
Бирин бири тээп майып кылбасын?
Эки кабылан күн менен ай сыяктуу.
Жолуксунчу, жер дүйнөнү нур бассын.

Автандилге мындай деген ой келди:
«Чоочубасын, жай жүрөйүн кой» – деди.
«Айтаар сөздү ойлоп туруп айтайын
Кылып албай өзүмө өзүм кедерги**».
Өзү айткандай жорто жүрүп келатты,
Аралыгы аркан бою калды эми.

«Катуу тийсем, келише албас ыркыбыз,
Арстандай түктүйүшөр сыртыбыз,
Кармашарбыз катуу болор кагылыш,
Же мен жеңип кайтып келем сес кылгыс.
Ошол жерде же ал мени мерт кылып,
Безип кетер жер дүйнөдөн ың-жыңсыз».

Анда Автандил: «Болотту урба болотко,
Экөөнүн тең мизин жокко коротпо» –
Деген кеп бар: «Кан төккөндө не пайда,
Акмалайын бир жерге акыл конотко.
Асманда эмес, айтор, жердин үстүндө –
Ат чалдырып уктоочу орду болотко».

Баратышат, бирин бири карабайт,
Эки ортодо дарттуу көз жаш аралайт.

---

* *(1940-жылдагы басылма боюнча)*

Сүйлөшүү жок, эс алуу жок экөөндө,
Эки кабылан элес-булас караандайт...
Өттү эки күн, өттү эки түн ортодон,
Жанагы экөө тамак да ичпейт, наар албайт.

Күн да батты... Түн жарымы болгондо,
Ай кучактап көктө жылдыз толгондо...
Айланасы камыш менен курчалган –
Туш келишти, аңгыча көп коолорго,
Кандай тынчтык, бир шырп эткен дабыш жок,
Кайың, арча, сайма тарткан тоолорго.

Чаар жолборс териси бар үстүндө,
Жанагы шер токтоду бир үңкүргө.
Мына Автандил жашынды эми акырын
Шашты белем аттан ыргып түшүүгө.
Түштү атынан. Турса дабыш билгизбей,
Бирөө чыкты убайымдуу үшкүрө.

Анда Автандил бутактарга жашынып,
Шер токтогон – жетти үңкүргө ашыгып.
Карап турса үлбүрөгөн бир жаш кыз,
Тура калып кучактады асылып.
Жаш балача, боздоп муңдуу ыйласа,
Аянычтуу кан аралаш жаш чыгып.

Жаралуу шер: «Боорум Асмат бир карып,
Элсиз жерде тагдыр минтти сандалтып.
Башыбызга дагы кыйын күн түштү –
Түн ичинде көпүрөнү сел алып».
Дейт да өзү жаш сулууну сооротот,
Кайгыргандай алда ичинен дем алып.

Тагдыр ыйды ушуларга жазганбы?
Кеткис кылып маңдайына басканбы?
Кучакташып муңканганда адам ай,
Коргошундай балкытты бейм таштарды.
Карап турган кыраан баатыр Автандил –
Бул да эриди... жашырына аз калды.

Кыз муңайым, убайлуу анын жүрөгү,
Кең үңкүргө – өзү көргөн түндөгү,

Жанагы шер барып атын токунду,
Кыз буралып алып берди жүгөндү.
Кай жаккадыр аттанууга камынат.
Дейт Автандил: «Окуябы түштөгү?»

Карап туруп аң-таң калды буларды,
«Байкайынчы, жашырынган сыр барбы,
Кайда барат, кайда аттанат болду экен?
Эмне кылсам?» – деп өзүнөн сурады.
Жанагы кыз чыгып келди үңкүрдөн,
Кара көйнөк жерге тие чубалды.

Алып берет шердин каруу жарагын,
Билип болбойт шердин кайда барарын.
Кучакташып өбүштү да, коштошту...
Укту Автандил деген сөздү: «Каралдым».
Ошол жаш кыз көз ирмебей далайга,
Карап турду үзүлгөнчө караанын.

Аны Автандил көрдү экинчи таптаамай,
Сүрдүү ирецин толук байкап, жазганбай.
Анын бети жайкы салкын түндөгү
Жанды эритип нурун чачкан толгон ай...
Өз ичинде сынап көрсө, келбетин
Тоо эчкини баса калчу арстандай.

Келген жолдун дал өзүндө баратат,
Ошол калың токойлорду аралап,
Бирде чыгып белестенген кырларга
Бирде жайык жерлер менен сабалап.
«Же кайрылбай ошол бойдон кетеби?» –
Деп Автандил ойлой-ойлой таң калат.

«Кара үңкүргө азыр түшүп барайын,
Ким экенин кыздан билип алайын,
Жер, элимди, өз дайнымды туюнтуп,
Кыз алдына сырымды ачып салайын.
Шашпа жүрөк, шашпа үмүт сабыр кыл,
Шашпа таалай, сырдын учун табайын».

## VII

## КАРА ҮҢКҮРДӨ АСМАТ МЕНЕН АВТАНДИЛ СҮЙЛӨШТҮ

Басып барып чечип алды тулпарды,
Көргүн эми кызды карай учканды.
Жакын жерден ат дүбүртү чыккан соң,
«Кайта айнып шер сапарын бузганбы», –
Деп ойлоду. Шашып чуркап кыз чыкты,
Көрө коюп, кайра үңкүргө чуркады.

Ойлонгону башка чыкты, чоочун шер,
Ошондуктан кыз чочубай канетер...
Жанталашып, качты аскага жармашып
Автандил да түштү атынан кайран эр,
Шашпай гана колдон барып кармады,
Туйлай берсин торго түшкөн ак кептер.

Автандил ким, ал бир бүркүт кыраанын,
Аң кача албас, жайган кезде тырмагын.
Кыз ким эле, ал бир алсыз коёндой,
Биле албаган кантип аман чыгарын.
Жаш кыз ыйлайт, жаш кыз кантсин жалынат,
Анда Автандил: «Чоочуба, – дейт – чырагым.

Байкап көрчү мен да окшоймун го адамга,
Гүл өсмөкпү, кумдуу какыр талаада?
Бир кызыл гүл, бир жашыл гүл кор болуп, –
Боорум ооруйт – соолуп бара жатканга.
Өзүң окшош жаралуунун бирөөмүн
Сабыр кылчы, ыйлабачы, садага.

Айтчы баарын, жашырбачы калам каш,
Ким жанагы чынар бойлуу сулуу жаш?» –
Деп жалбарып сураганда Автандил
Мындай деди тура калып карындаш:
«Акылың жок калдас жигит экенсиң,
Кулпуну ач да, анан алтын капканы ач...

Ташка тийсин айткан сенин бул сөзүң!
Жолуңа түш, көзүм сени көрбөсүн.
Абалым оор ичте гана сакталат,
Сыр сураган уяты жок ким өзүң?
Жаралуу жан көтөрө албас дабаны
Жок, айта албайм. Бекер жооп күтөсүң».

«Туйгун элем, учкан канат жетилип,
Жетпей жүрдүм талап жок го серпилип,
Баскан жолду, жуткан уулуу муң-зарды,
Ойлоп көрсөң көз алдыңа келтирип.
Билер элең... Уялбастан жаш сулуу,
«Кет» дегениң болбос бекен чекилик».

Жаш кыз анда: «Аты-жөнүң ким болот?
Дейсиң – жүрөк бир күйүттө тең согот.
Көкүрөккө салдың ызгаар суукту,
Оттуу денем, өз кубатын жоготот.
Жок алданбайм, бекем жүрөк капкагы,
Суу сепкен соң кайра жанбас өчкөн от».

Автандилдин нурлуу ирeңи чарчаңкы,
Жалынуунун миң бир кылын аткарды,
Эмне болгон таштан бекем катуу кыз,
«Айтпайм» деген сөздөн тилин тартпады.
Автандил шер сууруп чыгып канжарын,
Мына ошондо алкымына такады.

«Бул сыр үчүн кандай жолдор баспадым,
Атым арып, өзүм да абдан чарчадым,
Десем дагы ишенбедиң таш боор кыз,
Жалган айтсам күнү бүтсүн жаш жандын».
Дейт Автандил: «Тагдыр өзү кечирсин,
Эми чындап, жеткени ушул ажалың».

Дейт сулуу кыз, көзү оттой чачырап:
«Жоругуңа жаш азамат, ыракмат,
Өлтүр мени, кал сообума эр жигит,
Бул окуя болуп калмак жашынмак.
Барлык сырлар жер астында чирисин,
Көрүм дагы бекемирээк жашырмак.

Бул азаптан чык деп мага кол берген,
Азамат жок, тегерегим ор терең.
Куштарга окшоп учсам деген талпынып,
Мен капаста, тагдыр чыкпас тор керген,
Өлтүр мейли, өмүр мага кызыксыз,
Өз жанымды кыя албаган шордуу элем.

Дүйнө мага түк кызыксыз супсак даам,
Тагдыр муңга жүрөгүмдү уулаган.
Мен жок болсом: токтойт кайгы булагы,
Мен бир шордуу ыракаттан кур калган.
Өлтүр мейли, аманат сыр антташкан,
Айтчы, жигит, кантип айтып бере алам?»

Чолпон көзү ак сымаптай жаш ала:
«Бул сөзүңдү айтсаң боло башкага», –
Деп Автандил кынга салды канжарын,
Мыкаачылык кыла алмакпы жаш жанга...
«Шертиңди аткар» – деди ошондо сулуу кыз,
Өйдө туруп басып бара жатканда.

Курган күйүт үстү-үстүнө артылды,
Автандилдин башы жерге салыңкы.
Эми экинчи сүйлөбөймүн деп чечти,
Бир нерсени биз байкабай калдыкпы.
Мына шумдук, кыз да жумшай баштады,
Эки жүрөк бирин бири тарттыбы.

Байкап турган анда Автандил не көрөт,
Жаш сулуунун кыялдары өзгөрөт...
Кай жактандыр пайда болду сур булут,
Жамгыр төгөт, гүлдөр эми көгөрөт.
Ошондо шер мындай деген сөздү айтат,
Кыз алдына тура калып чөгөлөп:

«Күлүк ээси өлчөм менен жем берсе,
Күлүк чуркаар кызый-кызый тердесе,
Сан күлүктөн чыгып келе жатканда,
Көнөр беле «чуркабагын , жел» десе.
Мына ошондой менден болду чекилик,
Күнөөмдү кеч, бир эсе эмес жети эсе.

Ырас, аным мойнума алам шашмалык,
Махабаттын дартын ойлоп тапкандык.
Сиз тараптан болгон жокко, карындаш?
Эмес бекен уу кошкон суу тарткандык?
Алам десең берер элем жанымды,
Берген болсоң бир ишимди аткарып».

Кыз укканда деген сөздү «Махабат»
Муңдуу айдай, өксүп ыйлай муңканат.
Бирде акырын, ичтен сызып, уу жутуп,
Бирде катуу ыйлаганын – жер карап
Көрдү Автандил… Саргарган гүл селт этти
Булак суусу куюлган соң чакалап.

Дейт Автандил: «Бул эмне үчүн муңканат?
Мында дагы бар го азаптуу махабат».
Карындашым! Кыйын экен ашыктык,
Качса күлүк… Кууса жетпес буудан ат.
Сүйүү деген – эрегиштин ичинде,
Же жашоону же өлүмдү сурамак.

Ашык болдум, шоолам эстен тандыра,
Биз бир түнү… түштүк кызыл жалынга,
«Ошол шерди жоктон издеп тапкын» – деп,
Буйрук берди… Мен олтурам жанында.
Тентип жүрүп таптым ошол максатты,
Жаш күнүмдү, жаш жүрөгүң көрсө ыраа.

«Кулпуланган анттуу сырды ачып бер,
Жүрөгүңдөн жүрөгүмө жазып бер.
Дүйнө мага кишен салды чыга алгыс,
Бактым сенде, этегиме чачып бер…
Же болбосо ыраазымын өлтүрүп,
Колуң менен көмүп кеткин казып жер».

Бул муң… Ыйлар, элсиз сулуу тоолордун
Аска, жарлар, кырларынан алды орун.
Ал гана эмес, сыр дайрасы жаш сулуу
«Кой, эр жигит, мынча жашык болбогун,
Кел өтөлү, сүзүп түпсүз деңизден,
Дей салбаспы – сен экенсиң бир боорум.

Махабатка менден жардам сурасаң,
Аткарууга даяр турам ар качан.
Мен сен үчүн өлүмгө да даярмын,
Жетпей кайтпайм, бир ишти эгер баштасам.
Жакшылыкты сактап катып жүрөрсүң,
Бул дүйнөдө канча жашка жашасаң.

Кулак салып муюп тургун сөзүмө,
Баарын байка пайда болоор өзүңө.
Муну иштөөдө бир кемчилик кетирсең,
Боордошум чынды айтайын көзүңө:
Маскаралык тонун кийип үстүңө
Эки ортодо учурарсың өлүмгө.

Карындашың шертин ишке ашырсын,
Саргаргандын самаганын тапшырсын.
Ишенбеген ишенич жок адамга,
Айтпа деген анттуу сырлар ачылсын,
Шек билдирип, кылдай күнөө кетирсең,
Өчкүс болуп өз чекеңе жазылсын».

Автандил да кепке кемчил жан бекен,
Анын сөзүн илип кетти ал жерден,
Баштап калды мындай деген дастанды
Акылман шер кайдан ойлоп тапты экен:
«Бизге окшогон кумдуу чөлдө адашкан,
Бир заманда эки жолдош бар экен:

Келе жатып алдыңкысы байкабай,
Бир кудукка кулап түшөт камгактай.
Жолдошу анын: «Кокуй, аркан бар беле,
Тартып алам», деп кыйкырат сөз таппай.
Анан кантет, мындан башка эмне дейт?
Кумдуу талаа ойлоп башка таппас жай.

«Аркан менен эптеп тартып алмаксың,
Мындан чыгып анан кайда бармакмын», –
Деп каткырат кудуктагы жолдошу:
«Жаныңа тынч, сен да ушундай ор тапкын».
Мен да ошондой... кудуктамын карындаш,
Аркан берип тартып ал да, жол ачкын».

Кыз муңаят: «Шер кебиңдин жөнү бар,
Мында кайнайт чанда болчу акылдар,
Эл-жериңден бир сыр үчүн адашкан,
Боз туйгунсуң, шашпа багың ачылар.
Тулпарыңды коё бергин агытып,
Эки-үч күнчө ушул жерге тынып ал.

Шумдуктуу шер ким эле деп сурасаң,
Айтар элем, алым келбейт, жок дарман.
Күтө тургун кайтчу учуру боло элек,
Колум барбайт ант кулпусун ачкандан.
Өзү алдында өз оозунан сырын ук,
Айтып берер... Сендикмин деп анттансаң.

Экөөбүздү бир боор кылган ушул жер,
Мен алсыз кыз, сен кабылан баатыр шер.
Өзүң кимсиң? – деп сурадың муңайып,
Атым Асмат, жаш жүрөгүм баскан чер.
Ал жанагы жолборс түстүү ким десең:
Каңгып калган капалуу арстан – Тариэл.

Жолго чыкса, жолборс түсүн оронот,
Бир аттанса, далай күнгө жоголот.
Азык кыл деп, таштайт кийик эттерин,
Кээде күлүп, кээде кайтат бороондоп.
Бул үңкүрдө жата берем зар ыйлап,
Он-он беш күн кайтпай калган чак болот.

Жолун тосуп, күлүп жарпын жазайын,
Тандап-тандап бал сөздөрдөн баштайын.
Эсебин таап беттештирип экөөңдү,
Сыр төгүүгө анан ээн таштайын.
Махабаттын кушун кармап ошондо,
Жүрөк менен жүрөктөргө жазгаймын».

Асмат сулуу оозунан бал тамызды.
Шаттык басты, Автандилдей жалгызды.
Дабыш чыкты суудан бирөө кечкендей...
Ат дүбүртүн булар сезбей калышты.
Ай нуруна жашырынган жылдыздай,
Далдааланып жар бурчуна жабышты...

Асмат айтты: «Чыкты үстүнөн жаш тилек,
Тариэлдин өзү тура... Тезирээк –
Жашынып кал, сезип кала көрбөсүн!
Мен жетейин, бир аз гана сабыр эт.
Көңүлү ачык, бүгүн жолу болгондой,
Эми бакыт – өз колуңа берилмек».

«Келип калды, камынгын», – деп кыз шашты.
Кол кармашып үңкүргө экөө чуркашты.
Мына аңгыча аттан түштү Тариэл,
Жер дүйнөнү жарк-журк эткен нур басты.
Кыз муңайып атын барып алганда,
Кучакташты, дагы кандуу жаш акты.

Кыз, Тариэл ый көлүндө термелет,
Көргөн азап экөөнүкү тең келет.
Бир жылчыктан карап турат Автандил:
«Качырган куш колго түшкөй эле», – деп
Оор үшкүрүп кирди үңкүргө Тариэл,
Басып кетти кыз тулпарды жетелеп.

Автандил шер торго түшкөн торгойдой,
Жаткан кези, баткан кези ойдон-ой,
Шумдуктуу шер, кийген жолборс терисин –
Ташка олтурду, чечип салып опоңой.
Автандил эр анын жашын караса,
Жылт-жылт этет каухар тизип койгондой.

Чала уйкулуу канталаган көзү бар,
Алп денелүү, кадим кабылан төшү бар.
Зындан ташы басса дагы муң-зардын,
Кебелбеген кара тоодой өзү бар.
Кыз буралып жай башкалайт олжону,
От чачырап, басты кызыл жалындар.

Жатты, уктады мас болгондой уйкуга
Турду чоочуп, өз-өзүнчө кызууда,
Ызаланып жулкуп алып таштарды,
Долуланып көкүрөгүн уруудa.
Кыз жалбарат, эмне болуп кетти деп,
Чыдай албай даяр бетин тытууга.

«Эмне көрдүң, эмне болду абаке,
Кеч аттанып, бүгүн кайттың неге эрте?»
«Анда жүрсөм, кай жактандыр калың кол –
Кезигишти кол башчысы хан эле,
Аскеринин бардыгы жаш, жарактуу...
Соо куткарбас, мындайларга бет келбе.

Кылкылдаган, эсеби жок, кол түмөн,
Көрө салып айкырык уу-чуу үн менен,
Кууп калды... аттын башын жалт буруп,
Бир токойго жашырынып калдым мен.
Кимдер экен, кайдан келген хан экен?
Кармашууга аттанмакмын дагы эртең».

Асмат айтат: «Ырас, өзүң жолборссуң,
Элсиз талаа, тоолор сенин жолдошуң,
Жер үстүндө... адамзаттын баары кас,
Күндө согуш, коркунучтуу жолдосуң.
Жалгыздыгың чындап башка түшкөндө,
Таяныч болор эч болбосо, жок досуң.

Байкап көрсөң, уч-кыйыры жок жер кандай,
Мына ушунда сен учасың шамалдай,
Кандай жакшы досуң болсо жанында!
Жалгыз башка күндөр түшмөк ар кандай.
Минтип жүрүп өлүп калсаң кантесиң,
Жан кошушкан жаркыныңа жете албай?»

Шер мындай дейт: «Боорум Асмат угуп тур:
Сенин сөзүң булуттарга жеткен нур.
Жан шериги көздөн учат кол жетпейт,
Жолдош табуу мезгил беле бул учур?
Үмүттү үзсө, карматпаса махабат...
Кантем анан бир кашык уу буйруптур.

Кайда күндөр жылдыздардан суурулган?
Кайда сайран, ысык оюн курулган?
Кайда ырлар айга жетип эң мурда
Бал кошулуп анан бизге угулган.
Жок ал чактар, дартым оор чоюндай,
Ким жаза алмак, айтып берчи, сулуу жан?»

«Бир сөз айтам, угуп тургун» – деди Асмат.
«Таалайыңды жарк эттирмек, бул кызмат.
Чырмалышкан татаал жолуң даңгырап,
Айың тууп, тапталмакчы барлык дарт.
Чын батынып анан чечип бере алам,
Өз оозуңдан берген болсоң уруксат».

Эр таң калат: «Сенин сөзүң тумандай,
Калтырадым токтоо берип тура албай,
Боорум Асмат, мен талаанын жолборсу...
«Айың туумак» деген кебиң бул кандай?
Кыялыңа таң калууга жөнүм бар,
Айтчу элең го «уруксатты» сурабай».

Асмат айтат: «Жакшы, мындай ойлосоң,
Кем түшпөгөн өзүң окшош жолборстон.
Бир сен үчүн эл-жеринен тентиреп,
Бирөө келди, кабылан баатыр жолдоштон.
Бер антыңды... карындашың көрсөтсүн,
Чоочуп кетип, майып кылып койбосоң».

Тариэлдин от көзүнөн жаш ыргып,
Кубангандан дүйнө күлдү жаз чыгып.
Көз алдынан учту бакыт куштары,
Мына-мына кайран алтын жашчылык!
«Ант беришем, эр жарагы астында,
Көрсөт, боорум, жакшылыкка-жакшылык».

Автандилге сунуп Асмат оң колун
Жүр дейт, – шашып, иш жайында бир боорум.
Басып келди, караштı экөө бир бирин,
Жан-жаныбар, куштары ошол тоолордун.
Токтоп калды. Мына ошондо Тариэл
Айта салды: «Сен экенсиң чолпонум».

Бир бирине улам жакын басышат,
Жер дүйнөгө жарык шоола чачышат.
Эки кабылан кучакташып көрүштү,
Ай менен күн калкып бара жатышат...
Бул экөөнөн көктөгү күн уялып,
Аалам тынып, кызыгына батышат.

Кандай чебер, сайма менен саймалап,
Кандай чечен бир сөз менен айта алат?
Сүйлөшө албай талып туруп калышты,
Ичтеринен дем чыгарбай бирар саат.
Тариэл күн, Автандил ай, Асмат кыз,
Көктөгү уяң жылдыздардай байкалат.

Автандилдин колун кысты Тариэл,
Автандил да мындай жерге кыраакы эр.
Эки максат, эки жүрөк бир сокту,
Тагдыр буйруп, бир чыккан соң тилектер.
«Бөлүнгүлө, өз жолунда күн сүзсүн,
Деди Асмат, – кудай күнөө келтирер».

Чеги бүттү, талып карап туруштун,
Дейт Тариэл: «Запкысын жеп турмуштун,
Кордук көргөн жүдөө кейпиң бар экен,
Жериң кайсы? Кайдан учкан туйгунсуң...
Айт курдашым, атың-жөнүң ким болот?
Жараткандын кандай байкуш кулусуң?»

Анда Автандил: «Мен бир жолборс, сен кабылан!
Э, Тариэл, мен бир араб каңгыган.
Чыккан жерим, баскан жолум курдашым:
Тээ тетиги, кум чөлдөрдү жамынган...
О, көз жетпейт. Минтип жүргөн себебим,
Сүйүү оту жүрөгүмдө жагылган.

Ашыгыма ашык болуп эл бездим,
«Жолбун шерди издеп таап бересиң...» –
Деп буюрду ашык жарым. Тариэл –
Бир нерсени эсиңе алар бекенсиң?
Куугунчулар, хан колдорун кыйратып,
Сен ошондо жолго сала бергенсиң.

Менин ханым сени көрүп уялды
Окуяны билесиң го баягы?..
Эки-үч жолу аскерлерди жиберди,
Жаман жорук, кандуу болду аягы.
Мунун баарын өзүң көрүп тургансың –
Үзөңгүдөн хандын буту таярбы.

Сууруп алып, кылычыңды чыгарып,
Эмес эле, адам чыдап турарлык.
Улам шилтеп, бара жаттың карабай,
Күнөөсүз баш калып жатты куланып.
Хан аттанды... Сен жок болдуң закымдап
Аң-таң болуп ээн талаада биз калдык.


Үйгө кайтты, хан көңүлү карандай...
Иреңи өчүп, купкуу болуп самандай.
Журт  жыйналды... күбүр-шыбыр тарады,
«Жаман укмуш болуп кетти бул кандай?»
Төгөрөктүн төрт бурчуна кол кетти,
Келип жатты, издеп-издеп табалбай.

Бир күнү анан, келсин дептир, Жылдызым,
Тийген күнүм, ашык жарым, ырысым.
Ким болду экен ошол муңдуу жолбун эр.
«Таап кел», – деп уктум буйрук кылышын.
«Мен сендикмин, күтөм», – деди жалбарып,
Ушул болду менин тентип чыгышым...

Насип берип, туз буюрса тагдырым,
Туура үч жылда кайтамын деп шерт кылдым.
Түк дайның жок, «көрдүм» деген бир сөздү,
Эч болбосо, угамбы деп зарладым.
Үч бир тууган акырында кез келди,
Мына ошолор айтып берди бардыгын».

Тариэл шер көзүн жумуп калды эстеп:
«Аттиң жаштык чагым эле, эселек,
Кайдан билем адилдигин ханыңдын».
Санын чапты, – бекер кылган экем – деп.
«Оңго-солго, кырганым чын колдорун,
Ооба, досум, билем эстен чыга элек.

Сейил куруп, силер келе жаттыңар,
Көккө атылып, минген азоо атыңар.
Мен олтурсам ыйлап дайра жээгинде,
Бирдеме деп көпкө акылдаштыңар.
Байкап турсам, куугунчулар бөлдүңөр
Муну көрүп кантип кайгы жазылар?



Мен шордуудан билбейм эмне күттүңөр?
Жанга батты шылдың кылган күлкүңөр.
Жаралуу жан көтөрмөкпү мындайды,
Арт жагымдан сая кууп түштүңөр.
Жанталашып боздоп жатты колуңар,
Мына ошентип майтарылды күчүңөр!

Хан келатат, артымды жалт карадым,
Уч дегенде сызып канат жаярым.
Минген атым, жөн ат эмес, канаттуу ат,
Бир дегенде жок болууга даярмын.
Сакалдуу экен, кол кайруудан уялдым,
Эл көсөмсүз калабы деп аядым.

Үч дегенде төрт аягын төшөлтүп,
Атым учту... Сапарды алды оң түштүк.
Бир белестен бир белеске жеткиче,
Биз кеткенбиз, жолго он беш күнчүлүк.
Дарт жүрөккө даба болгон ханыңды –
Ыза кылып кеткен элек ошентип.

Чынар бойлуу, күндөй нурлуу курдашым,
Айлар... Жылдар... издеп келип турасың.
Максат ашып колго тийип махабат,
Көлдөй аккан көздүн жашы кургасын...
Акыйкатта кечире көр күнөөмдү,
Тагдырымдан ушул менин сурашым».

Анда Автандил: «Күн дегениң жок макташ»,
Сендей шерге келе албасмын катарлаш.
Жексен болуп жер алдында жатса да,
Өз өңүнөн өчмөк эмес каухар таш,
Өлүп калсак бир көмүлсүн сөөгүбүз
Кайда болсо бирге болсун азиз баш.

Күтөт мени, күтмөк мени ашык жар,
Үмүт үзбөйт, өтсө дагы көп жылдар.
Мен барганча, колум турмак эсен-соо,
Душман өтпөс, чеп согулган алтын шаар.
Аттаналы ташын талкан кылалы,
Айтчы, досум, сенин кимде өчүң бар?»

Тариэл шер: «Курбум, кандай сөз табам?
Кубангандан жашыбазга жок чарам,
Ыраазымын, досум, сага айтаарым:
Бул жүрөгүм сага болсун байланган,
Кайда сүйүү, үзсө торду карматпас»
Кабылан шер мукактанып деди араң.

Сөзүн улап: «Сен ак кулу жарыңдын,
Ал билбесе, тагдыр билет бардыгын.
Сүйүү күчү өзү калыс, биз эмес,
Ошондуктан аманын күт жаныңдын.
Эми курдаш сырымды айтып берейин,
Арасында күйүп кызыл жалындын».

Теребелди басып калды жымжырттык,
Асмат турду кара көзүн кылгыртып.
Тариэлде дайра сырлар ачкычы,
Бир саатча эки ортодо тымтырстык...
Бул үчөөнү учкул санаа мингизип,
Алып чыкты жер дүйнөнү кыдыртып...

«Асмат, боорум, сыр кулпусу сен жалгыз,
Күйсүн өөрчүп, жүрөк отун кел тамыз.
Көз жашынан чалкыган көл туулсун,
Аркы өйүзүнө канаттуу куш өтө алгыс,
Өлчөм менен үч жүрөккө бөлүнсүн,
Дос алдында айтылуучу бул парыз».

Дейт Тариэл: «Асмат, бери жакын кел,
Жүрөгүмдөн жалын түтөп чыкса эгер,
Сөзгө кызып, долулансам билерсиң,
Өрттөнбөйүн, муздак суудан куя бер.
Азапты эстеп сен дагы ыйла кошулуп,
Элестесин баштан өткөн-кеткендер».

Күн кылкылдап батып бара жаткан чак...
Күңүрт нурга балкып турду туш-туш жак.
Жоо-жарагын чечип таштап Тариэл –
Бул мезгилде бек катылган... Сырды ачат.
Бирде күлүп, бирде ызалуу чер жазып,
Көз жаш менен мындай деген сөз баштап:

«Кырчын талдын ким кести экен бутагын,
Боз туйгунга ким жайды экен тузагын.
Жаңы гана... өскөн сүйүү гүлүнө,
Суу ордуна кандай таш боор уу чачтың*.
Койсоң боло, о, оңбогон шум дүйнө,
Ашыктыктын билбейсиңби убалын».

## VIII

## ТАРИЭЛДИН АВТАНДИЛГЕ АЙТКАН СЫРЫ

Эмесе, сырды айтайын чын курбулук,
Автандил талаа шери кангын угуп.
Ашыктык – сырдын ушул түйүндөрү,
Ашыктык – оору кылды тумчуктуруп.
Ашыктык – досум менин кууган кушум,
Алдында жатпаймынбы алдас уруп.

Муну айтсам тилим сөзгө араң келет,
О, жүрөк сокконун көр, элеп-желеп.
Автандил, күнүм оор, сүйлөө кыйын,
Көздөн жаш кан аралаш тегеренет.
Адашкан гүл бакчадан мен бир булбул,
Ашыктык бардыгына болду себеп.

Айыкпас илдет оору, менин оорум,
Жаралуу, көтөрүлбөйт жерден боорум.
О, курдаш, мен да бирди сүйгөн элем,
Сүйгөнүм калды ичинде темир тордун.
Жете албай акырында мына минтип,
Карчыты талкаланган шумкар болдум.

Жети хан болгондугун Индостанда,
Айтпайын – бул белгилүү бардык жанга.
Акылман алты ханы Индостандын,
Караган жалгыз гана Парсаданга.
Парсадан өзү баатыр, жоомарт келип,
Ала алган ошондуктан кол алдына.

Өзүнчө өкүм кылып, хандык курган,
Нечен жыл доорон сүрүп жашап турган.
Оң колу, алтын чеби Индостандын –
Жетинчи ханы болгон менин атам.
Келген жоо нечен жолу майтарылып,
Экен го – дешип кеткен алп Саридан.

Бир күнү атам элге той өткөзөт,
Жатканы бейиш багы, алтын төшөк.
Дүйнөнү көздөн чууруп, ойлоп келип,
Негедир өзүн-өзү жалгыз сезет.
Деп чечет: «Өзүм барып хандыгымды,
Өткөрүп Парсаданга берсем кантет».

Нөкөрүн Парсаданга бар деп жумшайт,
Дейт атам: «Хан алдында мындай деп айт:
Хандыктын көктөгү алтын казыгысың,
Индостан сен куурасаң, кошо куурайт,
Журтумду, жер-энчимди, бийлигимди –
Алсын деп Саридан хан Сизден сурайт».

Парсадан бул кабарды алар замат,
Ойрот эл[1] алты ханга жар чакырат.
Бир колу Индияга татый турган,
Кошулду жетинчи хан бали, ыракмат.
Өрлүктөп кут болсун деп жаңы конуш,
Той жасап анан мындай жооп жазат:

«Саридан Индостандын жылдызысың,
Күчүңө далай ирет түшкөн ышкым.
Калкыма жоо баса албас чеп согулду,
Зардалуу сенин мындай иш кылышың.
Жаш жетти, жол берилсин жаш балдарга,
Жай эс ал, жаа тартуудан кол да тынсын».

Дагы атам улуу жерден орун алды,
Мурунку хан делинген аты калды.
Аскери Парасадандын бир уучунда:
Султаны Индостандын Амирбары[2].
Жана да бир милдети саркерликте[3]
Атамдын өзгөргөн жок алтын тагы.

Парсадан: «Сен кыраан куш, күйкө алар,
Алты эрдин кабыланысың» дегени бар.

---

[1] *Ойрот эл* – дүйнө жүзүн каптаган эл.

[2] *Амирбары* – Индиянын кургак жана деңиз согуш күчүнүн башчысы.

[3] *Саркерлик* – хан аскеринин башчысы

Казатта кан жыттанган эркин сезип,
Атамдын адети эле өрттөй жанар.
Мен анын өзү эмесмин – чыпалагы,
О, курдаш, чамам да жок караанданар.

Мен киммин – мен кумурска жөрмөлөгөн,
Мен киммин – мен бир кайың сазда өнгөн.
Атам ким – ал бир укмуш алтын чынар,
Ал жакут, кыз колунда өнөрлөнгөн...
Ал баатыр – сен да ушуну айтаар элең,
Эгерде болгон болсоң өзүң көргөн.

О, азап, курдаш, эми не айтайын?
Тоо гүлү соолугандан кеп баштайын,
Нуруна кара булут калкаланды,
Таалайсыз келечегин сезбес айдын.
Махабат, согуп турган эт жүрөккө,
Уу менен сугарылган жебе сайдың.

Хан, ханша көп жыл зарлап дарт орногон,
Баласыз какбаш деген атка конгон.
Бир күнү Амирбардан мен туулам,
Уу дүйнө не жараттың, о, оңбогон!
Хан алат мага медер болсунчу деп,
Ошентип, асыранды бала болгом.

Кошуп айтсам десин Асмат: – Бул жалган.
Сырым чындык, эмес сага мактанган.
Күрөшүүгө даабаган соң адамзат,
Беш жашымда арстанга аттангам.
Сынап туруп: «Болсочу ушу өз балам,
Ай, аттиңай» дегени чын Парсадан.

Тартып алып, жайдын таттуу түндөрүн,
Эркелеткен өөп бейиш гүлдөрүн.
Мезгилинде каухар нурлуу күн элем,
Булбулу элем гүлдүү ыракат үйлөрдүн.
Автандил дос, мындай бекен Тариэл,
Ал көркүм жок, жалаң гана сүлдөрүм.

Беш жашымда атам үлпөт өткөрдү,
Учкан куштай беш жыл колдон жөнөдү.

Мына ошентип мен беш жашка чыкканда,
Күндөй сулуу ханша бир кыз төрөдү.
Деди дагы эстен танды Тариэл...
Суу тамызып Асмат башын жөлөдү.

Кыз тапты Индостандын Парсаданы,
Туш-туштан сүйүнчүлөп келип жатты.
Ошондо ай менен күн токтоп туруп,
Бири алтын, бири күмүш шоола чачты.
Кызынын бешик боосу бек болсун деп,
Үлпөттүү сөөлөт менен той жасашты.

Мүлк салган кампасы оозун ача берди,
Жамгырдай дилделерди чача берди.
Байкуш бар үйүрү менен жылкы айдаган,
Буларга Парсададан бакты келди.
Жыргаттың учуң дагы узарсын деп,
Кол жайып бей-бечара бата берди.

Бетинен ошондо эле шоола чачкан,
Кыз болду адамзаттан башкача жан.
Булбулдуу гүл бакчада бирге өстүрдү,
Кем көрбөйт өз кызынан мени да хан.
Жүрөккө кызыл алоо күйүт жаккан,
Ал эми ошол кыздын атын айтам.

Деди да Тариэл шер эстен танды,
Кантсин ал, Автандил да бышактады.
Суу куюп чекесине Асмат кургур,
Таалайсыз ырысы жок ушул маңдай.
Үшкүрүп, бур эттире жалын чачып,
Эс алып мына мындай сөз баштады:

«Дал ошол туулган кыз Парсададан,
Перизат канаты бар көктө учкан...
Наристе жети жашка чыккан кезде,
Жүрөктү махабаты жараланткан.
Күн сулуу... ал мен шордуу ашык болгом...
«Аты ким?» – деп сурасаң, аты – Нестан.

Мен чынар – ал бир кооз булбул эле,
Мен шумкар – ал бир чүрөк кургур эле.
Мен ага, ал мен үчүн жаратылган,
Кучагы балдай таттуу курбум эле.
Жүрөктү алмаз менен кессе дагы,
Айрылбас бир асыл зат сулуу эле.

Кыз өстү алтын бейиш чынарындай,
Көркүнө көзүм түштү, кургап таңдай.
Парсадан кайра берди өз атама,
Таалайсыз ырысы жок ушул маңдай.
Сейилде арстандарды мышыктардай,
Ыргытам желкесинен мыкчып кармай.

Кызы үчүн хан калкына жардык жазган,
Баа жеткис мунарага жакут таштан –
Атайы ошол жерге гүл өстүрүп,
Алтындан келиштирип үй жасаткан.
Кулпунуп, Нестан сулуу саат сайын,
Жаркырап Индостанга нурун чачкан.

Термелип гүл ичинде ыр ырдаган,
Кайгысыз тентек сулуу шыңкылдаган.
Өзү эмес, күндөй нурлуу сулуулугу,
Келбети, көктөгү айды шылдыңдаган.
Маанайы таалайлуубу, таалайсызбы,
Жашырып, алтын булак шылдырлаган.

Үйүнөн кээде сулуу желге чыгып,
Чер жазган жалгыз жүрүп гүл кыдырып.
Эжеси Парсадандын Давар деген –
Кажеттик, жесир кылган бактысыздык.
Кокустан көз тиет деп элкин багып,
Беришкен мына ушуну жеңе кылып.

Жаркынын төгүп турган күн ободо,
Мемиреп жалынабыз биз ошого.
Суусасаң кылк эттирип жутуп коёр,
Ал эле тунук кашка булак тоодо.
Жыт бурап ошол булак жээгинде өскөн
О, чиркин, Нестан кызыл гүл эле го.

Ошондо он беш жашка чыккан кезим,
Чагы эле балдай таттуу жаштык кездин.
Жанында дайым жүрөм Парсадандын
Тариэл деген атты ким билбесин?
Күчүм алп, жүзүм күндү уялткан соң,
Дешкен эл: «Сүйгөн анык шер экенсиң».

Таймашып жеңе жүрдүм салышканды,
Бүркүттөй иле жүрдүм алышканды.
Найзасын калкан менен кагып салып,
Оодардым ат үстүнөн чабышканды.
Жатарда күндө сонун той өткөрөм,
Ал күндөр кайра келбес алыс калды.

Жыргал күн колдон аккан суудай болду,
Ичкен бал эми өзүмө уудай болду.
Бир кезде курбуң алтын чынар эле,
Тариэл – каны качкан куурай болду.
Э, курдаш, хандын ошол сулуу кызы,
Жүрөктөн кетпей турган убай болду.

Атамды таш боор өлүм өзүнө алды,
Кантейин, кайран атам өлүп калды.
Кайгылуу жарлык басып Индостанды,
Безгектей калтыратты Парсаданды...
Орноткон намыс туусу кулачудай,
Индостан душманына табаланды.

Гүлдүү кез уу ичинде туталанды,
Гүлгүндөй он беш жашым кусаланды.
Түшүрбөй бир жыл бою аза кийимин,
Жаш жаным аза үйүндө жараланды.
Парсадан жигитинен айттырыптыр:
«Кой, балам, ажал жетсе чара барбы».

«Мен атаң – сен эмнеге жетимсиң, – дейт,
Үстүңдөн аза кийими чечилсин, – дейт.
Жан жактан жарданышкан душмандарга,
Мына деп колго кармар сесимсиң, – дейт.
Сен эми ата ордуна Амирбар бол –
Баласы ата колун жеткирсин, – дейт.

Кантейин ата өлүмү жанга батты,
Он беш жаш амирликти колго алмакпы?
Чирийин кайгы ичинде десем дагы,
Жалынып хан нөкөрү колдон тартты.
Үшкүрүп аза үйүнөн чыккан кезде,
Колмо-кол өткөрүшүп өөп жатты.

«Жазмыштын кылганына барбы айла?
Таалайсыз мага окшогон жарты жанга.
Болоюн көп катарлуу аскер шери,
Бир колум татый алат душмандарга».
Жаккан жок алты ханга ушул сөзүм,
Амирбар болуп калдым Индостанга.

Жыйылып Индия эли бүт келишти,
Атама ошол күнү аш беришти.
«Биз элиң, биз журтуңуз», – деп калың кол,
«Бизди ал», – деп ат үстүндө теминишти.
Милдетин амирликтин айтып берип,
Индостан тең жарылып, бийлик берди.

Амири санат жетпес нечен миңдин,
Тагдыры нечен-нечен чечен тилдин.
Жолборстой алптуу кыраан баатырлардын,
Оң көзү экенимди эми билдим.
Ант берип кылкылдаган кол алдында,
Жай гана басып барып такка миндим».

Автандил муну укканда тиштеп эрдин,
«О, жалган тозок экен үстү жердин», –
Деп алып бир саатча карап турду,
Жаралуу кайгылуу өңүн Тариэлдин.
«Кайрылган канатыңды кайра оңдоп,
Учуруп мурадыңа жеткиремин».

Автандил сөзүн улап мындай деди:
«Тартса да уу тозоктун тегирмени,
Жетермин, бейиш кушун учурармын,
Бузармын кандуу капас термирлерди.
Кайрылар тай-тайлаган кандуу жаштык,
Күндөрү сенин  ошол кезиңдеги».

Асмат куш, чарк айланган жердин жүзүн,
Эмесе, ойлоп-ойлоп көзүн сүзсүн.
Аңгыча эки шерге мындай деди:
«Бактысыз бизге жардам берүү үчүн,
Кол жыйсын, жары алдында шертин берсин,
Автандил көп кечикпей жолго түшсүн».

Тариэл эң акыркы сөзүн айтты:
«Э, досум, бул дүйнөдөн көңүл кайтты,
Махабат көлөмү асман деңиз экен.
Бирок да кол кыска да, өмүр тайкы...
Үшүтөт жүрөгүмдү кылчылдатып,
Жаркындуу болгон менен күндөр жайкы.

О, кайда, далай-далай жылдар өттү,
Эсимден чыгарыпмын досум көптү.
Бардыгын айтып берүү кандай кыйын.
Бул дүйнө дайым мага уусун төктү.
Айла жок тагдыр күчү зор болгон соң,
Кантейин көл түбүнө көңүл чөктү.

Махабат – өпсөң таттуу бала тура,
Тагдыр куш мел-мел эткен талаа тура.
Бул дүйнө бир өң эмес, ала тура,
Махабат – жүрөктү эзген жара тура.
Ашыктык алоолонуп күйсө дагы,
Тагдырга мунун баары даба тура».*

---

* Акыркы куплет 1940-жыл боюнча.

## IX

## ТАРИЭЛ НЕСТАН-ДАРЕЖАНГА КАНТИП АШЫК БОЛГОНУН АЙТКАНЫ

Бирде ыйлап, бир кызарып, бир бозоруп,
Тариэл бул сөздөрдү айтып болуп:
«Бир күнү ханым менен аңдан кайттык,
Деди атам[1] кыздан сурап эсен соолук.
Кулунум анан менден бөлүнөрсүң»
Деген соң, кызын көрүп кайтмай болдук.

Ишим жок атам менен кол кармашып,
Эрдикти сейилдеги кеп кылышып,
Аны айтып, тигини айтып күлкү кылып
Кыз жаткан мунарага бардык басып.
«Хан келди», «Шер келди», – деп шыбырашып,
Киргизди кулдар шашып эшик ачып.

Бах, ырахат – гүл бакчаны мындан көрдүм.
Миң бир кыл, түр чачканды мындан көрдүм.
Тандалып жер үстүнөн чечен кушу,
Кыз менен ырдашканды мындан көрдүм.
Секирип бир бирине түшүп турат,
Балыгы боору аппак тунук көлдүн.

Парсадан өзү кирди эшик ачып,
Бир үйдөн, экинчи үйгө кеттик басып.
Ачылган жылчыгынан каалганын
Карасам каухар, жакут жаркылдашып,
Көзүмдүн нурун алган, ал ирмемди,
Курдашым, ак кагазга болбойт жазып.

Сейилде ошол күнү кыргоол аткам,
«Кызыма кыргоол берсин» дептир атам.
О, жалган, колдон берген ошол тартуу...
Кызга деп кулдар шашып алпараткан.

---

[1]*Атам* – деп Парсаданды айтып жатат. Мындан аркы «атам» дегендеринин баарысы ушул мааниде.

Кандайдыр ашыктыктын жыты уруп,
Жүрөктү махабатка кылтактаткам.

Парсадан көз тиет деп ал сулууну
Бир жанга көрсөтчү эмес, билем муну.
Негедир кыздын үйү мени тартып,
Ашыктык кыса берди демди утуру.
Ханымдан: «Асмат, барчы Амирбарга»,
Тыңшасам деген гана сөзү угулду.

Жылдырып көшөгөсүн терезенин
Асмат жан үйдүн ачып эшиктерин.
«Жаш жигит, ханым мага буйрук берди,
Кызына дагы кыргоол сурап келдим».
Дегенде терезеден бир кыз көрдүм
Өңү эле анын өңү периштенин.

Ошондо күйгөн оттой жалындадым,
Ээ, жүрөк, неге ошондо жарылбадың?
Таалайсыз Индостандын эркин кушу,
Ал жерге кайдан учуп барып калдым.
Автандил акырында мына минтип,
Махабат дартын тартып каңгып калдым.

Берметтей Тариэлдин сөзү уланды:
«О, жалган, ырахаттын кетти баары,
Айрылдым махабаттын жок карааны», –
Деди да эстен танып жатып калды.
Автандил, Асмат экөө кошо ыйлады.
Болду го, тартчы тагдыр, колуңду ары.

Асматжан талып карап турар кызбы?
Оозуна Тариэлдин суу тамызды.
Кайрадан сырттан баатыр эс жыйган соң,
Көзүнөн сел-сел кылып жаш агызды:
«Курдашым, кандай кыйын ал күндү айтуу,
Ашыктык кор кылды го мен жалгызды.

Кубанат – күндүк көргөн жыргалына
Ойлобой келечегин арсыз гана.
Болсо эгер кылдат чебер, жакшы зергер,

Көөрүгүн дагы басмак, дагы узана.
Дардаңдар өмүрүндө бир кыз өпсө,
Ошого жүрө бермек кумарлана.

Тартууну алып кирер замат Асматжан,
Ошол жерде кетиптирмин чалкамдан.
«Суу... суу» дешип уу-чуу түшкөн бир топ жан,
Бир кезекте эсим жыйып көз ачсам...
Туш-тушумда элдер турат жарданып,
Кайыкчыдай кемени алыс узаткан.

Жаткырышкан ороп алтын жуурканга,
Маңдайымда ыйлап турат хан-ханша.
Ошол күнү дүңгүрөгөн Индостан:
«Амирбарга кайдан келди каргаша».
Бал китептен карап туруп молдолор,
Дешип коёт: «Жин тийиптир балага».

Бир оокумда көзүмдү ачсам хан турат,
«Эмне болду», – деп мойнумдан кучактап.
Асылганда дагы кайра жыгылдым,
Хандын сөзүн уга да албай толуктап.
Сөз байланып, көз жумулуп кан качып,
Ошол саат Индия элин коркутат.

Чаптырып үй-үйлөргө кыдырышты,
«Табыпмын» дегенди бүт жыйдырышты.
Китебин кырк мертебе кайтара окуп,
Ар бири, ар түрлүүчө дем кылышты.
«Мунуку дарт оору эмес, санаа оорусу».
Хан, ханша көздүн жашын сел кылышты.

Эсим ооп хан үйүндө үч күн жаттым,
Үшкүрүп түш мезгилде көзүмдү ачтым.
Э, тагдыр, не болду деп ойлоп жатам,
Кыялым селдей каптайт, болуп ташкын.
А, баса, хан кызынын жүзүн көрүп,
Эсим ооп, эмне болуп кара бастым.

Жакшы болдум, шашты калың калайык:
«Хандан барып сүйүнчү алып кайталык.

Коркпо, Индостан, күнүң кайра тирилди –
Деп сүйүнтүп аларга да айталык».
Дегендер көп. Келди чуркап хан, ханша,
Бактысына алкыш айтты кол жайып.

Миң түр даам: шекер-шербет, бал ичтим,
Үзүп жедим, бирден бейиш жемишин.
Жүрчү ата дейм – сейил курчу, чер чыксын,
Учкан куштай дир-дир этип кош тизгин.
Бүркүт менен учуп чыккан чабыттап,
Капастагы шумкар элем ба, чиркин.

Биз элек жагалмайдай жагалданган,
Зыпылдап кош канаты шамалданган.
Кыдырдык, жашыл кырлар, дайра жээгин,
Чынардай өзүм өскөн тууган талаам.
Кеч кайттык, ханым кетти өз үйүнө,
Деп айтып: «Чарчап калдың, укта, балам».

Тумчугам жүрөгүмдөн кан алгандай,
Миң канжар жүрөгүмө кадалгандай.
Жөкөрүм шашып чуркап кирип келди,
Качкын жоо капилеттен кармалгандай:
«Кирсинби, бирөө келди колунда кат» –
Мен ойлоп, болуп кетти кабар кандай?

Жок, чиркин андай эмес башкача экен,
Жакуттай ар ариби таптаза экен.
Сыяга ашыктыктын балын төгүп,
Жазыптыр жүрөгүнүн каны менен.
Дал ошол күтпөс жерден мен алган кат,
Автандил, күндөй сулуу кыздан келген.

Күйүттүн кызыл алоо отун чачтым,
Автандил маанайы пас шордуу башым.
«Мунуңуз эмне деген сабырсыздык,
Колдору тентек белем калам каштын»...
Чынында мен дагы ысык жүрөк менен –
Автандил, мына ушундай жооп жаздым.

Күн менен күндөр зуулап өтүп жатты,
Көрө албайм, элим курган сайрандарды.
Оорумун – алмашылып дарыгерлер,
Үзүлбөйт, мындан башка айла барбы.
Кымбат күн өчкөн оттой сууй берди,
Ошентип эки көзүм карайланды.

Билгичтер миң тамырды кармалады,
Ooру атын, бирок издеп таба албады.
Дем салып «жел бар» дешип картык коёт,
Жалдырап жата берем амал барбы.
О, жалган, менин оорум ашыктык го...
Жүрөгүм ого бетер жараланды.

Жөкөрүм дагы шашып кирип келди,
Деп ойлойм кургур дагы көрдү эмнени?
«Алдаяр, жооп күтөм кирсинби, амир –
Кат алып Асматжандан киши келди».
Дей салды, шашып мен да жөкөргө айттым:
«Эшикти ач, болгун ылдам, кирсин бери».

Жүгүнүп колума бул катты берет,
Ал катты окур замат кеттим тердеп.
Жазылган жакуттанган кымбат сөздөр:
«Билем, – дейт – сары ооруңа менмин себеп».
«Барам» – дейт, жооп жаздым: «Кел, эртерээк».
Жаш менен дагы көп сөз айтсам керек.

Олтуруп өзүмө өзүм кеңеш кылам,
Күчүм бар миң сан колду калтыраткан.
Не десем моюн сунат амириме –
Баш иет эрдигиме бүт Индостан.
Ханымдын күндөй кызын сүйгөнүмдү –
Билишсе дешпес бекен: «Бул ант урган».

Парсадан мага кабар айттырыптыр:
«Деп угам, уулум, сени айыгыптыр...
Эриктим сенсиз элкин чыга албадым,
Эми өзүң кары атаңа сейил курдур.
Куш салып, ит агытып, жаасын тартар,
Элирип өрөпкүгөн демин тындыр».

Мен барсам даяр болуп туруптур хан,
Жараксыз кур кол менен чыктык жалаң.
Элирген тулпарлар да кандай учат,
Сагынып талаа желин турган араң.
Аккуулар бизге карай төшүн тосот,
Кер жааны тартар элем, үйдө калган.

Жүрөгүм бир нерсеге сыздай берди,
Үшкүрүк көкүрөктөн кысып демди.
Күйүткө, балким, себеп болобу деп,
Ошондо шарап жана шербеттерди –
Токтотпой кылкылдатып суудай жуттум,
А, жылас, түк эчтеке сездирбеди.

Жөкөрүм дагы шашып келип калды,
Мындай деп кулагыма шыбырады:
«Кандайдыр сулуу аял, мен таанбайм,
Көрүүгө уруксатпы дейт Амирбарды».
«Эмесе, турам күтүп тиги үйдө,
Ээрчитип ошол үйгө киргиз аны».

Мен туруп ошол жакка... басар замат,
Эл тымып, ичилүүдөн токтойт шарап.
«Меймандар таттуу үлпөт токтобосун,
Мен келем» деген болом тамашалап.
Ким экен, күнүм болсо деп аптыккан,
Автандил, кыйын эле ошол саат...

Жытындай тоонун кызыл гүлүндөгү,
Ак айдай майдын жарык түнүндөгү,
Жүгүнүп жумшак басып бир кыз келди,
«Көргөнүм, өңүмдөбү, түшүмдөбү?
Мен жигити, сүйгөн сулуу ашык кыздын*,
Катыгүн, бул эмнеси жүгүнгөнү?»

Айтат ал кыз: «Кылам сизге жакшылык,
Бат жетишке келдим мында ашыгып.
Көкүрөктөгү дартка айла таба албай,
Айдын сырын сиз жүрөсүз жашырып.
Канат тагып учуп барып жеткир деп,
Бирөө берди ушул катты тапшырып.

Жарык нур бар, Индостандан нур чачат,
Сизди сүйөт жаш махабат уялчаак.
Муну жазган ашык жаның* – Нестаның,
Билем десең кыз курдашы мен Асмат.
Менин сизге айтар сөзүм жалгыз сөз –
Сөзүм ушул – Сизге катты тапшырмак.

Калган сырды бирден улап табыңыз,
Ак кептердей канат күүлөр чагыңыз.
Мезгил жеткен барып үзүп алууга,
Бышып калган Сиздин алма багыңыз.
«Тишиң барда таш чайнап кал» деген бар,
Калган сөздү каттан окуп алыңыз»...

X

## НЕСТАН-ДАРЕЖАНДЫН АШЫГЫНА ЖАЗГАН БИРИНЧИ КАТЫ

Окусам ашыгымдын жазганы экен:
«Не болдуң, баарын билем, баарын сезем,
Махабат санаа ордуна эрдик күтөт,
Кабыланга ый ылайык келет бекен?
Жаркыным, кайгырбачы мен сеники,
Калганын айтып берет Асмат эжем.

Ашыгым, мени сүйсөң эрдик көрсөт,
Майданда күчүңүздү сынап көрсөк?
Талоого Индостанды Хатавалар,
Ракатка уу төгүүнү жүрөт көксөп.
Жаркыным, ашыктыктын дабасы үчүн,
Астына тартып кайтсаң кандуу төшөк.

Мен сени сүйгөнүмө көп күн болду,
Болбоду сүйлөшүүгө иштин орду.
Булактын жээгинде өскөн бир гүл элем.
Жүрөгүм сен деп жүрүп дартка толду,
Эсиң ооп бая күнү жыгылганың,
Мага да тиешелүү ошол «ооруу».

Жарасын жүрөгүмдүн ырбатпагын,
Ушул кат тиер замат жарактангын.
Дагы айтам: мени сүйсөң эрдик көрсөт,
Эр болсоң, кана эмесе жоого аттангын,
Согушуп Хатаваны жеңип кайтсаң,
Татарсың махабаттын балдай даамын.

Ошондо өзүм сени аттан алып,
Атыңдын көкүлүнө тумар тагып,
Сүйүүнүн дайрасында калкуу үчүн
Гүлбакка моюн алышып басып барып,
Сагынсам кысып-кысып өбүү болор...
Түн болсо да өзүбүз ай чыгарып».

* Акыркы куплет 1940-жылдагы басылма боюнча.

## XI

## ТАРИЭЛДИН СҮЙГӨНҮНӨ ЖАЗГАН КАТЫ

Курдашым, ошол катты колго алганда,
Каламым жорголоду ак кагазга,
Чаар ала куш жүнүндөй жазууну ээрчип,
Көз жашым тамчылады анда-санда.
Түшүмбү, өңүмбү деймa... ашык жарым,
Жазыптыр, ар бир сөзүн кошуп балга.

Асматка өзүм жазган катты берем,
Курдашым, ал катымда мындай дегем:
«О, Нестан, жаркыраган жаз күнүсүң,
Индостан шоолаңа эрип мемиреген.
Баатырдын колундагы алтын жаасың,
Мен жебе атылууга беленденген».

Асмат мага: «Дагы айтты эле ашыгың*,
Тариэлдин сак болушун сураймын.
Айт деди эле  сыр бербесин эч кимге,
Бир ирмем кез, мезгилиндей бир айдын.
Мен мас болуп жаш махабат антына,
Шерттен тайбай, мезгил күтүп турайын».

Э, Автандил, эстен чыкпайт ошонум,
Түлөк кушу – махабаттын – колдогум.
Кыргый эле... шумкар эле махабат,
Биле албаган кайда барып конорун.
Мен ошондо көргөн элем ыраактан,
Чын сүйүүнүн жалгыз аяк жолдорун...

Мен Асматка кымбат тартуу бааларын,
Жана бердим ороп эки, үч жамбы алтын.
Асмат анда: «Сактайм Амир белегин,
Эртең эле  алтын шакек жасалсын...
Асыл жигит артык болоор башкасы
Мен кетейин, сен бактылуу жол алгын!»

Ашыгым Нестан чыгып келди буралып,
Жер жүзүнө жарык айдай нурданып.
Биринчи учур кандай кыйын сүйүүдө,
Эки жүрөк океандай бууланып.
Ысык үмүт таттуу тилек жанашуу,
Бал махабат ошол алтын убакыт.

Айрылыштык, бүтүп сүйүү саатын,
«Эртең жоого аттанам», – деп шерт айттым.
Кайра келдим, достор күтүп олтурган,
Мен да кирдим дайрасына шараптын.
Ичүү, күлүү ошол түнкү сөөлөттү,
Көзүм кыйбай таң атарда тараттым*.

* Акыркы куплет 1940-жылдагы басылма боюнча.

## XII

## ТАРИЭЛ ХАТАВАГА КИШИ ЧАПТЫРДЫ

Кат жаздым киши кетти Хатаетке,
Токтолдум кыска гана эки ооз кепке:
«Парсадан Индостандын баатыр ханы,
Айланган алпкаракушу муну да эсте.
Куйругун ажыдаардын басып алсаң,
Кеч болор: ажал тилин тарткын дешке.

Кат жаздык: Мен жана атам хан Парсадан,
Колуңа катты алпарган биздин адам.
Токтобой ошол замат алдыма кел,
Келбесең, ат тердетип өзүм барам.
Сөзүмдү муну да бил – эки кылсаң,
Элиңдин бирин койбой чаап алам».

Кабарчы кетти ал жакка, кабарды алып,
Чу койду даңгыр жолдон чаң чыгарып.
Жүрөктөн албуут кыял эми тынчып,
Олтурам муңдуу арфадан күүлөр кагып.
Учкан куш кайра торго конуу кыйын,
Автандил, досуң минтип калды каңгып.

Автандил, сага окшогон замандаштан,
Жашырсам кылдай сырды урар асман.
Дүнүйө, рахат, мүлк, конгон дөөлөт,
Ээрчийт го, деп ойлогом, турсам-бассам.
Адамзат эртеңкини оюна албайт,
Кармашып тагдыр менен бак талашкам.

## XIII

## НЕСТАН-ДАРЕЖАН ТАРИЭЛДИ ЧАКЫРТТЫ

Түн жармы ооп… көз ачылбай үргүлөйт,
Уйкум келбейт, сүйүү элеси күүгүмдөйт.
Шок жөкөрүм кирип келип шыбырап,
Бир нерсеге сүйүнгөндөй, күдүңдөйт.
Кирсемби деп, келип турат бир жигит,
Жакшы кабар… деп көздөрү күлмүңдөйт.

Ак жолтоюм Асматжандын кулу экен,
Айттырыптыр жолуксун деп мага эртең.
Супа салып, таң жарылып атканда,
Бара жатам кызга кеткен жол менен.
Күтүп турам качан чыгар экен деп,
Мен бактыма ушул жерден кездешкем.

Бакка кирем түркүн гүлдөр жайнаган,
Бирде шаттык, бирде муңдуу, кайгы аван.
Жаш сүйүүнүн мында бейиш куштары,
Биздин гана махабатты сайраган.
Асмат келип: «Күтүп турат тигинде,
Бар чырагым, бар жылдызым» – дейт маган.

Убайымдуу бото көзү сүзүлөт,
Болор күндүн уусун эске түшүрөт.
Өз кезинде гүл бурагы жеткен соң,
Багы болсо жар колунан үзүлөт.
Сөз айталбай ылдый карап тим гана,
Нестан жаным[1], үшкүрөт да, үшкүрөт.

Суу сепкендей, мендеги үмүт муздады,
Эмне жаздым жаным неге сустайды.
Асматжанга бирдеме деп шыбырайт,
Ал мага айтат: «Бир азыраак турчу ары»…
Дүйнө көчтү, ушул сөздү укканда,
Алыс качты ашыктыктын куштары.

[1] *Жаным* – ашыгым, сүйгөнүм.

Асматжанга ээрчип басып баратам,
Тагдырга ыза Нестан жанга мен аң-таң,
Махабаттан бул кандайча айрылуу –
Ичтен сызып, жүрөгүмдү канатам.
«Мына ушинтип колдон тайып дөөлөтүм,
Өчкөнүбү, оюн-күлкү тамашам».

Бактан чыгып мен кайрылып кетерде,
Асмат токтоп: «Жигит болсоң сыр бербе,
Сүйүү деген, ойноок бала сыяктуу,
Ошондуктан таарынбагын эркеме.
Күн нурунан уялбайбы ак кептер,
Кой, каралдым, оюңа алба эч нерсе»…

Мен ошондо: «Бир боорумсуң Асматжан,
Сен чынарсың, көлөкөңдө гүл ачкам.
Хатаеттин шаарын бузуп, кул кылып,
Согушууга жүрүп кетип баратам.
Күн кур калбай жан кабарын жазып тур,
Суусун болор, суу ордуна чаңкасам».

Болочок күн, сай-сай болуп аккансыйт,
Боз тумандай аккуу канат какансыйт.
Жердин үстү көтөрө албас кайгыны,
Көз алдымда төөгө чиркеп тарткансыйт.
Жаштык күндөр, таттуу эне сүтүндөй,
Булут минип, зуу-зуу калып жаткансыйт.

## XIV

## ХАТАВА ХАНЫНЫН ТАРИЭЛГЕ БЕРГЕН ЖООБУ ЖАНА АЛАРГА КЫРГЫН САЛУУ

Хатавадан айткан кабар алынды,
Жазылган кат козгойт менин каарымды:
«Байка, Индостан, биз эч кимден коркпойбуз,
Мен Рамазан хан төксө, төкчү каарды.
Силер дөө да, Хатава эли чөп эмес,
Кыргын салып, тоз кыламын шаарыңды».

«Аттан!» – деп колума салдым айгай,
Киргендей дайра суусу толуп сай-сай...
Тагдырдын буйругунан... бороон болуп,
Булутка тебеленген жарык айдай.
Аскери Индостандын туман болду,
Саны жок асмандагы жылдыздардай.

Колдоруң даяр болду мына дешет,
Ар бирин өзүң байкап сына дешет.
Жөн кой дейм, – бешиктеги балаң дагы,
Кайраттуу ар минутун жыргал сезет.
Бул сөзүм ого бетер намыстантат,
«Чыгабыз Рамаз хандын тагын тепсеп».

Көтөрүп көөдөй кара асаба туу,
Бүлүнүп Индия эли түшүп уу-чуу.
Ызалуу Парсадан хан каарын төгөт,
Болчудай ушул жолу согуш катуу.
Деп ойлойм: Нестаныма учурашпай –
Болбостур таарынгандай жолго аттануу.

Аттан түшүп, үйдө олтурам, кайгым оор,
Өлүп калсам тирек болор жок бир боор.
Көчкү жүрүп, кымкуут түшүп эл-журтум,
Тарыгансыйт, калып жалгыз кыя жол.
«Кармап турдуң кызыл гүлдүн сабагын,
Неге ошондо үзө албадың арсыз кол».

Баягы айткан Асмат кулу акжолтой,
Кирип келип катты сунду токтотпой.
Окуп чыксам мындай деген сөздөр бар,
Жибек менен калы килем сокконой:
«Жылдызыңдан мен садага кетейин,
Шапар үйгө өзүң басып келе гой».

Асматжандын кылгандары жакшылык,
Мындай көздү кандай сүйөт жашчылык.
Адетинче кол булгалап кылаадан,
Гүл бакчанын каалгасы ачылып.
Чуркап келип: «Бул жакта, – дейт, – алтыныӊ»,
Бышкан алма түшүп турган асылып.

Бир үйүндө, катар-катар мамыктар,
Көздү жумуп не тилесең баары бар.
Кыздын үйү бул да өзүнчө бир дүйнө,
Күнү бүтүп, түнү болуп, таңы атар.
Кымкапталган көшөгөнүн артында,
Миң бир түрдө коздолгон ашык жар.

Жанына беш кадамдай келип турдум,
Мас болуп илебине күн сулуунун.
Уяң көз асмандагы мен бир жылдыз,
Жок болгон ай куюлтса жарык нурун.
Ашыгым жал-жал карап суйкайганда,
Кечээги таарынычты бүт унуттум.

Кандайдыр Асматжанга берди белги,
Астыма олпок төшөнч салып берди.
Олтуруп алтын килем асеминде,
Мөгдөткөн балдай таттуу эриндери –
Ачылып, жылмаюудан көздөрү ойноп,
Ошондо анан мага мындай деди:

«Жаркыным, кечке атайы чакырткамын,
Бирок да сөз айтуудан аптыккамын.
Жазыгым кантем күнүм, уялчаактык,
Алтыным, мойнума алам таарынткамын.
Кыялы кыз дегендин кылкыяктай,
Жигитке менден көрө чыгар маалым.

Адепте кыздар өзүн уяң тутмак,
Арзыбас жигиттерге уу жуттурмак.
Кыз деген – кылактаган кызыл түлкү,
Кыз деген – шылдырлаган тунук булак.
Кыз деген – коңур жыттуу өмүр балы,
Кыз деген – он беш жашта бышкан бурак.

Ырас, биз сүйүүнү эңсеп кумар жаздык,
Ал сүйүү – махабатка кылар аздык.
Бир сүйүү, экинчиси Асмат күбө,
Сен мага, мен өзүңө болдум ашык.
Эмесе, мен сендикмин, ал колумду,
Калп айтсам чөптөй соолуп калсын жаштык.

Баатырсың, Хатайларга найзаңды сун,
Тагдырым маанайыңа бак буюрсун,
Көтөрүп оң колуңа Индостанды...
Душмандын кулата көр кара туусун.
Күтпөсөм алтымыш жашка чыкмайынча,
Тариэл, ашыктыктын анты урсун».

Мен анда мындай дедим, досум, тыңша:
«Баштарын хатайлардын кырча-кырча,
Тулпардын капталынан кан болгондо,
Кайтармын тагдыр жолун кенен кылса.
Ме алчы... Менин жаным сеники Алтын,
Көмүлүп, кара жерге калмайынча.

Антташтык мына ушинтип сүйүү антына,
Билебиз: тоодон да чоң кусур анда!
Бекилди жети кабат ант кулпусу,
Махабат убагынча туткундала...
Сүйүү бир, эр жигиттин сөзү да бир,
Качалбас, о кең асман, өзүң барда!»

Кетирип Асматжанды ээн калдык,
Ичинде назик сөздүн күйүп жандык.
Сүйлөгөн кептер ширин болуу үчүн,
Жеп коюп жемиштерден бирден алып.
Эриксиз турдум дагы, басып кеттим,
Жаркырап жанып турган өчтү жарык.



Жанымдан кубанычтуу айрылганда,
Көңүлүм ак булуттай болду таза.
Кучактап ырыс чачып чар-тарабым,
Учуруп алып чыгат асмандата.
Артымда өчпөй турган из калгандай,
Өзүмдү бийик сезем аскадан да.

Тарттырдым аттанууга, керней-сурнай.
Он-ондон жана жүздөн– миңден чубай,
Жаз алды марттын жумшак түнүндөгү
Шамалга удургуган булуттардай...
Шаңдуу ураан Хатаванын үшүн алды,
Кол кирди тарам-тарам аккан суудай.

Чаалыкпай аз эмес мол, жол жүргөндө,
Калаасы Хатаванын көрүнгөндө:
Кулубу, алда эмнеси Рамаз хандын
Энтигип элчиликке келди бирөө.
Кат сунат. Мындай деген сөз жазылган:
«Бириңе миңибиз тең, баарыңар дөө».

«Жаш баатыр, башын иет сага Рамаз,
Антчу эмес, Тариэл шер, кой жарабас.
Айрылса ата-энеден, балдарга убал,
Не болот, жесир калса катын-калач.
Жок эгер алам десең, жаным курман,
Жок эгер кесем десең, мынакей баш.

Оозумдан жаңылыпмын жеримди алгын,
Тилесең күң, кул кылып, элимди алгын.
Ачайын дарбазасын алтын шаардын,
Куш учуп өтө албаган чебимди алгын.
Аз гана колуң менен келип калгын
Эл чоочур, анда калсын баатырларың».

Акылын насаатчынын уктум бир аз:
«О, балам, көптү көргөн бул буурул чач,
Башың жаш, балам, изден жаңылбай бас,
Абайла бирөөлөр дос, бирөөлөр кас.
Билчү элем, бал кошулган ширин сөздүн,
Байкагын, түбү келип болчу эле таш.

Иргеп ал, залкар кабылан баатырларды,
Бир сөздүү, бир тилектеш болсун баары.
«Сактыкка кордук болбойт» деген кеп бар,
Жашынып карап турсун колдун жармы.
Ошондо сага арамдык иш ойлосо,
Тирүүлөй өрттөп жибер Рамаз ханды».

Акылын насаатчынын макул таптым,
Рамазга мындай деген жооп жаздым:
«Чабыштын сен айткандай кереги эмне,
Убалын бекер тартып кары-жаштын?
Сый менен жарашайын дегениң ак,
Баратам колум алыс, өзүм азмын.

Дүбүртү арт жагымда үч жүз эрдин,
Тулпардын жыя кармап тизгиндерин,
Шаарына Хатаванын кирер кезде,
Колума мындай деген буйрук бердим:
«Байкап тур, жардам керек болуп калса,
Кылычты булгалактайм ошол белгим».

Бир атчан алдыбыздан тосуп чыккан:
«Келатам, сизди тосуп Хатавадан,
Кур келбей, кийип келсин жолборсум деп,
Рамаз хан сизге тартты зердүү[1] чапан.
Алсын деп не тилесе, не самаса,
Белендеп казнасынын оозун ачкан.

Угуңуз улугумдун айткан сөзүн:
«Париэл эч нерсеге шекшинбесин,
Алса-алсын шерлеринен бир-экөөнү,
Эгерде макул тапса элкин келсин.
Бир боордой кучакташып көрүшөлү,
Берени мындан тапсын ата-энесин».

Туш келдик токойлорго калың чыккан,
Топ жигит, тосуп чыккан астыбыздан,
Бир жорго тартуу кылып алып келдик,

---

[1] *Зердүү* – алтын, күмүштөн жасалган.

Көйкөлүп төрт аягы, желдей сызган.
Ханыбыз оён Рамаз чаптырды эле,
Эртерээк келсе экен деп о, «Арстан».

«Жолугам өзүм мурда айтып салам, –
Деп ханым атын токуп даярданган.
О, кабылан, биз жөнөрдө тапшырды эле
Кечикпей келгиле деп бүгүн таңдан».
Рамаздын жигиттерин консун дедим –
Түн кирип, биздин коштo оттор жанган.

Ай уктап... калган кезде таң агарып,
Жөнөштү аттарына камчы салып,
Ошондо чабармандар арасынан,
Бир адам – байкап турсак, артта калып,
Жалооруп эки көзү жашылданып,
Энтигип мындай деген сөздөрдү айтат:

«Атаңыз Саридандын тузун таткам,
Айтайын салышмакчы Сизге капкан.
Рамаздын кылдан назик амалдары,
Абайла коркунуч чоң, балам, сактан.
Билчү элем ийнесинен-жибин койбой,
О, корком, ошондо да байка абдан.

Найзакер, балтакерден тандап алган,
Жолуңдун бир жагында жүз миң палван.
Жолуңдун бир жагында отуз миң дөө,
Нечен миң дагы арт жакта даярданган...
Рамаз хан ар шилтемди эсепке алган,
Сага өлүм, бир жериңден жазып калсаң.

Рамаз хан өзү тосуп, сени жолдон,
Калп эле алаксытып кармап колдон –
Турганда... каптап чыгып боз тумандай,
Баатырлар курчап алып оңдон-солдон:
Мойнуңа шап эттире чалма салып,
Опоңой сени торго чалмак болгон».

«Карыя, кор болбоссуз мен аманда,
Актармын мунуңузду дедим ага,

Ракмат, аттын оозун коё берип,
Артынан шек чыгарбай, жет аларга
Кургурлар алыс узап кете электе,
Куюндай уюлгуп уч, желдей чамда».

«Чыксын деп, – бир баатырың араңардан,
Тез жүрсүн, көктөгү учкан каргалардан,
Бул катты алар замат, аттанышсын –
Өтүшсүн ашуу, дайра, талаалардан»...
Деп ага буйрук бердим, сырды айпадым.
Кол алыс үч күнчүлүк жолдо калган.

Эртеси унутпасам чаңкай түштө,
«Тариэл келе жатат үстүңүзгө».
Кабар айт, – деп бирөөнү аттандырдык
Кошуп кой: «Раазы болор жакшы күтсө».
Болсоң да түлкү амалдуу кача албассың,
Эгерде чындап ажал башка түшсө.

Ошондо бийик кырдан карап турсам,
Көрүнөт боз чаң гана уюлгуган...
Булар ким, бүркүт салган аңчыларбы,
Көпкөлөң, уландарбы коён кууган?
Жок алар, Рамаз хандын колдору экен,
Калп эле амал кылган, ал ант урган.

«Баатырлар басмайылды тарткын оңдоп,
Рамаздын аскерлери алышты ороп.
Жоолордун чечекейин чыгара аткын,
Кур кетпей ажал тапсын, тартылган ок.
«Эр жигит эл четинде , жоо бетинде»
Эл үчүн, өлсөң жаның урмат болот!»

«Ок өтпөс колго алынсын болот калкан,
Кийилсин бадана соо алтындаткан!»
Колдой көр, Индостандын намысы деп,
Кылычты кындан сууруп жаркылдаткан.
Кабыландай биздин колдун сүрү кандай
Кайратын хатайлардын калтыраткан.

Рамаздын шашып жазган катын алам:
«Бул эмнең, баатырларың жарактанган?

Калтырам жан жигиттен башкаларын,
Деп айткан чыгасыңбы убадаңдан?
Жаныптыр арстан да ачуусунан,
Тариэл, бу не деген шумдук, балам?»

Мындай жооп айттырдым анда аларга:
«Так бүгүн ажал жетти Рамаз ханга.
Күн мурун жатар көрүн белендесин,
Бирөө үчүн өзү түшөр казган аңга.
Кыйратам катарыңды, Рамаз, камдан!
Артынан иш бүткөндө калба арманда!»

Аскерин Хатаванын турсак сынап,
Жашынып топ-топ болуп ыраак-ыраак.
Акетай, тарпка конгон кузгундардай,
Жыйналып... кара жолдон чаң ызгытат.
Аңгыча тай чабымдай гана жерден
Жабылып чыга келди кол кылкылдап.

Ошондо ушул кара тулпарымды,
Казатта куштай сызып чуркарымды,
Жөнөдүм жолун тосуп сызгырылтып...
Дөөлөрү Рамаз хандын кумсарыңкы,
Эстери ооп, не кылууга айла таппай,
Калтырап жин тийгендей турду баары.

Тулпарым ажал чачып өкүмдөндү,
Шилтедим катарынан эки дөөнү,
Алардан өтүп барып жерге тийип,
Кылычым шаңгыр этип тең бөлүндү.
Эрлерин канжар менен койдой мууздап,
Көрсөтүп бара жаттым өнөрүмдү.

Мас кылдым кызыл канга кара жерди,
Бирине бирин соктум бет келгенди.
Эр башын шыгыраттым сай ташындай,
Тепселип өлгөндөрдүн жок эсеби.
Кол алды көйкашкалар хатайлардын,
Кайпактап аттын башын тарта берди.

Баягы жол жарымы артта калган,
Бүркүттөй шукшурулду туш-туш жактан.
Илешпей кайып учкан сур жебеден,
Хатайлар жанталашып кулады аттан.
Биздин кол душман колун жайкап салды,
Туйгундай карганы тээп топулдаткан.

Качырып сала бердим Рамаз ханга,
Алыстан ок камдады ал да мага.
Найзага болбогон соң кылычташтык,
Шаңкылдап тийип жатты калкандарга.
Керилип чокмор менен жыга чаптым,
Камгактай, тоголонду ала-сала.

Байлаттым кол, аягын сарпоочтотуп,
Рамаз хан торго илинди туткун болуп.
Душмандан түшкөн күлүк бедөөлөрдү,
Он-ондон сай-сайларга кошоктодук,
Рамазга күлүп туруп мындай дедим:
«Ушинтип кылмак белең бизге достук?»

Түш ченде, кандуу согуш аяктаган,
Жайыкка эс алууга түштүк аттан.
Жаштыктан бир жеримден ык кетирип,
Рамаздан сол колумдан жаралангам.
Жошулуп кочкул кандын акканын көр,
Согуштун кызуусунан байкабагам.

Мен үчүн мындай жара жара да эмес,
Тариэл душманына даба бербес.
Баатырлар мени ошондо мактоого алып:
«Каарыңа кара кулак – шер тең келбес,
Айныбай Саридандын өзүн тарткан,
Экенсиң – жаа тартканда шамалдан тез».

Кекээрлеп: «Жол болсун дейм сизге, Рамаз,
Тариэл «балаң» менен эми амандаш.
Бер баатыр, сыйың менен сепилиңди –
Ок жетпес, канаттуу куш учуп барбас.
Куюндай даң салабыз, ач шаарыңды!
Жок десең эл-журтуңдан аман калбас!»

Рамаз хан: «Болбос эми кылуу эбеп,
Кат берип жигитиңдин бирин жиберт.
Айтайын: «Биз жеңилдик хатай калкым,
Мен минтип туткундалып жатамын, – деп,
Сепилдин сапсалгалуу ачкычтары,
Силердин колуңарга түгөл тиет».

Ошентип бейиш шаары Хатаеттин,
Колго алып жарып учтук сепилдерин,
Канаттуу Индиянын ала туусу,
Ошентип чоочун шаарда желбиреди.
Түбү жок, учу да жок деңиздердей,
Кең дүйнө көз алдымда мелмилдеди.

Үңкүйүп казначылар кейип жатты,
Жашырбай баарын алып берип жатты.
О, чиркин, дүйнө деген кандай кыйын,
«Аттиң» – деп, башын уруп кетип жатты.
«Үйүңөр өз-өзүңө тапшырылат»
Дегенде баары жумшап эрип жатты.

Жүнүндөй кооздугу тотукуштун,
Көрөсүз не бир жибек кулпурушун,
Нечен бир камка[1], чүчтө[2], кастарланган,
Колунан согулду экен кандай уздун?
О, дүйнө! Дүнүйөнү не кыласың.
Үстүнө минип ал да, булутка учкун.

Ошондо көздү уялткан торко, шалы,
Көзүмө беш кадамдай учурады.
Насили жибек да эмес, тыбыт да эмес,
Бирөө да шончо элден биле албады.
Саймасын кирпик менен сайып жасап,
Же чиркин, чоктон кошуп сокконбу аны?..

Нестанга тартуу кылдым мына ошону,
Сулуулук кызыл-тазыл каптап жолду.
Миң качыр, он миң төөгө дүнүйө жүктөп,
Калаама кайра аттанттым калың колду.
Автандил, аягы ушул кыска кептин,
Чабуулум мына ушинтип, тамам болду.

---

[1]*Камка* – баалуу кездеме.
[2] *Чүчтө* – эң аппак кездеме.

## XV

## ХАТАВАЛАРДЫ ЖЕҢГЕНДЕН КИЙИН ТАРИЭЛДИН ИНДИЯ ХАНЫНА ЖАЗГАН КАТЫ

Ханыма мына мындай катты жазгам:
«Чыгарып хатайлардын ташын талкан,
Эчен көп эрдемсинген берендерин,
Рамазын кошо байлап алпаратам.
Эр үчүн  эр кулатуу, эл кулатуу,
Эсен-соо турасыңбы урматтуу атам.

Өчүрдүм күйүп турган душман шамын,
Байыттым, бей-бечара карыптарын.
Хатайдын кемчил болду көлүктөрү,
Мындан бил канча экенин казыналарын.
Жетерлик ара конуп кош учуна,
Дүнүйө – мүлк, Сизге тартуу, Парсаданым».

Тууган жер, тууган элге кирип келдик,
Кокустан чыкпас үчүн кептен кемтик,
Кадимки Рамаз деген мына бул деп,
Байланган аркасына колун чечтик.
Улугум, маңдайымдан жыттап сүйдү,
Жарамды өзү ондоп байлап берип.

Той түштү хандын алтын ордосунда,
Хатайды жеңгендердин урматына.
Эл сыйы... Ичкен шарап кандай таттуу,
Мындагы кыздар курган таң-тамаша.
Кете элек Парсадандын ата жыты,
Ошол күн олтургузган өз жанына.

Жаш кездин эне сүтүн ичкен чагы –
Эң ширин өмүр күнү рахаттагы,
Ушул түн андан рахат бал эмизди,
Жууркандай түн түрүлүп таң да атты.
Парсадан: «Көрсөткүлө жолборсторум,
Капаста туткундалган баатырларды».

Парсадан Рамаз дөөгө жаман айтпай,
Ал тургай туткунсуз деп ызалантпай.
Сүйлөштү жоосу менен бир туугандай,
Акыры ага кылдай күнөө такпай:
«Кечиргин, балам, мунун кылмышын, – дейт
Болгондур эми кылыч таптабастай».

Мен анда жооп айттым кылып таасым:
«Ажалын мындайлардын кудай алсын,
Кечирдим, Рамаз дөөнүн бетиндеги–
Жазылган кара тагын алып салдың».
«Бар эми хандык кылып дуула, жырга,
Экинчи кол көтөрсөң куурар башың».

Рамазга мындай деген жарлык салды:
«Колуңа кундуз тери жүз миң саны,
Кошумча калтар, түлкү буга дагы,
Шайы, атлас, жибек өңү кызыл, сары –
Жана да сансыз акча тартуу этем,
Пул болсун кайтарыңа мунун баары.

Чөгөлөп хан алдында Рамаз анда:
«Мен болдум Сизге минтип жүзү кара,
Жолуңда каршы турсам, мындан ары
Жем болсун денем чирип каргаларга».
Ээрчитип баатырларын жүрүп кетти,
Рамаз хан туулуп өскөн өз шаарына.

Бир күнү кабар алам Парсадандан,
Кабарын айттырыптыр чабармандан:
«Мен, балам, сенсиз сыртка чыга албадым,
Карылык өткөн күнгө кумарланган.
Күндөрүм куштар салып, ит агыткан,
Кайрылсын, казирет жансын кары атаңдан».

Кошулдум калың топко, күтүп турган,
Алкынып табында эле кара буудан.
Согушта толо үч ай жүргөн менен,
Чынында кайраттуу элем мурдагыдан.
Парсадан да бир жолу сынап өтүп,
Экенсиң, – деди, – шерим, артык тууган.

Ханшага шыбырады мага угуза:
«Тариэл эл сагынып болду куса,
«Эр жүрөгү ээленгич» болот деген.
Чабыттап учуп чыксын туйгун кушча.
Айчылык алыс сапар кеткен менен,
Калкылдап кайра конор туурубузга.

Туюнгун менин ар бир айтканыма,
Кызыма даярданган хандыгыма;
Айтып кой сени менен күтүп турсун
Сейилден белим талып кайтканымда.
Нурунан чолпонумдун эстен танып,
Жете албай кээ бир жигит болсун ыза».

Мунарык белес-белес кырлар жатат,
Ушунда калбадыбы кымбат жаш чак...
Карaанын кызык кездин кууп жетип,
Кеч кире кайра айылга кайттык чарчап.
Парсадан эл көрсүн деп жамбы аткызды,
Түшүрбөй ат үстүнөн ошол замат.

Менде жок мээлегенден кылдай жазар,
Ой, бали, бала экенсиң дешет чалдар.
Баатырдын өнөрүнөн бирин билсем –
Арманым болбос эле дейт уландар.
Он беш ок бир дегенче чуурушунан:
«Ушул шер мен болсом» – деп тамшанган бар.

Хатайдан тандап алган олжолордон,
Мен дагы тотукуштай коздолгом.
Парсадан аттан түштү. Ак сарайга –
Жүргүн деп мени ээрчитти алып колдон.
Тактыда Нестан жаным. Кулар элем –
Тиштенип өзүмдү өзүм токтотпосом.

Күн сулуу көйнөк кийген көк, кызылдан,
Ак седеп, каухар шуру жылтылдаган.
Кыздардын бойго жетип, болгон чагы,
Колдогу сымап белем кылтылдаган.
Жылмайып күлүп койсо сүттөй тиши,
Жарк этип, үйдүн ичин жарык кылган.

Таңылган сол колумду көрдү ханша,
Ордунан ыргып туруп басты шаша.
Бир топко маңдайымдан сылап туруп,
Бетимден жыттап сүйүп жаш балача:
«Болорсуң адамзаттын сырттаны уулум,
Тагдырың күндөй жаркып багыңды ачса».

Хан, ханша мага арнап беришти үлпөт,
Бал менен шарап ичип сөөлөт күтөт.
Кылыктуу махабаттын лиралары,
Кылгырып кыз алдыртан көзүн сүзөт.
Не айтмак, не тилемек, ушул жерде
Бир-бирин эки жүрөк түшүнүшөт.

Сүйүүнүн – көзүң көрбөс түрлөрү бар,
Сүйүүнүн – кулак укпас үндөрү бар.
Сүйүүнүн – кыш болсо да жайдан жыргал,
Үзүлбөс – башка адамга гүлдөрү бар.
Сүйүүнүн – арфаларга бербей турган,
Өзүнүн тарта турган күүлөрү бар.

Антыңды жарга берген, кайтсаң актап,
Ал да өзүн, чыккыс кылып, кылтактатмак.
Жигиттин жигитсинген ар бир сөзүн,
Кыз деген сынаш үчүн жүрмөк сактап.
Шерт бүтүп, келерки ишти күтүп турсаң,
Сүйүүдө мындан артык эмне ракат...

Ырчылар сүйүүнү ырдап солкулдады,
Күүлөнтүп, элестетип толкундарды.
Парсадан: «Тариэлим» – деп сөзүн баштайт,
Коңур үн, жумшак күүлөр токтоп калды.
«Журтуңдун душман жетпес тоосу болдуң,
Жаркын күн, нурун чачкан асмандагы.

Тартууга не самасаң берер элем,
Бирок да жалаң жакут сенин денең.
Кандайча бул жасаныш эмне деген,
Бир топчуң бир тулпардын пулу белем.
Жакканын көңүлүңө алгын менден,
Айлансын кара жаным, балам, сенден».

Түрмөктүү күүлөрдү элейт арфа, лира,
Сызылып уясына кирди күн да.
Хан менен ханша аңгыча чыгып кетти,
Сөөлөттүн канышкан соң кызыгына.
Мен дагы өз үйүмө кеттим басып,
Кажетсиз болгондуктан, калуу мында.

Козголду эски оорунун жаралары,
Махабат жүрөгүмдү аралады.
Мен күйүп өрт ичинде жанган сайын,
Тагдырдын канып жатты табалары.
Элестеп көз алдымдан кетпей койду,
Сулуунун мени жал-жал караганы.

Көзүндөй көгүчкөндүн тузактагы,
Жалдырап, кулум келип тура калды:
«Чакырат, чалма тарткан бир жаш аял!» –
Деди да сөз айта албай мукактанды.
Мен шашып эки жакты караганча
Көрөмүн келе жаткан Асматжанды.

Ошондо айткан сөзүм эсте калган,
Көзүмдөн кандуу жаштар тамчылаган:
«Бир боорум, келип калган турбайсыңбы,
Болоюн сен дегенде мен садагаң...
Кандай кеп? Кереметим сайрап берчи,
Апкелдиң кандай кабар Нестанымдан»

Асматжан сөзгө кенен, көлдөн терең,
Бирок да айтар сөзү ченемделген:
«Нестан күн, сырга сараң кыз кымбаты,
От болуп ашыктыкка күйгөн менен,
Тапшыр деп асылымдын өз колуна,
Мына бул кымбат катты жазып берген».

XVI

## НЕСТАН-ДАРЕЖАНДЫН ЭКИНЧИ КАТЫ

Ал каттын жазуусу бар мына мындай:
«Үч айга жок болгонуң, болду үч жылдай,
Согуштан кайтса экен деп соо-саламат,
Жалгыздык жаш агызды көздөн тынбай.
Хатавалар ушунчалык чебер беле,
Жасалган, мен көрбөгөн кырмызы шай...

Тизмектеп сөз сүйлөөгө тил жаралган,
Бирок да сени гана мактай алсам.
Өлүмгө сен мен үчүн белди буудуң.
Шооламсың, жан секетим, шер арстан.
Курчтугун жаш үмүттүн билбейсиңби,
Кошулат биздин талап эми качан.

Март жигит, алдын алып билер дедим,
Ичинен кымбаттарын иргер дедим.
Унутпай сактап жүр деп эч болбосо,
Канакей мага берген белектериң?
Канчалык мен бактылуу болор элем,
Мени эстен чыгардыңбы, Тариэлим...

Мен көрдүм бая күнү кара чалма,
Сокту экен чебер келин кандай гана?!
Ошону мага бергин тартуу кылып,
Сени эстейм ар ирмемде* караганда.
Колумдан сууруп жакут шакегимди,
Берейин белек кылып, ме, садага».

Тариэл ушул сөздү сүйлөдү араң:
«Колумда Алтынымдын жаркылдаган,
Автандил ошол ушул шакек эле», –
Деди да кулап кетти чалкасынан.
Шордуунун жолборс түстүү ирeңи өчүп,
Самандай сары болуп, кетти алдан.

Кейиген Асматтын көр кубулушун,
Бет тытып, кан агызып, төш урушун.
Автандил өксүп – терең үшкүрүнөт,
Бооруна жакын кысып жан курбусун.
Асматжан сеп болсун деп куя берди,
Булактын дары кылып кашка суусун.

Күн батып, түн да кетип, таң атканда,
Кең асман ай жылдызын тараткanda:
«О, курдаш, уктап кеткен турбаймынбы», –
Деп Кабылан эсин жыйды араң гана.
Деп койду: «Не кыласың, Автандил дос,
Ашыктык шордуу кылып таштаганда!»

Жок, сүйүү – ууктуруп, кете албайсың,
Жок, өлүм – ажалсызга жете албайсың.
Деңиздей мел-мел этет жаштык үмүт…
Жок, күйүт – кайык менен кече албайсың.
Махабат жетишерлик ыза кылдың,
Жок, өлүм – кайраттууну жеңе албайсың.

Тариэл, минтип сурайт Автандилден:
«Бул сырым сага айткан, бири миңден.
Чын сүйүү оңой менен карматпас ээ,
Суурулуп колдон чыга учуп кеткен.
Мейли эле… бирок ошол сүйгөнүмдү
Кайра бир жолуктурар күн бар бекен?»

Тариэл сөзүн сүйлөп аяктарда:
«Жоопту келиштирип жаздым катка,
Мен үчүн дөөлөт, ырыс, жакут шакек,
Боорума кысып жатам уктаганда.
Ичине эки ашыктын балы оролуп*,
Берилди кара чалма Нестан жанга».

## XVII

## ТАРИЭЛДИН НЕСТАН-ДАРЕЖАНГА ЖАЗГАН ЖООП КАТЫ

Мааниси мындай эле жооп каттын:
«Жашаган өмүрүмдөгү сен кымбатым,
Эбин таап, ойлоп сүйлөп асыл сөздү,
Нестаным мени жаман ызаланттың.
Күн – айдан нурун бөлүп таарынды го,
Эсесин канткенде мен чыгармакмын?

Сен берген белек кылып, жакут шакек,
Ашыктык сымбатымды сактап жүр деп.
Жөн билгич, сенин булбул чечендигиң –
Кара көз, кандай кылсам сөзүм жетет?
А, макул, менин сага айтаарым бул:
Даярмын кул болууга жаным секет.

Ме саган, кырмызы шай, кызыл чалма,
Көркүнөн көрбөгөн жан эстен танма.
Чеберлер, бир өрүмүн бир жыл соккон,
Жибердим жибек көйнөк кошуп жана.
Таарынба, менин жаным, менин дүнүйөм,
Алтыным бир өзүңсүң жалгыз гана».

Деп анан, Асматжанды жөнөткөндө,
Жыгылдым көмөлөнө төшөгүмө.
Кыял-ой, толкундуу көл шарпылдаган,
Толгоном уктай албай көпкө-көпкө...
Түшүмдө Нестан жарым, чоочуп кетем,
Адашкан кербенчидей суусуз чөлдө.

Келсин деп асыл заттар, чакыртышкан,
Жетсин деп, бир саатта – шарт кылышкан.
Ичинде ак сарайдын өңкөй улук,
Айтор шат... Бир нерсеге жымыңдашкан.
Хан, ханша урмат менен тосуп алып,
Отур деп орун берет тактысынан.

Дейт Парсадан: «Жылдар өтүп баратат,
Тамаша өмүр, чубап көчүп баратат.
Мага тагдыр эркек бала берген жок,
Кайгы тартып, жаным өксүп баратат.
Тариэлжан, тирегим бар артымда,
Кызым Нестан бойго жетип келатат.

Өлүп кетсем, өрнөгүмдү сактоого,
Парсадандын баласы деп атоого.
Баатырларга алтын казык жылдыздай –
Көсөм болуп, түн түшүрсө жоолорго.
Азамат эр куда түшсө, маакул деп
Нестанымды берер элем ошого!»

Парсаданга жооп айттым мындай деп:
«Кемчил кылды тагдыр бербей, Сизге эркек,
Ким болбосун алп кубаттуу бир шерге
Кудалашсам деп айтканың дурус кеп.
Ошондуктан өзүң тандап таап ал,
Маган аны, айтып-айтпай не керек?

Чөгө түштү, учкан тилек асмандан,
Тагдыр минтип жарга согуп таштамак.
Парсадан хан күтүп араң тургандай:
«Куда болмок күчү толук Хваразмша.
Хваразмша падышасынын баласы
Дүйнөдө жок ал дагы бир азамат».

Билдим баарын, бүтүм болгон мен жокто,
Бул кеңеши эптеп көңүл сооронтмо.
Болочоктун жолун көрдүм күзгүдөй,
Карды учуруп күүлдөгөн борошо.
Көкүрөктү тырмалаган жүрөктүн
Сезе жүргүн ырыс кескен дарты ошо.

«Ата акылын кулакка илбес Нестанбы?
Чанмак беле, Хорезм шахтай арстанды,
Мындан артык кызга ылайык күйөө жок»
Деп ханша айым сүрөп барып таштады.
Автандил дос, нени айта алсын Тариэл:
«Ырас, апа» деген сөздөн башканы.

Хорезм шаарын карай куюндап,
Киши аркылуу тез жазылып, кетти кат:
«Бойго жеткен Нестан аттуу кызым бар,
Жактырганы сенин уулуң Хорезм шах…
Кудалап уулду жибер күйөөлөтүп,
Кааласа, мына даяр бийлик да ага».

Түн кире кеткен элчи кайра келген,
Кат берет, аттан ыргып түшөр менен.
Ал катта Хорезм падышасы
Ханына Индостандын мындай деген:
«Парсадан кокус кагып коёбу деп,
Айтуудан оозум батпай араң жүргөм».

«Куп десе, тез жооп айтсын күйөө мырза,
Тага албас кылдай айып кызыбызга».
Кошумча бул кабарды айттырыптыр,
Мен анда эрмек кылып жүргөм тышта.
Өз огум өз денеме сайылган соң,
Автандил, жөнүм барбы болбоско ыза.

Жүрөккө бычак батып, боёп канга,
Өмүрдөн коштошконсуп мен турганда.
Тентек кул, шашып чуркап кирип келип:
«Асматтан кат алынды азыр гана
Жаш жигит чыкпайсыңбы тамашага».

Асматжан айткан жакка жөнөп калдым,
Ал болжолдуу гүл бакчага жетип бардым.
Эки ашык жолугуудан эмне кызык?
Бир убакта тепкичинен мунаранын –
Асматжан ыйлап түшүп келе жатат,
Бул эмне ый?.. Ойлоп-ойлоп таба албадым.

Мен келгенде, шамдай күйөөр жамалы,
Асматжандын бүркөө күндөй кабагы,
Тариэлим бери бас деп шыңкылдап,
Жаркылдоочу кыялы жок баягы.
Бу кайгылуу Асматты мен көргөндө,
Менин күнүм андан бетер караңгы.

Соңунан Асматтын мен бара бердим,
Кыз жаткан каухар үйгө чыгып келдим.
Тагдыр-ай Нестанымды кантип көрөм,
Бир күндө миң бир ирет тилегеним.
Суйкайып көшөгөнүн ар жагынан,
Көрүндү менин көктөн издегеним.

Селт этип чочугандай алды карап,
Жыгылды өксүп ыйлап ошол замат:
«Уятсыз сен ушуну кылмак белең»
Дегендей наалат айтып, ичтен каргап,
Таш тиет кайда барсам маңдайыма,
Ким үчүн жаралганмын атаганат.

Жаралуу оң колунан тоо арстаны,
Жетпеген бир кадамга басууга алы.
Айрылган энесинен жетим улак –
Түшө албай маарап турган аскадагы,
Абалым азыр менин мына ошондой
Нестан ай басып келип сөз баштады:

«Тариэл, жан курдашым антың кайда?
Ал антың мына ушул кара чалма.
Тариэл ушул беле жигиттигиң?
Ушинтип салмак белең убарага?
Сүйүүнүн жел кайыгы турбайсыңбы?
Мейли эми жете албадык убадага»...

Ошондо Нестанга айткан менин жообум:
«Кадалган жүрөгүмө жаанын огун,
Жаркыным өзүң сууруп, берген болсоң –
Тозокко түшсөм дагы, тиер сообум.
Бул эмнең? Кайра мени шылдың кылып,
Түбүнө таштаганың караңгы ордун?

Автандил дос, жообун уккун Нестандын:
«Жаштык кылдым, мен жаңылдым, алдандым,
Хорезм шахка бермек болгон кеңеште,
Өз сөзүңдү кантип даап айта алдың.
Ашыктыктын антын сактап башкага,
Иши эмеспи анык жүзү каранын?

Ай, Тариэл көздөн аккан жаш кана?
Ырайымың суук белем таштан да!
Өзүм деген өз жарыңды Тариэл.
Ушунчалык уста белең сатканга?
Махабаттын баары жалган турбайбы,
Мени ушинтип кылмак белең маскара!

Тууган жерим өз Индия, өз калкым,
Көргүм келбейт кайдагы бир падышанын
Тактымды ээлеп, баатырларды башкарып,
Бир жолбундун келип бийлик кылганын.
Жок чыга албас, хандык менин колумдан!
Мен андайдын башын кыя чабамын!

Көзүм барда өзүмдүкү Индостан,
Эл-журтумду өзүм сактайм душмандан.
Кош эмесе колуңду бер, Тариэл,
Эстей жүргүн эселектик кылбасаң!»
Автандил шер тура калып ордунан,
Деп жиберди: «О, шум дүйнө, о жалган!»

Нестан да өз сөзүнүн айтты ырасын,
Мен ага үч кадамдай жакын бастым.
Кол жайып кең асманга карап туруп:
«О, асман! Тыйсаң боло көздүн жашын,
О, тагдыр! Жер үстүнө сыя албадым,
Пенденди кайда алпарып батырасың»

Нестандын баш жагында ачык жаткан,
Шыбырап «Бисмиллалап» курааннды алам*.
«Акмын» – деп жүз кайталап айтсам дагы,
Ишенбес кургак сөзгө каргангандан
«Мына бул ак курaандын кусуру урсун*,
Калп айтпайм, ишен жаным, ишен маган!*

Таруудай арамзалык кеткен болсо,
Соолутсун жалбырактай күн ободо!
Күнөөсү көздүн жашы убал Нестан,
Не уктуң, эмне билдиң сал ортого!»
Дегенде чиркин сулуу сезе коюп,
Азыраак жумшай түштү деги ошондо.

*(1940-жылдагы басылма боюнча)



Жибектей сөз аягын созо бердим:
«Сүйүүнүн антын неге буздуң дедиң,
Жок, Нестан, алар биздин колдон келбейт,
Ачык айт, эгер болсо билгендериң?
Чын оюң менден болсо ажырашуу,
Ороном топурагын кара жердин.

Атаңыз чакыртыптыр мени кечээ,
Жашырын сен тууралуу кеңешмекке:
«Нестанды Хорезм шахка бермек болдук»
Дей салып хан тырышты сездирбеске.
О, Нестан, ошол жерде жок деп айтсам,
Ал менин макоолугум болбос беле?

Ошондо мындай деген ойго келдим:
Намыскөй Индостандын айбаттуу элин,
Парсадан ал гана эмес өз тактысын,
Тентиген бир уулуна Хорезм шахтын
Өткөрүп беремин дейт. Биле албадым, –
Максатын атаңыздын эмне экенин...

Хан эмес Хорезм шахтын да эрсиз, дөөсүз,
Эр канын эрегиште төгүшөрбүз.
Махабат беттештирген бир учурда,
Ажалды алсызыбыз бөлүшөрбүз.
Келсе экен ошол учур деги эртерэк,
Ошондо шашылбастан көрүшөрбүз!»

«Аргам жок муну ичимден айттым Нестан,
Кабыландай как жүрөктөн жараланган,
Ордумдан араң туруп сендиректеп
Бир сен деп шордуу жаным күйүп жанган.
Ошенткен байкуш башым дагы ийилди,
Сүйгөнүм көрдөн башка кайда барам».

Селт эткен таң алдында кызыл гүлдөй,
Бүркөлүп кайра ачылган жарык күндөй.
Гүл үчүн көптөн бери жамгыр жаабай,
Күн үчүн булутту айдар шамал жүрбөй,
Тургандай... Нестанга да бул сеп эле,
Жылмайды сулуу бети, таш күзгүдөй.

«Болду жаным, болдучу эми эс алдым,
Тариэлим, жанган жарык чырагым.
Бир перизат, биздин конуш бейиште
Раазылыгын ал, эне менен атанын.
Индостандын тагы үстүндө жаркырап,
Мен нурлуу айы, сен күнү бол асмандын.

Сүйүү эмне? Сүйүү деген акыйкат,
Акыйкаттан айрыла албайт махабат.
Ушул мезгил чын сүйүүгө сын коюп,
Биздин ыйга төгүп турду ырахат*.
Мага Нестан акыл айтат биз анда:
Олтурганбыз мен күн, ал ай кучактап.

«Токтоо болор эр жүрөгү берендин,
Жолу оң болот акылдуумун дегендин.
Байкап турат азамат күн мурунтан
Өз башына нелер келип кетерин.
Хан тоюна каршы чыксаң Тариэл,
Анда сенин бир чоң жаздым этериң.

Эгер күтсөк, күйөө келер болжолун,
Иш бүткөнү сен айрылдың, жок болдум.
Боз ингендей ботосунан айрылган,
Сен деп зарлап соолуганча боздормун.
Эки аралдын кычыгында турабыз,
Амалын тап, таба албасаң кош болгун!»

Мен ошондо мындай дедим Нестанга:
«Ким көз артпайт бышкан алма шагына,
Кайгырба чын, уу төгө албас бактыңа
«Тариэл шер» деген атым барында.
Келген эрлер келген жолун таба албай,
Белден батар өздөрүнүн канына».

Нестан анда: «Кой, Тариэл, антпегин,
Ар нерсени аялдарча чечемин.
Сен эң мурда күйөөнү өлтүр эр болсоң,
Жалгыз гана ошол башын кесериң...
Башкалардын күнөөсү жок бекерге,
Канын төгүп не кыласың секетим?

О, Кабыланым, бул дүйнөнүн бетинде,
Жаным деген жалгыз гана сенсиң ээ.
Байка, бирок адамзатты кор кылба,
Туш келгенин кыра берип бекерге.
Жашоо – өмүр бул бир ширин нерсе го,
Убал деген жаман болот дечү эле.

Хорезм шахты согуп өлтүр эпкинге,
Өлтүргөн соң Парсаданга мындай де:
«Мунун баарын ханым бекер кыласың,
Алтын тагың мына менин энчимде.
Каршы чыксаң Индостанды жок кылам,
Бийлеткенче четтен келген немеге».

Сүйүүбүздү шек албасын ата-энем,
Ошондо анан көнбөскө алы канча экен.
Жаның  болсо айтпайсыңбы жалынып:
«Нестан гүлдүн булбул кушу мен элем,
Хандыкты алып мен өзүңдү, сен мени,
Таттуу, таттуу сүйүшөрбүз беттерден».

Нестан жандын акылына толкундап,
«Кайтамын дейм» айтканыңды орундап,
Токто деди, чыгып кете берерде,
Нестан келди оң жагыма жай аттап:
Көз карашы алда кандай башка эле,
Ай ошондо неге өппөдүм кучактап.

Кош айтыштык, оор эле айрылуу,
Асмат менен келе жатам кайгылуу.
Кубанычты үмүт кылган жүрөктүн
Акырында урунганы мына бу –
Санаам канча асмандагы булуттай,
Мен бир пенде, сүйгөнүм деп жуткан уу.

«Күйөө келди…» деген кабар алганбыз,
Өз өлүмүн кайдан билсин ал арсыз?!
Парсаданга о, кубаныч канчалык
Аган бүгүн жөн эмеспи мактаныш.
Алды-артыма бөйпөлөктөп: «Тариэл, –
Тойду бүгүн, балам, өзүң аткарыш».

Дейт Парсадан: «Бүгүн шапар тепчү күн,
Бейпил күнгө бейиш жели эзчү күн,
Эки жаштын жолун ачып той берип,
Жаңы өмүрдүн дайрасынан кеччү күн.
Нестанымдын бала чагын учуруп,
Кош бол эми, кош бол эми дечү күн.

Хорезм шах келип турган убагы,
Кылк-кылк эткен Парсадандын кулдары.
Тосуп чыгуу: керней,  сурнай бапылдап,
Кол тумандай өйдө-төмөн чубады.
Ушундайга жарашпайбы көйрөңдүк,
Күйөө деген даңк эмеспи бул дагы.

Хан Парсадан ат үстүндө теңселет,
Мага ошондо буйрук берет мындай деп:
«Кең майданга ак чатырлар тигилсин,
Мунун баарын даяр кылгын ирээттеп.
Бир күн мында эс алышып жатышсын,
Хорезм шах сарайын кур, бол тездет!»

Эртең менен күн ачылса жамгыр жаап,
Кандай сонун көрккө чыгат кызгалдак.
Дал ошондой жаш күйөөнүн жайдары,
Ал эмеспи учкан туйгун асмандап.
Биздин колдор жолдон чыга беришет,
Алар өтөт каркырадай катарлап.

Хан буйругун тыным албай аткаргам,
Ой, бали, – деп өзү ыраазы Парсадан.
Жаным жыргап уктап кеткен экенмин,
Кулум кирет кат келди деп Асматтан.
Окуп көрсөм: «Нестан күнүң айттырды, –
Бол тезирээк келе көргүн», – деп жазган.

Жетип бардым башкача эле үмүтүм,
Асмат чыкты бир нерсе уккан бул бүгүн.
Тариэл ай, – деди да ыйлап жиберди,
Мындай эле мааниси айткан сөзүнүн:
«Нестан байкуш абалы оор,
Эмне кылам, эмне кылам, катыгүн?»

Кирер замат: «Күнүм, мени кел депсиң».
Десем Нестан: «Бар эле айтар кеңешим,
Эр жигиттик жок турбайбы намысың,
Коён жүрөк көптүн бири экенсиң,
Бул эмеспи өз теңинен корккондук,
«Сөздө баатыр, жоодо жок» шер белемсиң?»

Автандил, курбум анан, ошол жерден,
Нестан жан жүрөгүмдү ийне менен,*
Ушинтип жаралантып таштаган соң:
«Коркоктук, чын баатырлык кимдики экен,*
Токтоорун кайда барып шылдыңыңдын –
Сынап ал» деген бойдон чыгып кеткем.

Айсыз түн, асман капа, кара күңүрт,
Кандайдыр көкүрөгүндө оор үшкүрүк.
Көзгө сайса көрүнгүс түндү кечип,
Кабыландар бөрү жолдуу катар жүрүп,
Көшүлгөн алтын түркүк ак чатырда,
Кошуна Хорезм шахтын келип түштүк.

Хорезм уулу «дардаң күйөө» жаман арам,
Мен аны шыйрагынан эңип алам.
Соккулап устундарга кокуйлатып,
Өлгөн соң сулк денесин жерге чабам.
«Тур-турлап» кароолчулар көз ачканча,
Куюндап түштүк жерге кетип калгам.

Токтобой учкан желдей, кетти жардык,
Хан калкы дуу көтөрдү уу-чуу салып.
«Эр кунун – эр куну үчүн алабыз» – деп,
Жигиттер жөнөп жатты жарактанып.
Мен жатам кошум менен арфаны ойноп,
Сепилдин ар жагына өтүп алып.

«Ким эгер каракчыны жетип сайса,
Же анын аты-жөнүн билип кайтса,
Ошол эр колунан сүйүнчү алсын!»
Жазылган жардык чыкты ушундайча.
Тариэл экенимди көрүп алып,
Жөнөшөт куугунчулар кайра кача.



Эригип учуп чыккан жагалмайдай,
Турган кез алыс болжоп жолду камдай...
Тигиндей келип түштү үч чабарман,
Кат берет жазуусу бар мына мындай:
«Болду го балам, сенин бул кылганың,
Жүрөккө кош миз канжар сайылгандай.

Мурунтан Нестанымды сүйгөнүңдө,
Бизге айтсаң болмок эле кандай күнөө.
Айтчы шер эми эмне олжо таптың,
Бирөөнүн жалгыз уулун өлтүргөндө?
Сакалдын маскаралык жашын төктүм,
Көрөр күн, ичер суум түгөнөрдө»...

Жаш курдаш, жазган жообум Парсаданга,
Уурулук айыбы учурар байкаганга:
«Аның чын кылмыш кылдым, эр өлтүрдүм,
Кордуктан жанга баткан, таппай айла.
Жок, жалган! Кызыңызга көз артпадым,
Нестанды сүйүпсүң деп айтпачы ата!

Санжыргал рахаты адамзаттын,
Эмеспи мына ушул Индостаның.
Өз элиңдин намысын Хорезмдин,
Кулуна уялбастан неге саттың?
Ата, сен өзүң ойлоп билбейсиңби,
Меники экендигин индус калкың!

Жараткан кор кылба деп душмандарга,
Кул кылып жараткан соң өз калкыма.
Эл үчүн эне сүтүн актоо үчүн,
Батмакмын кыргын салып тамашага.
Чоочун эр, тулпар изи түшмөк эмес,
Астымда ат, жанда кылыч бар чагында!

Күн сулуу кызың Нестан-Дарежанды,
Ааламдын жарык күнүн асмандагы –
Ишим жок күйөөгө узат өзүң каалап,
Тирүүлөй койдой мууздайм мен аларды.
Чыккыла, Индия үчүн согуш ачам,
Сураксыз кыл дарганда ассаң дагы!»

## XVIII

## НЕСТАН-ДАРЕЖАНДЫН ЖОГОЛГОНУН ТАРИЭЛ УККАНДЫГЫ ТУУРАЛУУ БАЯН

Абалы Нестанымдын не болду экен,
Куш болуп кайкып учуп барып жетсем.
Канат жок. «Палан жерде күтүп тур», – деп,
Жол туюк кандай кылып кабар этсем?
Акыры: «Мен барам», – деп жан жолдошум,
Жөнөгөн дайны чыкпайт кечээ кеткен.

Аңгыча калаа жактан, тээ алыстан,
Көрүнөт эки караан илкий баскан.
Минген ат, же асынган куржуну жок,
Бул кандай жолоочулар өңдөрү азган?
Жакындап келген кезде байкап көрсөм,
Дал ушул, анын бири шордуу Асматжан.

Асматтын маңдайынан сылап туруп,
Сурадым: «Болуп кетти кандай шумдук?»
Ал кантсин, көптөн кийин мындай деди,
Бирде ыйлап, бирде үшкүрүп улутунуп:
«Тагдырым экөөбүзгө түн түшүрдү,
Ушинтип кара көздү кашайтканды ук!»

«Асматжан эмне балаа болуп кетти?» –
Деп андан баарын сурап билгим келди.
Кайрадан чалкасынан кулап түштү,
Түн да ооп, жарык басты теребелди.
Сайраган куштар үнү чоочуткандай,
Ох, эми, эсимди араң жыйдым деди.

«Тыңшагын окуяны баштан аяк,
Сөзүмдүн ар түйүнүн жакшы абайлап.
Тариэл, мага өмүрдүн кереги жок,
Ушу экен тайыганы маңдайдан бак.
Сообума калам десең ушу жерге,
Көөмп кет, мага жайлуу боз топурак.

Парсадан «Күйөө өлдүнү» угуп калып,
Мындай дейт баатырларын тилдеп каарып:
«Колун-кол, бутун-бут кыл жеткен жерден
Ой-тоого сүйрөткүлө, байлап алып».
Көпчүлүк селдей каптап ызырынып,
Артыңдан колдор кетти тумандáнып.

Самсышып куугунчулар кайтып жатты:
«Тариэл дайыны жок таптырбады!»
Деген сөз, Парсаданды ого бетер,
Айкырган арстандай ачуулантты:
«Тариэл Нестанымды сүйгөнү чын,
Өлтүргөн себеби ошол баласын Хорезм шахтын*.

Жашырын ар түнү өтүп тамашалар,
Баш кошуп бир тилектеш өң адамдар,
Кызымды азгырышып алып чыгып,
Шыбырап Тариэлге бузган да алар.
Шыпылдап эки ортодо жеңе болгон
Башыңды жутпасамбы сени Давар».

Аттанып Парсадан хан ошол бойдон,
Даварды барып союп кайтмак болгон.
Кайтпачу кан төгүүдөн хандын каарын,
Иликтеп жесир Давар билип койгон.

Тариэл, күнүң Нестан-Дарежанды,
Айтпайын мастан Давар каргаганды.
Бечара болгон иштин баарын угуп:
«Ай, Асмат, келе суу», – деп эстен танды.
Давардан Нестан уят сөгүүнү укту:
«Шерменде», «жүзү кара», «маскараны».

«Жазыгым» сени жакшы кайтарбагам,
Ишенгем кара бетке, көз салбагам.
Бул өлүм мен бейбакка чала болот,
Куткарбай, Нестан сенден өчүмдү алам.
Күйөөнү сен өлтүрдүң. Зар ыйлатып,
Койнунан Тариэлдин ажыратам».



Нестанды Давар жерге жыгып алды,
Тырмактап айнек бетин тыткылады.
Чырмалып кол-бутуна чынжыр болду,
Күнүңдүн тестеп өргөн колоң чачы.
Ай күлгөн жылдызы ачык маңдайынан,
Жошулуп ага берди кызыл каны.

Кыйкырды Давар өйдө тура калып,
Эки адам чоочун элдик башка калык.
Шап этип кирип келди бир бирине,
Көз ымдап желмогуздай ыраңданып.
Көтөрүп кыт-кыт күлүп жөнөп кетти,
Нестандын бетин чүмкөп ороп алып.

Кылчактап, артын карап элең-булаң,
Көл жээктеп жанагы экөө улам-улам:
«Мени эми кескилешип өлтүрүшөөр»
«Өзүң өл, кор болгончо башка адамдан».
Жүрөгүн түздөп туруп тажаал Давар,
Канжарды батыра урган толтосунан.

Ажалдан аман калдым бакыт сактап,
«Ай, сени – деген чуулар, – кармап алсак,
Тариэл! Нестанымдан чын айрылдым,
Жүрө алам айтчы, агатай кантип жашап?»
Автандил, чыдап угуу кыйын эле,
Ушинтип көргөндөрүн бүтүрдү Асмат.

«Кайрат кыл, неге ыйлайсың Асмат боорум,
Жамандык-жакшылыкка жолдош болгун.
Өтөбүз кылдай ничке ашуусунан,
Адамзат барса келбес татаал жолдун.
Кечикпей издейли дейм, – жүр эмесе, –
Артынан сурамжылап жоголгондун».

«Душман көп миң сан колго жалгыз барсам,
Не пайда кур талаада өлүп калсам?» –
Деп ойлоп мен дегенде жан аябас,
Айбаттуу, айбалталуу баатырлардан,
Непаада күч кеткенде бел болор деп,
Кайраттуу жигиттерден тандап алгам.

Шапа-шуп аттанышты жүз алтымыш дөө,
Тоодой күч ар биринин жүрөгүндө.
Чаң ызгып, кой башындай таштар ыргып,
Добулбас, долуланды күрсө-күрсө...
Сепилди алыс таштап, көлгө өткөндө:
«Тигине кеме турат» – деди бирөө.

Нечен күн, нечен түнү толкун менен,
Бороондун алы жетпес эпкин менен.
Из суутпай сурамжылап Нестанды издеп,
Деңизден деңизге өттүк, кеме менен.
Ырымга караан да жок эчтемеден,
Экен го, бул учкан куш жеткизбеген.

Айлар сызды, жылдар өттү катарлап,
Кол кырылып, алган азык болду сап.
Өзүн эмес атын уккан адам жок,
Сен бир кыян экенсиң го махабат.
Сүйүү эмне дейт, – тагдыр ырайым берчи дейт.
Андан башка анан эмне кыла алмак?

Тоого урунуп, ындыны өчкөн шамалдай,
Ылаачындай, чарчап канат кага албай.
Жээкке чыктык. Төрт тарабым оп тартып,
Жалгыз мага оозун ачат араандай.
Алсаң ме ал, бирок сага бир суроо:
«Жазыгым не айланайын я, кудай?»

Эки кул жана Асмат калышты аман,
Уу жутуп мени менен кошо жанган.
Эч дайын, чыкпаган соң, Нестан жандан*,
Көр рахат, өлүм таттуу болду маган.
О, досум, ашыктыктын дартын тартып –
Көздөн жаш адет болуп агып калган.

## XIX

## ТАРИЭЛ НУРАДИН-ФРИДОНГО ДЕҢИЗ ЖЭЭГИНДЕ ЖОЛУККАНЫ ТУУРАЛУУ БАЯН

Түн мезгил толкун калды өркөчтөнүп,
Шарпылдап, сапырылып, көбүктөнүп.
Тилсиз жоо – күчсүз болсоң ого бетер,
Ал дагы күрпүлдөмөк көкөлөнүп.
Ойгонуп таң атаарда жашыл бактуу,
Бир эле сулуу сонун шаар көрдүк.

Түбүнө чоң чынардын пааналадык,
Эл көрүү, шаар көрүү унут калып.
Себеби издеп жүргөн Нестанымдан,
Иликтеп эч бир кабар ала албадык.
Суу эмес, бал дагы эмес, кан дагы эмес,
Бизде бар махабатка чаңкагандык.

Ал аңгыча кыйкырык чуу, тарсылдак,
Барган сайын ат дүбүртү жакындап.
Тулпар минген шаша чыкты бир баатыр –
Жараланган кан жошулат оргуштап.
Алда эмнеден сынган кылыч колунда,
Катуу-катуу деп сөгүнөт: «Сени кап».

Чиркин ай, аты ат экен сокон желдей,
Мен тарткан бала кезде сур жебедей.
Деңизди эки жарып зуулдаган,
Канаттуу куштар жетпес кемелердей.
Артынан бир жигитти баргын дедим,
Айткын деп: «Шер экенсиң сен да мендей!»

Жете албай аным кайтты: «Бул бир жылас,
Шер экен албарс кылыч тийсе сынбас».
Мен минген кара тулпар канаттуу ат,
Такымдап: «Ким болбосун о, жан курдаш.
Сен окшоп мен дагы бир жаралуу арстан»
Дегенде желе жүрдү анан бир аз.



Күңгүрөп жооп берди ал аңгыча,
Жер чапчып марап турган арстанча:
«Жолоочу, сага айтаарым бир гана сөз,
Айлаң жок болот тура, жазмыш кылса!
Туюкчан жаралантып качып кетти,
Бир топ жан, мен жаш баатыр камынганча».

Ошондо мындай дедим жанагы эрге:
«Баатырдын баатырлыгы тобокелде;
Бирде алат, бирде алдырат акыр женсе,
Куш салуудан бул кызык, эркектерге».
Ат үстүнөн өбөктөп бир жалт карап,
Деп жиберди ошондо: «Баракелде!»

Өзүм жууп, каткан канын тунук сууга,
Таңдырып шер жарасын эки кулга.
Эс алган соң сурадым: «Ким болосуң?
Туш болдуң эмнени издеп, эмне куба?»
О, чиркин, сөздүн терең көлүн төктү...
Ичинен терең-терең күрсүндү да:

Күнгө да өзүңдү өзүң теңебеген,
Чынардай боюн согуп күнгө керген,
Кезиңде бейиште өскөн гүл болсоң да,
Тагдырымдын таманында тебеленген.
Айрылган ашыгыңдан шордуу окшойсуң,
Билип турам азыңкы кебетеңден.

Тууган жер – өскөн жерим Мулгазанзар[1],
Үйлөрү жакут менен сырдалган шаар.
Мен болом ушул жердин падышасы,
Нурадин-Фридонмун алтын чынар.
Атымды кошмоюнча ыраазы эмес,
Арфа ойноп, айлуу түндө ырдагандар.

Чоң атам балдарына энчи бөлгөн,
Бактуу арал, мага тийген тээ көгөргөн.
Улуу агам жайы, кышы аны ээлеп,
Калганын кыйып, бутап өрттөгөндөн,
Жок кылып бараткан соң, айтчы баатыр,
Кордукка башымды ийип кантип көнөм?

---

[1] Ойдон чыгарылган жомоктогу шаар. Балким, гүлстан маанисиндеги перстин *мулгазар* сөзүнөн.



Сейилдеп арал бойлоп келе жаттым,
Калтырып аркы өйүзгө колдун баарын.
Жанымда беш жан жолдош, беш арстан,
Алар да таштап келген жарактарын.
Себеби өз энчим деп ишенген соң,
Эч кандай кокустукту ойго албадым.

Бешөөнү силер мындай тургула деп,
Тулпарым ок жалындай сууну жиреп.
Шар менен алыс-алыс кетип калдым,
Менде анда тиги өйүзгө жетүү тилек.
Мейкин жер… жаштык чиркин азоо кулан…
Тузакка жаштык кылып бат илинет.

Аңгыча алды-артымды абайласам,
Сансыз жоо тегеректеп курчап алган.
Кемелер туш-тушумда кайкып өтүп,
Найзалар миң-миң колдо даярдалган.
«Жүргүлө, бул жакка!» – деп кол булгалап,
Чабуулга даяр турат кадимки агам.

Көп жолборс соо коёбу бир кабыланды?
Кылса да не бир түрлүү амалдарды.
Ителги кылды үстүнө чыгып алып,
Бир бирден тепкен менен каргаларды.
Кантсе да көптүн күчү көп эмеспи,
Текөөрү курч болоттон болсо дагы.

Ошондой тап беришип жан-жагымдан,
Жоо күчөп күйгөн оттой жакындаган.
Мен дагы ажал тилин ууга ширеп,
Кызартып кандан сууруп, канга малгам.
Толкундай ооруктагы колдор кирди,
Аттиң ай, кылыч төрткө быркыраган!..

Жаа огун күн жаагандай дыбыраттым,
Ээликкен аттын башын элпек тарттым.
Жүрөккө шак-шак тийген октор менен,
Артына чегиндирип бара жаттым.
Кырылды аскеримдин бири калбай,
Аралды артка таштап чыга качтым.

Өзүмдөй бир шер менен достошпосом,
Так эртең тар кыядан жол тоспосом!
Беттешип ошол жерде агам менен,
Колумдун кунун алып коштошпосом!
Эрсинген эркектерин койдой мууздап,
Катынын көр үстүндө боздотпосом!»

Кучактап: «Сабырдуу бол! – дейм Нурадин:
«Мен агаң, сен өзүмдүн бир боор иним,
Кайда алар? Күлүн көккө сапыралы,
Жоо кыруу, кандай кызык оюн чиркин,
Эки шер кошулган соң жер үстүндө,
Кубаты жетер экен кана кимдин?

Сен менден: «Өзүң кимсиң» – деп сурарсың,
Бардыгын баштан аяк жай угарсың.
Азган өң, сен айткандай өчкөн гүлдөй,
Себебин чолпон көздүн кандуу жашын»…
Нурадин: «Жаным сенин айдыңыңда,
Көгөрсүн, жансаң түтөп кошо жансын».

Четинен кирген кезде сулуу шаардын,
Күтүнгөн аскерлери падышасын,
Нурадин-Фридонго таазим кылып,
Айтышты бирдеме деп алкыштарын.
Бири ыйлап, бири өөп өтүп жатты,
Согушта сынган кылыч кандуу сабын.

Чуу угам мындай деген туш-туш жактан:
«Сен күнсүң бизге жарык шоола чачкан».
Ой бул шаар… кышы да жай, жайы да жай,
Алтын көл ар жагында жылжып аккан.
Өз көркүн, жаш баладай бешиктеги,
Ай менен күн койнуна кучактаткан.

XX

## ТАРИЭЛДИН НУРАДИН-ФРИДОНГО КӨРСӨТКӨН ЖАРДАМЫ

Этинен жаа огунун сыныктарын,
Суурутуп айыктырып жараларын,
Найза өтпөс шап, ок өтпөс соот кийип,
Миздетип кыл кыйма курч жарактарын.
Кайрадан кол күч курап баатыр падыша,
Айтайын Нурадиндин жоо кырганын.

Тиги жаат биздин жолду чыкты тороп,
Бүгүн да баягыдай кылмак болот.
Кемени, дөөлөр жык-жык келе жаткан
Башынан барып кармайм эки колдоп.
Оодарып астын-үстүн чыгарганда
Толкундар аласалып томолонот.

Кемени артындагы илип алып,
Ыргытам өйдө карай кычыратып.
Огундай чагылгандын күрс дей түшөт,
Асманга аркан бою чыгып барып.
Деңизден сүзүп чыгып баратканын,
Баштарын кылыч менен кырчылдатып.

Атчандар тиги өйүздөн качырышты,
Найзасын бизге карай тап кылышты.
Чыкканча бул учунан тиги учуна,
Душмандар миңден-миңден кырылышты.
Фридон көк теректей зыңгыраган,
Кармашта арстандыгын чын билгизди.

Шатырап кирип келдик калаасына,
Кол салдык кымбат дүнүйө казынасына.
Кармалган туткундарын кыйноого алдык,
Бастырып үйдөй-үйдөй таш астына.
Мүлк менен кайра айылга жүрүп кеттик,
Артынып сан жетпес төө, качырларга.

Агасын «агам экен» бул дебестен,
Көрсөтүп эл көзүнө башын кескен.
Багынтып кастарынын баарын койбой,
Каарман калкы алдында канды кечкен.
Өз ара мындай деген күбүр-шыбыр:
«О, кыйын, Фридонго эрегишсең».

Шаардын маскарапоз оюнчусу
Жана да ырчы, бийчи, куудулу,
Баш ийип бизге келип кулдук урат:
«Душмандын келген экен кутургусу,
Кабыландар, бул кылыма сиңмек эмес,
Төгүлгөн ошол ысык кандын буусу!»

Мага алар: «Күнүбүзсүң дешет биздин,
Кана эми сенин жарык шооլаң тийсин».
Өзүмдүн кайгым менен кайык минип,
Алардын көзүмө илбейм эч кимисин.
Күнүмдүк ырахатка мас болгондор,
Дартымды, көз жашымды кайдан билсин?

## XXI

## НУРАДИН-ФРИДОН ТАРИЭЛГЕ ӨЗҮНҮН КӨРГӨНДӨРҮН АЙТТЫ

Сыяпат эрлер ойну көңүл ачар,
Чаңкай түш, жаадай жарап эки тулпар.
Фридон камчы учуна тартып келип,
Көрсөтүп бийик зоока аскар-аскар:
«Ошонун бер жагынан көл жээгинен,
Кызык иш, жанга ажайып көргөнүм бар».

Дөбөдө атка өбөктөп биз турабыз:
«Кара дейт дагы ар жакты алыс-алыс.
Капырай көз жумгуча адаштырды,
Ошол күн чыккан элем өзүм жалгыз».
«Фридон, – деймн мен анда, – чыдай албай,
Аягын сөзүңүздүн ары улаңыз».

«Тулпарым жерде, соккон шамалдардай,
Көктө куш, көлдө сүзөт каздан калбай.
Ошондо тээ деңиздин капталынан
Тариэл, караан көрөм алда кандай...
О, көпкө тура бердим көз айырбай,
Ал караан эмне экенин тааный албай.

Балыкпы же аккан сал болду бекен?
Мынчалык катуу сүзөт эмнеликтен?
А, койчу, эмне болсо ошол болсун,
Кетүүгө кээде көңүл иренжитем.
Билейин не болсо да, чү, тулпар, – деп,
Эркинче аттын башын коё берем.

Карасам, ал келаткан сүзгөн кеме,
Чатыры жүргөн желге желпилдене.
Алдында капка оролуп таштап койгон,
Бардыгы көз салышат бирдемеге...
Жаш кызды бир убакта сууруп чыгат,
Тариэл, ал бир толгон айдай эле.

Кургакка алып чыкты эки кажет,
Чолпондой анын көзү бал-бал этет.
Кымча бел, билектен жоон колоң чачы,
Бир жагы ай, бир жагы күн алмадай бет.
Жанымда сен ошондо болгон болсоң –
Тариэл, кантээр элең кудай билет?!

Токтобой кызга жетип барайын деим,
Кулдардын башын кесип салайын деим,
Чүрөктөй келбетине көзүм түштү,
Ким экен колума алып карайын деим...
Сулуунун баркын билбес жамандардан,
Кор кылбай Айды тартып алайын деим.

Тулпар да арыш керди сабап жанын,
Тепсетип жагалмайлар канаттарын.
Шашылып каракчылар кеме бурган,
Жанагы көргөн жерге жетип бардым.
Кыз да жок, кеме да жок, эчтеме жок...
Оозуман алдыргандай туруп калдым».

Шумдуктуу окуясын Фридондун,
Мелтиреп демимди албай угуп болдум.
Колумдан тизгин бошоп эстен танып,
Тийгендей жүрөккө ок аттан оодум.
Бир гана: «Жер үстүндө бар экен ээ,
Нурадин, ошол менин жоготконум!»

Дедим да кайра жаттым көмкөрөмдөн,
Буркурап кошо ыйлаган шерди көрөм.
Неге агат? Неге тамат сымаптай жаш?
Кылмышсыз мунун кара көздөрүнөн?
Неге бул, чын бир боордук, кайгы эрийт?
Жылмайган жылдызы ачык өңдөрүнөн?

«Мезгилде биринчи ирет жолугушкан,
Билерсиң бардыгын – деп, сабыр кылсаң.
Фридон айткан шартым оюндабы,
Болбостур... пайда чыкпас жашырыштан –
Себеби минтип каңгып калышымдын,
Дал ошол өзүң көргөн туткун кыздан».

Чубуртуп баштан-аяк көргөнүмдү,
Ыйласам ал да ыйлап, күлсөм күлдү.
Күн батты, эки баатыр отурабыз
Оронуп сүттөй жарык айлуу түндү.
Шылдыңбы? Аянычпы? Жылдыздар –
Айтышмак жомок кылып бүгүнкүнү.


Нурадин: «Ушунчалык тарткан мээнет,
Өзүң алп, жаның болот экен ээ, – деп,
Жараткан! Сууга түшүрүп, отко күйсөң,
Акыры тилегиңди алып берет.
Кабылан, о, бейиштин жаш чынары,
Кордуктун ырахатын күтүү керек!»

Ал күнү сейил куруу унутулган,
Калаага мезгил болду кайта турган,
Ошондо Нурадинге: «Боорум, – дедим,
Мен сени артык көрөм бир тууган дан.
Сен үчүн бул гана эмес керек жерде,
Азиз баш, алтын жаным болсун курман.

Акыл айт, тилиңе иним, кошуп балдан,
Бардыгын кулак салып уксун агаң.
Нестанга не болсо да жетүү керек,
Издесем, кандай кылып, кайдан табам?
Не арга, мейли деги, эмне кылсам
Куткарам, жубайымды душмандардан?»

Мындайча жооп айтат жаш Фридон:
«Пайда өнбөс, табылар деп сооронгондон.
Үмүт үз Индостандын Тариэли,
Мен ойлойм табылбас Ай, ал жоголгон.
Өл десең, өлүмдөн да качпайм күнүм,
Бол десең, кол алдыңда кулуң болом.

Тээтиги бүл-бүл этип көрүнгөн шаар,
Дем алып келген-кеткен жолоочулар –
Жөнөшпөйт бир түн анда конмоюнча,
Акылым сага айтар, ошондо бар.
Бириккен тогуз жолдун тоому дешет,
Бир болсо шолор билер кыздан кабар.



Жүз-жүздөн топ-топ кылып суучулдарды
Издетип деңиз жээгин кыдырталы.
А, балким, батып кайык калган чыгар
Карашсын булуң, арал, кычыктарды...
Өкүнбө, кайгы тойго алмашылат
Табарбыз айдай, күндөй сонун жарды».

Нурадин буйрук берди суучулдарга:
«Бөлүнүп туш-тарапка тарагыла,
Күн сулуу Нестан деген ай жоголду,
Ошону деңиздерден карагыла.
Падышадан не кааласаң сүйүнчүң ал,
Акжолтой, уктум деген кабарыңа.

Кичүүсү иймеңүүчү улуусунан,
Эрлердин ата салты боло турган.
Нурадин Индостандын жаркын нуру
Мына деп түшүп берген тактысынан.
Эркине бир боорумдун көнө бердим,
Аларда уят болот намыс кылсаң.

Кайгылуу жомок учун кыскарталы,
Кемелер кайра самсып кайтып жатты:
«Деңизден андай неме көрө албадык»
Дагы уктум – деген жаман кабарларды.
Жүрөгүм катуу согот эстегенде,
Кымбаттуу жаным Нестан-Дарежанды.

Нурадин-Фридонго мындай дедим:
«Нур дайнын адамзаттан эшитпедим,
Көрүнбөй бир жакка учуп жоголоюн.
Жетишер ушунчалык тентигеним.
Көмүп кет, өлүгүмдү угуп калсаң,
Тар болду, үстү мага кара жердин.

Жөнөйүн колуңду бер, кош бол, кабылан,
Айрылсын эки жүрөк кучакташкан.
Акыры бир кабарын билдирермин.
Нестанды издеп жүрүп таап калсам».
Фридон: «Душманым көп деди жашып,
Сен кетсең көргөн күнүм болор каран!»

Сан жеткис аскерлердин баары келген,
Кучактап ысык сүйүп энелерден:
«Ылайым жолуң болсун, азамат», – деп,
Кол жайып мына ушинтип бата берген.
Дүр этип аттанаарда чуулдашып:
«О, тагдыр, ушунчалык катуу белең!»

«Айрылуу сиздерден, эл, мага да оор,
Ашыктык, не кыла алам, кылган соң кор!
Сүйгөнүм өмүрүмдүн бейиш гүлү,
Туткунда… нечен дайра, кыйын жолдор.
Жетейин, кош болгула, ашып өтүп,
Алдымдан туш келсе да аска-зоолор».

Тулпарды кундуз жүндүү суулуктаган,
Фридон: «Тартуу кылам муну саган,
Дейт да анан күндүк эмес, айлык жерге,
Тариэл, бир быш этпей чуркачу арам.
Канаттуу кайып болгон түпкү атасы,
Адамдан акылдуураак болсо да айбан».

Тулпарды тартууга алган минип алып,
Мага да жарыктыктын сыны жагып.
Шаардын чет жагынан ажыраштык,
Бир боордук сел-сел болгон жаштар агып.
Фридон колу менен карап турду,
Бүлбүлдөп барган сайын ыраак калып.

Кыдырдым төгөрөктүн айланасын,
Нечен көл, какыр талаа, көл-дайрасын.
Мал изи, адам жыты, учкан куш жок,
Аңтардым токой жана тоо арасын.
Дайын жок. Тагдыр менен эрегишип,
Кор болгон кайран гана азиз башым.

Күнөөмдү арбытпайын тагдырга дейм,
Коёюн жаным аман чагымда дейм,
Асматжан, эки кулга: «Жан курбулар,
Бөлүнүп силер менден калгыла» – дейм.
Мен өзүм мындан аркы кыйындыкты,
Тартайын, кайта арт жакка калгыла – дейм.

Аманын жаныңардын тилегиле,
Тозокко мен азгырган кирбегиле!
Бирок да ашыктыктын эмне экенин,
Жомоктоп тараткыла минден-миңге!»
Эки кул, Асмат үчөө: «Сөзүңдү ал» – деп,
Чуулдашты жогоркудай дегенимде.

Бири айтса, дагы бири кезектешип:
«Жашайбыз кайда барып Сизден кетип?
Тулпардын туягын өөп күн көрөбүз,
Өлөрбүз акыр бир күн ажал жетип».
Дешкен соң, кайра аттанып жолду узарттык,
Таба албай булар айткан кептен кемтик.

Көрбөскө адамзатты тобо кылып,
Эли жок ээн талаада желдей сыздык.
Жол таппай нөшөрлөгөн жаандуу түндө,
Төртөөбүз бир үңкүргө келип тындык...
Туш келдик кандай жерге карайын деп,
Ошондо абайласам сыртка чыгып:

Үңкүйүп жалгыз көздүү жез тумшуктар,
Сөөгү жок денесинин желмогуздар.
Бири алыс, бири жакын шак-шак күлөт,
Куланат бизге карай үйдөй таштар.
Жарактын улам бирин суура качат,
Ок атсам ого бетер, атаандашар.

Каткырык... Ачуу-ачуу чаңырык үн,
Зоо урап келип тиет жерге дүң-дүң...
Качырап түбү менен бактар кыйрап,
Өңкөй көз шамдай күйгөн, караңгы түн...
Айкырып асылганга кылыч шилтейм,
Экенин өзүм билбейм өңбү, түшүм?

Кайдадыр жок болушту тегеректен,
Бир бирден жыла-жыла баары житкен...
Эки эрдин колун бөлөк, башын бөлөк,
Түндөгү желмогуздар мүлжүп кеткен!
Кудай-ай карындашым Асматжандын –
Билбеймин соо калганын эмнеликтен?

Асматжан ийне жасап кирпигинен,
Жибектей чачтарынан жип ийриген.
Денеме кынап өлчөп, кыйбай тиккен –
Жолборстун терисинен кийим кийгем.
Асматты жолборс сындуу элес кылып,*
Ал тиккен жолборс кебин сактап жүрөм.

Күн эмес, андан жарык нурум Асмат,
Шаттыксыз өмүрүмдөгү муңум Асмат.
Жыгылсам колтугумдан сүйөй турган,
Албырган асабалуу туум – Асмат.
Биринчи ашыктыкка жанды кечсем:
Экинчи бере турган кунум – Асмат.

Эч жактан дайнын таппай жоголгондун,
Жаштан жаш – бел майышып, шорго орондум.
Автандил, акырында мына минтип
Жатканым арасында борошонун.
Тариэл көкүрөгүн коюп алып,
Токтотту жогорку айткан жомокторун.

Кулады айтып болуп чалкасынан,
Жаш акты сел-сел болуп жылгалардан.
Таштан бек, боору катуу болсо дагы,
Ыйлабайт муну укканда кандай адам?
Оозуна суу тамызып Тариэлдин,
Эс алтты акырында Асмат араң.

Тариэл анан минтти Автандилге:
«Кур сөзгө алаксытып аттиң дүйнө,
Курдашым, сени жолдон калтырыпмын,
Кош эми, аман жеткин сүйгөнүңө.
Кантсе да, болот экен жыргалыраак,
Жалгыздык жаралуунун жүрөгүнө».

Ошондо Автандилдин берген жообу:
«Баарынан ысык экен жолдош боору,
Жаманын арасынан жулуп туштап,
Тариэл, насаатымды ук мына бу:
Сен минтип ыйлай берсең ого бетер,
Күйбөйбү, Нестан жаның тозоктогу.*

Кокустан ооруп калса керек табып,
Тамырчы эл ичинен чакырталык,
Дегенде көнбөй коёр чарасы жок,
Ал кетер өзү билген демин салып.
Курдашым акыл айтар, жол көрсөтөр,
Жогуңду таап берер да, жалгыз – калык.

Кыя өтпөй карыялардан акыл сура,
Кур койбой кайыр көрсөт шордууларга,
«Көп көргөн көптү билет» деген кеп бар,
Не келип, нелер кетпейт бул ааламда.
Жетейин сагынышкан Нурга асманда,
Кайтармын деп шерт бергем, туура үч жылда.

Тууган жер, тууган элге аман жетип,
Махабат антын дагы бекемдетип,
Кай жерден сени кантип тапканымды...
Жарыма айтып берем эркелетип.
Тариэл унутпайлы кайда жүрсөк,
Достукту, кол кармашкан – акыреттик.

Мен келем. «Күтөм» деген антың болсун,
Достукту махабатка кыйбайм, досум.
Ээрчишип ар жагына бирге өтөбүз,
Талкалап ашыктыктын аскар тоосун.
Ошентип көз жашыңды кургатабыз –
Бек кармап, сен качырган куштун боосун».

«Ар гүлдүн ар башкача жыпар жыты,
Гүлдөр бар  жыты жаман, сулуу  сырты.
Кайда кооз, кайда салкын, кайда рахат,
Ошондо миң кайрылган булбул ыры.
Өлбөсөм мен сен үчүн, – дейт Тариэл,
Актаармын мага кылган жакшылыкты».

«Автандил, акылың көп мелмилдеген,
Миң-миң жыл калыбынан кемибеген.
Арманым бул дүйнөдө болбос эле,
Дагы бир жолугушсам сени менен:
Элим куш, жатагым жар, күтөм, досум,
Келбесең, наалат айтып ыйлай берем».

Палан ай, палан жер деп шерт болжошту,
Ысык жаш селдей басты эки досту.
Чыга албай бир биринин кучагынан,
Сүйүүнүн эки кабылан, шер, жолборсу...
Ал түнү, бир үңкүргө коно жатып,
Амалсыз ажырашар таңды тосту.

Асматжан акылман кыз кол берерде,
Үңкүрдөн ээрчий басып чыгып келе,
Чөк түшүп кыбыла карап бата берди:*
«Кайта көр, кайта көр» – деп Автандилге.
Анда шер үзөңгүсүн тээп жатып,
Жалт карап мына мындай деген эле:

«Ашыгым**, чын сүйгөнүм Тинатинге,
Армансыз бир оролуп билегине.
Бир түн кем, жана бир түн да ашык эмес
Кайтармын туура  кырк бир күн дегенде.
Эгерде кырк бир күндө келбей калсам:
Ажал жетип өлүптүр деп билгиле».***

Мына эми, барган сайын жарык артат,
Экөөнү таш боор тагдыр ажыратат.
Автандил зордук менен атка минип,
Тулпардын соорусуна камчы басат.
Жолборс терисин кийген шер,
Карaанын үзүлгөнчө калды карап...

---

* (1940-жылдагы  басылма боюнча).
*** (Бул түрмөк 1940-жылдагы  басылма боюнча берилди).

## XXII

## АВТАНДИЛ АМАН-ЭСЕН ТУУЛГАН ЖЕРИНЕ КАЙТТЫ

Автандил кайра тартып тез келаткан,
Өңү өчүп, маанайы пас, кайгы тарткан.
Ээрчишет сук жырткычтар убап-чубап,
Кан жалашка, кандуу изден калып жаткан.
Тез учкан карлыгачтай жол кыскарткан,
Автандил аман-эсен элге кайткан.

Кабылан топту жара аттан түштү,
Төгүлө араб эли жүгүрүштү.
Бал жасап, аш бышырып, шарап куюп
Ар бир үй чоң майрамдай күтүнүштү.
«Келди» – деп Шермадинге баргандардын –
Карк алтын болуп жатты сүйүнчүсү.

Шермадин Автандилдин чыкты алдынан
Көзүнөн жаш чууртуп кубангандан.
Көрүштү, кенен жайып кучактарын
Бир бирин ысык көрүп бир туугандан.
Шермадин: «Арыстаным, келдиңби аман?
Бул менин түшүмбү– дейт, көрүп турган».

Ошончо эл, ошончо эрдин жакшылары,
Биринен бири өтүп кучактады.
Сыбызгып сурнай тартса жер дүңгүрөп,
Күлүңдөйт кубангандан курдаштары.
Шарактап баатыр басып кеткен кезде,
Жол ачып, катардашып сыйлайт баары.

Чатырда чылк жакуттан даярдалган,
Автандил такты үстүндө жамбаштаган.
Кеп уксам, өзүн көрсөм дегендер көп,
Жылчыктан көзү жайнап шыкаалаган.
Курдаштар! Ошол күнкү болгон тойду,
Кагазга жазуу үчүн жетпес чамам.

Автандил алыс кезип жол басканын,
Куу жондо, ач белдерде адашканын,
Вазири Шермадинге айтып болуп –
Токтотту мына минтип сөз аягын:
«Тариэл, күнүм сенсиң, жаным курдаш,
Жарадар, кургур досум, кайда калдың».

Кебине вазиринин кулак салып,
Эл-журттун соолугуна канааттанып,
Тууган эл, киндик каны төгүлгөн жер.
Аз гана уктаса да, уйку канып –
Атасы Ростеванга жолугууга,
Ээрчитип Шермадинди кетти аттанып.

Автандил буйрук берди вазирине:
«Мурда жет, өзүң баргын сүйүнчүгө,
Өз кулуң, мындан көп күн мурун кеткен
Туз буюруп аман-эсен келиптир де!
Он күндүк жолго жетти үч күн учуп,
Көктөгү – эрегишкен тийген күнгө.

Атасы Ростеванга жазган катта,
Сөзү бар Автандилдин эки ооз гана:
«Жылдызды асмандагы алып кайттым,
Бел байлап өзүң берген ак батаңа.
Салам ал, салам айтам хан аманбы?
Көрүүгө кусадармын дидарыңа».

Карт өмүр кайгы менен оттой жана,
Ростеван алдан тайып отурганда:
«Жолбун шер табылыптыр» – деп жиберди,
Шермадин тура калып маңдайына.
Тагдырга хан ошондо тобо кылды:
«Болду эми, ыраазымын жаратканга!»

Тинатин айлар күтө, жылдар күтө,
Муңканып, түш жорутуп күндө-күндө.
Сөзүм бир,  ашыктык бир, деген шертте,
Кээде ыйлап, кээде зарлап ак үмүттө.
Шермадин: «Келди Автандил деген кезде
«Кий, – деди, – кырмызы ичик сүйүнчүңө!»

Аттанып ак сарайдан чыкты Ростеван,
Сан жеткис кылкылдаган, кол курчаган.
Көз жеткис мейкиндикте тынып туруп,
Таралып сел аккандай дайралардан.
Автандил көктөн кончу бүркүт эле
Күркүрөп күн астынан жагалданган.

Автандил аттан ыргып түшө калып,
Баш ийди, эки колун бооруна алып.
Ростеван улам шерин өөп жатты,
Көзүнөн илеби өчкөн жаштары агып.
Ээрчитип чатырына кирип кетти,
Элдери кең арабдын абазданып.

Аңгыча көзү түштү Тинатинге,
Сөз айтуу бир бирине кыйын эле...
Чын сүйүү – чын ашыктык бул экөөндө
Дайрадай толкунданды жүрөгүндө.
О, чиркин, тардык кылат жердин үстү!
Булардын жайы чалкар асман беле.

Күлкү, оюн, таң аткыча шапар тепмек,
Миң кайрып ый ыйлатып лира чертмек,
Булактай көлдөй агып шекер-шербет.
Ростеван: «Дүнүйө ал дейт, кимге керек?»
Карыптар малга тунуп, дөөлөткө мас,
Аны албай, муну да албай кесирленет.

Бүттү той. Мындай түнгө эл кумарлуу,
Кеп кылса, ооздон-оозго тарап дуу-дуу.
Хан жалгыз. Баатыр айтат узун жомок,
Кийинген жолборс тери шер тууралуу,
О, жалган! Ростевандын өзү жашып –
Ыйлаган жерин айтсам ал мына бу:

«Теңөөгө адамзаттын баласына,
О, кыйын Баатырды айтуу салып сынга.
Күндүз күн, түндө сулуу ай, караңгы
Бир гана анын муңдуу карашына!
Тозоктуу кумдуу жерге чыккан чынар,
Өскөн гүл, ак тикендер арасында...



Тагдырым жалгыз кылып жараткан да,
Тоо жүрөк күч-кайраты алп болсо да,
Ал үчүн жазмыш шору зор жазылса,
Болот мис кетилбеске айла канча?
Көзүнөн мөлт-мөлт эткен жаштар чыкты
Автандил чыдай албай, жаш балача.

«Алышып таң атканча жиндер менен,
Бир боору аман калып Асмат деген.
Жерден да, асмандан да жай таба албай,
Шордуулар үй кылышкан кара үңкүрдөн.
Сыртынан жолборс кептүү кийим кийген,
Баа көрүп асыл, шайы жибектерден».

Чер таркап оюн-күлкү-тамашадан,
Элестеп балалык чак эсте калган.
Көп күндүк жүрөктөгү сагынычтар,
Жуулуп, өтө берип кайгылардан, –
Автандил мына ушинтип жаткан кезде,
Кат алды алтын күндөн көктө жанган.

Болжошкон хандын жакут сарайына,
Жолукту күн чубалжып көктөгү айга.
Жалган ай, ашыктыгың куруп кетсин,
Экөөнөн тил байланды бир далайга.
Автандил кантсин анан, арманы бар
Мурдагы нурлуу ирең и кайда, кайда?..

Чачырап күн шооласы Тинатинден,
Курмадай жердеги өскөн Евфрат деген.
Керилген тулку бойдон колоң чачы,
Чубалжып булаң-булаң жерге тийген.
Сулууну толук айтып берер элем,
Афиндей эгер кыйын сайрай билсем.

Эки жар бир бирине жакыныраак,
Отуруп, сөз чыгарат кымбат, кымбат.
Сүйүүнүн мындай ысык учурлары.
Туш келмек кыз, жигитке, бир гана убак.
«Каякта кабылан баатыр, – дейт Тинатин
Сен кеткен арт жагынан куугунчулап?»

Автандил кызга мындай жооп айтат:
«Тагдырда адилдик жок атаганат!
Кокустан келип калган бул дүйнөгө,
Жалгыз гүл күндөй батып бара жатат.
Мен тапкан ошол баатыр соолуп барат,
Бечара айсыз түндөй караңгылап.

Жолборстун терисинен кийип алган,
Кан түтөп жардай калың кабагынан –
Ашыктык кеткениңби ушинтип! – деп
Ичкени уу, эрмеги ый, айтканы арман.
Сүйүүгө адилетсиз кас жаралган
Көрбөскө адамзатты каргыш алган».

«Дүйнө, өмүр – бул күңүрт нур кечиндеги,
Ырас бар, анын жарык мезгилдери.
Бирок да, алдоо менен көргө ээрчитет,
Акылсыз адамзаттай пенделерди.
Мен жансыз ошондуктан тура берем,
Күмбөздөй калың мүрзө четиндеги».

Баатырдын айтканы ушул, – таш жүрөктүү,
Таалайсыз бул дүйнөгө кас жүрөктүү.
Автандил сүйгөн жары Тинатинге,
Куюлтуп айтып болуп өткөндөрдү.
Булар да оттой күйүп туталанды,
Болгон соң, ашыктыкка мас жүрөктүү.

«Жигиттин аты Тариэл, Индостандык,
Жаркыны– караңгыны кылган жарык.
Жанында Асмат деген карындашы,
Асмандан түшкөн куштай канат талып.
Кайтканда шер жүрөгүн тирилтчү ошол,
Чебердеп жараланган жерин таңып».

Тинатин моймолжуган көз караштa:
«Айт, жаным, жардам керек кандай гана!
Тозоктон досторду алып чыгуу үчүн
Табылар бу дүйнөдөн барбы чара?
Ким билет ашыктыкты бизден башка,
Шондуктан кул бололу биз аларга».

«Өмүрүм, сенден кантип жашыра алам?
Дос болуп кыяматтык кол кармашкам.
Ал ыйлап, мен дагы ыйлап, жаш төгүшүп,
Ошентип курбум менен ажырашкам.
Аткарган өз алдында шертимди айтып,
Өлбөсөм келем деген бар убадам.

Сүйгөндүн сүйгөн билер жүрөк дартын,
Курдаштын курдаш билер ак кызматын.
Айрыкча ашыктыктын тозогунда,
Жанганды алып чыксаң, чыгар даңкың.
Эр үчүн өзүңдөй эр болбогон соң,
Өмүрдүн көрүш канча ырахатын?»

Дейт нур кыз: «Сөзүмдү ук шер, дагы айтайын,
Өзүңсүң алтын тактым, бак-таалайым,
Эс алсам, көлөкөлүү бийик чынар,
Суктансам, күмүш нурлуу жарык айым.
Болду эми, жаным чындап сынга толдуң,
Кандай деп баа берсем да, жаңылбаймын.

Тагдыры адамзаттын соккон желдей,
Зыркырайт сөзгө келбей, кепке көнбөй.
Бирде ачык, бирде булут, бирде бороон,
Бул чиркин тура албаган өнөрлөнбөй.
Бирде шат, бирде кайгы, жашоо – өлүм,
Кор болуп, таалайсыз баш тебеленмей.

Орундат бир бооруңа берген шертти,
Издеп тап, кайра барып Тариэлди.
Бирге бол тозокто да, жыргалда да,
Шордуунун табылганча издегени.
Айрылуу сенден күнүм – караңгы түн,
Айла жок, эрдик үчүн – эр жүрөгү»...

Ушундай Автандилдин жообун уксак:
«Курчады туш-тушунан сегиз азап,
Тирилбес, муздак суудa өлгөн дене.
Бүркөлсө, күндү тентек шамал ачат.
Махабат бир жулкунуп чыкпай койбойт,
Жатса да таш зынданда – жүз бир кабат.

Айрылуу бир өзүңдөн кыйын жаным,
Калганым арасында тумандардын.
Жаа огу ок жыландай чуу-чуу этип,
Тешкендей жүрөгүмдүн туш-тарабын.
Жөнөймүн башка түшсө баарын көрөм,
Ичинде бышуу керек ажалдардын.

Бирок да бир нерсени ойго албадың,
Билбеймин же атайы унутканың?
Эстерсиң сагынганда карап жүр деп,
Кол жоолук берүүгө да жарабадың.
Суу эмес, бал дагы эмес кетирүүчү –
Эрибес эр жүрөктүн капаларын».

Тинатин уяң карап жалжылдаган,
Жасалган назик бетке жоолугунан:
«Ме деди, алып чыгып, – сакта жаным»
Тизилген ак бермети жаркылдаган.
Ушундай жан кыйышпас эки ашыктын,
Ылайым жолун ачсын бакыт жанган.

Кулпуруп, көктү карап өскөн жазгы,
Гүлдөрдү, боору суук ызгаар басты.
Бир бирин азап менен тапкан сүйүү,
Жыргалдын даамын татпай ажырашты.
Бир курма, бир кипарис куурап калды,
Бир роза, бир булбул чөлдө адашты.

Автандил сыртка чыкса ай караңгы,
Түбү жок орго айланган жердин баары.
«Түшөйүн кай жактасың, тозок?» – деди,
Үшкүрүп, карап алып айлананы.
Бул эмне? Бул бактысыз ашыктарга
Тагдырдын кыла жүргөн табалары.

Кантсин баатыр ыйлап кайтты үйүнө,
Сүйлөнүп жөөлүгөндөй өзү өзүнө:
«Мезгилсиз жаратылган бул дүйнөгө,
Шордуу экен жете албаган сүйгөнүнө.
Арга жок, жазылган соң бешенеге
Сен үчүн отко түшпөс башка бирөө.

Махабат – бирде уу да, бирде балдай,
Махабат – бирде учкул жагалмайдай.
Махабат – бирде туткун эркке көнгөн,
Кор болгон бирөөлөргө алдангандай.
Мен үчүн булуттардын арасына,
Кылт этип кирип кеткен кайгылуу Айдай.

Дүйнө эмне? Жашоодогу тири тозок.
Дүйнө эмне? Бул кең асман уч-кыйыры жок.
Дүйнө эмне? Бир дегенче миң өзгөрүп,
Айтылган оздон-оозго кызык жомок.
Дүйнө эмне? Бул бир рахат, албуут кыял.
Алсызга катуу тийген борошолоп!»

Чын эле жашоо өмүр жел эмеспи,
Ар дайым бир жеринен кем эмеспи.
Махабат, дүйнө кордук деп күңгүрөп,
Баатырдын ыйлаганы эп эмеспи?
«Адамзат сенин күнүң азап» деши,
Чын эле айтса, айтпаса кеп эмеспи?

Кулады чалкасынан шордуу Автандил,
Толгондой жүрөгүнө уу сары зил.
О, чиркин, ашыктыктын оорусу да!
Саргайып өңү өчүп, байланып тил.
Күнү жок мөндүр жааган жаз да курсун,
Соолуйбу кайран гана жаңы өскөн гүл.

Тинатин күндө бир маал эскергин деп,
Ашыгына* белек кылган жакут бермет.
Автандил ошону алып улам сүйүп:
Сүйгөнүн миң түрлөнтүп элестетет.
Көзүнөн мөлт-мөлт этип агылган жаш
Дал ошол ак берметтей, берметтенет.

Таңга маал бир жигити Ростевандын –
Баатырга келип айтты чакыртканын.
Автандил куштай учуп жетип барды
Жулкунтуп тоодой кара аргымагын.
Хан экөө аң уулоого жөнөп кетти,
Жазууга черин, жерин сагынгандын.

Жердеги сүлөөсүнгө, көктө кууга,
Жамгырдай жебе жаады удаа-удаа.
Кайран бел, адыр кыя, кайран аска,
Кадимки баатыр араб уулуң мына!..
«Эр болбос жер сагынбас» туура макал,
Тууган жер эстен кеткис сайран тура!..

Сейилдеп кеч кайтышты, желдей сергип,
Автандил хан үйүнө түштү келип.
Жыйналган залкар бектер, өң жакшылар
Булбулдай так сайралган ырларга эрип:
Же күлүп, ыйласа ыйлап, бир табыштан,
Арфанын күңгүрөнгөн күүсүнө ээрчип.

Деди шер: «Кулак салгын, бир туугандар,
Ашыктык абалына ууланган бар,
Тариэл анын аты, эрдигине,
Дүйнөдө адамзаттан жок барабар».
«Аттиң ай, эр болбосоң куруп кал» – деп,
Тамшанды ошондогу олтургандар.

Автандил үйүндө элкин капаланат,
Кептердей капастагы кусаланат.
Ал үчүн Асман рахат төр эмеспи,
Зыпылдап эркин шилтеп сызса канат.
Жаралуу жаш кийикке – жардан учкан,
Ким ага колун берип тартып алат?

«Алдымда бейиш гүлү коздонсо,
Ал гүлгө ак көпөлөк барып консо:
Кечпейби бул дүйнөнүн ырахатын,
Жабышып балдай таттуу балын сорсо.
Жан шоолам, чын өмүрлүк ашык жарым,
Түшүмө кире жүргүн эч болбосо».

Баатырдын осуятын ук курдаштар:
«Күйүттү күйүт эмес, кайрат басар!
Сабыр кыл, балким, эртең шаттык болор,
Бүгүнкү кан аралаш аккан жаштар.
Бактысыз айрылууга – кошулуу бар,
Тагдырдын марттыгы кең, таалайды ачар.

Өлүм бир – акыр бир күн көрүнө алат,
Өмүрдө көп жашайсың кылсаң кайрат.
Бирок да жыл гана эмес, нечен кылым.
Эч качан унутулбайт чын махабат...
Ак антын ашыктыктын сыртка чачпай
Сен билгин, сүйгөн билсин, бекемдеп кат»...

## XXIII

## АВТАНДИЛ АТАСЫ РОСТЕВАНДАН УРУКСАТ СУРАДЫ

Автандил ошол түнү ойгонду эрте,
Сыйынып, жалгай көр деп кудуретке.
Бирде бул, бирде шамал муну кууп,
Лаачындай ээликкен ат дир-дир эте.
Чамынган жолборстордой, жолго чыкты
Вазири Саграт менен кеңешмекке.

Каалаган, сүйгөн адам келе жатса,
Таалайлуу үйдүн ээси сыяпаттай,
Баатырым палан күнү келет дейт деп,
Вазири көз айрыбай жолду карай –
Күтүнүп жаткан экен, кабылан түштү,
Көрүштү кучакташып бир туугандай.

Баатырга урмат менен эшик ачты,
Алдына кун жетпеген килем салды.
Чолпондой көп жылдыздын ичиндеги,
Кеңири төр үстүндө чалкалады.
Автандил маңдайынан ырыс төгүп,
Бейиштин ай күнүндөй чачырады.

Бирөөнөн дагы бирөө угуп алып,
Бири – экөө, экөө – үч болуп келген калык.
Сымбатын Автандилдин көргөнү үчүн,
Жашаган өмүрүнө канааттанып,
Дайрадай терең сөзгө кирген экен
Автандил Саграт экөө ээн калып.

Ошондо Автандилдин айткан сөзү:
«Жан ага, сенсиң хандын көрөр көзү,
Дегениң эки болгон эмес чыгар,
Насаатчы, акылманы, жүрөктөшү.
Дартым бар, көкүрөгүмдө мына мындай,
Күүгүмдөп баткан күндөй нурум өчтү.

Достошуп шерт кылышкан жолбун шерге,
Сүйүү деп эр жүрөгү эзилгенге,
Сөзүм бар аман болсом келем деген,
Көп эмес ашса, эки ай толгон кезде.
Сен да бер жүрөгүңдү сууруп чыгып
Сен үчүн жанын курман кылган эрге.

Ал баатыр туткун азыр кайгыдагы,
Кайраты ташты эриткен тоо арстаны.
Сымбатын сымбатыма салыштырсам,
Ал жаян, мен деңиздин чабактары.
Тариэл кыяматтык жан шеригим,
Тартмакпыз тең бөлүшүп азаптарды.

Жетейин куштай учуп курдаштарга,
Азабын ашыктыктын тарткандарга.
Угузам бир бирине амандыгын
Тариэл жана Нестан-Дарежанга.
Сүйүүдө досчулукту актабасам,
Кызыксыз бул өмүрдө жашоо мага.

Бакыт келбейт, буйрук болбой алладан,
Азап менен бышуу керек ар адам.
Азамат эр болом деген асылдар,
Өтүү керек жакшы менен жамандан.
Ким сүйүүдө тура албаса антында –
Андайлардын иши оңолбойт эч качан.

Ростеванга өзүм барсам ылайык келбес,
Кетпейсиң эч жакка деп руксат этпес.
Кармаса ак көңүлү бата берер,
Жан аба андай кеңеш – мындай кеңеш.
Жок десе, бар десе да жөнөрүм чын,
Мойнума күнөө тагып кечирилбес.

Ростеванга мени айтты, – деп муну айтып бар:
«Дайрасың уч-түбү жок айдың чалкар,
Адилдик, марттыгыңды менден укту –
Жашаган жер үстүндө адамзаттар.
Достоштум баатыр менен Тариэл деген,
Бизде эмес, бейишке өскөн алтын чынар.

Өмүрдүн тажаалдары алдын тороп,
Жылдырбай эки аягын жыланга ороп.
Бир гана сүйгөнүм деп күйгөнү үчүн,
Тагдыры мизилдетип канын сорот.
Асманга аны учуруп чыкмайынча,
Өлсө өлөм, бирок кайта кайрылуу жок.

Тартайын маңдайыма не жазылса,
Түшөйүн ажал жетип, көр казылса.
Туз буйруп кокус аман кайтып калсам,
Түбөлүк кул болормун кол астыңда.
Мен өлсөм, араб элин өзүң сакта,
Жолборс сүр, кабылан күч адатыңча.

Абаке, төкпөй-чачпай ушундай де,
Калганын ката кылбай өзүң эпте.
Узатсаң, барса келбес жолго салып,
Чеченди Ростевандай жыгып кепке;
Берейин тартуу кылып ошол замат
Жылдыздай жылтылдатып жүз миң дилде».

Мындай жооп айтты вазир Саграт:
«Дүнүйө эмне? Дүнүйө деген күлүк сымап,
Ал курсун, мен ыраазы күнүм сага,
Абаңдан турганыңа насаат сурап.
Бирок да күтүлбөгөн бул өтүнүч,
Бычактай жүрөгүнө тийген турат.

Өмүрдө ташкынданып суудай аккан,
Кызык жок бирин бири сыйлагандан,
Сен үчүн Ростевандан жеме угуп,
Уялам, көргө тирүү камалгандан.
Өлгөнүм андан көрө ынсаптуураак,
Өзүңдүн кандуу болот канжарыңдан.

«Автандил баатыр уулуң руксат сурап,
Сапарга жөнөө үчүн жылдар-жылдап,
Таксырым сенден жарлык күтүп турат,
Не айла, амал кайсы жолуна узат».
Дегенде Ростеван кара бет дээр...
Чынында, мындан өлүм дурусураак.

А, мейли бара гой деп берсе руксат,
Ошондо эл-журтуңду ким башкарат?
Баткан соң, асмандагы алтын күнү
Каякка баш калкалайт, биздин араб?
Кор болуп душмандарга тебеленип,
Кетмекпи бет-бетинче тентип тарап?»

Токтоду ушуну айтып вазир Саграт
Автандил мындай деди жерди карап:
«Биринчи ант, экинчи өлүм жигит үчүн
Жолдоштук – сүйүүдөн да артыгыраак,
Досумду өрттөн алып чыга албасам,
Не кызык бул дүйнөдө тирүү жашап?

Азамат тура албаган өз антында,
Андайлар жетмек эмес эр баркына!
Шордууну тозоктогу сууруп чыксаң,
Баатырлык наамың калар шондо гана.
Жаркырап эл да жыргал көрсүн үчүн
Келтирем баткан күндү калыбына.

Күндүз ый, түндө да ый, түпсүз санаа,
Мончоктой көздөн кандуу жаштар тама…
Ишенсин, жоого аттанбай, сейил курбай
Туткундай үйдөн чыкпай жатарыма.
Бел байлоо, ошондуктан эмне керек,
Пайдасыз жансыз жалаң карааныма?

О, вазир, жаралуу жан мендейлерге,
Белге күч кошор бекен дедим эле.
Абаке, кандай гана жооп айтам:
Эл-журтуң сенсиз кантет дегениңе?
Достукту, махабатты унутасың,
Жүрөгүң кара таштан суук беле?

Баары бир кой десе да тура албасмын,
Жалынып дагы руксат сурабасмын!
«Ханынан качты» атына консом мейли,
Кайрылып кайра тартпайм аттын башын.
Тагдырым көз жашымды жерге төкпөс,
Достуктун аткара алсам убадасын».

Саграттын карт көздөрү жашылдана,
Баатырды уялыңкы карады да:
«Соолуган күзгү гүлдөй биздин өмүр,
Садага, жаным курман сен турганда,
Башымды ошол жерден алса дагы,
Тобокел, айтса айтайын Ростеванга!»

Чатырап хан тактыда жаткан экен,
Ийилип вазир салам айтып кирген...
Ошондо: «Күндөгүдөй мүнөзүң жок
Эмне уктуң, эмне билдиң, айткын» деген.
Жалдырап келген вазир сөз айта албай,
Үнү өчүп бир сааттай жер тиктеген.

Акыры айла таппай чымырканып,
Жакындап эки-үч кадам басып барып:
«Күнөөм бар, кечире көр, таксыр ханым,
Жалганда жанбай турган кылдым айып.
Өлтүрсөң өлтүрүп сал дарыңа асып,
Түпсүз ор, караңгы көр мага ылайык.

Өмүр куш учуп жаткан убап-чубап,
Бирде бал, бирде сага таштай муздак,
Жашоодо сүйүү кызык, достук кызык,
Бул өзү көрдө гана унутулмак.
Автандил барайын дейт Тариэлге,
Деди эле хандан барып сура руксат!

Чынында эрдин көңүлүн – эр сүйбөйбү,
Шамалдай эр жүрөгү элирбейби.
Азамат болот көкүрөк болсо дагы
Илебине махабаттын эрибейби?
«Жакшылыкка жакшылык» деген кеп бар
Баатырга руксат эткин, барсын мейли».

Ростеван баатыр сөзүн угуп болду,
Көзүнөн оттор жанып алоолонду.
Бейпилде жыргап жаткан кең арабды,
Каптады кыяматтын бороондору...
Жер чапчып каaранданган кабыландай,
Мына бу айткан кеби ошондогу:

«Туз ургур, о, уятсыз, акмак наадан,
Көк мээ чал, акылынан ажыраган!
Тилиңди жулуп алсам сооп болор,
Кет жогол, ушул азыр башыңды алам!
Баатырга миң сан колду курап берип,
Жакында алыс жакка жоого аттанам.

Вазирим шек келтирдиң хандыгыма,
Күйөрсүң тозоктун көк жалынында!
Кантейин Автандилдин кадыры да,
Кара жер, кирсин – жарыл! Кана буга!»
Кылычын сууруп чыгып жарк эттирип,
Ошондо шилтеп калды чала-була.

Коёндой далдаланган акбарчындан,
Түлкүдөй көзү жайнап кылчактаган.
Канетсин, Саграт вазир калдалактап,
Эшиктен эшикке өтүп чыга качкан.
Бирөө үчүн түз жолунан жаңылам деп,
Ошентип бир ажалдан аман калган.

Кыялы жакшылардын желден жумшак,
Күйсө да ичтен күйүп, ичтен сыздап.
Карт вазир Саграт аба баатырына,
Муну айтты, башын ийип кылып ызат:
«Эч качан калмак эмес унутулуп,
Асылга аз да болсо – болгон кызмат.

Уксаңыз менин алым оор болду,
Ханыбыз белине артты опол тоону.
Насаатчы, көсөм деген улуу даңкым:
«Акмак чал», «Картаң дөбөт» наамга конду.
Ошентип көздөн кайып учуп кетти.
Абаңдын чатыраган шаттык доору.

Минтээрин Ростевандын башта билгем.
Баатырым алдын алып айткан элем.
Жаштыкта сүйүү, достук кыйын болот,
Не кечип, мен өтпөдүм эмнелерден?
Макал бар илгеркилер айтып кеткен:
«Азамат адам болот – адам менен».

«Жаз жыргал сулуу таңда гүл-гүл жайнайт,
Рахат кез, гүл ичинде булбул сайрайт.
Күз түшөт, бороон жүрөт, суулар ташыйт,
Гүл – булбул сыр сырдашып ырдаша албайт.
Кайрылып жаркырап жаз келмейинче,
Булбул да өзүнө жай жерлер тандайт.

Шерт кылдым хан колдорун башкарбаска,
Арабдын баатыр элин жоо чапса да!
Кантсе да досчулуктун сообу тиер,
Хан менен араздашып жашаганча.
Жигиттин тирүү жүрбөй өлгөнү артык
Айтышкан убададан танышканча.

Досум үчүн не кордук тартканымды,
Алыс кезип, ашуулар ашканымды,
Атама толук жазып жиберейин,
Түшүнбөсө жаш төгүп айтканымды.
Руксат бербесе да жөнөй берем,
Өлүмгө байлап койдум жаш жанымды».

Тагдырдын башка кайгы салганы ушул,
Жалгыздыкка алсыздык салмагы ушул.
Күчтө баатыр, жолборс сүр болгон менен,
Күркүрөгөн кабыландын дарманы ушул.
Көкүрөктө дарт, көздө жаш кайда барса
Автандилдин акыркы арманы ушул.

Жөн билгич, акыл тапкыч Саграт аба,
Жар салып кабар берди жаш-карыга.
Кападар болбосунчу жаш кабыланым деп,
Таттуу үлпөт, сайран курду таң аткыча.
Таратты алтын, күмүш жакырларга,
Бул дагы жакшылардын адаты да!..

Автандил таң атарда келди үйүнө,
Жыйнады көз тайгылткан дүр-дүнүйө.
Сагратка санат жеткис качыр менен,
Каптарга алтын төгүп, үймө-үймө–
Жиберди тартуу кылып, кор болбо деп,
Марттыкты жаш баатырдан үйрөнгүлө.

Автандил кат жазыптыр Сагратка:
«Мен бирөө башын ийген достук антка,
Өмүрүмдү арнагам, ошол үчүн
Максатым сүйүү шертин актамакта...
Өлбөсөм, бул дүйнө эмес, ал дүйнөдө*,
Жарармын сенин кылган кызматыңа».

Булбулдай миң кайрылып тил сайратып,
Ырчыдай күү чертсең да солкулдатып.
Берендин марттык салтын, достук салтын,
Болбостур ошондо да түгөтө айтып.
Кыйындык эр башына түшкөн кезде,
Билинет мына ошондо достук анык.

## XXIV

## АВТАНДИЛ ЖӨНӨР АЛДЫНДА ШЕРМАДИН МЕНЕН КЕҢЕШ КУРДУ

Автандил Шермадинге акыл салды,
Бирге өткөн тамашалуу жаштык чагы.
Жүрөктөш курдашына айткандары,
Мына бу ашыктыктын жалындары,
Кыялын күчү болсо ташкындатсын –
Окуган курдаштарын бул ырларды:

«Ростеванга жиберсин деп сөз айттырсам,
Сүйүүгө калыстыгын сынаттырсам.
Мени бир, чөптөй сезип сайга чыккан –
Дартымды, айтып турган болду укмаксан;
Тариэлдин достук, сүйүү, ыйы-зары,
Түшүмдөн кетпей койду түндө уктасам.

Алдымда түбү терең ор жатса да,
Артымдан жандай салып ок атса да.
Күнүм түн, түнүм да түн, таш жааса да,
Кечикпей жетүүм керек курдашыма.
Дөөлөт да, мүлк-дүнүйө топурактай,
Мен үчүн Тариэлдей дос турганда.

Үч шарт бар, аткара алса курдаштыкта:
Биринчи – кошо жангын махабатка,
Экинчи – колтугунан жөлөп тургуз,
Казатта ок жаңылып жыгыларда.
Үчүнчү– караан болгун азаматка,
Кыйындык чындап башка түшкөн чакта.

Ушул сөз унутулбай эсте калды,
Үйрөткөн Тариэлдин сабактары.
Сыналмак эрдик даңкым дал ошондо,
Куткара алсам баатырды кайгыдагы,
Ошондуктан мени эч ким токтото албайт –
Тагдыр күчү чак келбейт асмандагы!

Унутпа, курдаш, менин насаатымды,
Жалындай жанып чыккан чын сырымды.
Кантейин: «качып кетти» атка кондум.
Таштадым калың журтум арабымды...
Ырдашар күңгүрөнгөн ыйлар менен,
Тууган жер, менин муңдуу арманымды.

Курдашым, көз саларсың калды үй-жай,
Мелтиреп жерим калды кең дайрадай.
Араб элин чабам деп келген жоого,
Жалгыз өзүң согуш ач жанды аябай.
Аттын башын коё бер, эркин сызсын
Кол алдында уча бил жагалмайдай.

Кембагал жардыларды текши жыргат,
Алар да бул дүйнөдө алсын рахат.
Аман болсом келермин кайра айланып,
Өлүп калсам айла жок, өмүр кымбат.
Актармын курбум сенин мээнетиңди,
Жоголбойт, жолдоштукка кылган кызмат».

Шермадин муну укканда жашып кетти,
Ошондо баатырына айткан кеби:
«Курдаштыкка санасаң кошо ала кет,
Душмандардын белдерин мертинтели.
Жалгыздыгың башыңа түшкөн кезде,
Болоюн кайгы эрмеги, ый эрмеги.

Саргайып күзгү чөптөй узак күткөм,
Жүрөгүм жараланып араң түткөн.
Тура албайм ар күнүндө эч  болбосо –
Караанынды көрбөсөм күнчүлүктөн,
Адашсам сенин баскан издериңден,
Кайда барып кор болуп күн өткөрөм».

Жообу бул Автандилдин курдашына:
«Ким турат, сен турбасаң эл башына?
Сүйүүнүн жолу татаал, сүйгөн күйсүн
Калк башкар, кадырманым калгын мында.
Барар жер, токтоочу ордум, таянар тоом,
Асмандын жылдыздары арасында.

Ким эгер жолдоштукту каалайт экен,
Берилсин жолдошуна жаны менен.
Бакытты – ыракатты тартып алсын,
Эч качан болмок эмес, жолдо белен!
Кордуктан – азаптардан корккон жолдош,
Акыры жоо болорун чыгарба эстен.

Кантмексиң, кайгырбаска айлаң канча?
Бирок да жашык болбой, кайрат байла!
Кулпунуп жазгы гүлдөй көп түрлөнөт,
Азамат бой бербеген кыйындыкка.
Тапталып сынга толгон тулпар сындуу,
Баатырлык даңкың чыкмак ушундайда.

Өмүрдө күн өткөрдүм келгин куштай,
Урунсам кайда барып, таалайсыз жай.
Бирде анда, бирде мында, жаштык күнүм,
Кайгылуу кыздар созгон таттуу ырлардай,
Тууган жер, туулган эл, кош аман бол,
Күтөрсүң айлар санай, жылдар санай.

Ростеванга мен тууралуу айтып баргын,
Кагазга көз жаш менен кат жазармын.
Сен дагы менден ысык анын уулу,
Талыса күүлөндүрөр оң канатын.
Ажал жетсе өлөрмүн, жок болормун,
Эстен чыкпас шондо да ашык жаным»*.

## XXV

## АВТАНДИЛДИН ЖӨНӨП БАРАТЫП АТАСЫНА ЖАЗЫП КАЛТЫРГАН ОСУЯТЫ

Саймалап калем менен ак кагазды,
Автандил атасына катты жазды.
Курдаштар жаңылбасам мындай эле,
Калтырган ошондогу осуяты:
«Бүркүттүн шаңшып учкан аскадагы.
Тилеги – иле алсам дээр качырганды».

Ошондой бүркүт сындуу күчкө толдум,
Досума алыстагы бармак болдум.
«Ким эгер айткан антын актабаса,
Жигиттер андай менен достошпогун.
Эр болсоң эрге көрсөт эрдигиңди» –
Дегени бар эмеспи, Платондун.

Эч качан жолу болбойт калп айткандын,
Калпычы ырыс кески бир митайым.
Азамат өзүм гана деп жашаса,
Булгамак адамдыктын кымбат наамын
Тариэл – бул өмүрдүн нак Чолпону,
Ал менин күч-кубатым, бир тууганым.

Сүйүүдө – биз турмуштан алдык сабак,
Жете алган ашыгына, мактана алмак.
Алдыда дагы далай ашуу жатат.
Ким бизди ошондуктан токтото алат?
Дегенин Апостолдун унутпайбыз:
«Махабат – көктөгү айга отун чачат».

Жараткан мага тоодой кубат берди,
Душманын койдой союп кырсын деди.
Талаада учкан куштай эркин болсун,
Кезинде миңге татыр эр билеги.
Акыр бир күн, ээсинин көзүн оёр,
Калган болсо ичинде бүркүт кеги!

Тагдырдан ар адамга жазмыш болмок,
Жазмыштын буйругунан бакыт конмок.
Алтын күн жарык нурун чачпай койсо,
Кулпурган жашыл гүлдүн көркү соолмок.
Гүл бүтсө булбул куштун үнү бүтөт,
Ошондой Тариэлсиз менде күн жок.

Таксырым! Көнбөдү деп буйругума,
Уулуңа күнөөсү жок, айып салба!
Атаке, айтып койгон убадам бар,
Сүйгөнүн таба албаган бир арстанга.
Бул эмес мындан катуу кыйындыкта,
Актармын кулдугумду ошондо да.

Пайдасыз – кур кайгырып жашты төгүү,
Санаага чыдай албай көкүрөктөгү.
Макал бар карыялар айтып кеткен:
«Көп билет аз өмүрдө көптү көрүү,
Бакытка этегиңден малынарсың.
Баатырга жардам кылсаң өзүң өңдүү».

Менсинген, мен да бири азаматтын, –
Баатырлык атагымды актамакмын.
Келгенче аман болсо араб калкым,
Коротпой казаттарда күч-кубатын.
Душманга жоктугумду сездирбесең,
Ростеван, ошонуңа мактанамын.

Мынакей даргаңа ас, күнөөм болсо,
Жаш жаным жалынданып түшсүн отко.
Эркиңе анан кантип макул дейин,
Жарайбы барба дешиң кымбат доско?!
Таксырым, ансыз жыргал өмүрүм жок,
Себеби күнүм да ошо, айым да ошо.

Каалабайм: коркоктукту, жалгандыкты,
Келишпес эркектерге наадандыкты.
Гүл ачтым өз колуңдан тарбия алып,
Үйрөттүң көрсөтө ал деп арстандыкты!
Баатырга ар бир иштин учуру бар,
Ташка чап, жоо өткөн соң кылычыңды.

Согуштан баш кесишкен – ким баш тартса,
Катындай сыртка чыкпай үйдө жатса.
Андайлар эркек эмес, коркок коён!
Сөздө баатыр, жоодо жок атагында.
Эр болсоң: же өл, же жең, кайра качпа,
Душманды жеңип жыккын чоң чабышта.

Өлүм бир – өлгөн кайра жаралмакпы?
Жеңе алат өлүм гана адамзатты.
Көр деген – шумдук жай бар, соруп жаткан,
Карабай кадырына, кары-жашты.
Өмүрдө жаман атта жашаганча:
Согушта – атак алып өлгөн жакшы.

Дүнүйөмдү санай албас эсепчилер!..
Алсызга каалаганча таратып бер,
Райым кыл, жетим-жесир, карыптарга,
Байысын мен кедеймин деген элдер.
Мен эмес, сен үчүн да качан болсо,
Унутпа, байкуштардын сообу тиер.

Жетейин карчыгадай кайкып учуп,
Капастын каршы-терши торун бузуп.
Күйгөндү – сүйгөнүнө жеткирейин,
Кетейин канатыма олтургузуп.
Ошентип көкүрөктөгү дартты басам,
Уу жуткан курдашыма бал жуткузуп.

Шермадин көсөм болсун, кол алдыңда,
Кем эмес баатырлыгы согуштарда.
Жылдыздай илимдүүлөр көктөн тапкан,
Бул дагы жылдыз болсун Аравияга...
Кор кылба, ата, менден ардактуу көр,
Күнөөсүз, көздөн аккан жашын ая?

Аз гана осуятты өзүм билген,
Мына бу ак кагазга чиймелеген,
Каламга жүрөгүмдүн канын төгүп,
Кат жаздым калтыраган колум менен,
Кошкула, кош арабым, кош атаке,
Кайтпасмын, чыгаргыла эсиңерден».

Вазирге шашып жазган катты берди:
«Тезинен Ростевангa тапшыр» – деди.
Эки дос ыйлоо менен ажыраштты,
О, кыйын, ырдап берүү ошол кезди.
Андан соң, таазим кылып башын ийип,
Автандил катуу басып чыгып кетти.

XXVI

## АВТАНДИЛДИН МЕЧИТТЕ* СЫЙЫНГАНЫ

Башына чымкый кара селде оронуп,
Тулпарын жолго минер токуп болуп.
Мечитке касиети күч ээн калып
Автандил бата кылды, куран окуп.
Кудайдан төмөнкүнү өтүнүч кылды,
Сактай көр жанымды деп колун созуп:

«Асманды, жерди, сууну жаратканым!
Түрлүү ынсап ар адамга таратканым,
Колдой көр, барбардигер колдоор болсоң!
Өлүмгө жанды байлап баратамын.
Артымдан издеп барар бир тууган жок,
Тагдырым, жалгыздыкка армандамын.

Ээ, Кудай! Бардык таалай бир өзүңдө,
От салдың менин ысык жүрөгүмө.
Ашыктык – ушул жыргал, ырыс-бактым.
Кайра бир жетер бекем сүйгөнүмө?
Жаңы өскөн айкалышып эки гүлдү,
Жеткирбей бир бирине, таптай көрбө!

Ээ, кудай! Адам этин жегичтерден,
Дайра, суу жана түнкү жин периден,
Сактай көр! Көкүрөктөгү чымын жанды!
Чыга көр аман алып деңиздерден!
Кырк бир күн, кырк бир түн түлөө берем,
Элиме соо-саламат кайра келсем!»

Деди да даяр турган минди атына,
Тулпардын камчы тийди такымына.
Аркырап кууган шамал жете албады,
Күнчүлүк жерде калды Аравия.
Көзүнөн аккан жашын сүртүп алды,
Кылчайып да бир жолу карады да.

Шермадин ыйлап туруп мындай деген:
«Жалынын тартып алган тууган жерден,
Эпкиниң – бөлүп алган ата-энеден,
О, чиркин, жаралгансың деги эмнеден?
Менсинген баатырга да үстөм кылган,
Махабат, ушунчалык күчтүү белең!»

*(1940-жылдагы басылма боюнча).

## XXVII

## РОСТЕВАН АВТАНДИЛДИН КЕТКЕНИН БИЛИП КАЛАТ

Ойгонуп күндө ойгончу убагында,
Жыгылып ак багымдат намазына.*
Ростеван отурган жок тактысына,
Эч кимдин датын укпай абдан капа.
Чакыртты Саграттты: «Бат келсин» – деп,
Калчылдап вазир турду хан алдында.

Кеби бул ошондогу Ростевандын:
«Турганда өмүр бүтүп, тайып алым,
Жүрөктөш бала ордуна бала эмеспи,
Автандил көрсөм көңүл кубантарым.
Жарайбы кечээкидей иш кылганың?
Кантейин мээнетиң ак ант урганым.

Деген бар: «Өткөн ишке кур өкүнбө,
Кайрат кыл белди байлап келер күнгө».
«Автандил мындай дейт», – деп кабар ташып,
Шекшинем кирип-чыгып жүргөнүңө.
«Ак айды этек менен жаба албайсың»,
Баламдын дарты эмнеде ачык сүйлө!

Унчукпай жер тиктеди вазир анда,
Жаккан жок мындай кыял Ростеванга.
Хан айтты: «Автандилди кетирбеймин,
Ал билсин, каарым катуу Левийден да!
Жүрө бер мурдагыдай элди бийлеп,
Ачуумду кайра алайын капаланба!»

Биринен бири өтүп келген кулдар,
Угузду Саграт чалга шумдук кабар:
«Автандил түндө жүрүп кетиптир дейт».
«Не болот араб калкым заманыңар,
Дейт вазир хан көзүнө көрүнбөйүн
Баргыла мындай ишке жарамдууңар».

Кулдардан кимдир бирөө ошол кезде,
«Алыптыр кайтпас сапар баатыр кечээ».
Угузду Ростеванга дити багып,
Айла жок болгон ишке ишенбеске!
Үшкүрүп хан ошондо мындай деди:
«Арабым, күнүң караан болуптур ээ!»

Карылык, картайгандык! Кетти мууну,
Деңиздей ташыбайбы карттык муңу.
– Бир билсе мунун баарын Саграт билер,
Деген соң чакырууга кетти кулу.
Калтаарып Ростевандын карашынан,
Жалдырап байкуш вазир келип турду.

Жакындап белин бүгүп: «А деп», – деди,
Хан ага ишарат кылып жооп бербеди.
«Ушинтип чыны менен көргөн түштөй,
Күнүбүз айдай батып кеткениби?»
Вазири: «Учкан дөөлөт кайра конбойт,
Күн өчүп, түн басары ушул эми!»

Берметтей жаштар тамды сакалынан,
Ростеван мына мындай айткан арман:
«Атаңды карыганда кан какшатып,
Кеттиңби, кагылайын жалгыз балам.
Сен менин маңдайымдын жылдызы элең,
Айрылып эми  сенден кайда барам?

Ойноок эле көздөрү ай кулунумдун,
Таттуу эле сөздөрү ай булбулумдун.
Менден артык ардактууң бар экен ээ,
Не жазыгым болду эле, жаным уулум?
Жамандыкты жаманга арта албайсың,
Башка түшкөн балээге моюн сунгун.

Калабы, жагалданып жаа тартканың?
Зыпылдап, ылаачын куштай баратканың?
«Жүр, балам, сейилге» – деп алып чыксам,
Кууганың кең асмандын шумкарларын?
Шаттыкта сенсиз өмүр өтө алмакпы,
Мага эми кереги жок алтын тактын!

Өмүрүм күндөн күнгө соолуп барат,
Болсомчу же отузда, атаганат…
Баатырсың, кайда барсаң кор болбойсуң,
Башың жаш сага сайран,сага рахат.
Кокустан сен келгенче өлүп калсам:
Көрүмө кайсы балам топурак салат?»

Арабдын өңкөй мыкты – жакшылары,
Көсөмдөр, чечендери, акындары…
Жыйналды хандын алтын чатырына,
Турушту тегеректеп Ростеванды.
Дегенде: «Күнүң өчтү, айың батты»
«Аллалап» жин тийгендей калтырашты.

Билинер чымын учса, тынчтык басты,
Жер тиктеп таштай катып далдыраштьы…
«Жөнөрдө кантип бир эр көрбөдү экен»,
Дегенде Шермадинге калк жол ачты:
«Калтырган уулуңуздун осуяты» – деп,
Тапшырды түрмөктөлгөн ак кагазды.

Шермадин кепке кемтик кемден бекен?
Ошондо Ростеванга мындай деген:
«Мен муну таап келдим тепсендиден,
Күң-кулдар оюн куруп жаткан жерден.
Башымды ал, мен ыраазы ушул жерден,
Айрылдык алтын чынар Автандилден…»

«Элиме кайгы күнүн жарыяладым,
Жамынып кара кийим кайгыр баарың!
Калайык кыбыла карап тилегиле,
Деди хан, – датыңды угар бир кудайым,
Автандил сапарында кор болбосун,
О, тагдыр, жолун ачып, бер райым!»

## XXVIII

## АВТАНДИЛДИН ЭКИНЧИ ЖОЛУ ТАРИЭЛДИ ИЗДЕП ЧЫККАНЫ

Ай күлсө, асмандагы көп жылдыздар,
Алыстан, эң алыстан жымыңдашар.
Аңгыча түн сүрүлүп, таң жарылып,
Ай батып, күн жайылтып нурун  чачар.
Жигиттин сары оорулуу Автандилдей –
Кайгысын кимдер билип, кимдер жазар?

Угалы анын тарткан азаптарын,
Сансыз күн, далай айлар жол басканын.
Чыга албай арасынан тоо-таштардын,
Эрме чөл, түнт токойдо адашканын.
Көкүрөктүн күңгүрөнгөн муңдары бул:
«Издерин табар бекем арыстандын».

Как этип карга учпаган талаа дүлөй,
Ырымга жалгыз аяк издер түшпөй.
Ушул жер таасир кылды жалгыздыкка,
Арфанын элди ыйлаткан күүлөрүндөй.
Жарташка аттан түшүп, чыгып турду,
Автандил кайда барар жагын билбей.

«Мойнума оролгондо ак билегиң,
Илебиңе оттон  ысык эзилгеним,
Эсимде көзү уялчаак, сөзү чоркок,
Шондогу махабаты бала кездин.
Сен үчүн бүт өмүрүм Тинатиним,
Телмирип, ээн талаада тентигеним.

Ой ойлойм,касирет тартам, жандан кечем,
Минткенче же уу жутуп, өлсөм десем:
Шерт кыйын, жандан артык достук таттуу,
Кеп экен бул орунсуз, байкай келсем.
Качандыр тегиз жарык нурга айланар,
Кандайдыр бүлбүлдөгөн шоола сезим.

Алтын күн! Адамзаттын жете албасы!
Он сегиз миң ааламдын падышасы!
Ак айды жана бардык жылдыздарды,
Башкарып жолго салчу карт бабасы.
Сыйынам, күнүм сага, тобо кылам
Боор ооруп эки ашыктын багын аччы!

Эдемдин чынары элем эркин чыккан,
Гүл элем жыпар жыты буруксуган.
Кезинде күркүрөгөн бүркүт элем,
Зооканы дүңгүрөтүп учуп чыккан.
Жардам кыл! Чөптөй соолуп бара жатам,
Кордук жеп ашыктыктан – махабаттан».

Көзүнөн жаштар акты кан аралаш,
Э, шордуу, эч ким сенин зарыңды укпас.
Лиранын кылдарындай назик кыял,
Кайгысын ашыктыктын көтөрө албас!
Сага ый, жылдызга оюн, шат-тамаша,
«Сыр айтпа билбегенге» деген ырас.

«Куюлган сүттөй аппак нуруң кандай,
Макулук күмүш сууга жуунгандай.
Күчүнө күн канчалык мактанса да,
Тура албас уйкуга эрип магдырабай.
О, сүйүү, сенден жардам болор бекен?
Көктөгү ай! Менин жарым сендей бир ай!»

Суу бойлоп агып жаткан, жар астында,
Жайланып топ кайыңдын арасына.
Чала уктап, жамбаш талып, тынчы кетип,
Ойгонду таң агарып күн чыкканда.
Сапарын барса келбес, узартмакка
Автандил кайраттанып минди атына.

Баратса желе жүрүп, кыяны ашып,
Топ эчки качып берди шагырашып.
Тегинде текке кетпес жебе менен,
Ал жерден бирин тандап атып алып,
Кайрадан кубат жыйнап жаркылдады,
Тагдырдын насибине кайраттанып.

Түш ооду. Күн ысыгы мээ кайнатты,
Тулпардан сел-сел болуп терлер акты.
Автандил бир убакта оң жагынан
Баягы кара үңкүрдү көрүп калды.
Өлгөнү азыр кайра тирилгендей,
Атына камчы салып арылдатты.


Асматжан көрө коюп ошол жерден,
Көзүнөн жашын аарчып сүйүнгөндөн,
Автандил аттан түштү кучакташты –
Көрүштү бир туугандык жүрөк менен.
Акыры тирүү болсо боордоштор,
Мынакей, бирин бири табат деген!

Андан соң шер сурады: «Досум кана!»
Бул суроо катуу тийди Асматжанга:
«Автандил, сен кеткени токтоно албай,
Тариэл минип алып кара атына,
Мага айтпай ошол бойдон жөнөп кеткен,
Кайткан жок, кайта турган убагында».

Сайгандай ийне менен жүрөгүнө,
Автандил сөз таба албай сүйлөрүнө:
«О, Асмат, адамзатка түшүнбөдүм,
Дечү эле жалган айтса болот күнөө...
Антташкан убадасы Тариэлдин,
Достукта ушунчалык жеңил беле?

Мен аны таба албасам жашоо эмне?
Кандай деп жооп айтам сүйгөнүмө?
О, тагдыр, бир ырайым кылсаң боло,
Ушундай менин көргөн күндөрүмө!
Чындык жок – махабат жок, досчулук жок,
Бул кандай жалган дүйнө, жалган дүйнө...»

Кыз айтты: «Бул сөзүңдүн жок катасы,
Бир болор эр жигиттин убадасы,
Тариэл жарадар шер, жүрөгү таш,
Өлүмгө жанын кечип, бууган башты.
Шондуктан бүгүн мында, эртең анда,
Дүйнөгө супсак даам көз карашы.



Жүрөк, жан жана акыл – бул үчөөнүн,
Кем болсо эгер бирөө – күтөр өлүм.
Автандил, билбейсиңби курдашыңдын,
Жүрөгү кайгы менен түгөнгөнүн?
Ал эмес, боорум ага махабатка,
Мисалга алып көрчү өзүңдү өзүң.

Жарабас курдашыңа капа болуу,
Жан ага, таарынуунун болор орду.
Ал сенден айрылганды кантип сүйсүн?
Байлануу чынжыр менен буту колу.
Мына, мен өз башымдан азаптарды,
Өткөрдүм бир жолу эмес токсон жолу.

Канчалык кордук болсо жер бетинде,
Ошонун баары келген Тариэлге!
Кайдагы ок, кайдагы таш, кайдагы кол,
Тийбеген анын болот денесине?
«Нестаным, – деп муңканса эр жүрөгү,
Не түрдүү таш болсо да эрир эле.

Мен андан амалым жок айрыларда:
– Не кылам Автандил шер келип калса?
Дегенде ал мындай деп жооп берди:
«Асматжан, таппай калса айла канча?
Тагдырдын жазмышы экен, менде айып жок,
Кайрылып бир келермин ушу жайга.

Досумдун жакшылыгын унутпасмын,
Жараткан ылайым анын багын ачсын!
Күтөмүн көз кубаты өчмөйүнчө,
Сагынып достук отун замандаштын.
Күн мурун сезип турам Автандилдин
Бул жактан мени тирүү таба албасын.

Ушинтип үңкүрдү ээлеп жалгыз калдым,
Күндүр-түн, эрмек кылып көздүн жашын.
Тагдырым күнөөсү жок жаш башымды,
Кор кылды багынасың, не кыласың?
Эгерде ажал болсо неге келбейт?
Кантейин мындан башка жок ылаажым.

Кытайда (жаш кезимде уккан элем)
Бир ташта жазуу бар дейт мындай деген:
«Касташар душмандан да ары болор,
Эки дос бирин бири издебеген».
Агатай, ошондуктан токтоп турбай,
Жөнөй бер аттын кызуу деми менен!

Асматжан жеңип салды сүйлөттүрбөй,
Автандил айтып көрсүн ырас дебей!
«Жараткан ыраазымын, каарыңды чач,
Сөзүнөн жаңылганга мына мендей!
Учайын Тариэлдин арт жагынан,
Жар бойлоп суу издеген тоо эчкидей.

Бул үчүн не көрбөдүм, не укпадым?
Уу жутуп нечен ирет уукпадым?
Жүрөгүн жүрөгүмдөн чыгара албай,
Жалганбы, эл-жеримди унутканым?
Колунан мүнүшкөрдүн качкан куштай,
Кечкеним хандыгынан Ростевандын?

Ал мени артык көргөн баласынан,
Чынында ошол эле адам кылган.
Жерге эмес, асмандагы жылдызга да,
Таанылган дүнүйөгө марттыгынан.
Ошенткен ак пендеге шек келтирдим,
Үмүт этпейм жакшылыкты кудайымдан.

Оюндай кээ бир ач көз адамдардын,
Дүйнө эмес, алтын эмес каалаганым.
Ушинтип кордук тартып сандалганым,
Жеткирбес кушун кармоо махабаттын.
Кайрадан гүлүн ачуу кооздонтуп,
Курдашым Тариэлдей жарадардын.

Жөнөйүн сен айткандай, кош Асматжан!
Жол туюк, алдым туман, артым туман.
Кайтпасмын катар-катар жыл өтсө да,
Издеген курдашымды таба албасам.
Күн бүтүп өлөр кезде, элсиз жерде,
Ошондо салам айтам учкан куштан».

Деди да, чү деп атын камчылады,
Зоокадан учкан куштай аркырады.
Автандил куюндатып бара жатты,
Ээрчитип арт жагынан шамалдарды.
Деңиздей мел-мел этип тосуп турат,
Баягы ырайы суук талаалары...

Ошондо көздүн жашын төгүп-төгүп,
Көз жашы күн жаагандай нөшөрлөнүп.
Автандил тагдырына зарын айтты,
Буулугуп, мукактанып, бөлүп-бөлүп:
«Жете албай ашыгыма сандалганча,
Өлсөмчү, зоодон учуп, көлгө чөгүп.

Тариэл адамзаттын чаар жолборсу,
Мен анын жан кыйышпас жан жолдошу.
Санаабыз, оюбуз бир – ал ашыктык,
Ашыктык баш коштурбай жолду тосту!
Жер жүзүн миң айланып чыксам дагы,
Дүйнөдө таба албасмын андай досту.

Эр жигит ыйлай берсең жокко дегдеп,
Өмүрүң төккөн суудай бошко кетет.
Майышпай кыйындыкка чыдай билсең,
Бакытка акыр бир күн колуң жетет.
Алдыңдан тоо келсе да тешип өтүп,
Көздөгөн максатыңа жетүү керек!»

Эрме чөл какыраган, куштар баргыс,
Ысыктык... бир саатка жан чыдагыс.
Автандил: «Тариэлим» – деп кыйкырса,
Күңк этер жаңырыктуу жалган дабыш,
Үч күнү жана үч түнү уктаган жок,
Дайын жок эчтекеден, текке чабыш...

«Датымды ук, касиеттүү кең асманым!
Жолу түз, түшпөс ханы мүлдө ааламдын!
Мейли эле жашоо күнүн азайтсаң да,
Бирок да тилегин бер алсыздардын,
Болду го ушунчалык кор кылганың,
О, Асман! Сообуна кал курган жандын!»

## XXIX

## АВТАНДИЛ ТАРИЭЛДИН ЖОЛБОРС МЕНЕН АЛЫШЫП ЖАТКАНЫН КӨРӨТ

Автандил ойдон ойго, тоодон тоого,
Кыдырып бир белеске токтолгондо.
Кандайдыр болоттон курч туяк тийип,
Жошулган кумдуу жерди көрдү ошондо.
«Өңүмбү, түшүмбү, – дейт кубанган шер
Ушул из тегин аттын изи эмес ко!»

Акмалап дагы азыраак ары барып,
Өткөнүн нагыз тулпар билди анык.
Жайдары жарк дей түшсө бейиш гүлдөй,
Караанды сереңдеген көрө калып.
Тариэл досу экенин таанып алып,
Жөнөдү аткан октой жагалданып.

Бир нерсе «күр» деп келип тиет ага,
Ал, аны артка ыргытат каардана.
Тамтык жок, кийимдери бүт тытылган,
Айкырып калың камыш арасында.
Баатырдын бети-башы кан жалаган,
Бул өзү кандай шумдук, кандай балаа?

Автандил эмне экен деп турса байкап,
Каны агып дирт-дирт этип жолборс жатат.
Дагы бир жолборс жаны чыгып-чыкпай,*
Тура албай көзү жайнап, оозун ачат.
Кылычы колундагы, жерге түшүп,
Тариэл алдан кетип, болгон чарчап.

Курдашын көрөт десе, көрбөй калды,
Өчкөн го күндөй жаркын көз алабы.
– Тариэл, мен жаныңдын садагасы,
Барсыңбы дегенде да карабады.
Кыйын го бир боор деген, жолдош деген,
Автандил ыргып түшүп кучактады.

Эки шер, эки баатыр учурашып,
Олтурду таш үстүндө ал сурашып.
Автандил: «Курдаш, сени араң таптым,
Сандалып айлык-жылдык жолду басып».
Дегенде Тариэл шер жерди тиктеп,
Телмирди ирецинен кандар качып.

Эринбей болгон иштин баарын жазам,
Өткөн соң далай саат катарлашкан,
Тариэл көзүн ачып, тилге кирди,
Эсине келген экен ошондо араң.
«Боорум» – деп Автандилди кучактады,
Болбостур мындай шаттык, аттиң, жалган!

Деди шер: «Аткара алдым достук антты,
Сактадым сени күтүп жарты жанды.
Болду эми өлсөм мейли арманым жок,
Үстүмө көмөрүм бар топуракты.
Ракмат, кымбаттуу дос, сен кете бер,
Кызыксыз мага өмүрдүн ыракаты».

Автандил: «Асмандан таш жааса дагы,
Тариэл, жеңүү керек максаттарды.
Тагдырым, өмүргө кор, өмүргө зар,
Атайы жараткан соң адамзатты.
Турмушта азаптарды көрүп өтпөй,
Опоңой сезе албайсың махабатты.

Эр жигит – эрдик деген улуу урмат!
Жигитке эрдик атын актоо кымбат!
Тозоктун кандуу оттору каптаса да,
Эр болсоң, көз ирмебей тургун чыдап.
Майышчаак жаш кайыңдай жашык болсоң,
Өлүмдүн азаптары өкүм кылмак.

Маселен – чөлдө калган жолоочулар,
Бир жерден издеп жүрүп кудук табар.
Бир күндүк сайран курган рахатта,
Кырк бир күн тарткан азап унут калар.
Сүйүүдөн үмүт үзүү жарабайт ко,
Өзүңдөй армандуу азаматка.



Сурачы эрдемсинген жигитиңден,
Бир кезде ал да биздей сүйдү бекен?
Сүйгөндүр – сүймөк түгүл жалынданып,
Жангандыр махабатка танып эстен.
Ал эмес, өзүнчө өсүп чыккан гүлдү,
Кыз, жигит үзүп алар мээнет менен.

Турганда тоту гүлдөр толук гүлдөп,
«Мынчалык коздугуң кимге керек»
Дегенде бир арсыз жан, гүл айтыптыр:
«Гүл куну баркын билген булбулга эрмек»,
Дегендей махабаттан кызык барбы?
Тариэл, эр кадырын жигит билет.

Жамандыктын артында жакшылык бар,
Далай өтөр жигиттен кыйындыктар.
Айы баткан караңгы, көрдөй түндө,
Күмүш күбөк алтын күн жарык чачар.
Сүйүү деген сүйгөнгө көктөгү ай,
Махабатка жете алмак чыдагандар.

«Кана эмесе, Тариэл, атыңа аттан!
Жол баштайын, курдашым, ээрчи артымдан,
Кайрат кыла, кайгынын баарын унут,
Таарынычым чоң болот, тил албасаң!
Каалаганга ошондо жете аласың,
Тагдыр менен таймашып атаандашсаң».

Тариэлдин жообу бул: «Канат талды,
Дарманым жок учууга мындан ары.
Шам чырактай жаркындуу көзүм солду,
Кайда бассам көрө албайм жер караңгы.
Бир уктаса – ойгонуп азап чекпес,
Түбөлүктүү таттуу уйку болду дары.

Тагдырым берди мага кандай капа,
Өлбөсөм мен жолуксам Нестаныма.
Бир сүйсөм, барлык дартым тарар эле,
Миң ыраазы болор элем, жаратканга».
Автандил,  жатар көрүм даяр турат,
Бир боордук, топурагың сал, айтып дува.

Жададым жер үстүндө жашагандан,
Өмүрдө көңүлүм калды адамзаттан.
Көрүшсөк ал да ыйлайт, мен да ыйлайм,
Сап болот көкүрөктөгү каткан арман.
Деген бар: «Күйгөн күйөр өмүрлүккө»
Чыдоого мындан ары жетпес чамам.

Курдашым, чынымды айттым жүрөктөгү,
Жаш жаным тилеп турат, каалап көрдү.
Жашоо эмне? Ал бир күндүк таттуу уйкудай,
Кандай эр коркута алмак өлүмдөрдү?
Чатырап бүгүн такта олтургандын,
Көр болор эртең жатар жайлуу төрү...

Миңдерден миң жолу уктум акыл-насаат,
Алданып акырында болдум акмак.
Берметтей тизмектешип өттү күндөр,
Бала кез закымданып сызды ыраактап.
Ушинтип чындык таппай жан тажамак,
Андан соң кумдай болуп майдаланмак.

Автандил насаатыңды угар элем,
Өмүргө кайрат кылам эмнем менен?
Турмушта бир күнүндө токсон жолу,
Ушул баш бышып чыкты эрдиктерден.
Мени кой, күнүңдү көр, элиңе кайт,
Жолуңа түшүп алып ушул келген!»

Өмүргө жеңил болсо эгер кимдер,
Адети Автандилдин эрегишер:
«Бүгүнкү иш бүгүн колдон чыгуу керек,
Кезеги эртеңкинин эртең келер,
Кой курдаш, жаш жаныңды жабыркатпа,
Дүйнөдө кылмыштуулар жандан кечер.

Күн деген күн сулуу бар Аравияда,
Кокустан жаратылган бул жалганда.
Ал калды, туулуп өскөн жерим калды,
Ошентип келип турам курдаш сага!
Сен өлсөң ырыс-бактым, баары өлмөк,
Жазылмак айыкпас дарт, таалайыма.

Тариэл! Атка минсек, ыр ырдасак.
Жарышсак талааларды артка таштап.
Күүгүмдөп көз алдыңа пайда болор,
Ошондо алыс калган алтын жаш чак!
Өзүң бил кетесиңби, каласыңбы,
Армансыз мына ошентип ажырашсак.

Сурарым эң акыркы ушул болсун,
Не дейсиң жообуңду бер, кана, досум!»
Кең талаа шамалына дегдетпейби,
Буулуккан капастагы шер жолборсуң?
Өзүнүн кумарданткыч деми менен
Канткенде эр жүрөгүн козголтпостун...

Деди шер Автандилге: «Тарткын атты!»
Автандил, Тариэлдин атын тартты.
Эки дос тизгинди эркин коё берип,
Закымдап чымын-куюн бара жатты.
«Ой, жашоо!» – деди ошондо курган баатыр
О, чиркин, өмүр деген кандай татты?

Баатырдын жүрөк сырын баатыр билер,
Биле алмак андан башка анан кимдер?
Лирага куп келишип үн салышкан,
Автандил бала күндөн ырга чебер.
Сүйгөнүн ырга кошуп шаңкылдаса,
Жылмайды өмүрүндө күлбөгөн шер...

Ак кептер туткундалган капастагы,
Сүйбөйбү эркиндикке кутказганды.
Досуна Автандилдей бирдин бири,
Кабылан шер, Тариэлдин кайсы арманы?
Ошондо кепти ыгынан толгоп чыгып,
Баатырдан мындай бир сөз сурап калды:

Сырларды жүрөгүнө терең баткан,
Жашырбай мен досуңа айтчы арстан!
Алдагы колуңдагы алтын шакек,
Берилген эстеликке Нестаныңдан.
Сен аны унуттуңбу, ойлобойсуң,
Көңүлүң айнымакпы махабаттан?»

Досу айтты: «Ал бир күнүм нурун чачкан,
Ал дүнүйөм, өмүрүмдө жыйып-тапкан,
Гүл бакчам, ракатым, тагым ошол.
Мына бул көкүрөктөгү жаным Нестан.
Унутуу Нестанымды, махабатты,
Ал ушак, түшкө кирбес үч уктасам!»

Автандил мындай деди Тариэлге:
«Сөзүң сөз – тилегиң ак, баракелде!
Кабыланым мунун баарын биле туруп,
Атайы бул суроону бердим эле.
Сүйүүдө өмүрүң бир, тилегиң бир –
Түшүнбөйм ойлоп туруп бир нерсеге:

«Кордукту баарыбыздан көп тартканды,
Өзүңдөй баалай билген махабатты,
Уу ичсең, ал да уу ичип, күйсөң -күйгөн,
Бир боордон артык болгон карындашты,
Шонтсе да акырында өгөйсүнтүп,
Сен не үчүн таштап кеттиң Асматжанды?

Күн сулуу жаның Нестан-Дарежандын,
Жеткирген «сүйөм» деген кабарларын,
Ким эле? Шашып соккон жүрөк менен,
Ар мезгил жолдон тосуп алгандарың.
Тариэл өз көзүңчө ачык айтсам –
Жакшылыкка жамандык бул кылганың!»

Тариэл жооп берди: «Мунуң ырас,
Асматжан муңга муңдаш, сырга сырдаш.
Сен айткан анын кылган бир боордугу,
Өлгөндө көрүмдө да унутулбас.
Сүйүүдө күйүп, түтөп бараткада,
Минтпеске амалым жок, кантем курдаш?

Алкынтып эки ат минген эки эр келет.
Камчы урса, тең камчы уруп, тең теминет.
Токтолуп Тариэлдин кандуу жашы,
Бетинен күндөй жарык нур себилет.
Куттуктап куштар көккө калкып учуп,
Жол ачат кайдан чыккан берендер деп.

Автандил ат үстүндө айтты муну:
«Улуудан жакшы болот насаат угуу,
Баатырдын башкалардан артыктыгы,
Тажаалдуу ажалдарды жеңип чыгуу.
Кордуксуз өмүрүңдүн кызыгы жок,
Кайгынын дабасы эмне? Кайрат кылуу.

Турмушта көп иренжип көңүл чөгүү,
Кордукка чыдай албай өзүнчө өлүү.
Өмүрдө жашоо даамын билбегендик,
Акмактык мындайларды өнөр көрүү!
Угулмак баатырлыгың жаратканга,
Жеңе алмак чындык ишке чыдап көнүү».

Жөнү бар Тариэлдин жооп кайтараар:
«Акылман чын досуна күйдүрө айтар,
Насаатыңда ката жок, жан курдашым,
Бирок батты өпкөмө уу тырмактар.
Кантип жаның күйбөсүн тагдырда ыйлап,
Жок болгон соң кайгыңа жардамдашар?

Бирөөнүн дартын билер – дарты барлар,
Өзүң өңдүү бирден бир акылмандар.
Жаш денеме сүйүүнүн уулары өттү,
Жаткан жерден тура албас, мен жарадар.
Качкан кушту кайрадан кантип кармар,
Өчкөн чырак канткенде кайра жанар?»

## XXX

## ТАРИЭЛ ЖОЛБОРС МЕНЕН КАРМАШКАНЫН АЙТЫП БАРА ЖАТТЫ

«Айтайын көргөндөрдү койбой баарын,
Угуп тур акылга кең даанышманым.
Күн санап ана келет, мына келет,
Эриктим, такыр чыдап тура албадым.
Аң уулап жорто жүрүп келе жаттым,
Астымда ушул кара аргымагым.

Туш келдим бир дөбөгө кырдан ашып,
Келатат жаш* жолборс жыла басып.
Артынан дагы бирөө* чыга калды,
Турушту күркүрөшүп жерди чапчып.
Булардын сүйүүсүнө батмак болдум,
Мындайга маашыркаган кайран жаштык.

Жаш жолборсу беркисине шыйпалаңдап,
Жалооруй ашык болуп басты абайлап.
Күтүүсүз бир убакта күр дей түшүп,
Бир бирин чалгылашты, чапчып, чайнап.
Куу жолборс ыгын таап, ыргып чыкты,
Эки көз эки жакта турду жайнап.

Кайрадан бирин бири жыттагылап,
Экөөнүн ортосунда достук, ынак.
Аңгыча чындап катуу кармаш болду,
Жолборстун көңүлүндө райым турат,
Бирок да эркексинип беркиниси*,
Күркүрөп күчтүүсүнүп үстөм кылат.

Кыйкырдым: «Шерим*, мунуң эрдик эмес,
Баатырлар сүйгөнүнө муну иштебейт!
Качырып кылыч менен салып өттүм,
Эч качан бир шилтемим текке кетпес!
Жолборс* шери жерге кулап күр дей түштү.
Мындайлар далай болгон, бир гана эмес.

Кылычты мындай таштап басып бардым,
Жаш жолборсту* эркелетип кучактадым.
Ал айбан сый ордуна тик атылып,
Матырды көкүрөгүмө тырмактарын.
Али жаш, алтынданган көрктүү жүнү,
Шондо да өлтүрүүгө кыя албадым.

Жолборстун жини келип чапчып алды,
Канталап денелерим жараланды.
Мойнунан мыткып туруп жерге чаптым,
Байкуштун ошол замат чыкты жаны.
Ошондо кокустан элестеп ашыгы –
Курдашың ого бетер* боздоп калды.

Автандил, кайда барсам ажал өртү,
Бул өмүр мага кылча көрүнбөдү.
Бат өлүм ошондуктан дары болуп,
Кайгыга катуу батып көңүл чөктү», –
Деди да, сөзүн бүтүп, оор үшкүрүп,
Көзүнөн кандуу жашын дагы төктү.

## XXXI

## АВТАНДИЛ МЕНЕН ТАРИЭЛ ҮҢКҮРДӨ КАЛГАН АСМАТКА КЕЛИШТИ

Автандил шер муңуна кошо жашып,
Бурулуп сыр алдырбай жашын аарчып:
«Эй, досум, койчу деги кайгырбачы,
Ойлочу экөөбүздө эмне жазык?
Жеткирер акыр бир күн махабатка,
Достуктун кайда болсо жолдору ачык.

Сүйүүдө – чок басасың, уу жутасың,
Миң алаамат шумдукка учурарсың.
Нечен ирет ал кетип, канат талып,
Капастардан капаска тутуларсың.
Акырында бал ичип, ракат көрүп,
Махабаттын койнунда буркурарсың».

Эки тулпар алчактап жүрүш салып,
Бара жаткан үңкүргө жакын калып.
Желбир-желбир жүгүрдү Асмат сулуу,
Эки агасын алыстан таанып алып.
Улам бири кучактап өөп жатты,
Жаштар агып, көздөрдөн бир туугандык.

«О, тагдыр, айланайын жаратканым!
Мен сыяктуу шордуунун сообун алдың.
Күн бүтүп, жүрөк токтоп, дем өчөрдө,
Өлүмдөн жанымды аяп сактап калдың.
Раазылык, – мен байкуштун алкышын ал»
Сөзү ушул ошондогу Асматжандын.

«Артынан жакшылыктын – кордук туумак,
Ошентип бирин бири жууп турмак.
Бул өзү адамзатка буйрулган,
Жазмыштын ырайымы го, таштан муздак».
Тариэл кошуп койду сөзүн улап:
«Ойгонгус таттуу уйкуда жатсам уктап.

Жашоодон, жыргоодон да ошол артык,
Жүргөнчө кара жанды азаптантып.
Жараланып жерден боорум көтөргөнү,
Көрбөдүм таттуу өмүрдүн даамын татып.
Курдаштар айткылачы, кайда сүйүү!
Кайда оюн? Кайда күлкү? Кайда шаттык?»

Дегенде Автандилге кайгы толду,
Себеби кайгы козгор бороон болду.
«Барсыңбы алыс калган Тинатиним,
Балбылдап жанып турган сүйүү оту.
Жаркыным ойлор бекен, билер бекен,
Ушинтип сагынычтуу боздогонду?

Күн нуру далдаланса булут менен,
Гүлдөрдүн гүлү кургар жердеги өнгөн.
Канчалык болот жүрөк болсоң дагы,
Айрылуу канткен менен кыйын экен.
Жубайым же мени эстеп, касирет тартып,
Нуру өчүп күзгү гүлдөй солор бекен».

Чатырап күйүп жатты от лапылдап,
Боркулдап таш казанда эттер кайнап.
Асматтын тамактары балдан таттуу,
Баатырлар тоюп алып кайрат байлап,
Дүнүйөнүн сыр кулпусу ушуларда
Чубурган сөзгө кирди узун сабак.

Өзүң сындуу дос менен муң-муңдашсам,
Жол элестейт бүлбүлдөп, алды жактан.
Бүгүнкүдөй жадырап келип турат
Өтүп кеткен кызык кез, алда качан.
Арманың жок мүрт өлүп кетсең дагы,
Автандилдей беренден насаат уксаң.

Эки баатыр ал түнү конуп калды,
Баягы эле кара үңкүр орундары…
Чала уйкулуу жүрөктөр жай алышып,
Таттуу түшкө тартылып магдырады.
Эрлер сүйгөн, кол жеткис сулуулардай,
Күн чыгыштан үлбүрөп таң агарды.

Ошондо анан Тариэл айтты муну,
Асмат менен Автандил угуп турду:
«Убадаң чын, антың чын эр экенсиң,
Актай алдың беренким курбулукту.
Сени менен учууга дарманым аз,
Байлап койгон тагдырым колду, бутту.

Билесиң го соолгон гүл гүл болбосун?
Гүл да болсо түрлөнгөн түр болбосун?
Башка келген өлүмдү ким ала алмак?
Ошондуктан мага эч ким жол тоспосун!
Күмүш нурлуу, күн сулуу Тинатинге,
Сагынычтуу жарыңа кайткын досум.

Билем тагдыр эч жардам кыла албасын,
Дарттуу жаным азаптан чыга албасын.
Эки ашык зарлашып бир бирине,
Жете албай өлдү деген сөз таралсын…
Махабат – кол жетпес күн экен го деп,
Акындар биз тууралуу ырлар жазсын».

Кайра айланып сөз келет Автандилге
Жеңилгенге саналмак жооп бербесе:
«Өмүр деген каухардай сууда жаткан,
Бир дегенче кубулган алда нече.
Бакытты белен бойдон суна бербейт,
Тагдырым текеберлүү пендесине.

Кылганы ак, ашыктыктын пейли кенен,
Жашатат адамзатты эби менен.
Эл-журтка бел болот го деген кулун,
Өткөзөт жүз миңдеген кечүүлөрдөн.
Курдашым сен ошонун биридирсиң,
Өлбөсөм Нестаныңды таап берем…»

Салкын түн булбулу бар гүл бакчада,
Сүйлөшүп жарым менен отурганда:
«Жүрөктүн жанса кетпес дарттары бул:
Жарадар кабылан калды алыс жакта.
Досуңа достугуңду актап кайтсаң,
Сүйүүнү кошо актаарсың» деген мага.

Чөлдөрдөн, токойлордон, дарыялардан,
Чокусу көккө тийген ашуулардан.
Ушинтип өтүп келип  азап менен,
Бир сени тапсам ээ деп кусалангам.
Эрдикте – кемсиндирген ат алганча,
Өлгөнүң жакшы эмеспи намысыңдан.

Кулак сал менин айткан акылыма,
Достукта баш иймек бар, улуусуна.
Бел байлап жер-дүйнөнү кыдырайын,
Көп эмес, туура он эки ай, бир жыл чыда.
Кыркына күттүң, эми бири калды,
Саргайган – жетер деген мурадына.

Тулпардын изин таштап, ай-ааламга,
Түшөйүн жер үстүнөн жер астына.
Башыңа келген шорду тартуу керек,
Бел байлап тобокел деп не болсо да.
Биле алсам, Нестаныңдын амандыгын
Кайтармын жазгы гүлдөр, гүл ачканда.

Кечиксем он эки айдан, жок болгонум.
Мына бул таш боор жердин топурагын,
Үстүмдөн түшкүс кылып оронгонум.
Өзүң бил ыйлайсыңбы, күлөсүңбү,
Үмүт үз ошондо анан, менден боорум.

Күтүүсүз өлүм тиер тулпарыма,
Мезгилсиз ажал келер, балким, мага.
Баратып кумга батып, көлгө түшүп:
Көмүлбөй жем болорбуз ит-куштарга.
Ким билсин бүгүн-эртең көрөр күнүн,
Не чара бул жазмыштын кылганына?»

Тариэл: «Курдаш эми жок деш болбос,
Сен дагы эр, мен да бир эр – эки жолборс.
Азабын махабаттын тең тартсын деп,
Тагдырым издеп жүрүп кошкон жолдош.
Көнбөскө айтканыңа – ылаажым жок,
Деген бар: «Ырксыз достун иши да оңбос».

Милдетим: буйругуңа моюн сунмак,
Үйрөткөн насаатыңды сабак кылмак.
Күтөйүн тоо-таштарга конуп-түнөп,
Ансыз да кайсыл жыргал, кайсы рахат?
Автандил, жашык жанды жашытпачы,
Сен өлсөң мен да өлмөкмүн, тең жан чыкмак».

Буларды айта берсем, көп арман бар,
Жүрөгүн ар адамдын калтыратар.
Аттанып аң уулашып кайра кайтты,
Амалсыз мезгил келди ажырашаар.
Эки шер бирин бири кыйыша албайт,
Не кылсын жаштан башка бечаралар?..

Күнөөсүз – ашыктыкка кор болгондор,
Тентишмек дагы кайда эки бир боор?
Баарынан сүйүү айы – Асматжандын,
Байкуш ай көргөн күнү эмне болор?
Тагдыр ай, райымың барбы деги,
Бул мезгил сүйгөндөргө кандай таш боор?

Арабдын Автандилдей кабылан шери,
Баатыр эл, Индостандын Тариэли,
Ташташып кара үңкүрдү, атка минди,
Дайынсыз мекен кылып токтор жери.
Агызып көз жаштарын сел-сел кылып,
Асматжан жал-жал карап кала берди.

Баатырлар бир күн, бир түн жол жүргөндө,
Шарпылдап жарга урунуп көбүктөнө,
Ырдатып толкун менен муңдуу ырларды,
Ыйлаган күүлөр тартып күңгүрөнө
Туш келди бир деңизге мына ушундай,
Турушту аттан түшүп берки өйүзүндө.

«Тариэл, кебиң эсте баягы айткан,
Алдагы минген атты тартуу кылган,
Фридон падышанын шаары кайда,
Кай жолдон кайда түшсөм, кантип табам?
Бир уксам мына ошондон кабар угам,
Жоголгон жарың Нестан-Дарежандан».

«Тээтиги тумандаган мунарыкта,
Көрүнгөн кара тоонун ар жагында,
Бөлүнгөн эки айрымга чоң жол жатат,
Кайрылсаң күн чыгыш жак тарабына.
Ошондо жарым күндүк жерде калат,
Салам айт мен тууралуу ал сураса».

Союшту эрлер кулан атып алып,
Дүркүрөп от күйүүдө жалынданып.
Жалгыз дарт: сүйүү деген кетпеген соң,
Жүрөккө жеген тамак араң барып.
Турмуштун түк кызыксыз элеси учуп,
Жашоонун – уудай ачуу даамын татып.

Ызы-чуу, кымкуут үрөп кыбыладан,
Бир нерсе сүлдөрү бар арбаң-сарбаң.
Терип жеп келаткандай шордууларды,
Сандалып эл-журтунан жолдо калган.
Бороондой дем чыгарган илебинен,
Жоголуп бараткандай эки караан.

Ошентип, бирөө кетти күн батышка,
Жөнөдү экинчиси күн чыгышка.
Тунарып жаркыраган ай тосулду,
Көздөрүнөн нөшөрлөп, аккан жашка.
Көңүлүңө эмне жакса, ошону иштеп,
О, тагдыр, алсыздарды кылдыңбы ыза?..

## XXXII

## АВТАНДИЛДИН АРМАНЫ

«Шум дүйнө! Мени жаман сандалттың го,
Мендейдин нечендерин алданттың го.
Сен чиркин, деңиз кыял кушу экенсиң,
Бир качсаң, түшпөс торго, конбос колго,
Кочуштап уу шимирип, кан кускудай,
Не жаздым, не күнөөм бар айтсаң боло?

Таптадың топурактай достук антын,
Желге учту менин кылган ак кызматым,
Досчулук эми гана кошуларда,
Кайрадан көз көрүнө ажыраттың,
Азабымдын үстүнө азап кошуп,
Мынчалык өчүң бардай не кылганың?

Апачык күн бүркөлдү ошол кезде,
Чогулду жан-жаныбар тегеректе,
Чаңкаган суусун каныр кетип жатты,
Тарашып туш-тарапка бет бетинче.
Бул өзү баатыр чындап муңканганда,
О, чиркин, жаштан бүткөн деңиз эле.

«Бар бекен сүйгөн жарым аман-эсен,
Бар болсо Автандилди ойлор бекен?
Адам жок бир тамчы суу тамызарга,
Ок тийип, аккан кезде кан жүрөктөн.
Жалгыздын мындан аркы көрөр күнү,
О, тагдыр, кандай болуп кетер экен?»

Сыйынды асмандагы жаркын күнгө,
Тинатин сендей нурлуу сендей бирөө!
Жок болсо сенин шоолаң өмүр болбос,
Тагдыры жер жүзүнүн бир өзүңдө.
Себеп бол, касиетиңден айланайын,
Адашкан жолдорумду көрсөтүүгө!

Башка жок жер таянсам жардам кылар,
Боздосом, кайгым-муңум кимге угулар?
Сүйүүнүн дарыясында чарчаганда,
Эки күн! Мени унутуп таштадыңар.
Дем алган ар бир демиң от болгон соң,
Адамдын боору түгүл таш жарылар.

Кең асман! Күндүн жолу сенде эмеспи?
Узаткан кеңеш менен таңды кечти.
Жолум оор, жайым зындан, сезгеним түн,
Кем кылбай теңтуштардан жарык берчи!
Суусадым, суу ордуна жардын жашын,
Ичейин күчүң болсо алып келчи!

О, Заул[1]! Планети шордуулардын!
Жүктөй бер алсыздардын кайгы зарын.
Канакей, дагы кандай көргөнүң бар?
Бере бер! Бардыгына мен даярмын.
«Унутпа, ал сендик», деп кабар айтчы,
Нуруна алыстагы Аравиянын.

О, Муштар[2]! Баарыбыздын башыбыздан,
Калыссың чындыктарды жаза турган!
Жүрөктүн дабыштары бирдей эмес,
Чындыкка, арамдыкка түрлүүчө урган.
Шайтандын терс жолуна түшө көрбө,
Сактап кал мен шордууну кайгы-муңдан.

О, Марих[3]! Жүрөккө мал канжарыңды,
Иче түш аккан жылуу кандарымды.
Денемде ийне илинер жер калганча,
Ыйлайын сүйүүгө айтып арманымды.
Сурарым: Тинатинге* угузуп кой,
Сүйүүгө минтип күйүп жанганымды.

---

[1]*Заул* – Сатурн.
[2]*Муштар* – Юпитер.
[3]*Марих* – Марс.



Аспироз[1]! Планети махабаттын,
Тагдыры сүйүүдөгү барлык дарттын!
Көкүрөктү өчпөс жалын арбап алып,
Дем куруп түтөп күйүп баратамын.
Мендейдин убалына көз салсаңчы,
Колуна тийгизсеңчи, ашык жарын!

Отарид[2]! Айсыз көрдөй караңгылык,
Болсо да жалжылдайсың жалгыз чыгып.
Жазып ал көргөн кордук азабымды,
Берейин көз жашымдан сыя чылап.
Мына бул асман сага кагаз болсо,
Жүрөктүн тарамдары калем болуп!

О, нурлуу Ай! Бир караңгы, бирде жарык,
Кээде кул, кээде кылган падышалык!
Эмесе, мен да өзүңдөй бул жашоодон,
Бирде шат, бирде күйүп кордук тартып.
Угузчу оор алымды Тинатинге,
Жеткирчи кабарымды махабаттык!

Саналган планеттер жети түркүн:
Ай, Марих, Заул, Муштар, Аспироз, Күн,
Отарид, асманымдын калыстары,
Ааламга бөлүп турган тагдыр күчүн.
Жаркыным мен өлсөм да булар өлбөс,
Унутпа бардык азап сен бир үчүн.

Келбетиң бул жалгандан табылбаган,
Аман бол, Перизатым, алыс калган.
Кун жеткис берметтериң ушул беле?
Баягы өз колуңдан белек кылган…
Кантейин көргөн сайын медер кылам,
Амал жок, колум кыска, аттиң арман.

Азиз баш – бир күн түшөр кара көргө,
Кайрат кыл, бирок келчү өлүмдөргө.

---
[1]*Аспироз* – Венера.

[2]*Отарид* – Меркурий.

Эртеңки жашоо күнү таттуу болот,
Бүгүнкү кордуктардын өткөнүнө.
Каржалбай турмушуңда баатырдык кыл,
Кайрадан жаралбассың бул өмүргө.

Деди да, муңдуу-муңдуу ырлар созду
Бир күүгө экинчи күү окшошподу…
Кылдары бармагына илинбеспи,
Арфанын, баягы өткөн тойлордогу?
Чиркин ай! Биз үйрөнчү күү го дешет
Булбулдар келип турган коштошкону.

Баатырдын бир кудайга зары жетип,*
Ыйлады сайдын сансыз таштары эрип.
Ошондо чыдай албай кошо ыйлашты,
Токойдун айбандары чыгып келип…
Миң алаамат шумдукту артка таштап,
Автандил жүрүп кетти сапар чегип.

* Акыркы 6 сап 1940-жылдагы басылма боюнча.

## XXXIII

## АВТАНДИЛ НУРАДИН-ФРИДОНДУ ИЗДЕП ЧЫКТЫ

Кыдырып деңиз жээгин мелмилдеген,
Автандил үч ай токсон күн өткөргөн.
Жолукту мына ошондо суучулдарга,
Келаткан алпурушуп толкун менен.
Автандил кабыландай алдын тосуп,
Аты учуп, жер солкулдап дүңгүрөгөн.

«Капыстан каршы алдымдан туш келгендер,
Канаттуу кайык экен мингениңер.
Асмандан тийген күндөй падышаңар ким?
Ким болот журт камкору, шерлериңер?
Кай жактан, кайда бара жатасыңар?
Кайгысыз сызган куштай кайсы элсиңер?»

Жооп айтат баатырга азыр жолуккандар:
«О, таксыр, көзүң жакут, жүзүң каухар,
Көргөндө сүрүң менен таң калтырар,
Экенсиң, башка жакта өскөн чынар.
Бул тарап түрк элинин чеги болот
Бул жакта Фридон деген падыша бар.

Бактысыз биз ошонун кулдарыбыз.
Фридон көктө жанган чолпон жалдыз.
Кандайдыр райымың бизге жакын,
Ушинтип Сизди көрүү, биздин ырыс,
Менсинип келген жоолор көрүн табат,
Кылычы падышабыздын майтарылгыс».

«Тагдырым чындап жолду ачканыңбы?
Акжолтой курдаштарга туш кылдыңбы?
Нече ай, канча күндө жана кантип
Таба алам ошол Фридон арстаныңды?»
Кургакка чыгып келип жанагылар
Айтышты Автандилге мына муну:

«Ушул жол түз алпарат Мулгазанга[1],
Падышабыз Фридон сындуу жаш кабыланга,
Көп эмес, жети күндүк жолуң калды
Жетүүгө алтын каалга, болот шаарга,
Жол болсун өзүңүздөн кана баатыр,
Окшойсуң, күндөн туулган азаматка».

«Мен бир гүл, кызылынан ажыраган,
Мен бир шер, жүрөгүнөн жараланган.
«Жолоочу – жолу менен» деген бар го,
Ар кимдин айтары бар, угар арман.
Сыр бекем, ачкычы анын көктөгү айда»
Дегенде жанагылар аң-таң калган.

Ар бири, өз-өзүнчө ичтен сезип,
Негедир жүрөктөрү эзилгенсип.
Адамдын сырттаны экен ким болсо да,
«Өңүндө дарыя кайгы мунун» дешип…
Ый менен Автандилди узатышты,
Жол билгич көсөмдөрдөн кошуп берип.

Автандил атка минип камчыланды,
Чаалыккан тулпар күчөп арылдады.
Өмүрүнүн аз да болсо шаттыгы эле,
Көзүнөн тунук жаштар тамчылады.
Булар ким? Махабаттын балына шык,
Элирип учкан талаа шумкарлары.

Көрүндү Мулгазанзар алтын калаа,
Сулуулук көркүн чачкан асманда айга…
Жакындап келген кезде, уу-чуу чыкты,
Кең талаа жык-жык толгон баатырларга.
Муну айтат ээрчип келген кулдарына.
Автандил жалт-жалт карап жагалдана:

«Баары жаш, көздөрү от, баары азамат,
Кимдер бул келаткандар жаа тарткылап?
Үрөң-бараң элестеп өткөнүн көр

[1] Мулгазанзар шаары.

Желге минсе жеткирбес ракат чак...»
«Фридон сейил куруп тамашалап,
Чыккан го!» деген жоопту кабылан угат.

Достукта достук санаа талап кандай?
Дос табуу – бийиктиги көктөгү айдай.
Жол арытып жадаган жолоочунун,
Бир сеп кылар саяба табылгандай.
Чегине Фридондун кирип келди,
Автандил кара чаар кабыландай.

Бир бүркүт, көккө атыла чыга берди,
Мээлешти Фридондун мергендери.
Автандил кийинчерээк озунса да,
Эмеспи жолу илгери, колу илгери.
Атканда калдалактап жерге түштү,
Сыр бербей дагы арылап жөнөп кетти.

Жаш Фридон өзүнчө аң-таң, башы маң,
Оңунда кырк, солунда кырк баатырдан:
«Бириң бар да билип келгин, ким экен!
Кайдан келген, кандай жолбун кабылан?»
Даай алышпай, өңүн толук көрө албай,
«Ким болду экен?», «Ким болду экен?» деген жан.

Айкырды ачууланып кулдарына:
«Өзүм ээ, өз жеримдин куштарына!
Шондуктан ат тизгинин кайра тартсын,
Ажал көп, биздин бекем чек арада!»
Барган кул муну айтууга тили келбей,
Жер тиктеп туруп калды таңыркана.

Автандил билип койду баарын байкап.
Дейт, аган: «Падышаңа мындай деп айт,
Эли жок, жери да жок, жалгыз экен,
Адети аты-жөнүн адамга айтпайт,
Жан досуң Тариэлдин бир боору экен.
Достошот, туугандашат, жамандашпайт».

Ошол кул кайра кайтты далбалактап,
Так сүйлөп баян кылды мындайчалап:

«Булуттан чыга калган алтын күндөй,
Жүзүнөн ойноп турду нур чачырап,
Жерде жок, болгондо да башка адамзат,
Баатырды Тариэл деген көп кеп кылат».

Укканда Тариэлдей курдаш атын,
Туткунун биле жүргөн махабаттын,
Падышаны кайгы, шаттык бирдей басты,
Ирмемди шол кездеги, ойлоп тапкын...
Эмесе, Автандил шер жана Фридон
Бир боордук жалын менен кучакташсын.

Фридон алдын тосуп басып келип,
Баатырга белин ийип салам берип.
Деди анан: «Күндөн бүткөн шер экенсиң,
Нуруңа баратабыз балкып эрип».
Жакындап бир бирине келген кезде,
Көздөрүнөн жаштар тамды, мөлт-мөлт этип.

Мына эми кучакташты эки кабылан,
Экөө тең достук үчүн жаратылган.
Бир тууган – бир энеден туулуу эмес,
Эки эрдин учурашкан ушул кезин,
Издесең таба албассың бу жалгандан.

Тең келмек, Фридонго кайсы адамзат?
Мактасаң нечен күн-түн ырга ырдалмак...
Күндүзү батып кеткен ай сыяктуу
Нурлары жүздөрүнүн батып калат.
Күн кетип, түн өкүмү сүрөр чакта,
Жылдыздай миң кубулуп бал-бал жанат.

Эки шер (эки бир боор) аттанышты,
Падышанын үйүн карай жол алышты.
Олжо көп, сейил бүтүп, чер жазылып,
Миң сан кол аларды ээрчип баратышты.
Сымбатын Автандилдин, мергендигин,
Жомоктой башкаларга кеп салышты.

Автандил ат үстүндө Фридонго
Чууртуп бул сөздөрдү айтты ошондо:

«Ракатсыз өмүрүмө ыраазылыгым
Кубанам Тариэл шерге достошконго.
Адамдык, баатырлыгым аныкталмак,
Сүйүүнүн туткунуна кул болгондо.

Ростеван улуу Арабдын улуу ханы,
Өчпөс күн, өчпөс айы асмандагы.
Мен болсом амир уулу Автандилмин,
Арабдын кол алдымда баатырлары.
Өзүмдү таяныч кылып бекем жашайт,
Элимдин: бай, жардысы жакырлары.

Бир күнү хан экөөбүз аңга чыгып,
Келатсак токой, деңиз, тоо кыдырып:
Жаш баатыр бети күндөй, көздөрү оттой
Кайгылуу жолборс башын ылдый кылып,
Күңгүрөп терең көлдөй жаш агызып,
Олтурат бизди өзүнө таң калдырып.

Ростеван: «Байлап алып колу-бутун,
Жиберди алып кел» – деп  эки-үч кулун.
Чоочун жан баргандарды көргө ыргытып,
Камчы урду соорусуна кара атынын.
Ал адам, ким экенин билдик анан:
Ошондо айдан түшкөн арстандыгын.

Жок болду көргөн түштөй көздөн кайым,
Шумдукту ошол  болгон унутпаймын.
Артынан куугунчулап алыс бардым,
Акыры кайра тарттым, таппай дайнын.
Ростеван муну жооруп жамандыкка,
Саргайып жездей өчүп, тартты убайым.

Өткөн күн элестерин, Ростеванга,
Шаттыкты тамшандырган кайтарууга.
«Азамат элде туулуп, душманда өлмөк»
Баатырдык урматы үчүн аттанууга,
Көп күндөр сапар алып жолго чыктым,
Билүүгө аты-жөнүн ким болсо да.

Күлкү оюн, тамашалуу сайран кылды,
Кыдырдым жер менен көк, дайраларды…
Кокустан, ээн талаадан кез келишти
Жарадар түрк элинин адамдары.
Алардан шерди сурап билип алдым,
Ал менин, мен ошонун бир тууганы.

Жашашат кара үңкүрдө паана кылып,
Жанында Асмат боору, Индостандык.
От эмес, от ордуна кош жүрөктөн,
Үлпүлдөйт бүлбүлдөгөн түтүн чыгып.
Буларга достошуудан кетүү кыйын
Көңүлгө дарт кадалат, миң-миң жылдык…

Билгенге: Тариэл арстан, Асмат жолборс,
Сүйүүгө жаратылган ысык жолдош.
Бирөө үчүн ашыктыкка шерик болгон,
Адамда мындай адил жүрөк болбос!
Бирок да алдамчы өмүр, жалган дүйнө
Экөөнө ор жаратты. Оңбос, оңбос!..

Ишенип мага курбум, айтты бир сыр:
Жанынан – Нестан деген айрылыптыр.
Жете албай колдон качкан махабатка,
Кан жутуп, кайгы тартат онунчу жыл.
Жаш агуу адет болгон, бул жазмыштан,
Булактай тоодон аккан жылтыр-жылтыр.

Күн чыкпай минип алып кара атына,
Ат эмес, учуп жүргөн канатына.
Элсиз жер  тоо кыдырып тентип кетет,
Мас болуп өткөн сүйүү ырларына.
Баатырдын бирге жүргөн элестери,
Карачы, келип турат көз алдыма!

Табууга жаралуу жан дарыларын,
Өтүүгө дайрасынан махабаттын,
Бир боорум Тариэлдин күйүтү үчүн,
Досчулук антым үчүн не кылбадым?
Ал эмес, элди таштап, жерди таштап,
Хан атам Ростевандан каргыш алдым.

Уккан соң сен да ошого достошконуң,
(Себеби сен тууралуу айтты бооруң)
Кыдырып үч ай жүрүп, араң таптым,
Кана эми жаркын күндүн айтчы жолун,
Кошултуп, бирин жерден, бирин көктөн
Сүйүүнүн жеткирели жетпес колун».

Фридон да көргөндөрүн айтты шерге,
Азыркы келип турган Автандилге.
Ак ниет эки алп жүрөк, сүйүү өртү
Өзүнчө толкуп жатты ошол кезде.
Чара жок, мындан башка, жаш гана –
Сымаптай тамып жатты кара жерге.

Кошулуп эки шердин көз жашына
Ыйлашты бешиктеги жаш балдар да.
Фридон бүгүнкүдөй жабыр чекти,
Жети жыл мурун болгон окуяга.
Баатырдын ошондогу айткан сөзү,
Жалынып тагдырына жаратканга:

«Мактоого, Тариэл сени, жетпейт кубат,
Дем алган бир деминде жаным урмат!
Күн ордуна жылынчудай өзүңө эрип,
Жамгырлуу булут менен бетин жуунат.
Сен жерде алтын, көктө ай, чолпон жылдыз
Сен соккон жел көңүлүмө ар бир убак.

Түк кызык жок, өзүңдөн айрылганы
Жалгыздык тумчуктурду кара жанды.
Учсам да кол алдыңа жетким келет.
Сен баскан баскым келет, жалындарды.
Бир күндүк азабыңа курман кылам,
Беш күндүк көрүп жүргөн тамашамды...»

Фридон: «Келдик үйгө түшөлү аттан»,
Деп гана Автандилге сунуш кылган.
Чабарман кабар берип эл күтүнүп,
Калың кол деңиз жээктеп кылкылдаган.
Күү тартуу, ырчы ырдатуу, жаштар ойноо
Буларда Аравиядан башка жышаан.

Киришти падыша турчу ак сарайга,
Төбөсү көк тиреген мунарага.
Жыйналды жакшылары, улуулары
Жигиттер сөөлөт куруп туш-тарапта.
Эрлерди күтүүчүлөр элпектенип,
Жол ачат, октой катар тура кала.

Автандил, Фридон экөө төргө өткөндө
Табышсыз тынчтык басты көпкө-көпкө.
Оңдон жүз, сол жактан жүз вазир чыгып
Жүгүнүп жышаан кылды өздөрүнчө.
Өзгөрүп бир саатта токсон жолу,
Үй ичи кастарланат өнөрлөнө.

Ошол түн кадыр түн деп жарыяланды,
Айта алгыс миң кыл тамак даярдалды.
Сунулуп таттуу шарап нечен курдай
Достуктун урматы үчүн кылкылдады.
Кандай шат, кандай тааныш Автандилге:
Шараптын жан жыргаткан балдай даамы.

Таң атты, Автандилди жуундурду,
Күрмө, шым, адамзаттын жетпес куну.
Жана да белек кылып белге ороду.
Жасалган чебер колдон алтын курду.
Айтууга ал учурду алым келбейт,
Ырчылар ырдар болсоң ырда ушуну.

Эки шер, көрүнүшү эңгезердей,
Аттанып чыккан кези, тоо желиндей...
Автандил, Фридондун жаасын алып.
Учкан куш, качкан аңды бош кетирбей,
Он-ондоп үйүп кетип бара жатты,
Жаңылбай, жаш чагындай таамай мээлей.

Сөз салды Фридон сындуу падышага,
Автандил алаксыбай тамашага:
«Бир боорум сени таштоо жүрөккө оор,
Калууга амалым жок, чара канча?
Сүйүүгө дабам канмак ошончолук,
Канчалык жалгыз жаным азаптанса!

Сапардын миңден миңи – дагы алдыда,
Жетейин кууп Нестан-Дарежанга.
Басайын жер жүзүнүн падышаларын,
Учайын кош канатым талыганча.
Жүр досум, деңиз жээгин көрсөтүп кой,
Сен көргөн шумдук жайды, баягыда».

«О, кабылан, сүйүү деген ушул экен,
Бир качса куугунчуга жеткирбеген,
Сен сындуу болотторду ташка согуп,
Мен сындуу жалгыздарды жер тиктеткен.
Бар досум, кантип анан кой дей алам?
Достукка кыяматтык жазган шерттен.

Жаныңа ишеничтүү баатырлардан,
Кошоюн жолдош кылып боорум саган
Берейин кырк бир качыр, кырк бир тулпар
Артайын түгөнбөс кулазыктардан.
Дем болор аз да болсо кутулууга,
Башыңа түшө жүргөн жамандыктан».

Деди да, төрт кул берди, төртөө тең дөө,
Менсинген баатырдык бар ар бирөөндө.
Жанына жетишерлик акча салып,
Алдына бир келишкен тартты бедөө[1]
Жүгөнү, көмөлдүрүк, куюшканы...
Токуму кун жеткис мүлк, айта көрбө!..

Фридон болбой жатып качырларга:
«Кокустан керек болот жатагыңа», –
Деп миң көрк төшөнчү-орун кошо арттырды,
Тигилген жибектерден жашыл ала.
Шаардан чубап өтүп бара жатты,
Жылдыздай түнкү жанган, порумдана.

Күрпүлдөп улуу дарыя толкунданган,
Кайгыга кайгы кошуп долуланган.
Кош баатыр токтоп турду бир азыраак,

[1] *Бедөө* – ат.

Жээкке көз жиберип бер жагынан.
Фридон колун созуп баатырга айтат,
Мындайча мен бир кезде, көргөн караан:

«Кеме келип, тээтигиндей токтолгон,
Бир сулууну айга, күнгө окшогон,
Өңдөрү суук желмогуздай эки кул,
Алып чыкты, бети-башын орогон.
Мен жакшы эле келип жете берерде
Учкан куштай көздөн кайып жок болгон»...

Эки дос бир далайга айрыла албай,
(Чынында, жолдошчулук оту кандай)...
Амалсыз бирөө калды, бирөө кетти.
Ой, чиркин, мындай учур кыйын пай-пай.
Автандил элден узап сала берди,
Асманга учуп чыккан жагалмайдай.

## XXXIV

## АВТАНДИЛДИН НЕСТАН-ДАРЕЖАНДЫ ИЗДЕГЕНИ

Максаты Автандилдин Айды табуу,
Бал куюу жүрөктөргө – жарадарлуу.
Сүйүүнүн эмне экенин баалоо менен
Досунун ыраазылыгына канааттануу.
Бул иште, баатырлыгын, адамдыгын
Өзүнүн жары алдында актап калуу.

Махабат – арсыздарга жеңил, элпек,
Оң, солго өз оюндай тегеретмек.
Махабат – билгендерге асмандан зор,
Чөл басып, аскар ашып, деңиз кечмек.
Мындайда болоттон бек, баатыр жүрөк,
Автандилдей ак дил арстан керек.*

Ээрчитип төрт баатырын, төрт эр кулун,
Кыдырды улуу жээгин улуу суунун,
Каржалды ат үстүндө тамак да ичпей,
Жыргалдуу даамын татпай таттуу уйкунун.
Жаралып бул дүйнөгө келген менен,
Байкады соолгон чөптөй кунсуздугун.

Ошентип: жүз күн, жүз түн катар өттү,
Учу жок кең жайыкка келип жетти.
Аңгыча жүздөп, жүздөп төө чиркеген
Көрүштү чубалжыган кербендерди.
Булардан жакшы кабар угуу максат
Болду экен кай падышанын соодагери?..

Токтошту жүргүнчүлөр обочорook
Тартылып сурнай, керней, төөлөр боздоп,
Автандил чаап барып аттан түшүп,
Камыштан атырылган жолборско окшоп:
«Кайдан чыгып, кай шаар барасыңар?» –
Деп сурады алардын алдын тороп.

---

* 2-түрмөк 1940-жылдагы басылма боюнча.

Усам карт кербендердин жол башчысы
Сооданын акы алдырбас далдалчысы!
Кошунга кандай жабыр кабылса да,
Эбинен кыйыштырып сөз тапкычы.
Аккуудай ак селделүү башын бүгүп,
Баатырга жооп айтууга бери чыкты.

Деди Усам: «Келатабыз Багдад жактан
Адамга соопчулук жолун туткан.
Адамзатка калп айтпас, ууру кылбас
Жана да шарап ичпес жарым ууртам,
Ханына жер жүзүнүн, деңизинин,
Мүлк тартабыз чылк алтын, чылк жакуттан.

Талаадан чала жандуу адам таптык,
Байкушка сооп кылып суу уурттаттык.
«Сен кимсиң, эмне болгон адамзатсың»
Эс алтып, анан андан сөз сурадык.
Ошондо анын бизге берген жообу,
Чарчаңкы жашылданган көзүн ачып:

«Аралап тоо токоюн Египеттин
Кеч кирсе конуш кылып баатыр элин,
Кемесин сатып алып кемечинин,
Дүйнө артып бойлоп калдык деңиз жээгин.
Кемени каракчылар суугa аңтарды...
Ким мында эсимде жок, келтиргенин.

Күн нурлуу Арыстаным! Айтам дартым:
Байкасам: коркунучтуу туш-туш жагым.
Шаарыма кайтсам десем, зыян түшөм
Дайрага сүзөм десем душман калың.
Шондуктан эки арада токтоп калдым
Азамат ушундайда жардамдашкын!»

Шер айтты: «Оюм эмес кан агызмак –
Милдетим: алсыздарга жардам кылмак.
Тагдырдан жазылганды көрүш турат,
Коркунуч, кыйынчылык ал да бир калп.
Көрөлү кайдан чыккан каракчы экен,
Жөнөй бер, кана эмесе, жолду баштап».

Баатырга багдаттыктар кол куушуруп
Сыйынат бири артынан бири чууруп,
Баятан кумсарыңкы корккон өңдөр
Жаркылдап, күтүүсүздөн шаттык туулуп.
Кемеге баары батып (адам, көлүк)
Жөнөштү куштай сызып толкун кууп.

Ошентип көп күн, көп түн келе жатты,
Буюрса жетер чекке жакын калды:
Аңгыча кыраан көздүү Автандил шер
Алдыдан байкай койду караандарды:
Жакындап келсе алар кемеси бар,
Бетме-бет келип жеткен адамдарды.

Тартылды каракчылар кернейлери
«Ургула!», «Тала!» деген белгилери!
«Кудайлап» жанталашып соодагерлер,
Кулады эстен кетип кээ бирлери.
Автандил багдаттыкка кайрат айтып
Ошондо эстүү берен мындай деди:

«Сен жалгыз – каптап калса санатсыз кол,
Издебе, андай кезде качууга жол.
Дүйнөгө жаралмак бар жана өлмөк бар,
Ажалдар муунтса да кайраттуу бол.
Душмандын өз башына тарсылдамак
Кылычтар сага урулган так эле ошол.

Э, силер, соодагерлер, коркок жандар!
Дүйнөгө жарым жандуу жаралгандар!
Жаткыла! Башыңарды чүмкөгүлө
Келишсин кынык тапкан каракчылар.
Бул баштан далай ирет өтпөдүбү
Мындан да кызыгыраак тамашалар!»

Шапашап, кийди баатыр чопкуттарын,
Колго алып кандуу жарак-жабдыктарын.
Күркүрөп арстандай атырылды.
Жүрөгү шуу дей түштү душмандардын.
Баштарын чөптөй кыркып сууга салды,
Автандил мойсоп койду далайларын.

Тигилер – каракчылар: оңой жообу?
Буларды таран[1] менен атмак болду.
Эгерде таамай келип таран тийсе,
Багдаттык баары болмок балык боору[2].
Автандил жеткендерин чаба берип,
Кеменин бурч-бурчуна корголотту.

Кан ичкич каракчылар чегиништи
Жан коргоо ар биринин кылган иши.
Автандил сууга канды кошуп жатты,
Кургакка соо чыгарбай каракчыны.
Кайраттуу эр чоюн чокмор ойнотткондо,
Душманга катуу салды кагылышты.

Жашынып өлүктөрдүн арасына,
Корголойт кээ бирлери. Абайласа,
Автандил жетип барып жашынганга
Жарадар ал да баткан кызыл канга:
«Өлтүрбө, жаныбызды аман кой» – деп,
Жыгылды Автандилдин аягына.

Чынында Автандилдин боору ооруду.
Жетөө экен жети тиктеп жети жолу:
«Баргыла, кечтим, кулдар жөнө», – деди,
Кимди аёо, кимди өлтүрүү – бар го орду.
Эр жигит – махабатка акталууда,
Жеңе алмак мындан кыйын тар жолдорду.

Мактанба, күчү барлар – күчүм бар деп,
Кор кылба, алсыздарды тээп, тепсеп
Көп душман эгер сени талоонго алса:
Андайда барлык өлүм кечирилмек.
Баатырлар, байкап иш кыл, тагдыр калыс!
Алсыздык акыр бир күн башка келмек.

Аңтарып кемелерин тигилердин,
Тапкан соң капка толгон тиллелерин,
Автандил багдаттыкка: «Ташы!» – деди,
Алардын айта көрбө сүйүнгөнүн.
Бак конуп, олжо үстүнө олжо түшүп,
Карт Усам билбей жүрөт эмне дээрин.

---

[1] *Таран* – байыркы заманда бир кемеден экинчи кемени ата турган ок.
[2] *Балык боору* – өлүү, чалкасынан түшүп калуу.

Баатырдын ушул кылган жакшылыгын,
Мактоого тили жетпейт адамзаттын.
Ырдаса, токсон түркүн күүгө кошуп,
Чын акын, булбул акын – ошол акын.
Кургурлар Автандилге бата берди:
«Жолун ач, бул баатырдын көтөр багын!»

Өбүшөт колу-бутун жыттагылап,
Чынардай сымбатына таңыркашат.
Жаркындуу күн бетине райым алып
Карысы жашаргандай кумар басат:
«Өлүмдөн алып калдың, ракмат шерим,
Кор болбо, бул дүйнөдө миңге жашап…»

Деди шер: «Күч менде эмес, күч тагдырда,
Мага эмес, махабатка жалынгыла!
Досчулук жокту, барды өзү берет,
Ар түрлүү таалай жазат, ар адамга!
Бакытты, бирок издеп табуу керек
Эч качан өзү келбейт – наадандарга!

Баарыңды күтүп турган ажалдардан,
Досчулук сактап калды ошондуктан!
Мен киммин? Элден безген, жерден безген,
Ок тийген жүрөгүнө жаралуу жан.
Кыянатчыл адамдар бет келишсе –
Мен бир эр жолун бөгөп каршы турган».

«Эрегиштен эр өлмөк» эл макалы,
«Кагылыштан хан өлмөк» деген дагы.
Кабыланды колго сайып өткөн экен,
Жанагы каракчылар баатырлары.
Жараатын, (жеңил гана) таңып алды,
Сызылып чыгып турду кочкул каны.

Сандыктар жалаң каухар, ичи-тышы
Багдаттыктар «дүнүйөлөшүп» каткырышты…
Жана да жазып бүткүс мүлктөрдү айтпа,
Жүз адамдык кунга баа, ар кайсысы.
Кемесин тигилердин, кечке жуук,
От коюп, суу түбүнө жаткырышты.

Карт Усам Шер алдына басып келди,
Чөгөлөп чын нээт менен мындай деди:
«Сен ээле, биздин барлык дүнүйөнү,
Жок дебе. Кошунумдун чечимдери.
Бизге олжо кара жандын соо калганы
Алалы өзүң билип бергендерди».

Шер айтты: «Тагдыр баалайт көздүн жашын,
Угулсун махабатка ак кызматым.
Дүнүйөнүн мага кылдай пайдасы жок,
Мага дары – элеси махабаттын.
Барлык байлык, асылым жана тактым
Кааласам учсам канат, ушул атым.

Менде жок, алтын, күмүш жыюу максат,
Санаасыз дүнүйө ичинде чалкаламак.
Эгерде достук антын актай билсең:
Байлыкка батырамак төрт кыбыла жак.
Мен үчүн алтын, күмүш түк кызыксыз,
Кууганым чын ашыктык – чын махабат.

Суранам сунуш кылып баарыңарга:
Алгыла мени кошуп араңарга,
Туугандар жер көрөйүн, кыдырайын,
Барайын силер барган шаарларга.
Кокустан бирөө ким деп сурап калса,
Эч кимге өлсөңөр да айтпагыла.

Ал эми, улам такып сурай берсе,
Шексинип: «Айт ким болот – мунуң десе,
Шер дебе, мүлк башчыбыз бир жигит» де...
Кубулуп кийинейин соодагерче.
Кыйкырып базарларга мал сатайын,
Баарына өтүнүчүм кабыл келсе».

Багдаттыктар чур деди кубангандан:
«Сөзүңдөн айланалы, айтып турган!
Жайкы өскөн жашыл гүлдөй күн көрөлү,
Дем алып сенин чачкан нурларыңдан.
Бирөөбүз кылдай гана шек келтирсек
Ант ушул: Төбөбүздөн урсун куран!»

Күн ачык, асман бети мелмилдеген,
Жер жүзү тынчтыкка эрип мемиреген.
Кемени эркин коюп өз жолуна,
Эң муңдуу ыр созулуп, күү чертилген.
Бүлбүлдөп, караан үзүп жок болушту
Толкунсуз жым-жым эткен деңиз менен.

## XXXV

## АВТАНДИЛДИН ГҮЛАНШОРО ШААРЫНА КЕЛИШИ

Автандил көзү жакут, өзү чынар,
Жанында шат-шат күлгөн жанагылар,
Көрүштү оң тараптан бир оокумда,
Чулганган бай терекке бир сулуу шаар.
Буркурайт күнчүлүктөн гүлдөр жыты,
Бул жерде туулуп өсөт бактылуулар.

Токтотту кемелерин ошол жээкке
Падышасын ушул шаардын билишмекке:
Автандил багдаттыкча кийим кийип
Кош башы болуп калган ошол кезде:
«Тигини ал!», «Муну көтөр!» демиш болот
Баркылдап буйрук берип кара күчкө.

Жалт карап кош башчысын көрөр замат,
Шашылып чуркап келди бакчачы карт,
Себеби: Айды этекке жабуу кыйын
Баары бир канткен менен жаркырамак.
«Эмне керек каралдым, кулдугум бар
Сен үчүн кызмат кылуу жаныма урмат!»

Автандил: «Өзүң кимсиң? Кайсы уруктан?
Бул шаар кимдин шаары, ким падышаң?
Эмне арзан, эмне кымбат нарктар кандай
Айтып бер, мына ушуну жашырбастан!
Беш күндүк мейман болор кербенчибиз
Алыстан соода кылып келе жаткан».

Чал сүйлөйт: «Тыңда эмесе, сулуу бала!
Окшойсуң адамзаттан башкачага.
Бул шаар жер жүзүнүн деңизинин –
Падышасы Сурхап Мелик кол алдында.
Бул жерди Гүланшоро дешип айтат
Эли мол, доорон сүрөт ракатта.

Кыш болбойт биздин жакта, ар дайым жаз,
Элибиз миңге чыгат, өлүүлөр аз.
Бакканыбыз жалаң гүл, миң-миң бир кыл.
Күндө той, оюн-күлкү, шат-сайран мас.
Өмүрдүн ар ирмеми жыргап өтөт,
Шондуктан картаюу жок, бардыгы жаш.

Эгерде ким бир келсе: Кынык алат,
Бир тиллеге миң тилле пайда табат.
Себеби дүнүйөгө ач көз эмес,
Гүланшоро элинин баары жоомарт.
Ал эми колунда жок бей-бечара:
Бир жылдык мөөнөт менен карыз алат.

Чыкканы – чач агарып ушул жашка,
Иш кылам бай Үсөйүн кол алдында.
Адет бар, бабалардан бизге калган,
Багына көлөкөлөп ким эс алса,
Ошондон кымбат баалуу буюм алат,
Аңтарат дүнүйөлөрүн элден мурда.

Бул шартка жүргүнчүлөр макулданат,
Сандыгын жарк эттирип ачып салат.
Эрикпей мейман ээси бирден санап –
Асыл зат, кезмал алат таңгак-таңгак.
Базарга андан кийин руксат берет,
Тосушат алуучулар жабалактап.

Бирок да ыгым келбейт, мен минтүүгө.
Кожоюнум Үсөйүн жок эле үйдө,
Жаңы эле атка минип жүрүп кеткен
Руксатсыз бирөөнү үйгө түшүрүүгө –
Акым жок. Кантем балам, шарт ошондой,
Өз колумдан сыйласам болмок эле.

Жок, баса! Колуктусу Батмасы бар,
Силерди эки-үч күнгө кондура алар.
Колу ачык, меймандосчул мыкты киши
Тамшанат жаш сулууга көп адамдар.
Акылым жана кылган жакшылыгым:
Мына ушул. Аз да болсо, садагалар».

Автандил: «Ракмат, ата, мунуңузга.
Келди деп бизди айтыңыз Нуруңузга![1]
Жарарбыз керегиңе, – дегенде чал,
Батманын үйүн көздөй кетти сыза…
Келе-сала аптыгып, терин аарчып
Айга[2] жетти чубалжып жүргөн тышта:

«Мен көргөндү көрбөдүң, ханша сулуу,
Мен билгенди билбедиң бир укмуштуу.
Жаш жигит көзү жакут, жүзү күндөй,
Чиркин ай, жолборс сүрлүү, күндөй нурлуу.
Кийгени ала чапан, селде оронгон
Кошун башчы, төрө экен калың пулдуу.

Алыс жактан келаткан кербенмин, – дейт,
Биринчи ирет бул жерге келгеним, – дейт.
Базар наркы арзанбы, кымбатпы, – дейт,
Кандай тосот сооданы элдериң, – дейт.
Асылдын ар кыл түрү менде бар, – дейт,
Баарын сатып түгөтүп кетемин, – дейт»…

«Келсин!» – дейт Батма ошондо бир кулуна,
«Киргизсин дүнүйөлөрүн сарайларга».
Аңгыча соодагерлер пайда болду,
Кара кулак шери бар арасында.
Үч кайра шилекейин жутуп алды,
Батмажан Автандилди көрө сала…

Жыйналган элдерди айтпа – кылк-кылк этет,
Миң-миңдеп Автандилди тегеректеп.
Соодасы демейде өтпөс кербенчилер,
Алар да өздөрүнчө дердеңдешет.
Аялдар жанындагы эркектерин:
«Сен дагы күйөө имишсиң» – деп кекетет.

---

[1] *Нуруңузга* – Батмага.

[2] Мында да Батманы айтып жатат.

## XXXVI

## АВТАНДИЛ МЕНЕН БАТМАНЫН ЖОЛУГУШУУСУ

Батмажан баатырды өзү тосуп алды,
Киргизди бөлөк үйгө меймандарды.
Шер менен кеп козгошуу нээти менен,
«Бир азга күтүңүз», – деп бөлүп калды.
Жай басып, муңдуу булбул күүсүн угуп,
Бейиштей гүл бакчаны аралады.

Батмажан, жашчылыкка кумардуу жан,
Көзүнөн махабаттын оту жанган.
Оймок ооз, бир тутам бел, сыйда мүчө
Адам таң, басып кетсе бураң-бураң.
Ыр сүйөт жана назик күүлөр сүйөт,
Шарапты суудай кылк-кылк жута турган!

Автандил көздү уялтар тартуу тартты,
Батмажан жалаң алтын жакуттарды,
Мойнуна, колдоруна тагып алып,
Кубултуп эл алдында, жаркылдатты.
Түн кирди, улуу үлпөт, ичүү, жыргоо,
О, кандай, бул дүйнөнүн ракаты.

Батмага эртең менен баатыр келди,
Табылбас баасы кымбат жибектерди,
Ашырбай, өз наркынан кем да кылбай,
Тууралап, үстү-үстүнө сата берди.
Жол ачык кайда барса. «Шаар кенен,
Силерге баары уруксат» делинди эми.

Автандил кербенчилер (кошунуна)
«Баргыла эл мактаган базарына,
Соодань эркиңерче жүргүзгүлө
Эч кимиң мен тууралуу ооз ачпа!»
Жөнөштү көчө жарып жанакылар,
Төөлөрдүн коңгуроосун шыңгырата.

Өзгөрүп чын баатырлык калыбына,
Автандил кайра барды Батмажанга,
Жылдыздуу, жумшак түндө ээн чыгып
Сырдашып олтурушту бир далайга...
Кандайдыр ысык сүйүү деми менен
Коштошту Рамин – Вистей[1] уурдана...

[1] *Вис – Висрамиан* – (Рамин-Вис) ирандыктардын XII кылымда жазылган ашыктык жөнүндөгү атактуу жомогунун каарманы.

## XXXVII

## БАТМАЖАН АВТАНДИЛДИ СҮЙҮП КАЛДЫ

Алыс жүр аялдардан колдон келсе,
Эмесе, аял деген кыйын нерсе;
Бараткан ак жолуңан жаңылтышат,
Эркектен амалдуураак кырк бир эсе.
Көбүндө жалган сүйүү ошондуктан,
Ишенбе «Жалгыз сени сүйөм» десе.

Батмажан уктап жатса жыргал түндө,
Ошондо булар кирет түштөрүнө:
Автандил кучагында, гүлбак ичи,
Тийишип шер жүрөгү жүрөгүнө;
Селт этип чоочуп кетсе, өңү эмес түш,
Көз жашы агып калат төшөгүнө.

«Ай, жигит, балким, мени тоотпоссуң?
Бир сүйчү жүрөгүмө сооп болсун!..
Колум жетсе өзүңө арманым жок,
Бирге өткөрсөм, сырдашым түн ортосун.
Не болсо да кат жазып жиберейин,
Ак кагазга каламым жорголосун».

Ыр менен сөз тизилди беш баракка,
Эки-үч сааттан токтолуп ар бир сапка.
Ошончолук шумдуктуу касиет бар,
Бирде күлкү, бирде ый, бирде капа.
Айрам десең ал катты, колуң барбайт,
Жүрөгүң таштан бекем жаралса да.

## XXXVIII

## БАТМАЖАНДЫН КАТЫ

«Сен болдуң таалайыма тийген күнүм,
Сен болдуң – колума алып жыттар гүлүм.
Жылдыздар асмандагы ай деп сезет,
Айындай түндө чыкчу өздөрүнүн.
Өмүрдүн түк болбогон бактысы эле,
Баягы жолугушкан биринчи күн!

Мени эсимден тандырды сулуулугуң,
Гүлүндөй конуп сайрар булбулумдун.
Бейиштин рахатындай бир карашың,
Түбөлүк жарпын жазар кайгы-муңдун.
Ачык айтсам, ашыкмын сымбатыңа,
Тынчы кетти ой ойлоп, түнкү уйкумдун.

Махабат кимди өзүнө алдандырбайт?
Кутулуп андан адам чыга да албайт.
Ар бир баскан кадамда сен элестеп,
Анан кантип көңүлүм кусаланбайт?..
Сүйбөйм десең – бир гана мага өлүм,
Андай болсо кор кылбай аныгын айт.

Бийлеп алды жүрөктө чын махабат,
Көзүмдөн ирмем сайын жаштар тамат.
О, нурум! Жаным көшүп баратпайбы,
Жооп жаз, ушул катты окур замат.
Кол шилтебе, алтыным, эссиздерче,
Эселектик кылбагын тамашалап».

Жогорку өзүңөргө ачып берген,
Кымбат-кымбат ырларды иреттелген,
Батмажан ошол саат жөнөттүргөн,
Автандилге тапшыр деп бир жигиттен.
Шер аны кубанычтуу тосуп алды,
Чынында бир туугандык тилек менен.

Окуп чыкса: башкача сырлары бар,
Төрт-төрт саптан тизилген ырлары бар.

«Сүйөм сени», «ашыкмын» дагы ушундай,
Жалган ыйлап, жалынып камыгуулар.
Үч уктаса түшүнө кирбеген ой,
Ал эми аны Автандил эмне кылаар?

Эмесе, Автандилден сөз угалык:
«Мен жүрсөм ашыктыкка күйүп-жанып,
Нечен жыл жарым үчүн азап тартып,
Эсепсиз дарыя кечип, тоолор ашып,
Розага булбул кончу, карга конуу
Бул не деген шерменде, маскаралык!»

Деди да кайра башка ойго чөмдү,
Жогоркудан башкараак ойлоп көрдү:
«Максатым: достук жана сүйүү шерти,
Бул үчүн сырды басуу көңүлдөгү,
Жардамдашар көп жолдош таба албасам,
Кантип жетмек кубатым өзүмдөгү?

Батмажан, балким, сырдын көлүн ачар,
Нестанжанды табууга жардамдашар.
Келген-кеткен бирөөдөн эч болбосо,
Же билгенин, же көргөнүн уккан чыгар.
Ошондуктан, күнөөмдү тагдыр кечер,
Анын ордун акыры чындык басар.

Аялдар өзү келип сүйөм десе,
Ыр менен кастарланып кат жиберсе,
Дудуктай ылдый карап жооп бербөө,
Ой, кандай акмакчылык эркектерге?
Жаралуу сулуулардын көңүлүн баспоо,
Ал өзү жигиттикте катуу күнөө!..

Не көрбөйт бул жашоодо алтын баштар,
Таң-тамаша, кызыкты артка таштар.
Кандайдыр бир тилекти колуна алып,
Жете албай акыр бир күн жолдо чарчар!
Дүйнө – өмүр, туманданган бүркөө күндөй
Ким болсоң да сени бир адаштырар…»

## XXXIX

## АВТАНДИЛДИН ЖООП КАТЫ

Көңүлүмдү ар бир ырың толкундатты,
Экенсиң бул жалгандын кымбат заты.
Мен сенин эки-үч күндүк меймандыңмын,
Ак жүзүң, кара көзүң артык жакты...
Кандай кыйын айрылуу мындай кезде
Эки жүрөк бир соксун махабатты».

Кубанып Батмажандын берген жообу:
«Ойлой-ойлой жаш алам, мен да ошону!
Кел секетим, эртерээк жолугууга,
Биз отурган тынч жайга өткөн жолу.
Мен көңүлүмдүн сүйүүсүн басмайынча,
Гүлдөй соолуп ажарым өчмөк болду!»

Автандил даярданды боюн жасап,
Үстүндөгү кийгени бүт жаркырак.
Бара жатса алдынан бир кул чыгып,
Кабар айтат баатырга мындайчалап:
«Батмажан Сизге айттырды, бул саламды:
Күтсүн деди бир саат-бир жарым саат».

Автандил: «Бул кандайча шылдыңы» – деп,
(Эрлерге намыс болот кайра кетмек)
Батмага кирип барды ал кайгылуу,
Кандайдыр бир күмөн иш өкүм сүрөт.
Батмажан сыр билдирбей Автандилдин
Колунан назик кармап экиленет.

Бир бирин кучакташып эзилишип,
Жалганда ал учурду кымбат сезип.
Капарсыз сыр сырлашып отурганда,
Эки адам кирип  келди шарт этишип.
Автандил аң-таң болуп туруп калды,
Ичинен тиги экөө да кезенишип.

Батмажан коркунучтуу чегинди артка,
Тиги экөөнүн четкиси – оң кол жакта,

Батмага тайбай туруп таамай айтты:
«Күнөө: Өлүм! Сен сыяктуу маскарага!
Биз күбө, азган-бозгон жолоочуну,
Чак түштө үйүңө алып жатканыңа!

Уятсыз жүзү кара, нээти арам!
Коркпойсуң, эч болбосо жаратканда!
Эл алдында мууздайм, каның чачам,
Бүт өлтүрөм, соо калбайт балдарыңдан!
Бетиңе көө сыйпатып, атка сүйрөп
Бул шаардан тиги шаарга кабар жаям!»

Жаш мырза (жогоркудай оройлонгон),
Шарт этип чыгып кетти ошол бойдон.
Батмажан эки бетин чапчып алды,
Кочкул кан салааланып шорголоогон:
«Эл таш менен ургулап, жектээри чын,
Жаш күнүмдүн ушубу, болгону ойрон!

Биринчи: күйөө алдында акмак болдум!
Экинчи: дүнүйөмдү отко жакмак болдум!
Үчүнчү: эне, атага сөз келтирип,
Боору суук, жер алдында жатмак болдум!
Төртүнчү: балдарымдан колумду жууп,
Тагдырдын барлык айбын тартмак болдум!»

Автандил айла таппайт – эмне кылаар,
Сай сөөктөрүн сыздатты, айтылган зар.
Муңканган таш эритер ыйына ээрчип,
Билдирбей, балким, жашып кеткен чыгар:
«Түшүнбөйм. Бул эмнеңер? Айтчы, Батма,
Ал эми кимдер өзү, жанагылар?»

Батмажан: «Сага айтуунун кызыгы жок.
Өзүмө өзүм кылдым. Махабат шок.
Көзүңдүн асыл жигит, – караганы,
Кадалды жүрөгүмө сүйүү козгоп.
Шондуктан балааларга беттеп чыктым,
Төбөмө дабырламак ажалдуу ок.

Сооп жок, мендей жарым эстүүлөргө!
Кокустан жаратылган бул өмүргө.

Каталбай колго тийген махабатты,
Кат жаздым сага бер деп бирөөлөргө.
Шондуктан аңдуучулар билип койду,
Болгон соң бул окуя көз көрүнөө.

Тилимди ал: чыгып кеткен жанагы эрди,
Сүйүүнүн даамын билбес тентектерди,
Артынан кууп жетип өлтүрүп кел,
Сууруп ал, менин берген шакегимди.
Кызык кеп ошондо анан айтып берем,
Боюңду коргошундай эритерди.

Же жаркыным, белен турат кемелерим,
Түшкүн да деңиз бойлоп кете бергин.
Үсөйүн да бүгүн эртең-келип калар,
Билбесин аты-жөнүң, ким экениң.
Кокустан өз башыңа жабыр түшөр,
Акыры мен өлгөн жан, кош секетим!»

Автандил ыргып турду муну укканда,
Оң колу шап жабышты канжарына:
«Түшүндүм коркпо, Батма, мен барымда!
Бул сага айткан шертим өз алдыңда!
Экөөнүн жеткен экен ажалдары,
Жандарын учурайын азыр анда!

Жолдош бер арт жагынан кубалайын,
Көрсөтсүн ал экөөнүн турган жайын,
Бүркүттөй шукшурулуп көктөн тийген,
Коёндой басып алып жулмалайын!
Жараткан кек алгын деп эссиздерден,
Колдоду бул күчүмдү, бир кудайым.

Батмажан эки жолдош кошуп берди,
Баратып өзүнчө шер мындай деди:
«Сүйүүгө аз да болсо бир сааттык,
Тагдырым кол сермесем жеткирбеди.
Шакегин Батма берген Чачнагырга
Келейин сууруп алып, буюрса эми...»

## XL

## АВТАНДИЛ ЧАЧНАГЫРДЫ ӨЛТҮРҮП КАЙТТЫ

Автандил шаардан ары аралга өттү,
Келишкен саймаланган сулуу көркү.
Заңкайып көк тиреген, коргондолгон,
Салынган асыл таштан, үйдү көрдү.
Берметтей айландыра тизип койгон,
Ак, кызыл жана саргыч көк гүлдөрдү.

Автандил  кылчак-кылчак карады да:
Токтолду таш дубалдын бер жагына
Шыбырайт. Кулдун бирөө: «Сак боло көр,
Жаш бала сордурасың ажыдаарга[1].
Ал азыр же уйкуда, же көзү ачык,
Эч кимди соо кетирбейт, мындай маалда».

Эшиктин оозун тосуп жолду бербей,
Эки дөө уктап жатат, экөө бирдей.
Бутунун учу менен жыла басып,
Автандил жакын келди шырп дедирбей.
Эки колго экөөнү көтөрдү да,
Жерге сокту, тырп этти тилге келбей.

Акырын андан ары кирип барса:
Жаткан экен Чачнагыр чала уйкуда,
Ыргып жетип, алкымдан муундурду,
«Жардам кыл» – деп кыйкырганча –
Ак толтолуу канжарын жалаңдатып,
Автандил жүрөккө урду ал аңгыча.

Өлүктү терезеден алып чыгып,
Толкуп жаткан түбү жок көлгө ыргытты.
Автандил колун аарчып басып кетти
Жан сезген жок ырымга, бул кызыкты.
Кек кетирбес, кирсе да жер түбүнө:
Баатырлардын оюну кандай мыкты!

[1] Бул жерде жанагы экөөнү айтып жатат.

Автандил кайра тартты, кенебеген,
Жанагы келген тааныш жолу менен.
Бирөөнү орго түртүп, бирөөнү өрттөп:
Махабат өткөрбөсүн эмнелерден?
Күн баткан соң, соолууга айланды эле,
Эми эки гүл кайрадан гүлдөр бекен?..

Дүйнөдөн бүт тазарса арам кандар,
Автандил андайлардан кумар жазар.
Бел ийип Батмажандын баш жагына
«Тур сулуу – кезиң келди көзүңдү ачар.
Сөөмөйүн шакек салган кесип келдим
Жүрөк дартын, кектүү сүйүү жарпын басар.

Эми айтчы, айтам деген жомогуңду,
Угууга кумар болдум ошонуңду.
Мен өлтүргөн адамдын турпаты ким?
Эмнеликтен ал сага коркунучтуу?»
Батмажан назик колун мойнуна артып,
Жай, мемиреп сайрады мына муну:

«Сендей болсун, менсинген эр азамат,
Жыргал күндү кайра алдым, көңүлүм шат.
Ашыктык кандай таттуу, кандай рахат,
Кел эмесе, арстаным, жаныма жат.
Билгенимдин бардыгын бүт айтайын,
Санааңды бөл, ардагым, жакшы тыңшап».

## XLI

## БАТМАНЫН СӨЗҮ

«Илгеркиден келаткан биздин адат:
Нооруз айын урматтап тосуп алмак.
Ошол күнү шаарга адам кирбейт,
Кеме токтоп, далайга жол жабылат;
Меймандыкка бир бирин чакырышат,
Жүз түрлөнтүп ар бир үй тамак жасап.

Көпөстөр төрөлөргө белек тартат,
Үстүнөн жамгырдай жаап дилде басат.
Он түнү комуздар да муңдап ыйлап,
Ырчылар уккандардын жарпын жазат.
Жаа тартып, найза сайып, оодарышып,
Жигиттер кең майданда күч сынашат.

Көпөстөрдүн башчысы менин эрим,
Жыйнап алып жаш, кары эркектерин.
Аялдарды башкарып ээрчип жөнөйм,
Тапшырууга падышага дүнүйөлөрүн.
Түн киргенде сөз кылып – үйгө чубайт,
Кимдер кандай асыл зат бергендерин.

Ошентип тосуп алдык жылдын алдын,
Көңүлүн ыраазы кылып падышанын,
Коштоштук колунан өөп, жакшы жат деп,
Ханшаны – бул дүйнөнүн шам чырагын.
Кайткан соң өзүбүзчө үлпөт курдук,
Чогулду тууган, тааныш, коңшуларым.

Аялдарды ээрчитип бакка кирдим,
Чымчып ойноп, кубалап ар кимисин.
Ырчылардан экөө бар арабызда,
Катар-катар катарга ондон тиздим.
Лира алдына көйкөлтүп бийди уютуп,
Ал жагынан бул жакка чимирилдим.

Ар жерде чатырчалар ичи салкын
Жамынган өз боюна ай жарыгын.

Көгүлтүр көл менен көк кошулгандай,
Төктү го жаратылыш рахатын.
Ошондо бер жак четте үлпөткө эрип,
Олтурду, менин өңкөй тааныштарым.

Дарт түшүп көңүлүмдү иренжиткен,
Негедир ошол жерде кулап кеткем.
Жаткырып курдаштарым эс алсын деп,
Тарашкан үй-үйүнө бирден-бирден.
Кандайдыр аянычтуу сезим түшүп,
Себепсиз жүрөгүмдү тыз эттирген.

Бассам, балким, жаныма сеп болор деп,
Баратсам муңдуу ырдап деңиз жээктеп,
Шумдук ай… эмне экенин таануу кыйын,
Көз учума сур караан элестенет,
Жакшылап байкап турсам ошол жакты,
Бир нерсе куштай учуп катуу келет.

Куурайдай катып калдым, көз айрыбай,
Аңгыча кайык көрдүм, байкай-байкай.
Ичинде көөдөй кара эки киши
Өңдөрү түштө көрчү желмогуздай.
Ортосунда таңылуу бир сулуу кыз,
Чиркин ай, күн десең күн, ай десең ай.

Бат буруп жар түбүнө кайыктарын,
Сактанып жалт-жалт карап эки жагын,
Кургакка жана кылар ыргып чыкты,
Карааны жок болгон соң, эч адамдын.
Балким, мени жытымдан сезер беле,
Гүл бактагы чатырга далдаландым.

Бирөө туруп жээкте, бирөө сууда
Туткунду көтөрүштү шапа-шупа.
Айдай бетин сулуунун жаап койгон,
Ак көйнөгү аз калган жыртылууга.
Суналыңкы мүчөсүн окшошурдум,
Көлбүп учкан көк менен куду аккууга.

Жууп кетти шооласы, ай жарыгын,
Табалады асмандын жылдыздарын.
Сүттөй аппак, жибектей үлбүрөгөн,
Нур ороду эки айдын араларын.
Түн кезеги алмашып күн чыккандай,
Уялгандан көзүмдү жаба калдым.

Төрт кулумду чакырдым ошол замат,
Даяр болду жолборстой төрт азамат:
«Каракчылар бир кызды алпаратат
Тээтигине! Артынан жеткиле бат!
Индостандын элиндей, түспөлү сулуу,
Максаттары алардын болсо сатмак.

Канча десе ошончо төлөгүлө!
(Паланча деп алардын көңгөнүнө)
Жок десе эгер: «Мына!» – деп башын алып,
Кызды сууруп мен жакка жөнөгүлө.
Күзгү болор алдымда мелтиреген,
Күндө үч убак жүзүмдү көрөрүмө!»

Жетишти. «Миң тилле» – деп эсептешет,
Караманча кашайып «жок!», «жок!» дешет.
Сатпас оюн билген соң, белги бердим,
«Өлтүргүлө» дегендей колду кезеп.
Айтканымдай эки өлүк жерде жатты,
Кулдарым Сулууну алып дегдеңдешет.

Боорума кучактадым жаш туткунду,
Ай жамалдуу ак чырай, күн сулууну.
Олуя акын болсоң да колдон келбейт.
Жазуу үчүн кагазга мына ушуну.
Көзүнүн бир тал гана кирпигине,
Бааласа болор эле мен кургурду».

Батмажан айтып жатып теңдешсизди,
Турмушта жалган эмес, болгон ишти.
Көзүнөн мөлтүлдөтүп жаш тамызды,
Боорукер шордууларга, жашык киши.
Кучагын коё берип, толкунданып,
Автандил эстен танып кеткенсиди.

Деди шер: «Айтып түгөт баштан аяк!»
Батмажан баягыдан дайынырак,
Муңканып торгой үндүү тили менен.,
Баатырга жал-жал карап баян кылат:
«Төркү үйүмө кийирип, эс алдырдым,
Өңү-түсүн таанууга жактым чырак.

Кайсы хандын бактылуу кызысың – дейм.
Кай шаарда чоңойгон жылдызсың – дейм.
Неге мындай жалгандын перизаты,
Ташка тийген таалайсыз ырысың – дейм.
Ичтен сызып сыр каткыч эстүү сулуу,
Мага ишенбей далайга ийменди бейм?

Аянычтуу телмирет ылдый карап,
Таңкы чолпон жылдыздан уяңыраак.
Кыз жанында кылгырып мен да олтурам
Дүйнө уйкуда, шаар тынч, түн бир убак.
Бир боорумдай сооротом чачын өрүп,
Ал үшкүрсө үшкүрүп, ыйласа ыйлап.

Сөзгө келди күн сулуу акырында:
«Мен тепселген жалбырак махабатка.
Кандай уулар сиңбеди жүрөгүмө,
Кандай жабыр келбеди жаш башыма.
Тарткан зардын бардыгын төксөм курдаш –
Каргыш-наалат айтасың жаратканга».

Ал тумчугуп ыйласа, ыйлай бердим.
Гүлдөй соолуп бараткан ireңдерин,
Күн бетине күйүттүү жаштар катып,
Санаа менен саргайган белгилерин
Байкаган соң, сулуунун маңдайын өөп,
Жай кездерде айтарсың, эс ал – дедим».

## XLII

## БАТМАНЫН НЕСТАН-ДАРЕЖАНДЫ САКТАП КАЛГАНЫ ЖАНА АЛ ЖӨНҮНДӨ ҮСӨЙҮНГӨ АЙТКАНЫ

Моймолжуган өң кирди күндөн күнгө,
Үлпүлдөгөн кебездей ирецине.
Балакетти башыма салбасын деймн,
Көрүп коюп кокустан дагы бирөө.
Көшөгөсүн түшүрүп терезенин,
Катып жаттым сулууну караңгы үйгө.

Курмасындай куурабас алыс жактын,
Көз тиер деп кокустан элкин бактым.
Каалаганын өксүтпөй берип тур деп
Арабдардан жанына күң жумшадым.
Төшөгүнө төктүрдүм буркуратып,
Бакчабыздын эң асыл гүл жыттарын.

Муңканат, ыйлайт да, ыйлайт терең арман,
Көз жашы акпай турбас адет алган.
Торго түшкөн кептердей кебетеси,
Эркин учуп чыгууга азаптанган.
Көргөн күнүм тыптыйпыл өчүүчүдөй,
Кайсы күнү айрылсам бул сулуудан.

Сүрөттөсөм кундуздай капкара каш,
Жерге жете сүйрөлгөн өрүлгөн чач.
Маңдайынан жалжылдап жылдыз жанат,
Алкымынан көрүнөт жутулган аш...
Ушунчалык көрк берип шордуу кылган
Бул тагдырдын боору таш, ай, боору таш!

Олтурган соң бир кыйла маңдайына,
Суроо бердим жаркындуу асманда айга:
«Ким болосуң, атың ким, тууган жериң
Сени алпештеп өстүргөн элиң кайда?»
Жооп берчүдөй болду да кулап кетти...
Кара жердин боорун суук жараткан а!

Кирпик какпай, чырм этип уктаган жок,
Бал тамактан тырмактай даам алган жок.
Жүрөгүнө чынында барган да жок
Кейиийт, боздойт, буркурайт шолок-шолок.
Байкап турсам, зыркырап учкан өмүр –
Алсыздарга артыкча тирүү тозок!..

Кийген (бир аз эскирген) көйнөктөрүн,
Сүрөттөсөм, жетпес дейм бир нече күн.
Ак манатпы, жибекпи, кырмызыбы?
Кандай чебер маш колдор өргөндүгүн.
Жумшактыгы булуттай, болоттой бек,
Биринчи ирет мындайды көргөндүгүм.

Сездирбей туткун жайын эч кишиге,
Ал тургай койнумдагы өз эриме,
Ошентип багып турдум ээн үйгө,
Көрмөккө кирип чыгып кез-кезинде.
Чынында айтар элем Үсөйүнгө:
Бирок да ачык ооз, жеңил неме.

Деп да ойлойм: кантип билем кыздын сырын,
Уюган көкүрөктө кайгылуу ырын?
Бир күнү кокус эрим билип койсо,
Ошондо шордуу жаным эмне кылдым?
Билинбес, өң саргартпас ооpу болбос.
Кандай гана таба алам мунун ыгын?

Жалгызмын канткен менен кубатым аз,
Баары бир, айыбым чыгаар көп узабас.
Жалынып Үсөйүнгө айтсам кантет,
Анча-мынча нерсени эрээн кылбас.
Өз алдымда колумдан ант ичирип
Десем ага: «Байкагын, оозуңду бас!»

Көп күндөрдүн биринде, түн ай жарык,
Эрим менен гүл бакта кучакташып,
Ракатта жатканда, ээрдинен өөп:
«Бир сөз айтам, ук, – дедим, – тура калып.
Антыңды бер, эч кимге билдирбейм де».
Каргыш кылды жакасын кармап алып.

«Шек билдирсем, душманга, дос-тууганга,
Кечилбес күнөө жазсын алла-таала!»
Окуянын бардыгын ачып бердим,
Эки көздөн мөлтүлдөп жаштар тама.
Ишенбесең, көрсөтөм жүр,  бери, – деп,
Үсөйүндү алпардым кыз жанына.

Ай жамалдуу сулууну көрөр замат,
Мас болгондой баса албайт, сандырактап.
«Бул жалгандын биз көрчү пендеси эмес,
Күндөн түшкөн  канаттуу жаш перизат», –
Деп күңгүрөп жыгылды эстен кетип,
Уялыңкы күн сулуу жалт-жалт карап.

Мен да айттым: «Ырас, жердин жаны эместир,
Биздеги адамзаттын жары эместир,
Үсөйүн, жүрчү барып сүйлөшөлү
Сурасам, суроомо жооп айтпады эч бир.
Бирдей ыйлап жалынсак, жумшар сулуу,
Эстүү жан кепти текке кетирбестир.

«Бир ооз кеп, көп зарлантпай айтчы жаркын?
Саргарып неге мынча кайгы тарттың?
Соолуган гүлдөй көркүң эмнеликтен,
Түрүндөй күзгү түшкөн жалбырактын?
Дартыңа кандай гана даба керек?
Сен үчүн менин даяр ак кызматым!»

Ооз ачып унчукпады сулуу туткун,
Себеби жолу ушундай кайгыруунун.
Бир ирмемче эгер ойлоп байкап турсаң,
Нелер бар тереңинде кең турмуштун.
Булбулду гүлгө конуп сайрап турар,
О, дүйнө, неге мынча тумчуктурдуң?

Тунук жаш сымаптанып кайра тама,
Мөлтүлдөп ак бетинен болуп салаа,
Дем жыйып, оор үшкүрүп алы бошоп,
Телмирип, экөөбүздү карады да,
Жооп айтты, керберсиген ээрдин ачып:
«Жалгыздык мага жайлуу!» деген гана.

Сулуунун муңдуу ыйына калтырадык,
Экинчи сөз жаңыртып сурабадык.
Кайгырба, каралдым, – деп кайрат айтып,
Алдына жемиш койдук ар кылдантып.
Кайра түрттү. Оозуна салган да жок
Ырымдыкка бирөөнөн даам татып.

Ээрчишип жалгыз таштап чыгып кеттик,
Ошентип эч кимге айтпай жүрө бердик.
Кайда барсак, бирибиз үйдө калып,
Соодага эрте кетип, эрте келип.
Эстейбиз жаш сулууну ар бир минут
Түндө айдай, күндүз күндөй элестетип.

## XLIII

## ҮСӨЙҮН ПАДЫШАГА АЙТЫП КОЙДУ

Закымдап күндөр учуп, айлар толуп,
Кайра кайткыс сапарга жоголгонсуп.
Камынды алмашылган бир күндөрдө,
Үсөйүн падышага бармак болуп.
Сурандым: «Көп кечикпей эрте кайт?» – деп,
Не кылам өз эримдин жолун тосуп?

Дагы айттым – үйдөн ары узатарда:
«Бекем бол өзүң берген убадаңа,
Калбайлы бир байкуштун убалына».
Зар какшап кумдай куйдум кулагына.
Корс этип кайра өзүмдү кагып койду:
«Токсон жолу эскерттиң мындан мурда!»

Бал жутуп, шапар тээп рахаттана
Олтурган үлпөттөгү падышага.
«Кел! Кел!» – деп орун берет, тура калат,
Үсөйүн белек берсе канааттана.
Ошого мурдун чүйрүп, көктү карайт
Кудай гана бардыр-а, ал жаманга!

Толтуруп таттуу шарап, ак аякка
Шимирет эрим Үсөйүн кайта-кайта.
Алдына эсепсиз даам, тамак жайнайт,
Өзүнө ач көздүктүн отун тарта.
Чечилип бажырандап сөзгө кирди:
«Каргага гүл, эшекке мүйүз такпа».

«Сен Үсөйүн, жөлөгүмсүң таянарга,
Раазымын тартууңа», – деди падыша.
Чынында андан башка максат да жок
Анчейин айтылган кеп, кызыганда.
Эриме жага бербей дегеле кой,
Бешти айтат, Сурхап-Мелик бирди айтканча.

Эримдин мактоосу бул айтып берсем:
«Мүлдө аалам айлананда тегеренген,
Жер үстүнүн бирден бир чырагысың
Кубанткан жоомарттуулук нуруң менен!
Өзүң багып өстүрүп, адам кылдың,
Не кааласаң, шондуктан бере берем.

Камдаган белегим бар кымбат баада,
Ылайык, башкага эмес Сизге гана!
Сымбаты куштарындай кең бейиштин,
Жаркыны жарык чачкан асманда айга.
Сулууга жанды эритер жолуктурам,
Таксырым Сизге арналган колуктуга».

Эмесе, болгон ишти кыскарталы,
Ошентип эрим бузду айткан антты.
Мактанып төкпөй-чачпай сайрап берет,
Чубатып барлык болгон окуяны.
Падыша элеп-желеп чыдай албай,
Шашылып ошол замат буйрук жазды.

Караңгы санаа ичинде туталанып,
Мен олтурдум үйүмдө кайгыланып.
Аңгыча он чакты дөө кирип келди,
Алдында картырагы баштап алып.
Кылмакчы эле, кылды деп билип койдум,
Кандайдыр бир балакет чыкканы анык.

Буйрукту падыша жазган көрсөтүштү,
Сөздөрү алсыз жанга кандай күчтүү:
«Күн сулуу ушул саат келтирилсин!
Нурдантып унутабыз түнүбүздү»...
Эсим ооп ошол жерден кулап кеттим,
Болгондой жер жарылып астын үстү.

Көрүштү. Ылдый карап ай олтурат,
Жамалы келгендерди таңыркатат.
«О, чиркин, жөн кыз эмес, пери кызы!»
Тик кароодон дөөлөр да уялышат.
Тийишип кеп айтсам дейм, тил байлануу,
Кайда күч? Кайда кубат? Кайда кайрат?

Жыгылдым кайгылуунун аягына
Жаш коштум адеттенген кандуу ыйына:
«О, шоолам! Асман мага каршы болуп,
Тагдырым таш каптырды таалайыма!
Сени, айым, падышага алпарышмак,
Элчилер келип турган маңдайыңа!»

Кыз минтти: «Күн көрбөдүм кайгы-муңсуз,
Конорго жай таппаган мен бир ак куш,
Бакыттан көз ачканы даам татпайм,
Жүрөккө уудай тийди ушул турмуш.
Колума издегеним тийбеген соң,
Келсе да тажаал өлүм коркунучсуз!»

Көз жашын төгүп-төгүп тура калды,
Үлбүрөгөн ак менен бетин жапты.
Себеби сыртка чыкса күн нуру өчмөк,
Жетмекчи бир кудайга арыз-даты.
Ар бир баскан изинен каухар калып,
Чубалжып жерди чиет колоң чачы.

Шол замат чуркап түштүм жер кампага,
Өмүр бою жыйналган казыналарга.
Чолпондун кемерине жакут тактым,
Наркына туура келмек далай калаа.
Мындан башка жардамга дарман жетпейт,
Эрдикти жазган эмес аялдарга.

Шыбырайм: «Тиер сага кереги» – деп,
Баатырлар: «Жүр» дегендей белги берет.
Жоосун жеңип кайткандай шаңдуу басып,
Тартылат керней, сурнай, жезнай күчөп.
Кайгылуу ай, булуттарга баткан өңдүү
Сулууга мөлт-мөлт аккан көз жашы эрмек.

Көрүүгө котологон элдерди айтпа!
Көз жетпейт кылк-кылк эткен алды-артына.
Жөкөрлөр: «Кеткиле!» – деп кыйкырса да,
Кары, жаш көрсөк дешет толкундана.
«О, жалган, адам эмес, ай турбайбы!»
Нурунан көзүн жумду Мелик падыша.

Чаңкап жүргөн далайлар суусун басты,
Көзүнүн алабынан ажырашты.
Дейт Мелик: «Чөлдө калсам булак болор,
Картайсам кайта кайрар өткөн жашты.
Бул үчүн таалайыма не келсе да,
Тобокел тозокко да тостум башты!»

Сулууну олтургузуп оң жагына
Мас болуп илебине кумардана.
Кеп салат Сурхап-Мелик: «Кандай гүлсүң?
Бой керген кайсы тоодо? Кай талаада?»
Жооп жок, күн сулуудан үмүт этпе да!
Чыкпастай бек катылган терең сырга.

Ал ойлойт – кечеги өткөн балалыгын,
Ал ойлойт – туулуп өскөн талаа, кырын.
Ал ойлойт – өзү сүйгөн ашыгынын,
Арфа ойноп, үнүн кошкон армандуу ырын.
Ал ойлойт – өз көңүлүндө чертип жүргөн
Үзүлбөс махабаттын назик кылын.

Падыша айтат: «Табуу керек кыз капасын,
Мен билем бул капанын эки ачасын.
Биринчи ашыгынан ажыраган,
Шондуктан төгүп калган мөлт-мөлт жашын.
Кимдендир көкөй кескен кордук тартып,
Өзгөрткөн адамзаттан көз карашын.

Же мындай ай муңунун экинчиси:
Адашкан кең бейиштин келгинчиси,
Жактырбай мүлдө ааламды учуп жүрүп,
Тапкан го биздин баатыр элибизди.
Түгөнбөс рахаттын ак чабагы
Жаркылдап кандырмакчы мээрибизди.

Аз күндө иши оң болсо кайтмак уулум,
Жаш пери азырынча жата турсун.
Маңдайына туш болгондой улуу таалай,
Жыргалга жан эритип, өмүр курсун.
Даңкына жылдыздарды чычалатып
Табышсын: Ай өз нурун, Күн өз нурун».

Сиздерге сөзүм ачык болсун үчүн:
Айтайын падыша уулунун алп мүчөсүн.
Жоо издеп жылдык сапар жүрүп кеткен
Дегенден ал да бирөө: «Жалгыз өзүм».
Келбеттүү чынар мүчө, жолборс ирең,
Жигиттин жигити го, көрөр көзүң.

Түрлөнтүп жаш сулууну кийиндирди,
Калайык күндөн туулган күн деп билди.
Жыла албай ошол жайда эси оогон көп,
Биле албай не болгонун эч кимиси.
Мындайды көрө алмакчы чанда гана
Бактылуу адамзаттын бирден бири!

Падыша кулдарына буйрук берип:
«Кыз үйүн жасагыла алтын керип!»
Дегени улуулардын эки болбойт,
Алар да иштеп жүрөт чебеленип.
Кирген соң бөлмөсүнө муңдуу сулуу –
Падыша өзү калды ээрчип келип.

Кыз кашында кароолчу тогуз евнух[1],
Падыша үлпөтүнө кайра олтуруп,
Урматтап белек берип Үсөйүндү:
«Азаматым», – деп мактап далыга уруп.
Таң-тамаша кызык түн, лира тартуу,
Шат-шат күлүү, тынымсыз шарап жутуп.

Меймандар мас болушуп тарап жатты,
Эстейли, туткундагы Нестан-Дарежанды.
Учсам десе канат жок, кантсин шордуу,
Көзүнөн мөлтүлдөтүп жаш тамызды.
Жел тынган ысык күндүн закымындай,
Түпсүз ой, бири артынан бири басты.

«Бактысы жок кулдардай байкуш болдум,
Кайда элем? Тентип жүрүп кайда кондум?
Кайда өстүм? Сүйгөн жаным кайда калдың?

---

[1] *Евнух* – кечил деген мааниге жакынырак.

Жайнаган ак гүл элем неге соолдум?
Мен туткунду чоочун эл эрге бермек,
О, кудай, таалайым тар, татаал жолум!»

Дейт да күн кайра өзүнчө кайраттанат:
«Акталмак азаптарда чын махабат.
Кордуктун дагы миңин көтөрө алам!
Милдетим сүйүү антын жүрүү сактап.
Өлүмгө моюн сунсаң бийлик кылат
Өлүмгө кайрат кылсаң – алыс качат!»

Дарежан басып келип сакчыларга,
Мындай дейт ылдам сүйлөп батылдана:
«Тогуз кул, көз алдыңда шейит болом,
Капаска камалганча чоочун шаарда!
Тилегин кара таштай суук кылам,
Падышаң бата берсин тамашага.

Өмүрүмө кызыгы жок алтын тактын,
Баалабайм падыша уулунун атак-даңкын.
Эч кимдин эркине эрким көнө да албайт!
Мен кушу башка шаардын, башка калктын.
Кол жетпес көк, көз жетпес кең деңизде,
Эркин учат зыпылдап махабатым!

Ушул жерден өзүмө канжар малам,
Жыргап уктайм кутулуп азаптардан.
Мен үчүн канкор падыша баарыңарды,
Желдеттерге чаптырат кыркаңардан!
Андан көрө качайын муну алгыла,
Жибек кур, алтын, каухар, чылк жакуттан!»

Батма берген белекти чечип алып,
Сакчыларга ыргытты жаркылдатып:
«Агатайлар мендейди аясаңар
Тагдырым райым кылмак кең жол ачып!
Өз күнүмдү көрөйүн, бошоткула!» –
Деди ошондо күн сулуу аптыккансып.

Дүнүйө чиркин – кимдерди алдандырбайт,
Дүнүйө – өзүнө кимдерди тамшандырбайт?

Дүнүйө качкан түлкүдөй буландаса,
Кимдер аны ат минбей кубалабайт?
Дүнүйө деген – суктанткыч түрү менен
Бир дегенче – миң түрлөнө көздү байлайт.

Куп дешти: көндүрүүгө алтын кандай?
Тогуз кул көңүлү шат баатырлардай!
Сулуу күн дароо чечип кийимдерин,
Кубулду башка түскө таанылбастай.
Ошентип амал менен качып чыкты
Бараткан жолун тапты тутулган ай.

Байкасам шашылыңкы бирөө турат,
Тыңшасам «Батма» деген дабыш чыгат.
Элтеңдеп чуркап барсам ошол сулуу,
Ыйладым кубангандан жыттагылап.
Өңү өчкөн, жыпар жыттуу ысык деми,
Жүрөгүн басып көрсөм шашып урат.

Ай сулуу мындай деди эсин жыйып:
«Качайын алыс жакка иши кылып,
Күтүүгө убакыт тар боорум эже,
Келатам бир балаадан качып чыгып.
Өмүрүмдө жакшылыгың унутулбас,
Ат камда, кетем эже чөл кыдырып!»

Сарайдан бир күлүктү алып келдим,
Шапа-шуп ээр-токумду токуп бердим.
Шарт этип ыргып минип жөнөп кетти,
Ичимден бу да өзүнчө шерби, – дедим.
Пай-пай ай, ушу азыр да унута албайм,
Сурданган анын укмуш элестерин.

Эртеси күүгүм ченде тышка чыксам,
Акетай кулак тунат ызы-чуудан.
Ат жараткан бир топ дөө куугунчулар,
Биздин үйгө түшүштү шашылыштан.
«Кыз качырдык көрдүңбү!» – деп айкырат,
«Жок, дейм, таксыр, сураңыз башкалардан».

Үйүмө тинтүү салды ишенишпей,
Таба албай үмүт үздү издей-издей.
Ошентип күн булутка кирип кетти,
Булуттар калкалады нур тийгизбей.
Күн капа, бүткүл аалам мүлдө капа,
Тагдырга наалат айтат билдиришпей.

Кыз тууралуу көп сөздү анан айтам,
Баштан-аяк кылдай сыр жашырбастан.
Кимдигин Чачнагырдын туюнтайын,
Ал күйкө да, мен чычкан андан качкан.
Эркектин жамандары коркок болот,
Аялдын жамандары – абийир чачкан.

Сүйкүмсүз эрим Үсөйүн сайпана адам,
Махабат – ашыктыктан татпаган даам.
Чачнагыр такка жакын шайыр кыял,
Ой-боюма койбостон жакындаган.
Кантейин насип бузуп, ойноп койгон,
Жоругумду эстесем ачууланам.

Бир түнү, тили балдуу, күн тумандуу,
Ошонун сүйүүсүндө кучакталуу,
Жатканда акмак жаным көшүп кетип,
Сырларды ачып салдым кулпулануу.
Азгырылып шайтанга айтып койдум,
Ат мингизип качырган кыз тууралуу.

Ал көрсө ичи жаман ушакчы экен,
Ар кадамды санаган тузакчы экен.
Капа боло калганда үтүрөңдөп,
Айтканыңды элге айтып коём деген.
Коркунучтуу душманым өлтүрүлдү,
Тагдыр колдоп, бак буйруп күнүм сенден!

Ашык болуп өзүңдү чакырткамын,
Чын берилип көркүңө махабатым.
Ошол замат баягы желмогуздун,
Сейилдиктен кайтканын угуп калдым.
Чыкпасын деп кокустан үстүбүздөн,
Себеби ошол «токто» деп жазган каттын.

Сен болбодуң аныма намыстанып,
Сыр билгизбей мен күттүм тосуп алып.
Байкап жүргөн Чачнагыр кирип келип,
Чыгып кетти: «Сени!» – деп ачууланып.
Байкадыңбы билбеймин мени ошондо,
Эсим чыкты, жүрөгүм катуу кагып.

Эгерде өлтүрбөсөң Чачнагырды,
Билдирмек падышага кылмышымды.
Аны укса канкор Мелик жарлык жазып,
Тирүүлөй мууздатмак балдарымды.
Өзүмдү журт алдында дарга асмак,
Мына ошентип тарттырмак азабымды.

Арманым жок кутулттуң бир балээден,
Бул да болсо тагдырдын кылганы экен!
Ылайым ашыкчылык багыңды ачсын,
Сынып турсун душманың, эрегишкен,
Ардак кылып сүйүүнүн ыракатын
Гүлдөй күлүп күн санап жашай берем»...

Автандил Батмажанга мындай деген:
«Өздөн чыккан кас жаман, ырас экен,
Муунткан тажаал ажал алдында да –
Азаматтын асылы антка бекем.
Коркпо шоолам, душманың Чачнагырдын
Денеси көл түбүнө терең кеткен!

Айта түш Ай тууралуу туткундалган,
Калган болсо көңүлүңдө билген-уккан»...
Батмажан оор үшкүрүп жооп берди,
Көзүнөн жаш агызып кан кошулган:
«Ааламды сымбатына суктандырган,
Айрылып кала бердим Күн сулуудан».

## XLIV

## БАТМА СӨЗҮН УЗАРТА БЕРДИ

«О, тагдыр! Кайда чындык рахаты?
Жүрөккө уу тырмагың катуу батты!
Кимдер сага өкүмдүк кыла алмакчы?
Жалбырактай тепсейсиң андайларды.
Тийип турган күнүмдү туман басты,
Бул дүйнө ылгабайт бейм, караны-акты!

Күн өчтү. Акыр заман болору ушул,
Жер үстүнө жамандык толору ушул.
Жыргал менен азапты бөлчү күч жок,
Тозоктун кара кушу конору ушул.
Күлкү оюндан айрылып бардык адам,
Ажал жели зыркырап согору ушул.*

Кайгым мол, үй-бүлөмдү көргүм келбейт,
Жаш сулуу бассам-турсам эстен кетпейт,
Түндө уктасам, түшүмдө эмне кылам?
Сермегенге кол кыска кубат жетпейт.
Ант бузган Үсөйүн менен өмүр сүрбөйм
Арам ниет кантип анан иренжитпейт.

Бир күнү сыртка чыктым кечке жуук,
Негедир кайгы басып тумчуктуруп.
Сарайга жолоочулар конуп кетчү
Келатам мукам булбул үнүн угуп.
Деп коём: «Берер бекен тилегеним –
Махабат өмүр бою кылсам кулдук».

Аңгыча карт кайырчы кирип келди,
Артынан дагы көрдүм үч жигитти.
Түнөккө өз алдынча жай алышты,
Тыңыраак тиги үчөөнөн биринчиси.
Куржундарын чечишип тамак ичти,
Мен далдаада, көрө албайт эч кимиси.

Эмне дешер экен деп тыңшап турам,
Кайырчы чал сөз баштайт жолбун адам:

---

* 2 куплет 1940-жылдагы басылма боюнча.

«Бүгүн түнөп кайра эртең бөлүнөбүз,
Төртөөбүз тең жолоочу төрт бир tууган.
Ким каяктан келгенин, не көргөнүн,
Өткөргөндү айталы башыбыздан».

«Жолоочунун эрмеги жомок» деген,
Тиги үчөө да бук болгон эриккенден.
«Айтса айтпаса төгүнбү айтышалы,
Карыя, кезек келсин кана Сизден!»
Дегенде ал да кирди жок дебестен,
Сөзү бар мына мындай берметтешкен:

«Туулдум кул бүлөөдөн алыс жакта,
Бактысыз Кажет деген бийик шаарда,
Падышабыз кедейлердин катуу ооруп,
Өлүп калды бир топ жыл мындан мурда.
Жетим калган эки уул кол алдында,
Карындашы ээ болду тактысына.

Дулардух анын аты, каардуу ханша,
Мүнөзү абдан катуу бир башкача,
Дагы калган эки иничек Росан, Родья,
Булар да адамзаттан бапбашкача.
Кажеттин болот коргон зындан шаары,
Сурданган жер жүзүнө ажал чача.

Деңиздин тиги өйүзүндө ханша эжеси,
Мезгилсиз өлдү деген кабар келди.
Вазирлер: «Жамандыкты күнүбүзгө,
Кантип угузабыз эми» – дешти.
Калың колдун башчысы Рошак туруп,
Айкырып калктын оюн дароо чечти:

«Ким жолумдан жолукса башын алам,
Кун төлөбөйм өлгөнгө, канга канам!
Жортуул чыгып эл талап, мүлк табабыз,
Жер түгөнсө асманга чалгын чалам.
Дүнүйө менен сап түзүп Дулардухтун
Капасын жазуу үчүн, барам анан».

Чогултту жүз миңдеген жигиттерди,
Баарынын канга кумар ирендери.
Түн жортуп, күндүз байкап жүргүнчүнү
Өткөрбөй талап жатты кербендерди.
Ок өтпөс чылк болоттон кийгендери,
Жеткирбес куугунчуга мингендери.

Туш келдик көп күн жүрүп боз талаага,
Түн жармы жарк-журк этет кылычтарга.
Алыстан шоола көрдүк ал аңгыча,
Окшоттук көктөн түшкөн сулуу айга.
«Түнкүнү күндүз кылган бул эмнеси,
Ооз ачып туруп калдык бир далайга.

Бирөө айтты: «Таң аткандын белгиси го».
Бирөө айтты: «Кең бейиштин периси го».
Талашып эки-экиден талашкан бар,
Чече албай бир бирине берип суроо.
Ошол нур жакындады барган сайын,
Бизде бар эси оогондон аттан кулоо.

Ай сүйлөйт: «Эй, атчандар жол ачкыла!
Баратам элчиликке Кажет шаарына».
Шатырап тегерете курчай калдык,
Болсо да көрөлү деп кандай балаа.
Байкасак: дүйнөдө жок бир сулуу кыз,
Тулпарга минип алган баатырларча.

Сүттөй аппак нур басты чар-тарапты,
Асманда ай уялып батып калды.
Дүйнө өзгөрүп жер көктөй, көк асмандай,
Жерден көккө ай нуру чачырады.
Ушундай да бул жалган пенде тууйбу,
Жараткандын бул кандай табышмагы?

Байкап көрсөк окшобойт элчилерге,
Шек тууду, «Жолоочумун» дегенине.
Рошак алп жолун тосуп тура калды,
Туткун ай сөз таба албайт эмне дээрге.
Күттүрбөй чылбырына чап жабышты.
Күн сулуу колго түштү ошол жерде.

Сураштты: «Кайсы уруудан, кайсыл элден?
Кай шааргa баратасың эмнеликтен?»
Жооп жок, жал-жал гана карашынан,
Каракчы арсыздарды жер тиктеткен.
Көз жашы сел-сел болуп ага берди,
О, кургур, жан бар беле аны билген?

Дейт Рошак: «Айтпас бизге кайгы-зарын,
Сурап да кереги жок алы-жайын.
Ханшабыз Дулардухка жеткирели,
Канатын байладык деп көктөгү айдын.
Баарыбызга ырайымдуу энчи тиер,
Өзү берди туткунду бир кудайым.

Дулардух өз колуна качкынды алсын,
Жашаган өмүрүнө канааттансын,
Эгерде ага бербей напси бузсак,
Кокустан билип коюп кан чачпасын.
«Ханыма жалган айтуу өлүм» деген,
Бул тартууну шондуктан кабыл алсын!»

Айла жок куп дебеске, буйругуна,
Жол алыс,  суусу да жок кумдуу талаа,
Бараттык Кажет шаарын багыт алып,
Тынымсыз күн-түн дебей жүрдүк удаа.
Тапшырдык бейиш күнүн ызат кыла,
Кайгылуу улуу ханша Дулардухка.

Рошакдан: «Руксат бер!» – деп сурап алдым,
Ушул жакка келүүгө кызыккамын.
Гүланшоро шаарына соода кылып,
Үйгө байып барам деп ой кылгамын.
Артынан мен да аларды кууп жетем,
Мына ушинтип бул жерде олтурамын!»

Тиги үчөө бул кепти угуп тамшаныштты,
Кызды аяп көздөрүнө жаш алыштты.
Ошол жерде мен дагы үмүт жыйнап,
Элестеттим көзүмө байкуш кызды.
Бир үзүм нан таап алса, жетим күлөр,
Шол сыяктуу, кубантты мен жалгызды.

Менде бар кара түстүү эки амалкөй
Адамды «сүф» деп койсо калат көрбөй.
Миң түрлүү дубасы бар шыйкырлуулар,
Эч бир күч дегенине койбойт көнбөй.
Жибердим билгиле деп кыздын жайын
«Куп» дешти үндөбөстөн экөө бирдей.

Уктабай туура үч күн жана үч түн,
Экөөнүн качан кайтар жолун күттүм.
Шыйкырлар шып этишип кирип келди,
«Жанына бара албадык жарык күндүн.
Дулардух алыс жакка сапар алды,
Байкадык ай чамасыз, кайтпас түрүн.

Ай кызды бермек болду Росанына,
Тойлорун токтотушту азырынча.
«Чамам жок кайтмайынча узак жолдон
Шондуктан кол тийгизбейм туткун кызга!»
«Арнадым Росан үчүн» деди дагы,
Тапшырып жүрүп кетти сакчысына.

Жутууга Дулардухка беттешкенди,
Жети баштуу мастанды ала кетти.
Калтырды кыз жанына сансыз шерди,
Курчады чылк болотко тегеректи.
Дөөлөрү кан ичүүнү күтүп турат,
Чамданып, мертинтүүгө менсингенди.

Кажеттин сепили бар жан буза алгыс,
Аржагына ашууга куш уча алгыс.
Көчүрүп аскаларды коргон сокkон,
Каптаган селдерде өзүн сезер алсыз!
Кулпу бар көк тиреген каалгада,
Камтыган бул ааламды жапажалгыз.

Сепилдин кылды учтарын булут ороп
Ысыкта мээ кайнаткан муздар тоңот.
Ал жерге азезилдер уя жасап,
Ааламдын жамандыгы келип конот.
Өзүнө таш жаадырып, уу жаадырып,
Ал жеткис кара күчтөр болот конок.

Бер жакта тосуп жаткан сансыз дөө бар,
Барлык куулук, шумдукка тапталгандар.
Дагы ары: он миңденген балтакерлер,
Үч каалгада, үч миңден кабыландар.
Бир дегенде миллиону шыкаалашып,
Жаа огун жааган күндөй дыбыратар!»

Тагдырдын өткүр мизи таалай кыймак,
Не кылам деп ойлосо баары сыймак.
Бирөөнү арсыз кылып, күчтүү кылып,
Бирөөнү артык тууп, алсыз жасап.
Ошентип туруп калдым» – деп бүтүрдү,
Батмажан армандуу ыйлап, кайгылуу ыйлап...

Жогорку жомокторго бою балкып,
Автандил асманга учту куштай калкып,
Шонтсе да сыр билдирбей Батмажанга,
Азгырган калп сүйүүдөн колун тартып...
Кайрадан туулгандай бул дүйнөгө,
Кайткандай өтүп кеткен алтын жаштык.

«О, чиркин, издегеним бар турбайбы!» –
Деди да эркелетти Батмажанды:
«Жаркыным, өмүрүмдүн кымбатысың,
Сенде экен чын жалгыздык махабаты.
Угайын кажеттерди айта түшчү,
Алардын кандай болот адаттары?

Эгерде окшобосо жөн кишиге,
Сыйынса өздөрүнүн жиндерине.
Аларга аялдардын кереги эмне?»
Батмажан: «Адам болот биздей эле,
Былк эткис аска таштай бирдигинде.

Ар бири кырк бир түрлүү амал табат,
Душманга миңи бирдей чабуул салат,
Учкан куштай тез жүрөт, көккө да учат,
Ушунусу ааламды таң калдырат.
Жеңилүү адетте жок, жеңет гана,
Жер үстүндө ээн-эркин чалгын салат.

Кырдырбайт беттешкенге кыргын салат,
Бир тепсе какыр жерден дайра агызат.
Көтөрүп кемелерди куюн болуп,
Асмандан чатыратып жерге чабат.
Оп тартса дарыяларды кургак кылат,
Күндү – түн, түндү – күнгө айландырат.

Алардын адамзаттан айырмасы жок.
Бирок да жолдору бар, тирүү тозок».
Анда шер: «Жүрөгүмө бал тамыздың,
Жан эркем сонун, сонун кептер козгоп.
Тагдырым чырмалышкан жолумду ачты,
Эми учам, талаайымды кимдер тосмок!»

Автандил алкыш айтты жаратканга,
Жаркылдайт терең шаттык дайрасында.
От болуп чын сүйөрү бирөө гана,
Шонтсе да экинчи эрки Батмажанда.
Себеби анын кылган жакшылыгы,
Эч качан унутулбайт бул жалганда.

Автандил Батмажанды бек кучактайт,
Батмажан Автандилди өбөт, ыйлайт.
Кокустан бет келишкен эки пенде,
Көлдөгү ак чабактай тыбырчылайт.
Адашкан махабаттын түйүнүн тапкан,
Курдаштар, Автандилди айт, Батмажанды айт!

Эки гүл айкалышкан койнун жазды,
Эки куш эки жакка ажырашты.
Автандил Тинатинди элестетти…
Кайрадан булуттанган санаа басты.
Чыгыштын жаш булбулу учуп келип,
Сагынычтуу ырларын ырдабаспы?

Көзүнөн сел-сел болуп жаштар акты,
Кагазга жазуу кыйын ал саатты.
Кайгырат: «Кечире көр, кылмышымды,
Булгадым изден тайып махабатты.
Өзүмө жалгыз өскөн гүлгө конбой,
Алданып бул дүйнөгө, буздум антты!»

Ошондо шер ыйына таш балкыды,
Көз жаштан сел каптады ойду-кырды...
Батмажан жыргал сезет, ширин уктайт
Мас кылып Автандилдин жаштык жыты.
Айта албайм – окугандар ойлоп тапсын,
Өздөрү кимден болгон каталыкты.

Калган кез, супа салып таң агарып,
Автандил көлдөн кайтты тазаланып,
Батмажан кийип жүр деп белек берди,
Жаркылдап жолдон шерди тосуп алып,
Тигиптир көздү уялтар жибек көйнөк,
Жеңине,жакасына каухар тагып.

Автандил өз ичинен ызалана
Деп коёт: «Кайрылмай жок азгырганга!»
Батманын белектерин бүктөп салып,
Кубулду чын баатырлык сыпатына.
Мурдагы келбетинин бири да эмес,
Окшоду арстан көздүү алп баатырга.

Батмажан Автандилди чакырттырды,
Шер келди мейман ээсин таң калтырды.
«Мен ким менен сүйлөшкөм» кудайым деп,
Ичинен өзүнчө мас ыраазыланды.
Себеби анча-мынча сулуулардын,
Жашаган жаш өмүрүндө таба албасы.

Жүгүрүп алды-артына Автандилдин,
Жумшак назик сайратып чечен тилин.
Бирде асылып мойнуна, көзүн тиктеп,
Батма жүрөт көрсөтүп, эпчилдигин.
Бирок баатыр жумшабайт ылдый карап,
Далилдемек антына бекемдигин.

Бүтүрдү үлпөттөрүн түш мезгилде,
Көшүлүп таттуу шарап, шербеттерге.
Автандил кең рахатка ыраазы болуп,
Эс алды жумшак мамык төшөгүнө.
Айттырды Батмажанга жигитинен:
«Мен жалгыз келиңиз бир сүйлөшүүгө».

Батмажан мындай деди кирип келе:
«Айлансын кара жаным сен дегенде!»
Жанына олтургузуп сылык карап,
Автандил жумшак гана эркелете,
Сөз камдап өз ичинен эмне дээрге,
Үшкүрүп от жабышып жүрөгүнө:

«Алдын алып эскертем мейлиң карга,
Чечпедим сырларымды эч адамга,
Өзүңө Батма сулуу билдирейин,
Болбостур жакшылардан жашырганга.
Мен жарадар кайгылуу бир пендемин,
Сүйгөнүм бар кол жеткис эң алыста.

Калп эле кербен башы болуп алып,
Баатырлык кебетемди катып салып.
Жашырып шер экеним бир падышанын,
Мойнума Ростевандын каарын тагып,
Адашкан сүйүүнү издеп, сапар кездим,
Жолукту кадам сайын чылк жамандык.

Ашыгым хандын кызы жан шеригим,
Дүйнөдө андан башка болбойт теңим.
Ал үчүн отко түштүм, азап чектим,
Таштадым ыраак калды тууган жерим.
Батмажан, мен шордууга жардам көрсөт!
Суу берсең, уу берсең да деги мейлиң.

Сен билген ошол туткун ай кыз үчүн
Тентидим, бүт кыдырдым жердин жүзүн!
Амири Индостандын бир кабылан,
Уккан соң ак гүлүнүн үзүлүшүн –
Тентиреп жалгыз боздоп ыйлап жүрөт,
Жеңе албай махабаттын тоодой күчүн».

Бардык көргөн азабын чууруп өттү,
Миң түйүндүү сырды ачып жүрөктөгү.
Жолборс тери кийинген шер тууралуу,
Көз алдына келтирип сүрөттөрдү.
«Ал бир кокус жаралган тагдыр кулу,
Бирөө гана кең жердин үстүндөгү.

Батмажан, жардамдаш бол, келе колду,
Сүйүүдө, азаптарда бир бололу!
Туткунду капастагы алып чыгып,
Бүркөлгөн күндү ачалы оводогу.
Асманга ак туйгунду учуралы,
Көрүнсүн аткан таңдай жарык жолу.

Кат жазып шыйкырыңдан жиберели,
Айталы кайда экенин Тариэли.
Сурайлы кажеттердин амалдарын,
Бар чыгар анын далай билгендери.
Дарежан анан бизге жооп жазар
Күч курап талкалайбыз сепилдерди».

Батмажан: «Андайларга мен даярмын,
Жазайын шордуулардын кайгыларын,
Бүткөн бойду эритип айткандарың,
Колдой көргүн боор ооруп, жаратканым».
Бармак болду Кажетке шыйкырлары,
Билүү үчүн Нестандын алы-жайын.

«Күчүңөр бар, асманды кулатууга
Даярсыңар айтканды аткарууга,
Туткун кызды канткенде кутултабыз?
Баарын билип кайткыла, чуркагыла!»
Кош кара түс шып этип жок болушту:
«Эртең жооп берели» дешип удаа.

XLV

## БАТМАНЫН НЕСТАН-ДАРЕЖАНГА ЖАЗГАН КАТЫ

«О, күнүм, бул ааламды жарык кылган!
Сен күлбөсөң чыга албайм караңгыдан,
Үнүң назик булактай шылдырлаган,
Сөз таба албайм мүчөңдү айта турган.
Салкын демиң өлбөстүн дарысындай,
Буркурап соккон желдей Бадахшандан.

Жашырдың сурасам да сырларыңды,
Алдыңда токсон айла кылбадымбы?
Кокустан сен ачпаган сырды билдим,
Катылган тумандаган муңдарыңды.
Тезинен Тариэлге кат жиберткин!
Кор кылбай кур азапка курманыңды.

Өзүң да кызыл гүлдөй көркүңдү ачкын,
Жүзүңдөн шоолаларды чачыраткын.
Күнөөсүз көз жашыңар селдей болду,
Убалын тагдыр билер махабаттын.
Бир сен деп элден, жерден безип кеткен,
Эс алсын Тариэлдей арстаның.

Өзүңдү туткундуктан кутултууга,
Алыстан Автандил шер келди мында.
Улуу хан Ростевандын көрөр көзү
Күчүнө титиреген Аравия!
Билгендин баарысын ушуга жаз,
Жаралган чын сүйүүнүн таалайына.

Жаркыным! Билгим келет мен буларды,
Кажеттин качан кайтмак падышасы?
Сепилдин кандай татаал зынданы бар,
Коргоого дөөлөрүнөн канчоо калды?
Канткенде сага күнүм кире алмакпыз,
Мындагы шерлеринин көппү саны?

Катында билгениңдин барлыгын жаз,
Өткөрбөй бир ирмемди ушуга шаш!
Ишенсин бардыгына Тариэлиң
Колуңдан белек берип көңүлүн бас.
Биз болсок экөөңөрдү кошултууга,
Күзгүдөй жол салабыз, жааса да таш!»

Шыйкырдын чапанынын эки бурчу,
Диркиреп канат болуп куштай учту.
Кажетке бир дегенче жетип келди,
Билген жок, көргөн да, кароолчусу.
Шыпылдап эшиктерден эшиктерге,
Баратты жараткандын тири укмушу.

«Сүф» – деди, кайра киши болуп алды,
Кыз олтурган төркү үйгө кирип барды.
Колундагы түрмөктү тапшырганда,
Нестан сулуу шашылып ача салды.
Нечен жүз жыл булутка бүркөлгөн Ай,
Тагдырымдан эрк келип жаркырады.

Шыйкыр айтты: «Кулумун Батмажандын,
Көркүн ачам санаада саргайгандын,
Мезгил жетти, сен гүлдөп көрк алмаксың!
Кайра тиймек колуңа махабатың!
Билерсиң, мен айтпайын акым да жок,
Сөздөрүн окуп чыксаң ушул каттын».

Дарежан мына ошондо кубанганы,
Элчини улам-улам кучактады.
Көзүнөн ашыктыктын оттору ойноп,
Толгон айдай толгонуп, тура калды.
Эмне дээрин биле албайт шаттык кандай?
Кубанычтык жашына кат сууланды.

«Мен минтип туткундукка тутулганды,
Баатырга ким айтты экен» – деп сурады.
Шыйкыр кул: «Менде дагы кемчилик бар,
Күнү-түн ойлой берип амалдарды,
Турмуштун кээ бир изин таппай калам
Айтайын айым мындай аз кабарды:



Өзүңдөн айрылган соң, Батма жаркын,
Агызды сел-сел кылып көз жаштарын,
«Сактангын кызга бүгүн жамандык бар» –
Деп ага эки-үч жолу кайталадым.
Бирок да кол булгады: «Жалган кеп» – деп,
Ал кийин мойнуна алды айыптарын.

Кандайдыр чоочун жактан бир шер келди,
Сен экенсиң жер үстүнөн издегени.
Батмажан рахаттуу бир учурда
Баатырга көргөндөрүн айтып берди.
Ошентип мени сага жиберишти,
Мен жеттим бузуп көктү, тешип жерди!»

Кыз анда: «Болду ишендим айтканыңа,
Билди экен Батма мени кантип кана?
Сүйгөнүм, ашык жарым бирөө үчүн,
Калкыдым кең кайгынын дайрасында.
Өзүңдөн жооп жазып жиберейин,
Тапшыргын муну алпарып Батмажанга».

## XLVI

## НЕСТАН-ДАРЕЖАНДЫН БАТМАГА ЖАЗГАН КАТЫ

«Батмажан, сени энемден артык көрөм,
Кантейин кайгы зарга башым көнгөн,
Тагдырым сүйгөнүмдөн ажыратты.
Өзүмдү жеткис кылып алыс бөлгөн.
Ал түгүл талоон кылып тозокторго,
Өткөрдү эсеби жок өлүмдөрдөн.

Катыңда : кутултабыз деп жазыпсың,
Бир азыраак токтоду аккан жашым.
Кажеттер тегерете коргон сокту,
Көчүрүп кара тоонун аска ташын.
Миң-миңден курчап турган сакчылар бар,
Алардан оңой менен өтө албассың.

Ханшасы кажеттердин жолго аттанган,
Жакында кайтмак эмес ал сапардан.
Бирок да сепилинин бекемдиги,
Кулабас күч келмейин махабаттан.
Шерлерди өзү тандап коюп кеткен,
Барлыгы болот алптар канга канган.

Автандил алда өзүнчө баатыр чыгар,
Бирок да өзү жалгыз эмне кылар?
Ошончо эрди кырып түгөтө албас,
Сан миңдердин артында сан миңдер бар.
Ошентсе да мага тоодой кубат берди,
Бир өзүңдөн угулган жакшы кабар.

Кордуктарды өткөргөн айтканым жок,
Ал өзүнчө түгөнгүс узун жомок.
Батма өзүңдөн суранам: сүйгөнүмө
Кат жаза көр мени айтып терең ойлоп.
Муну да жаз: сүйүүдөн түңүлбөсүн,
Акыр бир күн бизге да бакыт конот.

Жетер эми тагдырдын кордуктары,
Боло бербес жамандык мындан ары.
Махабатка угулар канткен менен,
Эки ашыктын миң жылдык кайгылары.
Эгер жаным азапка моюн сунса,
Сынына махабаттын жыгылганы!

Жибердим, белек кылып айрып жоолук*,
Бир кезде өз колунан алган жоолук.
Түшүнсүн Тариэлим бул белгиден
Кайгыда жатканымды туткун болуп,
Жок менде мындан башка көңүл басар,
Жатканым караңгы жер кайгы оронуп...»

**XLVII**

## НЕСТАН-ДАРЕЖАНДЫН АШЫГЫНА ЖАЗГАН КАТЫ

Кат жазат ашыгына күйүп-жанып,
Токсон ирет толгонуп туталанып,
Кирпигин калам кылып жашка аралаш.
Канына жүрөгүнүн малып алып,
Ал сөздөр окуучуну кошо эритет
Найзадай көкүрөгүнө тик кадалып.

«Жан шоолам, баштан өткөн окуяны,
Алыстан кат жазышып айтышалы.
Көңүлүмдүн бир сен нурлуу айы болдуң,
Унутпайм көргө кирип жатсам дагы.
Кордуктун нечен түрүн кечип өттүм,
Жете албай сүйгөнүмө асмандагы.

Сүйгөнүм, бул дүйнөнүн даамы ачуу,
О, чиркин, сүйүү деген балдай таттуу.
Айрылуу ашыгынан кыйын экен,
Көз туман, кулак дүлөй, көкүрөк дарттуу.
Күндө ыйлайм, жүрөгүмө тамак барбайт,
Шондуктан бал ичсем да баары бир уу.

Жараткан неге* экөөбүздү ажыратты,
Кошулчу кош жүрөктү алыстатты.
Сендеги терең баткан жаанын огун
Мендеги бек мыкчыган уу тырмакты.
Кандай жан сууруп алып, сооп алмак?
Кор кылбай күнөөсү жок махабатты.

Кээде ыйлап өлдүбү деп ойлогонмун,
Күйүттүн далай кечтим кызыл чогун.
Кубат аз, тагдыр күчтүү дегени эрк,
Шондуктан зарлап-зарлап тим болгонмун,
А, бүгүн, амандыгың* угуп алып,
Жеткендей асмандагы айга колум.

Мен жүрөм бир өзүңдүн багың үчүн,
Жашабайм байлык, дөөлөт, тагың үчүн,
Адамзат жашайт, өлөт, унутулат!
Махабат кошо берет күчкө күчүн!
Биздин гүл кайра гүлдөйт соолубайт да
Мүлдө аалам болсо дагы астын-үстүн.


Жан эркем, айта берсем толуп жатат,
Сен үчүн болуп өттү далай азап.
Кагазга анын баарын жаза албайм,
Балаадан Батма деген алды сактап.
Кайрадан тагдыр тору чырмап калды,
Сүйгөнүң кайда качып кутула алмак?

Абалым баштагыдан кыйыныраак,
Өчүүгө айландың го сен шам чырак.
Кантели, тагдыр бизди табалады,
Торунан чыга албайбыз тыбырчылап.
Кажеттер сепилине камап салды,
Буларды жеңүү үчүн жетпейт кубат.

Караса көз жетпеген бийиктемин,
Өңкөй шер коргоп турган тегерегин.
Жолдору мында кирер жер алдында,
Эч бир жан ошондуктан таппайт эбин.
Күнү-түн кирпик какпайт эсепсиз дөө,
Сазайын бере бермек келгендердин.

Баярак көп сөз жаздым сооротурлук,
Айтайын айкын-ачык буларды ук!
Биз эми өмүрлүккө айрылыштык,
Эстебе, мындан ары такыр унут.
Себеби мен чыга алгыс капастамын
Өлмөкмүн көктөн жерге өзүмдү уруп.

Жылдызым, ылаажым жок айрылбаска,
Бүттү үмүт, жаным, анан айла канча?
Соолуймун, саргаямын гүлдөй албайм,
Арам кол бирөөлөрдүн бакчасында.
Кандай оор ар бир жуткан дем алышым,
Жашоодо кызыгым жок сенден башка.



Ай элем – эми өчөмүн айың болбой,
Күн элем – эми өчөм нурга оробой!
Жашоодо – сүйүү кыйын билгендерге,
Сүйүүдөн айрылган соң, өлүү оңой,
Урматың денем менен кошо чирийт*,
Мен өлөм, колуң жайып дуба окуп кой.

Сеп болор жалынып көр жаратканга*,
Көз салар карыптардын көз жашына*.
Тагдырым канат берсе учуп чыгам,
Күн болом чачыраган ай-ааламга.
Сүйүүнүн ширин балын шимирели,
Эгерде биздейлерге райым кылса.

Күн болбос бул дүйнөдө сен жок болсоң,
Себеби багыңарды бирге кошкон.
Шооланды мага энчилүү төгүп турсаң,
Түрлөнөм кайгы-муңду тоотпостон.
Ошондо өлсөм анан арманым жок
Мемиреп уктай берем козголбостон.

Бел байлайм бир өзүңдөн кубат ала,
Коркпоймун ошондуктан өлүмдөн да.
Сактадым чын сүйүүнү кайраттана,
Сен үчүн мен даярмын өлүмгө да.
Бул күндө жаралаган зил ооруга,
Бир гана чын ашыгым сенсиң даба.

Дароо жет туулган жер Индостанга!
Жардам бер баштагыңдай жан атама!
Душмандар туш-тушунан курчап алып,
Калың журт кагылышат  кан майданда.
Жоосун жең, мени да айт, сагынгандыр,
Ырдай жүр кошуп алып арфаларга.

Болду эми, бүттү арманым өзүңө айтар,
О алыс-алыс калды сүйгөн чактар...
Акыры текке кетти, өмүр сүрүү
Сел болуп, ташкынданып аккан жаштар.
Өлөмүн өзүң үчүн, бүтсүн күнүм!
Кузгундар көзүмдү оюп, сайрандашар...

* 6-куплет 1940-жылдагы басылма боюнча.

Берерим ушул, жаным, айрык жоолук,
Катып ал, жазган катты окуп болуп.
Бул өзү махабаттын элестери,
Жаш гүлдөй жамгыр жаабай турган соолуп.
Жер, көк да, ай да – баары каршы,
Эмесе, түбөлүккө* коштошолук».

Деп Нестан ушул сөзүн жазып бүттү,
Сыртынан жибек чулгап түрмөктөдү.
Негедир кайра келип жаштык көркү,
Каптады жарык нуру жерди-көктү.
Нестан Ай жал-жал карап кең асманды
Таң калат ишене албай өзүнө өзү.

Аяры Батмажандын илип алды,
Ичинен бирдеме деп шыбырады.
Жылт этип көздөн кайып жок болду да,
Батмага бир дегенче алып барды.
Автандил жаратканга тобо кылды,
Ал эле, тагдырына ушунчалык кубанганы.

Батмага: «Тагдырымдан келди бакыт!
Берсем да жүрөгүмдү кылар аздык.
Жет учуп! Тездик менен камданалы,
Бул тууралуу Баатырга угузалык.
Кол жыйнап кажеттерге чабуул жасап,
Кимдер эр кан майданда сынашалык!»

Батма айтат: «Кетсең мага оор болор,
Үйүлөр маңдайыма жазылган шор.
Бирок да ал сөз эмес, жөнө, күнүм,
Кор болбосун сүйүүгө эки бир боор.
Кажеттер кайрылганча шашуу керек,
Бизди кубаты мол достук колдор».

Автандил мындай деди шерлерине:
(Аларды Фридон досу берген  эле),
«Биз мурун алсыз элек, эми достор,
Баатырыбыз тике тиер менсингенге,
Жогорку кабарды угуп кайгым кетти,
Кайрадан туулгандай бул дүйнөгө.

Падышаңар Фридонго муну айткыла:
«Чамам жок, убакыт тар жолугууга.
Жан кыйышпас жан досум угуп калсын,
Жакын күндө аттанам чоң чабуулга.
Каракчыдан түшүргөн олжолорду,
Тартуу кылам, курдаштар, баарыңарга.

Адал кызмат кылдыңар унутпасмын,
Жардамына Фридон жаш курдаштын.
Мындан башка дүнүйөм жок, берер элем,
Алтын, күмүш, ар түрлүү каухар ташын.
Бөлүштүрүп алгыла бергенимден,
Араңардан эч кимиң кур калбасын.

Ойногула, күлгүлө, жыргагыла!
Мас болгула жаштыктын жылдарына!
Бир жашайсың, экинчи туулмай жок,
Ашыктыкка кош көңүл кылбагыла.
Өзүңөрдөн кат жазып жиберейин,
Фридондой курдашка тапшыргыла».

## XLVIII

## АВТАНДИЛДИН НУРАДИН-ФРИДОНГО ЖАЗГАН КАТЫ

«Баатырсың, падышалардын падышасысың,
Сүрдөнтөт арстанды бир карашың.
Бет алган душманыңдын сөөгүн чагып,
Каарыңа тийгендерден кек алгычсың.
Уялтып жарык күндү жүзүң менен
Куурабас ак гүлүсүң, жайдын, кыштын.

Өткөрдүм бир башымдан көп жамандык,
Болгон жок, бирок такыр чарчагандык,
Качырган кушка жеттим кармоо үчүн,
Көрмөкмүн мурункудан зор кыйындык
Дарегин күн сулуунун билдим досум,
Баатырдын багын ачам, жашын тыйып.

Ай жамалдуу жаш сулуу туткунда экен,
Ашыгы үчүн ал дагы кайгы чеккен.
Жолу татаал, шерлери көп, орлору бар,
Корко турган эмесмин эчтекеден!
Кырк катарлуу сепилге камаптыр, – дейт,
Асман, күндү коркуткан кажет деген.

Досум болсоң – достук кыл ушундайда,
Даярдангын кол курап кан майданга.
Не кылам деп ойлосоң кыла аласың,
Сенден качып кутулбайт, токсон айла.
Бузам десең бузасың аска тоону,
Жетем десең жетесиң асман айга.

Ачмакмын булут баскан ай шооласын,
Басмакмын кайгы дартын жан курдаштын.
Өзүңө жолуга албай шаша аттандым,
Фридон, ошондуктан таарынбассың!
Айтаарым жардам көрсөт баатыр болсоң,
Бакка бүткөн эрдикти эл сынасын!

Ыраазымын, кошуп берген кулдарыңа,
Кул эмес көк чапчыган баатырларга.
Кыйындыктын баарында бирге болду,
Түк жазбай дегенимдей толду сынга.
«Жакшыдан – жакшы туулат» деген ошол,
Падышасы – эр Фридон не кылса да».

Жибертти муну жазып чабармандан,
Шер өзү атка минген, жарактанган,
«Калганын оозеки айт, – деп, – мен тууралуу»
Тулпарын көккө учуруп бара жаткан.
Эч бир күч бул сапарын токтото албайт,
Тоо урап, жериң түшсүн, сел басмактан!

Автандил өткөөл тапты чоң деңизден,
Карады Батмажанды аркы өйүздөн.
Шол бойдон октой сызды кеме менен,
Жүрөгү ачышса да сыр бербестен.
Бейиш шаар Гүланшоро алыс калды,
Энедей армандуула бал эмизген.

## XLIX

## АВТАНДИЛ ТАРИЭЛГЕ КАРАЙ ЖӨНӨДҮ

Ошентип жээк менен зымырады,
Тең бөлүп шарпылдаган толкундарды.
Токтолбой күн-түн сүзгөн күлүк кеме,
Деңизден деңизге өтүп алыстады.
Курдашын Тариэлдей кубандырмак,
Достукта шаттык барбы мындан дагы!

Өткөн жыл жазда кеткен, жазда кайтты,
Ак, жашыл гүлгө толгон туш-тарабы.
Булбулдар миң бир түрлүү күү куюлтуп,
Таратат көкүрөктөгү кайгыларды.
Мас кылды, Автандилди теңселдирди,
Бул жактын жадыраган жазгы маалы.

Аңгыча күн күркүрөп, жамгыр жаады,
Ылайланган суу каптап сай-сайларды.
Ал – гүлдөрдүн өмүрү, ансыз гүл жок
Кайра ачылып күн нуру жадырады.
Куттуктайбы? Алда эмне кулак тунат,
Түркүн куштун түрлүүчө табыштары.

Баягы жерге барды айрылышкан,
Чакырып Тариэл деп айтты атынан.
Жооп жок кайталаган кур жаңырык
Бастырды дагы арылап тура албастан.
Курдаштар элестетсин өздөрүнө,
Кыйын го: издөө деген арстанды – арстан.

Үңкүрдү аска алдында көрүп калды,
Тулпарын үстү-үстүнө камчылады.
Бир болсо мында болор, жок болсо жок,
Жүрөгү ташкындады, албууттанды:
«Баары бир издеп табам аман болсо,
Кыдырам он кайтара мүлдө ааламды!»

Бирде жай, бирде катуу келе жатты,
Өзүнчө күңгүрөнүп ыр ырдады:
«Тариэлди көрсөм ээ» деген тилек.
Санаа ушул, Автандилдин оюндагы.
Колоттон гүр-гүр эткен, кылыч чапкан,
Кандайдыр бир шумдукту көрүп калды.

Байкаса: Тариэл экен! Кылычы кан,
Алдында кулап жатат бир арстан,
Атынын кайда экени дайыны жок,
Артына бурулду эле байкабастан;
Автандил досун көрдү Тариэл шер.
Ошентип эки курдаш, кучакташкан.

Далай жыл ай тутулган, күн тутулган,
Асман, жерди каптаган кара туман.
Кечиккен жай да, жаз да, күз да, кыш да
Келишпей убагында келе турган.
Кайрадан дүйнө алмашты, бакыт жыкты,
Ар кими өз жолдорун табышты араң.

Ыйлады Тариэл шер кубангандан,
Чыгарбай Автандилди кучагынан.
Көңүлгө катуу тийген бактысыздык,
Шол кезде унут калды чынын айтсам,
Ал айтты: «Жан курдашым, келдиңби аман,
Бүт денеме ырбаган бүттү жарам!»

Автандил Тариэлди сооротту да,
Көзүнөн кубанычтын отун чача:
«Ук курдаш, ук айтайын жакшы кабар
Гүлдөмөк кызыл гүлүң гүлүн ача;
Сүйлөйүн: туткундалган Ай тууралуу,
Сен чыда, жүрөгүңдүн отун баса».

Тариэл шер: «Кубанычтуу көз карашың,
Курдашың сага жанын курман чалсын,
Чыгардың баткан күндү, солгон гүлдү,
Кургаттың сел-сел аккан көздүн жашын.
Өмүрдө ансыз менде рахат жок,
Өмүрдө ансыз бир күн жашабасмын».

Экөө тең жакында атар жыргалга эрип,
Сүйүүдөн күүгүмдөлгөн элес келип,
Автандил Дарежандын катын сунду,
Ошондо Тариэлге жер түнөрүп,
Чын эле ашыгынын ырын көрдү,
Түрмөктү жарк эттире жаза берип.

Тариэл шердик кылды чымырканды,
Шонтсе да аягына чыга албады,
Күн катын жүрөгүнө бекем кысып,
Эс-учунан айрылып жатып калды.
Соломон, Кайын аттуу берендер да,
Көрбөгөн мындай кыйын азаптарды.

Тариэл ошол бойдон козголбоду,
Тийгендей чагылгандын шайтан огу.
Дем чыкпайт, дем ала албайт кантсин анан,
Төшөлүп муздак жерге ысык боору.
Жан тирилтер, табыптар киришсе да,
О, чиркин, сүйүү деген кайтпас оору.

Канетсин Автандил да кошо ыйлады,
Себеби экөөнүн бир махабаты.
Муңканды, буркурады жаш көлдөдү,
Окшоду: арманы мол, саз[1] аваны.
Көтөргөн жер үстүнүн кайгы жүгүн,
Тагдырым неге көрбөйт мындайларды?

Өзүнчө Автандил шер: «Мен жаманмын,
Ар дайым кыйын иштин билбейм ыгын,
Досумду сүйүнтөм деп акырында,
Карачы, о, тагдырым эмне кылдым.
Дүйнө кең, басам десем, бут байланууу,
О, таалай, айтсаң боло не шылдыңың!»

Шер жатты арасында камыштардын,
Автандил биле койду суусаганын,
Шашылат ары чуркайт, бери чуркайт,

---

[1] *Саз* – муңдуу, чоор сыяктуу аспап.

Эч  суу жок, биле албады не кыларын.
Ууртатты суу ордуна шер оозуна
Баягы арстандын ысык канын.

Тариэл ошондо араң эсин жыйды,
Үшкүрүп жаткан жерден ыргып турду,
Жүзүнөн ойноктоду жаркын нуру,
Жараткан тагдырымдын жалгыз кулу.
Индостан тууган жери алыстагы,
Элестеп көз алдына келип турду.

Кайрадан чүмкөп алат кайгы санаа,
Дене үшүйт, кыш кайрылып жаз чыкса да,
Көктөгү күн бүркөлүп каарын төгөт,
Он сегиз миң ааламды ызаланта.
Кулакка карга үнүндөй жагымы жок,
Булбулдар безелентип сайраса да.

Шордуунун жолу туюк кайда барат?
Сүйүүнүн ак жолунан адаштырат.
Өмүргө эрдик менен умтулса да,
Кайрадан басып коёт, ызалантат.
Тамтык жок жүрөгүнүн бир жеринде,
Махабат үстү-үстүнө канжар малат.

Акыры чымырканып окуп болду,
Баягы белекти алып шолоктоду.
Жарык  нур кара нурдай Тариэлге,
Көрүнөт жер үстүнүн тозоктору.
Автандил кайрат кылып кой, – дейт шерге, –
Жазалы курдаштарга мына ошону:

«Тариэл, кур кайгыдан пайда чыкпас,
Кайгыны кайгы экен деп эч ким укпас.
Белди буу, кубат жыйна, аттаналы,
Туткунду куткаралы, жүргүн курдаш!
Жеткирем сүйгөнүңө жолду баштап,
Болду эми, жетер, баатыр ыйыңды бас.

Көңүлүңдү ач, кыздан кабар укпадыңбы,
Шашалы, кажеттерге бат баралы,

Аларга кыргын салып, шаарын бузуп,
Кайгылуу капастагы кушту алалы.
Жеңели ору терең душмандарды,
Кудайын таанnetwork, таанытaлы».

Тариэл калыбына кайра келди,
Сурады Автандилден кажеттерди.
Жаз жайнап, булбул сайрап, суулар ташып,
Түрлөнүп порумданып гүл тепселди.
Баатырдын кыялына аралашты,
Сүйгөнү Нестан менен жүргөн кези.

«Не десем чын азамат – сендей эрге?
Актармын акыркы  күч болсо менде,
Биз үчүн сенин кылган жакшылыгың,
Эч качан эстен чыкпас өмүрүмдө.
Суу септиң бой көтөртүп солуган гүлгө!»
Тариэл ушуну айтты Автандилге.

Жөнөштү аттарына ыргып минип,
Тоо- таштар калып жатты чимирилип,
Табууга Асматжанды баратышат.
Ар дайым максаттары достук, бирдик
Айчылык жол жүрсө да арыбас аттар,
Жакындап кара үңкүргө келди кирип.

Асматжан олтурган кез аска үстүндө,
Кайгырып минтип тентип жүрүшүнө.
Жакындап дүбүрт чыгат, караса экөө!
Ырдашат овон салып шат күүсүнө.
Делбелектеп жүгүрдү ич кийимчен,
Таң калат Тариэлдин күлкүсүнө.

Ар дайым ыйлап кайтар Тариэл жок,
Жулкунат, жер тепкилеп аты ойноктоп.
Баягы унутулган сүйүүнү ырдайт,
Көзүнөн адеттенген жашы токтоп.
Асматжан өзү ишенбейт көргөнүнө,
Бул шаттык анын жалган түшүнө окшоп.

Эки дос эки жактан жылмайышат,
Асматка кубанычтуу сөз айтышат:
«Кеткен бак, учкан куштун дайынын таптык!
Тагдырым күлгүлө деп берди руксат.
Асматжан, биз көтөргөн кайгы жүгү
Бүт кетип, мындан ары болмокчу сап».

Автандил эркелетет Асматжанды,
Бетинде тамылжыган качкан каны.
Асматжан сүйүнгөндөн толкуп ташып,
Мойнунан бир боорунун кучактады.
Сурады: «Айтчы баарын каякта экен,
Жоголгон бул дүйнөнүн шам чырагы».

Автандил: «Ай жамалдуу, чынар мүчө,
Алтын күн тийип турган, төбөбүздө
Каты бар өзү жазган сүйгөнүнө.
Окуп көр түшүнөрсүң мына ошондо,
Асматжан, колуң жетер көктөгүгө».

Чын эле Дарежандын тааныш колу,
Ырдачу муңдуу назик овондору,
Асматжан Автандилден жулуп алып
Он кайталап шондо араң окуп болду.
«Өңүмбү, түшүмбү», – дейт башка сөз жок,
Ал экөө махабаттын бир боорлору.

Анда шер: «Жалганы жок баары тең чын,
Сүйүүгө туталанган үмүт тынсын!
Кайгыны шаттык жеңди акырында!
Узартмак жаркын күн да өз жылышын.
Дүйнөнүн жамандыгы тапталмакчы,
Жакшылык мындан ары өкүм кылсын».

Кайра айтты, барлык болгон окуяны:
«О, чиркин, Ай тууралуу туткундагы.
Сүйүүнүн үч жолдошу бирдей ыйлап,
От болуп жүрөктөрү жалындады.
Турмушка жасайт экен бир гана ирет,
Сүйүүгө ак ниеттүү мындайларды.

Тариэл: «О, ашыктык! Шоолаң тийип,
Райым кыл шордууларга өзүң билип».
Дегенде тиги экөө да колун жайды:
«Адашкан ашыктарды бириктирип!»
Мындан соң тамак берди баатырларга,
Асматжан үңкүрүнө алып кирип.

Шер сүйлөйт Автандилге: «Кулак салгын,
Чынары – эркин өскөн алыс жактын.
Жез тумшук балаалардан бул үңкүрдү,
Согушуп араң зорго алып калдым.
Мындагы дүнүйөлөрдүн көбүн айтпа,
Жакут таш, каухар жана түрлүү алтын.

Чынында, көргөнүм жок канча экенин,
Көрмөк түгүл дүнүйөмдү эскербедим.
Жүрчү, курдаш, карайлы бирге барып,
Касиетин байкайлы тапкан кендин».
Ээрчип басып калышты ошол жакка,
Макул көрүп баатырдын айткан кебин.

Асмат жүрдү жол баштап эң алдыда
Бет келишти көз көргүс караңгыга.
Жылт-жылт этет бир нерсе ар жагында.
Ачып жүрүп олтурса, кырк бир каалга.
«Бул неси» – деп чоочушуп таң калышса,
Кырк бир бөлмө үй турат оң тарапта.

Ар үйүндө ар түрлүү буюмдар бар,
Чебер колдон иштелген жоо-жарактар.
Өмүр бою санасаң эсеп жеткис
Алтындан да кымбат баа, жаркырактар.
Эч бир хандын үйүндө, мындайлар жок,
Көркү он түрлүү кубулуп көздү уялтар.

Кыдырата илинген кылыч, найза.
Кош мизделген сапталуу, ак ай балта.
Кичине, чоң ченелүү болот соот,
Жете турган миң сандан кол болсо да.
Маңдайында жазылуу жазуу турат,
Эң төркү үйгө тиги үчөө кирип барса.

Ал жазуунун алдында бир чоң сандык,
Болгондо да ар адам таң каларлык.
Үчөөнүн тең жүрөгү шуу дей түшүп,
Кайра жакын  басышты кайраттанып.
Ал жазууну окушса мындай экен
(Ар сөзүнө абайлап назар салып)

«Бул сандыкты ачпасын күнөөлүү адам,
Күйүп өлөр андайлар, турган жайдан.
Сандыкты ачсын: кубатсыз бечара адам.
Күч сураган жалынып, махабаттан.
Шилтенгенде узарчу кылычтар бар,
Бир чапканда сан жоону кыра турган.

Багынтсын деп өзүнө дүйнө жүзүн
Кошсун деп баатыр болсо күчкө күчүн,
Жасалды сандыктагы жарак-жабдык,
Кажетти, жез тумшукту кыруу үчүн.
Буюрду таалайына мына ушинтип,
Тагдырым шордууларды сүйгөнү үчүн!»

Таш менен зор кулпуну талкалашты,
Сандыкты ошол жерден шарт ачышты.
Чарайна, чопкут, соот, кылыч, мылтык,
Эки шер ок өтпөстөй жасанышты.
Өздөрү эмне кийсе дал ошондой,
Бир шерлик, эр кийиминен дагы алышты.

Чабышса кылычтары болот кесет,
Сайышса найзалары тоону тешет:
Атышса – мылтыктары ок себелейт
Октору айлык алыс жолго жетет.
Болгондой миң баатырга ар бири тең!
Булар менен дит багып ким беттешет?

Эки шер даярданды чоң чабуулга,
Кажеттин шаарын бузуп чаң кылууга.
Баягы жабдыктардын үчүнчүсүн:
Арнашкан Фридондой жан курбуга;
Аныкын байлап койду канжыгага,
Автандил баатыр өзү тапшырууга.

Алтындан бир азыраак алышты да,
Коюшту үйдөй ташты кең оозуна.
Автандил: «Бир түн түнөп кара үңкүргө,
Жөнөйлү эртең», – деди курдашына.
Алар да макул көрдү анын оюн,
Аңгыча уясына батты күн да.

Мына акын өз алдыңда эки бир боор,
Ырдай берсең түгөнгүс ырың болор.
Эки дос – ашыктыктын алтын күнү,
Ой кыйын, булар өткөн татаал жолдор.
Чыгышмак: эртең кайра, кан майданга
Дагы бар түбү терең зындан, орлор.

L

## ТАРИЭЛ МЕНЕН АВТАНДИЛ ФРИДОНДУН ШААРЫНА БЕТ АЛЫШТЫ

Эртеси жер агарып таң атканда,
Миништи эки баатыр аттарына.
Тариэл кызды артына учкаштырды,
Ошентип жүрүп кетип баратканда:
Жолукту көп соодагер, жылкы айдаган,
Бир ат сатып алышты Асматжанга.

Автандил шер ээрчитет тааныш жолго,
Ай жеттик го дегендей болжогондо;
Жер жайнаган төрт түлүк мал көрүштү,
Көп күн өтүп ошол күн түш оогондо.
Тариэл шер кубанып, тамашалап:
«Мал тиебиз, жүргүлө», – деди ошондо.

Тулпарынын баарысын айдай бөлүп,
Качкан болсок калп эле дүңгүрөтүп,
Ачууланып Фридон жарактанып,
Бизге карай чү коёр деп көңтөрүп;
Ассалоому алейким, аманбы деп,
Кантер экен байкатпай кол берелик».

Куп дешти бой беришпей жылкычыга,
Үйүр-үйүр жылкыны салды алдыга.
Жылкычы: «Силер кандай уурусуңар
Ажалды издеп тапкан – дешти аларга.
Анда экөө: «Баатыр болсо чыксын сыртка!»
Тынч жаткан талаа толду ызы-чууга.

Менсинген, күчкө толгон кээ бир жаштар,
Алдында от жатса да тартынбастар.
«Сенилеп» беттешүүгө тороп чыгат,
Качышат, абайлашса арстандар!..
Аптыгып падышасына кабар берет:
«Мал тийди чоочун жердик каракчы алптар!»

Фридон ээр токутпай жайдак минип,
Артында калың аскер жер силкинтип.
Куюндай катуу жүрүп жаасын камдап,
Келатты эр жарагын сунуп типтик.
Кубанды, жаш жүрөгүн шаттык басты
Алыстан эки досун таанып билип.

Тариэл: «Ай, ай токто, ачууланба,
Ааламга түн түшүрүп каарданба,
Адашкан курдаштарың келип турат,
Фридон, мына ушинтип өз алдыңа!
Алдырган үйүрүнөн өз малыңа –
Бул эмнең, аптыкканың сараңдарча?»

Фридон аттан ыргып түшө калып,
Чөгөлөп таазим кылды уялгансып.
Көрүштү алмак-салмак кучакташып,
Көздөрдөн сагынычтуу жаштар агып.
Кошулуп үч асыл дос – үч алтын күн,
Достукка сыйыныштты колун жайып.

Экөөнө анда Фридон: «Мен силердик,
Үчөөбүз өмүрлүккө, бир жүрөлүк!
Даярмын кул болууга кул ордуна
Курдаштар, өлмөйүнчө ажал жетип»
Дегенде дагы ысык кучакташуу,
Ошентип, үч баатырдын анты бекип.

Келишти Фридондун сарайына,
Олтурду шат-шат күлүп сый жайында.
Чынында берки экөөнөн Тариэлдин –
Сымбаты бийик экен алда кайда!
Беришти Фридонго эр жарагын,
Алышкан атайылап баягыда.

Тариэл: «Ушуга дос, ыраазы бол,
Тыякта алтын, күмүш, жакуттар мол.
Ташууга убакыт аз, качпас бизден».
Дегенде Фридон айтты: «Жок, жолдоштор!
Андайды мен силерге берсем дегем,
Жеткирер бардыгына биримдик кол!»

Кеч кирди тынчтык берип күн да батты,
Мончого келгендерди тазалантты.
Фридон тартуу кылып эки шерге,
Тигилген өнөрлөнтүп кийим жапты.
Колунда эмне болсо берип жатты,
Жайнатып эчен түркүн бал тамакты.

Жаш падыша: «Куткарууда туткун Айды,
Биз минтип бекер карап отурбайлы!
Кажеттер кайтып калса жолдорунан,
Курдаштар ишибиздин болор айыбы,
Жеңдирбейт оңой менен желмогуздар,
Кырылган биздейлердин далайлары.

Аскердин көбү зыян, эске алалык,
Душманга шек билдирер уу-чуу салып;
Тандалган үч жүз эрди ээрчители
Басалы түн киргенде аңдып жатып.
Жан жеңбес тажаалдарды көрүшөлү,
Алар да үчөөбүздү калсын таанып!

Кажеттин сепилдери мага тааныш,
Коргону адам күчү кулата алгыс.
Эгерде жашырынбай ачык чыксак
Нечен ай, нечен жылы урушабыз.
Шондуктан абайлатпай кириш керек,
Чыгарбай баскан изден эч бир дабыш».

Көнүштү Фридондун айтканына,
Үч баатыр камданышты ат майданга.
Фридон жакутталган түркүн- түркүн,
Кийимди тартуу кылды Асматжанга.
Кызга айтты: «Баш-көз болуп калгын мында,
Аман-эсен көргүчө кош, садага».

Тандалды миң сан колдон үч жүз баатыр,
Андайлар жер үстүндө болсо да аздыр!
Мингизди үч жүз буудан бардыгы окшош,
Жанында жарактары шалдыр-шалдыр.
Эр кылсын: кечээ күнкү алсыздарды
Жолдорун туюкталган ачсын тагдыр!

Өтүштү кең дайранын ар жагына,
Үч баатыр токойлорго далдалана,
Артында баатырлары бир катарда,
Келатты баш чыгарбай жашырына.
Экөөнө Фридон анда мындай деди:
«Кажетке кол салалы күн батканда!»

Бул сөздү берки экөө да кабыл алды,
Күн батты. Жапырт атка кайра аттанды,
Кабыландар бир изинен жаңылышпайт,
Айы жок асман бүркөө, түн караңгы.
Мынакей, оп тартууга оозун ачкан
Кажеттин сепилине жакындады.

Карашса, кылда башы көккө жетет,
Коргону кажеттердин о, кандай бек.
Үч шердин шooласынан жарык болду
Сакчылар ойгоо турган чоочуп кетет.
«Көсөмүң кыйын болсо – тоону тешмек,
Бир берен акыл менен миңди жеңмек».

## LI

## ҮЧ БААТЫРДЫН КЕҢЕШИ

Биринчи Фридон сүйлөйт берки экөөнө:
«Акылым эгер жакса көңүлүңөргө,
Биздин кол аздык кылат, кубат жетпейт,
Катылсак учурарбыз өлүмдөргө.
Кокустан бир башталса салгылашуу,
Нечен жыл мүмкүн болор түгөнбөөгө.

Үйрөнгөн бала кезден өнөрүм бар,
Мындан да бийиктерге ыргып чыгар.
Жыгылбай кыл үстүнөн басып кетем,
Таң калган далай ирет, көп дарчылар.
Курдаштар айта берсем толуп жатат,
Адамдын көзүн байлар түрлүү амалдар.

Бириңер кыл аркандын бир жак учун
Сепилдин кырбуусуна илинте урсун,
Жол кылып мына ошону чуркап чыгам,
Кыйратам канча болсо кароолчусун.
Ичине ыргып түшөм жол ачылат,
Силерге эгер жакса бул сунушум».

Экинчи Автандил эр кезек алды:
«О, падыша, кыйрата алдың качырганды.
Билинбейт, аккан каны жарасы орду,
Жаа менен канча атсаң да арстанды.
Шондуктан бул акылың орундуу эмес,
Бизден куу кажеттердин баатырлары.

Көрүшөр сени дароо, коңгуроо урар,
Уктап жаткан колдору ойгонушар.
Түшүрбөй ошол жерден сени кармап,
Достуктун үзүлбөчү ыркын бузар.
Кантсең да көпкө жалгыз алың жетпес
«Күч көптө», – деп айтышкан карыялар.

Күткүлө колдор менен мында калып,
Качырга көп дүнүйө артып алып.



Соотту, жарактарды кошо катып,
Болоюн соодагерден айырбастык.
Сакчылар өткүн дешер жолун ачып,
Лып этип мен жөнөйүн ылдам басып.

Эрлерин сепилдеги бүт талкалап,
Бирин койбой кырайын баштан аяк,
Кыйраткан соң сепилдин каалгасын,
Шарт ачайын чыккыла силер аттап,
Сыртындагы колдорду алмак оңой
Анан көктөн тосмокпуз күндү урматтап».

Үчүнчү Тариэл сүйлөйт: «Экөөң тең эр,
Тыңдадым жогоркудай сүйлөдүңөр.
Оюңар: менден мурун черди жазуу,
Кажетке кыргын салуу тилегиңер.
А, макул, турмакмынбы четте карап?
Курдаштар кара жаным кантип түтөр?

Башталса кызыл кыргын кан түтөсө,
Кара жер кажеттерге дүңгүрөсө.
Угулган чуудан чочуп ашык жарым,
Бийиктен биздин кылган ишти көрсө:
Ошондо экөөңөрдү болжоп таанып,
Не болом «Тариэлим жок го!» десе?

Менимче үч тарапка бөлүнөлү.
Жүз-жүздөн үч жүз колду тең бөлөлү.
Эки топ бер жагында аңдып туруп
Бир тарап аз болгонсуп көрүнөлү.
Кажеттер ошол жакка ат койгондо,
Шап этип чыга калып өлтүрөлү.

Өлтүрмөк оңой эмес душмандарды,
Бирок да курчалмакчы үч тарабы.
Бир жагын сепил өзү тосуп калмак,
Ошентип ээн-эркин салышалы.
Артына соо кайтарбай бирин дагы
Жеңгенче жан аябай чабышалы».

Жаш Фридон: «Акылыңа ыраазымын,
Баягы сага берген кара атымдын,

Ушундайда кереги тиймегин көр.
Ал болгондо секиртип чыкмакчымын,
Өтүп алып сепилдин ар жагына.
Ырдайт элем эрдиктин ойдогу ырын».

Дегенде күлүп калды беркi экөө да,
Түшүнөт, курдашы айткан тамашага!
Ошентип күлүү бүттү, күтүү бүттү
Киришти өздөрүнүн кызматына.
Бек тартып басмайылын аттарынын,
Бөлүштү үч жүз колду үч тарапка.

Карасаң, үч баатырдын ирeңдерин:
Сүрдүүрөөк жолборс көзү Тариэлдин.
Беркилерден айбаты – айбаттуураак,
Байкап турсаң басканын, ат мингенин.
Үч баатыр чабуул салып бара жатты
Жазуугa көптөн беркi эриккенин.

## LII

## КАЖЕТТЕРДИН СЕПИЛИ ТАЛКАЛАНДЫ

Мен көрөм үч баатырды, үч арстанды,
Нурданткан жүздөрүнө жерди, асманды.
Багынып бул ааламдын планети,
Бактылуу даңгыраган жолго салды.
Тариэл эң алдыда жоодон кайтпас,
Ошондой берки экөө да артындагы.

Булардын жер дүйнөнү титиреткен
Чабуулун эмне менен теңештирем?
Күчүнөн толкун токтойт, аска урайт,
Атылып дайра чыгат кургак жерден.
Мөндүр жаайт, кымгуут түшөт, бактар кулайт,
Үч баатыр, айкырганда бирдик менен.

Алдынан Тариэлдин ким чыга алат?
Андайлар ошол замат ажал табат.
Автандил, Фридонго ким даай алат?
Андайлар аман калбай баш алдырат.
Уккула, ошондогу согушту айтам,
Максатым төкпөй чачпай баяндамак.

Капташты үч кабылан үч тарапты,
Ээрчитип баягы үч жүз азаматты.
Эң мурда бир кишини жибериштти,
Анысы ордун баарын көрүп кайтты.
Жаракты ичтерине байланышты,
Согуштун чараларын ыкчамдатты.

Шек бербей, жүргүнчүдөй чачылганда
Эрлердин бирөө мында, бирөө анда,
Кыңылдап ырдап коюп баса берди,
Ишенди кажеттердин сакчысы да.
Сепилге жеткен кезде шап кийинип,
Кубулду баары эрлик сымбатына.

Бир тууган досчулуктун үч шер кулу,
Айкайлап үч тараптан найза сунду.



Сепилдин каалгасын бет алышты,
Тозоктон куткарууга күн сулууну.
Кажеттер бул шумдукка чоочуй түштү,
Аңгыча керней тартып, коңгуроо урду.

Куну өчүп, шапар тээп, жаткан дуулдап,
Кан ууртап, карс-карс күлүп, жыргап-куунап.
Баласын адамзаттын койдой мууздап,
Асмандын алсам деген айын уурдап.
Кажеттер колго түшүп, таш сүзүшүп,
Кыйрады бири үстүнө бири кулап.

Тариэл куштай тийип душманына,
Кубанып баатырлыктын ташкынына.
Кыйкырып ураан салып бара жатты,
Өлтүрүп бет келгенин каршы алдына.
Сепилдин коргондору омкорулду,
Кыйшайып ар жагына, бер жагына.

Автандил Фридонду көрдү алыстан,
Жаш баатыр кыркты өлтүрөт, бир чабыштан!
Тиги шер өз тарабын жеңип болгон,
Күчкө мас араң турат айласыздан:
«Тариэл, сен кайдасың!» – деп коёт да,
Кайра издейт кагылыштын арасынан.

Караса: Тариэлдин кирген жагын,
Мойсоптур чөп чапкандай арстаның.
Туура он миң балтакер дөө жеңилиптир,
Багынтты дагы нечен баатырларын.
Байкаса: оң кол жагын, сол кол жагын,
Кажеттер үйүлүптүр, жансоогалап.

Сепилдин каалгасы тунжураган,
Кулпусу асман жерди кымтылаган.
Баатырдын Тариэлдей өз колунан,
Каардуу алп күчүнөн майтарылган.
Мүчөсүн туура кырк бир кесик кылган,
Сакчынын көз ирмебей сактап турган.



Жолу бар казып койгон, жер алдында,
Белгилүү анын баары үч баатырга,
Өтүшүп миң бир түрлүү туюктардан,
Жетишет ай олтурган мунарага.
Жылаңбаш Тариэл шер кирип келди,
Кадимки биздин Нестан-Дарежанга!

Селт этип Нестан чоочуп карады эле,
Жалдырап айла таппай не кыларга.
Бир саамга тил байланып туруп калды,
Эсине араң келди анан кайра.
Ошентип Ай менен Күн кучакташты,
О, кыйын, мындай учур ашыктарга.

Чыга албай, бири-биринин кучагынан,
Сүйүүнүн көрүнбөгөн тузагынан.
Ыйлашты чыдай албай кубангандан,
Жыргалдуу элес келип махабаттан.
Эки гүл келе түштү өз көркүнө,
Аз болсо: бүгүн-эртең соолуй турган.

Аңгыча: эшик жактан үн эшитилди,
Ким десе бирөө агасы, бирөө иниси!
Автандил, Фридон экөө ызаат кылып
Колдорун бооруна алып баш ийишти.
Дарежан ыраазылык белги берди,
Жылмайып күндөй жарык нур тийгизди.

Экөөнү бир боорундай кучактады,
Жаш башын азаптардан кутказганды.
Ошентип кайра кайтты шордууларга,
Нечен жыл кубалаган махабаты.
Эки шер кантип жоону кыргандыгын,
Шаттанып Тариэлге айтып жатты.

Күн тийип байкуштарга досчулуктан,
Тажаалдуу кажеттерди талкалаган.
Жандарын чын өлүмгө арнагандар,
Көрүштү бирин бири эсен-аман.
Кантишсин, мындан башка эмне кылат?
Төртөө тең ыйлап алды кубангандан.

Баягы ээрчий келген үч жүз эрден,
Теңинен көбүрөгү согушта өлгөн.
Фридон кунун алган кажеттерден,
Бири үчүн миңди жеңген эсептесең.
Ачышты алтын салган кампаларын,
Чиркин ай ушунда экен дүнүйө десең.

Артышып дүнүйөлөрдү он миң нарга,
Жана да эсеп жеткис качырларга.
Нестанды отургузуп чатыр жасап,
Кайтартып төрт тарабын баатырларга.
Ошентип кечке жуук кайра тартты,
Үч жолдош, түшүп алып эң алдыга.

Калтырып алтымыш эрди сакчылыкка,
Бет алды Гүланшоро багытына.
Деңиздин учурашып падышасына,
Батмадай асыл затка жолукмакка.
Сүйүүнүн сыр кулпусун ачканы үчүн,
Бермекке не сураса, не кааласа.

## LIII

## ГҮЛАНШОРОГО КЕЛИШТИ

Тариэл кат жиберет бир кишиден,
Ал каттын жазуусу бар мындай делген:
«Падышасы Гүланшоро кең шаарынын,
Алик ал, башымды ийип салам берем.
Сени мен өз атамдай артык көрөм.
Баратам жоо кыйраткан жеңиш менен.

Калк коркчу кажеттердин канын төктүм,
Тоодон зор, пайдаң тийип бир өзүңдүн.
Батмажан баткан күндү кайра атырды,
Тирилтип сообун алды солгон гүлдүн.
Мактоого кылганыңа тилим жетпейт.
Не берсем актай алам – мунуң үчүн?

Өзүңө кажет шаарын тартуу кылам,
Элдерин кол алдыма багындыргам.
Шондуктан эрлериңди жибер ылдам,
(Тарттырбай сактап алсын душмандардан).
Жолумдан тосуп чыккын, учурашам,
Көңүлүмдүн өрөпкүгөн өртүн басам.

Жеткирсин Батмажанды үстүбүзгө,
Ашыксын Үсөйүнгө айт, жиберүүгө,
Суу сепкен Батма болду кызыл гүлгө,
Дарежан кумарданат сүйлөшүүгө.
Батманын бир туугандык жакшылыгы,
Сакталат: Айдын ысык жүрөгүндө».

Чабарман күндөп-түндөп тынбай чаба,
Жеткирди Гүланшоро падышасына.
Кубанды жерге батпай окуганда,
Сыйынып үч кайтара, бактысына:
Аттанды токтоп турбай ошол замат,
Жолуна Тариэлдин жолугууга.

Эсепсиз дүнүйө артылган кербен менен,
Ак лаал, көк зумурат не тилесең,
Алтындар, жакут, күмүш бардыгы бар,
Жабылган кызыл-тазыл торко килем.
Буларды тартууга арнап Тариэлге
Келатты бу да аябай жоомарт белем.

Батма экөө жолдо туура он күн жүрдү,
Көрсөк деп ай-ааламга тийген күндү.
Аңгыча, бет алдынан булар чыкты,
Айта албайм ошондогу сүйүнүчтү.
Көрүштү бирин бири кучакташып,
Нестандын көздү уялткан жаркын жүзү.

Батмажан Дарежанды көрө сала,
Жыгылды өксүп ыйлап аягына.
Өпкүлөп кысып, тартып өз бооруна:
«Ыраазымын түбөлүккө кул болууга!
Өмүрү аз жамандыктын, махабатка –
Жакшылык жолун ачсын эки ашыкка».

Нестан да Батмажанды өөп улам:
«Гүл элем кыш айланып соолуй турган,
Күн элем, ак жүзүмдү баскан туман.
Батмажан жардам тийди өз колуңдан.
Ыраазымын керек десең ушу азыр да,
Сен үчүн менин жаным болсун курман».

Кажеттин шаарын алган кубанычка,
Той берди дүңгүрөгөн Мелик падыша.
Жөнөттү калың колду ошол жакка,
Жардыгын падышалыктын таратмакка.
Шарактап оюн-күлкү, таң тамаша,
Созулду бир жумадан бир жумага.

Түрлөнттү Тариэлди кийим менен,
Насилин биз көрбөгөн, биз билбеген.
Алпарып олтургузду сыйлуу жайга,
Деди айтор, не кааласа баары белен.
Баягы чатыраган жаштык салты,
Нурданткан Индостанды кайра келген.

Күнгө да баа жетпеген белек берген,
(Андайды табалбайсың бул дүйнөдөн)...
Кулпунуп тотукуштай жал-жал карап,
Нур балкып айжамалдуу ак бетинен.
Ээрчишип алды артына бараткандын,
Суктанып эт жүрөгү элжиреген.

Автандил, Фридон сындуу эки арстанга,
Падыша өзү жапты чапан бир башкача.
Жана да эки ээр берди жалаң каухар,
Жаза албайм анын көркүн ак кагазга.
Бирөө да аскерлерден кур калган жок,
Ошол той өрнөк болду кары-жашка.

Тариэл Сурхап-Мелик падышага:
«Рахмат бизге берген тартууңа,
Эч качан эстен чыкпайт ырайымың,
Мас болуп карагандар дидарыңа.
Тагдырым тилегиңди кабыл кылсын,
Бак берип сенин улуу урматыңа...»

Ал анда: «Кең бейиштин чынарысың,
Дүйнөнүн жанып турган чырагысың,
Досуңду кубандырып келбетиңе,
Душманды тепсе өлтүрөр кыраанысың.
Көкүрөккө терең баткан кайгы алмак,
Амалсыз бир өзүңдөн айрылышым».

Тариэл басып келип Батмажанга:
«Биз үчүн жакын болдуң бир боордон да,
Дүнүйөм бар артып алган он миң нарга
Жана да санат жеткис качырларга,
Өзүңө мунун баарын тартуу кылам!
Кантейин аздык кылар ошондо да...»

Батмажан ызаат кылып баш ийди да:
«Түгөнбөс дөөлөт бердиң бул кылымда.
Унутпа качан болсун сообу тиет,
Жардам бер кайда жүрсөң шордууларга!
Силерден айрылышым – кетпес капа,
Жүрмөкмүн кайрат байлап эске алганда».

Тариэл, Дарежан кыз – эки ашык,
Бири алтын, бири күмүш шоола чачып,
Падышага мындай дешти: Жөнөйлү эми,
Сүйүүнүн сагынычтуу черин бастык,
Унутпайт бүгүнкүдөй элес кылат,
Арфа ойноп, лира тарткан биздин жаштык.

Өзүңдөн эми биздин сурарыбыз:
Соксо да алды-артынан сел буза алгыс
Толкундун тоосун жирер бир кеме бар,
Кыскарсын биздин алыс сапарыбыз».
Падыша айтат: «Не десеңер баары даяр,
Кемени алда качан камдаганбыз».

Ошентип айткан кеме даяр болду,
Калың журт узатууга котолоду.
Жөнөштү деңиз жээктеп жанагылар,
Жаш-кары бири калбай шолоктоду.
Кем эмес, деңизден да, дайрадан да
Көз жашы Батмажандын ошондогу.

## XIL

## КАЙРАДАН ФРИДОНДУН ШААРЫНА КЕЛИШТИ

Жан достор кеме ичинде ойноп-күлүп,
Тоолордой толкун бузуп күн-түн жүрүп,
Канатын сүйүү кушу балга малып,
Айыгып көкүрөктөгү кайгы-күйүт.
Мындайда: ай мөөнөтү бир күндөй тез
Шаарына Фридондун келди кирип.

Берендер кажеттерди чапкандыгын,
Жоголгон Нестанды издеп тапкандыгын.
Кайра алып өткөн өмүр жыргалдарын,
Ааламдын алтын күнүн нурдантканын
Айтсын деп Асматжанга мунун баарын,
Чаптырды желдей учкул чабарманын.

Үлпүлдөк жалаң жибек арасынан,
Буралып чыгып келди ак Дарежан.
Тариэл, алп Автандил, жаш Фридон,
Жана да жалын жүрөк көп арстан.
Тосууга даярданган эл толкуну,
Дүңгүрөп, анда да шаң, мында да шаң.

Нур кызы, пери кызы – келди Асматжан,
Сүйүүнүн уусун ылгап бал уурталкан.
Ошентип эки чолпон кучакташты,
Махабат тептең бөлүп жалын чачкан,
«Саргайган мурадына жетер» ушул,
Келер күн, атар таңды күтүп турсаң.

Дарежан сөз куюлтат Асматжанга:
«Термелип тагдырымдын шамалына,
Көз көрбөс, кулак укпас жерлер кездим,
Сакталдым ашыктыктын асманында.
Жанымды сууруп берсем, актай алам,
Өзүңдүн чын бир боорлук кызматыңа».

Анда Асмат: «Сен кайгырсаң, менин кайгым,
Толгонуп кырк жеримден жарадармын.
Сен күлсөң менин күлкүм, шаттанганым,
Дем алсаң, ошол менин дем алганым.
Ыйың – ый, сенин бактың, менин бактым,
Акталмак мына ошентип жашоо баркым».

Жамы журт меймандарга элпектенет,
Дегдешет: «Биздикине кирсе экен» – деп,
Үч алп шер жана Нестан, Асмат сулуу,
Колмо-кол, бүт ааламды тегеретет.
Кайгыдан бактыны издейт, жокту табат,
Баарында бир гана ант, бир гана шерт.

Жыйналган калың элге ошондогу,
Тариэл: «Көп күн катуу согуш болду,
Кажеттер кан ууртады, талкаланды.
Жоготтук биз да далай жолдошторду.
Калайык! Эске алалы аларды», – деп,
Муңканып, чыдай албай бошоңдоду.

Берендин ыйын көрүп эл да ыйлады,
Эске алып курман болгон баатырларды.
Нурадин оор үшкүрүп, бир аз туруп,
Кайрадан каадасынча кайраттанды:
«Койгула, өлгөн өлмөк, тирилмей жок,
Тагдырым бак буюрсун мындан ары».

Автандил сыр билгизбей кайгырса да,
Таянып улуулардын насаатына:
«Арстан айга жетип кайра кайтты,
Өзүнүн туулуп өскөн тоо-ташына,
Шондуктан ыйлоо бүтсүн унутулсун,
Сүйүүнүн жолу ачылсын жашашына».

Киришти Мулгазанзар, алтын шаарга,
Сан жеткис кол быкылдайт тосуп анда.
Бапылдап сурнай, керней, добулбастар,
Күү ойнойт, келип турган баатырларга.
Ызы-чуу түк болбогон бул окуя,
Ар адам шашып жүрөт өз алдынча.

Дүкөнүн таштап чуркайт соодагерлер,
Жулкунуп жол талашкан ээленгендер,
Ферраштар[1] артка түртүп жол кеңитет,
Жеңиштүү басып өтөт үч кабылан шер.
Өкүнүп өз-өзүнөн бышман[2] болуп:
«Жакшыраак көрбөй калдым кап» дегендер.

Миң жигит күтүп турган даярданып,
Шерлердин келатканын көрө калып,
Шашылат жолдоруна килем жайып,
Калың эл буларды ээрчий селдей агып.
Асмандан мөндүрлөтүп тилле чачат,
Аскерлер кудуңдашат тосуп алып.

---

[1] *Ферраштар* – сакчылар.
[2] *Бышман* – капаланып.

LV

## МЕЙМАНДАРДЫ КҮТҮҮ ЖАНА АРАВИЯГА ЖӨНӨӨГӨ КАМДАНУУ

Төрүнө чатырынын Фридондун,
Коюлган кыз-жигитке алтын орун,
Ал орун болгондо да ай-күн жайы,
Автандил шер тактыда андан сонун.
Келишти туш-тараптан даңк уккан калк,
Көрүүгө адамзаттын жолборсторун.

Үч шерди жана Нестан-Дарежанды,
Акындар токсон түрлүү ырга салды.
Эки ашыктын баш кошкон күнүнө арнап,
Алып келип жатышты тартууларды.
Бул өңдүү эсеп жетпес чыгымдарды,
Былк этпей март Фридон мойнуна алды.

Биз көрдүк мына ошондо мындай белек,
Чоңдугу жумурткадай тогуз бермет,
Ал өзү бул ааламда ошол гана!
Бирөөнө сексен калаа, бир баа келет,
Түндө да оттой жанат сүрөт тартсаң,
Көрүнөт күндүзгүдөй турган келбет!

Каухар таш, жакут, күмүш ар киминде,
Эрк бербейт, «Жетер эми кой» дешине,
Кылкылдап дүнүйө үстүндө учкан жандар,
Магдырап баатырсынып өз-өзүнчө.
«Алыңыз ушуну», – деп сунуш кылат,
Дал ошол кымбат затты Автандилге.

Наз майрам, шапар тебүү, ойноо-күлүү,
Кары, жаш бири калбай шат көңүлдүү.
Күүлөр да ырдоолор да бүгүн үндүү,
Бектер да, кул-күңдөр да өнөрлөндү.
Өлгөндөр тирилгендей, жаш-жашаруу,
Бой түзөп, күнгө ойгонуп болгон өнүү.

Сегиз күн, сегиз түнү сайран болду,
Лира, арфа күнү-түнү созолонду,

Жалбарып бир бирине кээде эркелеп,
Эскерип баштан өткөн доорлорду.
Түнүндө ушул кызык сегиз күндүн:
Эки ашык чын сүйүүнүн балын сорду.

Эртеси Тариэл сүйлөйт Фридонго:
«Телмирип биз кор болуп, жок болордо,
Кол сунуп, терең ордон сууруп чыктың,
Артымдан бирге жүрдүң тар жолдордо.
Жарасын жүрөгүмдүн айыктырдың,
Бер десең жаным мына сендей доско.

Күн нурлуу Автандил шер жаш канатым,
Сүйүүдө, жолдоштукта азапташым.
Мен курдуу анык кулу махабаттын.
Өлгөнчө жакшылыгын унутпасмын.
Мен да ага, ал сыяктуу жолдош болом,
Айт шерге бул сөзүмдү кабыл алсын.

Мен үчүн ал күйгөндөй күйө албасам,
Сүйүүнүн кызматына жарабасам,
Ал кайнаган жалынга кайнабасам,
Ал өткөн-зор аскадан өтө албасам.
Жыргалдын, падышалыктын кызыгы жок,
Күчүнө махабаттын атаандашам.

Ээрчитсин кошо барам Аравияга,
Жакшылык-жамандыкта бел байларга.
Даярмын иште деген кызматына,
Ал жолдо туш келүүчү майдандарга.
Жаркыным Нестанды өбүү, таттуу эмес,
Санаасын курдашымдын басмайынча».

Фридон айт дегенин айтып барды,
Баатырга Автандилдей ушуларды,
Жылмайып мурутунан күлүмсүрөп,
Жүзүнөн ай нурлары чачырады:
«Нестандай Тинатиним туткунда эмес,
Саргайтпайт Аравиянын салкын багы.

Элиме аман-эсен хандык кылам,
Күнү той, айы рахат, жылы рахат,
Ал үчүн каардуу кара кажет да жок,
Тоо болуп, баатырларга турат сактап,

Шондуктан барам деген оюн койсун,
Кур ишке мен эмесмин азаптанмак.

Эрк берсе, тагдыр күчү бул көкүрөктүн,
Бал куюп, өчүрмөкчү жанган өртүн.
Жарык ай жашырмакчы шооласына,
Себеби ак койнунда туулуп өстүм.
Эгерде жетпей өлсөм сүйгөнүмө,
Көрүнмөк, күн үстүнөн сөлөкөтүм.

Ушинтип Тариэлге айт Фридон курдаш,
Кул болуп туулганым ага ырас.
Бүтө элек калган болсо чалалыгы
Милдетим кызматына дагы чыдаш.
Ар бир жан досчулукка ызат кылмак,
Милдети ашыктыктын жолун сынаш.

Басам дейт, көп зарыккан ой-санаамды,
Мен сыяктуу жаралуу арстанды.
Эч кандай кан төгүшүү жолумда жок.
Ырас, бар өчпөс сүйүү жалындары.
Жаштыктын таалай-багы махабаты,
Керексиз баатырлыктын жоо-жарагы.

Бүтө элек, кызматым бар Тариэлге,
Жеткирүү туулуп өскөн өз жерине.
Сагынган кең Индостан жарк дей түшсүн –
Уулунун аман-эсен келгенине,
Дарежан нурун төгүп жадырасын
Асмандын күнү менен эрегише!

Ошентип ушул оюм аткарылса,
Жок дебей Тариэл досум кабыл алса,
Сапардын аркы учунан берки учуна,
Сызмакмын анан кайра өз шаарыма.
Толдумбу, сыныңа эми мынакей деп,
Бармакмын Тинатиндей ашык жарга».

Тариэл Фридондон муну уккан соң,
Бук болуп чыдай албай тумчуккан соң:
«Эч кандай күч да, сөз да токтото албайт!
Актай бил жолдоштукту жолдош болсоң!
Адамдык баркым кайсы? Эрдик кайсы,
Сүйүүнүн оор жүгүн колдошпосом?

Мындай деп Автандилге айткын кайра,
Жолугуп араб ханы Ростеванга,
Баш ийип Тинатиндей сулуу алдында,
Катышып салтанаттуу сайрандарга;
Сүйүүнүн моокум канып дабасына,
Коштошуп анан кайтам Индостанга.

Антым бир, айтканым бир, жок дебесин.
Эртеңки сапарынын камын жесин.
Фридон, силер менен кошо барам.
Мас болор арсыздыкка – мен эмесмин.
Уялар. Улуу ханга – Ростеванга,
Кыз колун суроо үчүн кирем өзүм».

Досунун Фридондон айттырганын,
Автандил баштан аяк укту баарын,
«Кыз колун сурап берем» дегенине,
Селт этип чочуп кетти арыстаның.
Курдаштар, биз билбейбиз бирин дагы,
Эрлердин кылдай назик намыстарын.

Автандил Тариэлдин келди алдына,
Чөгөлөп беренине ызат кыла:
«Ростеванга кыз жөнүндө айтам» дейсиң,
Оор болор, мен сыяктуу өз уулуна,
Карылык жашып калган жүрөгү ооруп,
Кокустан себеп болор кайгысына?

Ансыз да таарынычы анын тоодой,
Саргарып куса тартып, чүмкөгөн ой,
Жаштыгын бир мезгилде элестетчү,
Мен уулу кайтпас болуп жоголгондой!..
Арабдын андагы шер жаштарына,
Жүргөндүр, эч бирине көңүл тойбой.

Биле албайм, досум кандай айла табар,
Улуу хан, мүлдө элим жаман алар.
Бул иште көтөрө албас ушак болор,
Сүйүүдө мына ушундай убаралар.
Ростеван сунушуңа жок деп койсо,
Өмүрүм түпсүз терең орго айланар»...

Досунун колтугунан сүйөйт досу,
Бир жолборс көтөргөндөй бир жолборсту:
«Милдетим: Автандил шер, сүйүүнү актоо,
Сен үчүн келген окко көкүрөк тосуу.
Мен дагы өзүңө окшоп ашыктыктын,
Арылбас акыреттик ак жолдошу.

Кордукта бирге болдук, азап тарттык,
Сүйүү издеп жер дүйнөнү бүт аңтардык.
Биз тарткан азап, күйүт ушул үчүн,
Күлкүңө, кайгыңа да кошулалык.
Чындыкты көрүп туруп алсыздануу,
Курдашым, бул пайдасыз кайгыргандык.

Ай сулуу Ростеван кызы сенин жарың,
Өмүрлүк жыргал күндү алмашарың.
Балбылдап оттой жанган ашыктыкта,
Кечмек бар, далай жаштык кайгыларын.
Чынында ойлоп табуу кандай кыйын,
Сүйүүнүн алдан чыкчу замандарын.

Автандил, ачык айтам Ростеванга,
Калба дейм чын сүйүүнүн убалына,
Берендер олуя адамдар баарын байкайт,
Алар да сүйүшкөндүр жаш чагында…
Ой жоруп кылды кыркка бөлүп турат,
Өмүрдүн акыл кошуп шамалына.

Булбул куш бейиште өскөн гүлгө конуп,
Бейиш гүл үнгө кошуп коздонуп.
Таратып адамзатка жыргалдыкты,
Жашоонун балдай ширин даамын соруп.
Өзүңөр жашап кеткен өмүрүңөр,
Арткыга кала берер өрнөк болуп».

Чыга албай Тариэлдин бул сөзүнөн,
Автандил айласы жок кепке көнгөн.
Фридон элин жыйнап, колун камдап,
Дүнүйө артып,  эсеп жеткис кербен бөлгөн.
Эч качан мындан  мурда болбогондой.
Ошол күн Мулгазанзар дүңгүрөгөн.

## LVI

## БАЯГЫ ҮҢКҮРДӨГҮ ДҮНҮЙӨЛӨРДҮ АЛЫШЫП, АНДАН АРЫ КАРАЙ ЖӨНӨШТҮ

Диондун[1] окуп көрсөк осуятын
Айтканын көңүлгө алып даанышмандын:
«Март болсоң, тагдыр сага марттык кылат,
Кеңейтет көлдөй ташып таалай-багың.
Сараң болсоң, тууганың өзүңө кас,
Марттык менен таралат атак-даңкың».

Баатырлар келатышты жолго чыгып,
Шартылдап ой кыдырып, тоо кыдырып.
Нестанды издегендей убайым жок,
Тамаша, жол кыскартуу иши кылып.
Күн сулуу, түндө айдай, күндүз күндөй,
Жакынды жана алысты жарык кылып.

Жолунан учураган шаар элдери,
Кокустан бир айланып келгендерди.
Өмүрүндө бул учурду бакыт дешип,
Тосушуп урматташты берендерди.
Колунан эмне келсе түк аябай
Буларга тартуу кылып бере берди.

Укташпай күн-түн дебей жол жүрүштү,
Билдирбей Нестан сулуу – түндү-күндү.
Сакара кум чөлдөрдү басып өтүп,
Ыраакта мунарланган тоо көрүштү.
Эс алуу нээти менен ошо жакка
Эрендер бет алдырды сулуу көчтү.

Анда айтат Тариэл шер: «Бир убактарда,
Кармалып ашыктыктын капканына,
Адашып Нестанды издеп тентип жүрүп,
Жашагам ошол жерде эки-үч жылча.
Үңкүр бар касиеттүү бизге маалым,
Асматжан тамактансак – эт бышырса».

---

[1] *Дион* – акылман философ.

Айткандай ошол жерге ат чалдырды,
Асматжан адетинче тамак кылды.
Чарчаган жүргүнчүгө кайрат келип,
Асматтын тамактары бал татыды.
Курдаштар жомок кылып түгөтө албай,
Ошол күн эмки күндү салыштырды.

Ташты алып, ачып салып кенчтин оозун,
Чакырып киргиле деп жолдошторун,
Беркилер айткан жакка кирип барса:
Каухар таш, алтын, күмүш, не бир сонун.
Алдырып каалаганча, самаганча,
Жыргатты аскерлерин Фридондун.

Тариэл жаш падыша Нурадинге:
«Мен үчүн сенин кылган эмгегиңе,
Курдашым, не берсем да актай албайм.
Бул кенчти өмүрлүккө өзүң ээле –
Жашоодо эмне кымбат? Жолдошчулук!
Сайранда санжыргалуу кең дүйнөгө».

Фридон: «Тагдыр буюруп достоштурду,
Баарыбыз ашыктыктын туткун кулу.
Бир гана чын сүйүүдө күн көрөбүз,
Уу жутсаң, мен да каалайм уу жутууну.
Душманың: Илебиңден кыйрай берет,
Жалтанып марттыгыңдан ушул курдуу».

Чубалжып кербен кетти тунжураган,
Жол менен Мулгазанзарга бара турган.
Ошентип колдун жармы кайра кайтты,
Кенч алып Тариэлдин казнасынан.
Аябай Фридонго энчи болду,
Берендер мына ушундай март туулган.

Ошентип эрлер кайра жолго аттанды,
Үч баатыр, Нестан жана Асматжаны.
Оп тартат жарык үмүт сүйүү менен
Буларды жараткандын кең арабы.
Автандил туулуп өскөн жерин эңсейт,
Козголуп ашыктыктын жаралары.

Нечен күн, нечен түндөр катар өттү,
Көрүндү Аравиянын берки чети.

Чарчоону сүйүү оту сездирген жок,
Бардыгы аман-эсен келип жетти.
Кучактап өөп-жыттап буркураштты,
Баатырды үмүт үзбөй күткөн эли.

Тариэл Ростеванга кат камдаган,
Жибертти даяр турган чабармандан:
«Салам айттым, алик ал араб күнү!
Мен келаткан жолоочу Индостандан.
Жел тийгизбей өстүргөн гүлүңө деп,
Жаз шоолалуу жаркынды алпаратам.

Бир ишти ойлоп алып көп уялам,
Күн ачык ошол күнү унутпасам.
Сейилде кокусунан туш келдиңер,
Өзөндүн берки өйүзүндө мен олтурсам.
Эрлериң баатырсынып ызалантты,
Байкабай байкуштарды жыга чапкам.

Эссиздик, эселектик жаштык кездир,
Ал күндү тагдыр кайра келтирбестир.
Таксырым, райым кылып кабыл алсаң,
Күнөөмдү өз алдыңда өзүң кечир?
Дүнүйөм жок сага арнаган, Фридон билет
Бирок да жанымда бар шер Автандил».

Ростеван окуп болуп келген катты,
Жүзүнөн Аравияга шаттык чачты.
Тинатин суу сепкендей селт дей түшкөн,
Ак гүлдөй жумган кара көзүн ачты.
Өмүрдүн эң бир таттуу кызык кези,
Түшүрүп көңүлүнө жаштык чакты.

Дүңгүрөп добулбастар, кол котолоп,
Бөлүнүп миңден, жүздөн болуп топ-топ.
Ростеван сарайына келчү жолго,
Тосуучу азаматтар турду токтоп.
Баатырын алыс кеткен сагынгандай,
Тулпарлар атырылат көккө ойноктоп.

Тартылган керней, сурнай үнүн угуп,
Мүлдө араб келип жатты ууруп-чууруп,

Өз уулу Автандилдин келатканын,
Билишип шаңданышат кылыч сууруп.
«Мынакей биздин алтын чынар» дешип,
Баш ийип жүгүнүшөт кулдук уруп.

Алыстан көрдү Автандил Ростеванды,
Аптыгып Тариэлге шыбырады:
«Уялбай кантип барам хан алдына?
Жүрөктүн даай алабы кусадары?..
Акыл тап же кичүүбүз Фридон барсын,
Эгерде макул болсо», – деп сурады.

Тариэл: «Улуу иши улуулукта,
Ошондуктан сен бастыргын артыбызда.
Ростеванга мен барам элден мурда,
Айтайын ылайык сөздү курбулукка.
Экөөңдү тумчуктурбай ашыктыкка
Сүйүүнүн сарсанаасын сап кылууга».

Автандил макул болуп кийин калды,
Тариэл ат үстүндө жаркылдады.
Жанына жолдош кылып жаш кабылан,
Нурадин-Фридонду кошуп алды.
Ошентип, Ростеванга бара жатты,
Алыскы Индостандын арстаны.

Келаткан ак жүздөрү жарык айдай,
Ростеван карап турду таң калгандай,
Жаңылбай Тариэлди таанып койду,
Берендер бир бирине мына ушундай…
Аңгыча тактан түшүп араб ханы,
Жадырап тосуп алды өз уулундай.

Тариэл башын ийип урматтады,
Бир бирин сүйүп, бекем кучактады.
Ростеван баласындай бетинен өөп,
Кубанды табылгандай самаганы.
Шерге айтты: «Жарык кылган бул ааламды,
Алтын нур күн экенсиң асмандагы».

Фридон Тариэлдин жолун жолдой,
Баш ийди мындай туруп обочолой.
Жакындап анан келип кол алышты.

Экөө да кучакташып бир боорлордой.
Ростеван санаасында байкаганга
Автандил не кечигет деген бар ой.

Тариэл мындай сүйлөйт улуу ханга:
«Мен эмес эрдик кылган кызматыңа,
Ылайыксыз кур мактооңуз ошондуктан.
Шериңиз Автандилдей алп турганда.
Даай албайм, тең келе албайм эч жерине,
Өзүмдү төмөн сезем алда канча.

Жайланып олтуруңуз кеп айтайын,
Түшүнүп болор иштин маани жайын:
«Автандил не келбейт» – деп кейибеңиз
Жашырат жашчылыктын жаштык айбын.
Дарт жыйган кусадарлуу жүрөгүнүн,
Сырлары кырк капкактуу болсун дайын».

Айлана калың кырга кырка-кырка,
Берендер олтурушту ортосуна.
Тариэл нур жүзүнөн жарык чачып,
Караган сансыз колду тамшандыра.
Ошондо сөз козгоду мына мындай,
Калайык баарың байкап, баарың тыңша:

«Уялат жүзүңүздү тик кароодон,
Саргайып түпсүз узун санаа оронгон.
Мен келдим, ал жиберди өзүңүзгө,
Кызык жок жолдоштукту ардактоодон.
Жеткирди Автандил шер тилегиме,
Көп жомок баштан аяк айтчу болсом.

Тентиди үч жыл бою элсиз жерде,
Сынга толуп, жаксам ээ деп Тинатинге.
Бир бирин күтүү менен куса болду,
Ашыктык сүйүү эмей анан эмне?
Нур кызын, чолпон кызын кошсок ылайык,
Эрке жел, күчү аскар Автандилге...

Мына ушул Сизге айтар сунушубуз,
Сүйүүнүн биз куштары кайгы-муңсуз.
Автандил ашыктыктын көктөгү айы,
Ireңи бул ааламда бузулгусуз.

Жарасак кызматына мактанууга,
Фридон алп экөөбүз келип турбуз».

Жоолугун чөнтөгүнөн сууруп чыгып,
Анысын мойнуна илип жышаан кылып.
Чөгөлөп хан алдында жалдырады,
Улууга улуулардай сылыкчылык.
Калтырап калтаарыган эл ичинен:
«Куп десе экен» дегендей шыбыр чыгып.

Ростеван бул жорукка чыдай албай,
Уялат Тариэлди карай албай:
«Бул кандай төмөнсүнүү чиркин ай» – деп,
Ошондо айткан жообу мына мындай:
«Падышасы Индостандын мени уялтпа,
Чөгөлөп баш ийгениң сенин кандай?

Айтканың айтканыңдай макул болсун,
Атасы уул жолун кантип тоссун,
Кызымды андан башка кимге берем,
Жыргашсын, баш кошушсун, таалайы оңсун.
Тагдырдын бир бирине буйруп турган,
Башынан кетпес дөөлөт, бакыт консун.

Тинатин – мен алпештеп өстүргөн гүл,
Колунда мүлдө араб, дүнүйөм түгүл.
Автандил алсын жарын өмүр сүрсүн,
Түшүрбөй эл-журтуна эч бир мүшкүл.
Биз болсок жата бермей өткөндү ойлоп.
Тагдырдын жазганына кылып шүгүр».

Фридон кийин калган Автандилге,
Чапкылап жетип барган ошол кезде.
Камда деп: берериңди сүйүнчүмө.
Шаңкылдап жаштык шайыр күлкүсүнө.
Биздин шер хан алдына келип турду,
Сүрдөнөт сөз таба албай, эмне дээрге.

Уулуна араб ханы жакын басып,
Автандил уялгандан терин аарчып.
Баары бир айдын бетин жаба албайсың,
Булутту удургуган шамал ачып –
Куюлтат жер бетине ак шооласын
Сүйүүдө дал ушундай биздин жаштык.

Автандил чыдап карап тура албастан,
Көзүнөн жаш мөлтүлдөп кубанычтан.
Чөгөлөп мукактанып туруп калды,
Арабдын өз баласы кайран арстан.
«Кой, баатыр, баракелде эрдигиңе,
Тинатин өзүңдүкү», – деди Ростан.

Болду деп колтугунан көтөрмөлөп,
Кучактап Автандилди бетинен өөп,
Ростеван көңүлү толкуп көтөрүлөт,
Жүзүнөн райымы көлдөй көлдөп:
«Бар кабылан, асмандагы нурлуу айыңа!
Ал дагы сен деп ыйлап жүргөн мөгдөп».

Таңданат араб ханы шер кулуна,
Кулу эмес Автандилдей өз уулуна,
Кандай алп, кандай берен беттеше алат,
Турмуштун баатыр барган – толкунуна.
Өмүрдүн запкысына бышып чыксаң,
Ашыктык балдай таттуу болот тура.

Автандил Ростеванга: «Күндү апкелдим,
Табылды көп жыл тентип издегеним.
Жарыктык, ал тууралуу унчукпайсыз,
Баятан өзү билип сурар дедим;
Ханшасын Индостандын жаныңа алып,
Жарык кыл караңгысын бул дүйнөнүн».

Үч баатыр,үч жагында Ай жаркылдайт,
Ырчылар ыр башында, Нестанды айт.
Унутпа ашыкчылык досчулугун
Анткени – сүйүү ыры жерге жатпайт.
Ошентип мурадына жетишиптир,
Бул достор мындан ары жыргап жашайт.

Ошондо ак чатырды ача салса,
Адамзат эстен танар бир караса.
Дарежан жумшак аттап чыга келди,
Асмандын күнү менен нур талаша.
Көргөн жан үстү -үстүнө мактоого алат,
Кай бири таң калышып эстен тана.

Мындайды айта берсең дагы канча,
Жомок, ыр, Нестан сулуу турса-басса.
Бейиштин перизаты не кылса да,
Кокустан келип калган бул жалганга.
Акындар, кечиргиле, сөзүм жетпейт,
Бардыгын жазуу үчүн ак кагазга.

Тинатин аалам Айы, Нестан да Ай,
Нестанды Тинатин Ай, колдон кармай,
Ээрчитип такты үстүнө алып барды,
Атайы даярдалган атактуу жай.
Тариэл орун алды бер жагынан,
Автандил Тинатинге барды жандай.

Эки ашык дарыядай толкундашты,
Тинатин токтоно албай бери басты.
Эки күн, эки чолпон, эки нурлуу ай,
Буралып бир бирине жакындашты.
Көйкөлүп коргошундай жок болордо…
Суу сээп араң зорго ажыратты.

Ростеван тактысынан тура калып,
Элине мына мындай жарлык айтат:
«О, калкым, мындан ары менин балам,
Автандил Аравияга хандык кылат.
Өзүмдү сыйлагандай сыйлагыла,
Заманда дуулагыла, миңге жашап».

Бир вазир топ ичинен чыгып келет,
Ростеванга көп атынан жооп берет:
«Берендер болор ишти ойлоп чечет,
Баатырга баш иебиз, көккө теңеп.
Арабга кол салганды талкан кылып,
Жашайбыз рахатты жеке энчилеп».

Тариэл Тинатинге: «Бир туугандар,
Мынакей аман-эсен кошулдуңар!
Көп жылкы тарткан убайым баары таркап,
Ачылды жадыраган ак жолуңар,
Силерге тие турган душмандарга,
Антым бар, кылыч сууруп даяр турар».

## LVII

## АВТАНДИЛ МЕНЕН ТИНАТИНДИН ТОЮ

Автандил такты үстүндө кабагы ачык,
Жыргалдуу ашыктыкка жарпын жазып.
Тариэл күйөө жолдош милдетинде,
Ширин сөз, таттуу ырларга жардамдашып.
Дарежан Күн, Тинатин Ай, эки сулуу,
Чолпондой көздү уялтып жаркырашып.

Миңдеген кой союлуп тойго арналып,
Бал, шербет, арак-шарап көлдөй агып.
Түрлөнтүп кырк бир түрлүү даам бышырып,
Кызматка мүлдө арабды, бүт жалдатып.
Хан кызын шерге бермек болду деген,
Ааламды дүңгүрөткөн даң таралып.

Аңгыча: журт жыйналды, той башталды,
Ачышты жер алдынан шараптарды.
Ырчылар, комузчулар, оюнчулар,
Өзүнчө куруп жатты тамашаны.
Ар адам сайранга мас, өзүнчө алек,
Билинбейт күн кечкирип, таң атканы...

Адетте: ата салтын аткаруу шарт,
Калкына асылзаттар марттык кылмак.
Берилди, бей-бечара, жакырларга
Элирип көккө атылып туйлаган ат.
Алтындар бут алдында тебеленип,
Бай болуп күңдөр жыргап, кулдар куунап.

Сайрандын төртүнчү түн кечесинде,
Автандил, Тинатиндей эркесине –
Ростеван: «Өзүңөрчө ойноп күлүп,
Жадырап олтурууга эркиңерче:
Барайын эшиктеги келгендерге,
Кетейин уулдарым дейт бир кезде.

Тактынын бийигинде Тариэл шер,
Чынында бийлигине ким тең келер?
Автандил андан ылдый бир орунда,

Жанында Нестан менен Тинатиндер...
Фридон катарында Асмат да бар,
Алмашып бири артынан ичимдиктер.

Ростеван асыл рамиян таштарынан,
Күн мурун түркүн тартуу жасаттырган.
Берем деп өз кызыма, өз уулума,
Жана да каухар, жакут камдаттырган.
Арабдын учкул күлүк аттарынан
Бир миңди сынчыларга сынаттырган.

Алтын ээр, күмүш токум жасалгалуу,
Фридон тогуз буудан алды тартуу.
Кийимдер, зерден тиккен кымбат баалуу,
Болбостур ак кагазга баарын жазуу.
Ушундай телегейи тегиз күндө,
Достордун кими кемчил, ким армандуу?..

Эриксе, жемиштен жеп, шарап ичип,
Лиралар күү терметип, жанды эритип.
Жыргалдын ырларынын баары ушунда,
Акындар алмак-салмак сайрап кирип.
Бийлешип жаш уландар, жаш сулуулар,
Эркинче чер таркатып мына ушинтип.

Кырк күн той, кырк күн оюн, кырк күн сайран,
Болгондо кыркынчы түн – бүттү майрам.
Меймандар жай-жайына жөнөп жатты,
Келишкен айлык сапар, алда кайдан
Шол кырк күн, бир күндөн да ылдам өтүп,
Курдаштар, мына ошентип той таркаган.

Тариэл Ростеванга: «О, улуу хан,
Биздерге мезгил жетти кайта турган,
Индостан сагынгандыр көп жыл күтүп,
Жөнөйлүк тууган жерге руксат кылсаң.
Кечиксем: эл-журтума мүшкүл түшөр,
Кез келди коштошууга ошондуктан».

«Жөнө уулум, андай болсо күтүп турба,
Индостан кор болбосун хатайларга.
Жаныңа Автандилди кошуп берем,

Кол салган кара нээт душмандарга.
Күркүрөп куштай тийип кан агызып,
Жароого эң акыркы кызматыңа».

Автандил атасынан муну укканда
Баш иет кубанычтуу курдашына,
Тариэл: «Жок, барбасын, калсын баатыр,
Кулпурсун Тинатиндей нуру алдында».
Дегенде: «Ата эрки менин эрким
Даярмын ошондуктан айтканына!

Биздин ант чын ашыктык достук анты,
Сен кетип, согушууга мен каламбы?
Сүйүүнү ара жолго адаштырып,
Достуктун убадасын буза аламбы?
Жөнөөгө Индостанга камыналы,
Тариэл сөздү токтот, жүр баралы!»

Тариэл: «Андай болсо аттаналы,
Эл үчүн канга кансын жоо жарагы!
Биз бийи жер үстүнүн эрлеринин
Бүркүттөй шаңшып учкан асмандагы».
Автандил Аравияга жарлык жазды.
Сурнайлар кол чогултуу күүсүн чалды.

Кең араб чакырыкка ташкындады,
Бардыгы соот кийип жаркылдады.
Ат тандап, курчутушту жарактарды
Сексен миң алп баатырдан кол куралды,
Автандил өзү баштап эр алдында,
Жайдары күндөй жүзү жаркылдады.

Койнунда көп жылдыздын таң атканча,
Жарык ай, жайкы түндө жарык чачса,
Кайрадан күн көркүнө жолун берип,
Кыялбай уялгандан батып калса,
Жердеги ошол түнү сүйүшкөндөр,
Назданар карап туруп алда канча...

Ошондой Нестан менен Тинатин кыз,
Бири ай, бири күндөн айрып алгыс.
Экөөнө кумарданган жаш уландар,
Жайнаган асмандагы калың жылдыз.

Таң атты. Айрылышуу учур келди,
Тагдыр ай, мына ушунуң кандай кылмыш.

Дарежан анда минтет Тинатинге:
«Бир боорум көрдүм экен сени неге?
Жаныңдан бир карышка жылуу кыйын,
Кетпес дарт, кайгы калды жүрөгүмдө.
Мен жөнөйм алыс жолго түбөлүккө
Ойлой жүр кээ бир кезде эстегенде».

Тинатин анда Нестан-Дарежанга:
«Сен кетип алыс жакка мен калганда,
Асмандын алтын күнүн сен деп билем,
Телмирип таң аткандан күн батканга,
Кире көр түшүмө деп тилек кылам,
Тагдырдан ар бир түнү уктаганда»...

Өбүштү, кучакташты эки сулуу,
Курдаштар, кыйын эле карап туруу.
Ыйлашты, чыдай албай эл да ыйлады,
Айрылуу кыйын экен ушул курдуу.
Жазууга ал учурду күчүм жетпейт,
О, кыйын, көрбөгөнгө жомок кылуу.

Ростеван жөнөп бара жаткандарды,
Тинатин жана Нестан-Дарежанды,
Көргөндө чыдай албай ары карап,
Солкулдап мууну бошоп жашып алды.
Күчүнө бирде көз жаш, бирде күлкү,
Калың эл бийик баалайт махабатты.

Тариэл кош бол деди Ростеванга,
Арабдын баатыр жүрөк балдарына.
Жана да келин-кыздар, улууларга,
Андагы чогулгандын бардыгына.
О, чиркин, селдей акты көздүн жашы,
Тамшанып адамзаттын сырттанына.

Сексен миң кол козголду толкунданып,
Алды-арты кылк-кылк этип мунарланып.
Чаң ызгып, күндүн бетин туман басып,
Жол жасап бирдик менен тоону жарып.
Жүрөгү үч баатырдын бирдей согуп,
Шамалга желп-желп этет туусу ыргалып.

Эсепсиз күнү-түнү жол жүргөндө,
Калаасы Индостандын көрүнгөндө:
Баатырлар туш келишти каршы алдынан,
Кара кийип кайгырган кербендерге:
«Бул эмнеңер, курдаштар?» – деп сурашса,
Жооп берет шерлерге анда бирөө:

«Бул жакта Тариэл деген баатыр болгон
Ал эле Индостанга темир коргон.
Хан кызы Дарежанды сүйүп калып,
Сүйгөнүн падышасына айтпай койгон.
Кандайдыр кылмыш кылып жерди безип,
Жоголгон дайны чыкпай ошол бойдон.

Белгисиз Дарежанды ким алганы,
Индостан алдан кетип жабыркады.
Хатайдын падышасы Рамаз баатыр,
Согушуп бул калааны тартып алды.
Кызынын , баатырынын күйүтүнөн
Парсадан кечээги түн өлүп калды.
Багдатка кербен тартып баратабыз».

Дегенде Тариэлге келди намыс.
Үч баатыр үчкө бөлүп калың колду,
Кылууга даярданды кандуу чабыш.
Найза сунуп, ок атып кирип барды,
Бул күчтү эч бир кубат токтото алгыс.

Басылбай кырк бир күнү согуш болду,
Ажалдын бетке согуп борошосу.
Хатайды бирин койбой жеңип салды,
Ааламдын алы жеткис үч жолборсу.
Рамазды уяткарып, күнөөлөдү,
Индостан өз уулуна койнун тосту.

Чогултуп эртесинде дос-тууганды,
Аш берди, кайгыга алып Парсаданды.
Нестандын энесинин муңун баскан,
Урматтуу дүңгүрөгөн той арналды.
Жети шаар, көк тиреген Индостанды,
Тариэл жалгыз ээлеп жатып калды.

## LVIII

## ТАРИЭЛ МЕНЕН НЕСТАН-ДАРЕЖАНДЫН ТОЮ

Санаасы эки ашыктын орундалды,
Эненин кыз тоюна көңүлү ачылды.
Элинин унутулуп кайгы-зары,
Бечара кедейлердин баары ырдады.
Кайрадан маңдайына бакыт конду,
Таттуу өмүр, кызык күндөр жыргалдары.

Тоюна эки күндүн эл жыйналды,
Чакыртты алыс жактан меймандарды.
Тариэл казынасынын ачкычтарын,
Дүнүйө ал деп, кедейлерге берип салды.
Жаш кезден мартчылыкты өнөр көргөн,
Баатырдын келе жаткан ал адаты.

Бири алтын, бири каухар эки такты,
Автандил, Фридонго даярдатты.
Эки шер чатырашып олтурганда,
Күзгүдөй жарык кылды чар-тарапты.
Айтышты көргөндөрүн жомок кылып,
Калайык, таңыркашып угуп жатты.

Үстүндө дасторкондун эсепсиз даам,
Коюлган балдай ширин шараптардан.
Дүнүйөнүн төрт бурчунан келип жатты,
Тартуулар эки ашыкка жасатылган.
Далайын жардыларга бөлүп берди,
Тариэл – берендерден асыл туулган.

Автандил, Фридон сындуу эки алпка,
Индостан алкыш айтат кайта-кайта.
«Жыргалды тийгизгендер колубузга,
Өмүргө миң жыл жашап жыргагыла!»
Эки шер: «Биз даярбыз качан болсо,
Душманды кыйратууга!» – дешет анда.
Тариэл хан басып келип Асматжанга:

«Биз күйгөн сен да күйдүң махабатка,
Сүйүүнүн жетүү үчүн чындыгына,
Бир боорум бел байладың азаптарга.
Жети шаар Индостандын жетинчисин
Сен ал да түбөлүккө болгун ханша.

Сурай бер, өз эркиңче, билгениңче,
Жар танда, эгер кимге көңүлүң түшсө».
Асматжан: «Ыраазымын бул дүйнөдө,
Даярмын кул болууга түбөлүккө».
Курдаштар, мына ушундай бакты туулат,
Эгерде сабыр кылсаң, келер күнгө.

Үч жолдош чогуу олтурду эрмектешип,
Шараптан жутуп коюп, жемиш жешип.
Автандил өз ичинен капалуудай,
Кайдадыр барар жолго кечиккенсип.
Тариэл аны ойлоп билип койду,
Курдашы Фридонго да сезилгенсип.

Санаасы Тинатиндей жарда чыгар
Ой кандай, сүйүүдөгү сагынычтар!..
Тариэл: «Автандил дос, жүрөгүңдүн,
Айыкпас бул жалганда кайгысы бар.
Ал эмне? Ал да болсо азыркы учур,
Кыя албай түбөлүккө айрылышар».

Автандил: «Ооба, боорум, аның ырас,
Досчулук кайда болсо унутулбас.
Коштошуп өзүң менен, элиң менен
Кайтайын тууган жерге, эми курдаш.
Ырчылар биз тууралуу жомок кылар,
Жолдорду сүйүүдөгү зоо, аска таш.

Тигилген алтын сайма, кымбат чепкен,
Астары астарланган[1] жибек менен.
Баасына токсон калаа чак келе албайт,
Андайды таба албайсың эч бир жерден.
Ошону Ростеванга Тариэл хан,
Жибертти жан курдашы Автандилден.

---

[1]*Астары астарланган* – ич жагы коолдолуп иштелген деген мааниде.



Көп түрлүү көйнөк камдап киерине,
Эркелеп, суйкаюуга, эринерге.
Жана да кол башындай асыл алмас –
Чырактай жанып турар түн ичинде.
Дарежан бардыгын тең алтынга ороп,
Жиберди ушуларды Тинатинге.

Айрылуу эки доско кыйын болду,
Көз жашы күн жаагандай шорголоду.
Кошо ыйлап Индостандын калың калкы,
Аяды жан кошушкан бир боорлорду.
Кош дешти, кучактары ажырады,
Автандил Аравияга алды жолду.

Жаш баатыр Фридон да кошо аттанды,
Автандил Фридон экөө келе жатты.
Аңгыча эки айрылыш жол кезикти,
Бири өйдө, бири астыңкы жолго салды.
Автандил Аравияга жетип калды,
Көрүндү туулуп өскөн кең талаасы.

Келген ким? Аравиянын шер баласы,
Жөн эмес болгондо да эр даанасы.
Сүйүүгө, жолдоштукка туулган кул,
Тааныган асман менен жер арасы.
Жадырап эрин эли тосуп алды,
Жары экөө айкалышып кучакташты.

Үч баатыр, үч ак жолдош бирдик менен,
Татаалдуу ашыктыктын жолун жеңген.
Элинин жардысы жок, бардыгы бай,
Хан болуп үчөө үч жерди энчилеген.
Унутуп кайгы, кордук, азаптарын –
Ошентип, жыргап жатып калган экен.

Шаркырап эркин агат алтын булак,*
Жээгинде булбул куштар сайрайт, ырдайт.
Жалганда не тилесең, баары даяр,
Жаралып жарык заман жанга рахат...
Унутуп адамзаттар жамандыкты,
Кой үстүндө боз торгой жумурткалап.

* Акыркы куплет 1940-жылдагы басылма боюнча.

**ТАМАМЫ**

Жомогум сиздерге айткан болду тамам,
Түгөнөр мүлдө адамзат бул жалгандан*.
Дүйнөдөн жакшы да өтөр, жаман да өтөр,
Боору таш өлүм, чиркин, ылгабаган,
Белгисиз месх – Рустави деген жерден
Мен ырчы жогоркудай ыр чыгарган.

Давидге – Грузиянын кудайына,
Арнадым анын жаркын райымына.
Таң атып, күн батканча ай-ааламды,
Кармаган калтыратып ызгаарына.
Күч берип, жоо жеңе алгыс досторуна,
Уу төгүп кара ниет жамандарга.

Давиддин улуу урматын кантип жазам?
Бөлөк шаар, бөлөк падыша сурап турган.
Бул ырым чоочун жерлик элге арналган,
Мактоого сыпаттарын тандап алгам.
Каламым баатырларын мактаганда,
Өмүрлүк сакталуучу из калтырган.

Беш күндүк, бейоопасыз бул замана,
Зып этип өтүп кетер бир заматта.
Бак, дөөлөт, байлык, таалай, ашыкчылык,
Шамалдай текке кетер байкаганга.
Акыры, кечпи-эртеби бардыгыбыз,
Барабыз жараткандын кең койнуна.

Ырдады Амиранды Гонели акын,
Шавтели – Абдул-Месси жоо чапканын,
Сайрады Диларгетти Тмогвели.
Арманын Тариэлдей арстандын –
Энтигип, көлдөй төгүп көздүн жашын,
Мен, Шота Руставели ырга салдым.

---

* 1940-жылдагы басылма боюнча.

## ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮК

*Аксамит* – байыркы баалуу кездеме.

*Амирбар* – аскер флотунун башчысы, адмирал.

*Амирспасалар* – XII кылымдагы Аравиянын аскер башчысы.

*Аспироз* – Венера планетасы.

*Багдад* – VII–XII кылымдагы Араб халифатынын, азыркы Ирандын борбору.

*Бадахшан* – Памирдеги рубин таштарына бай жер.

*Безоар* – эчкинин боорундагы без. Байыркы убакта ал дары катары эсептелинген.

*Вазир* – падышанын кеңешчиси, министр.

*Вис* – Гурганинин Перс тилинен грузин тилине XII кылымда которулган «Вис жана Рамин» поэмасынын башкы каарман аялы.

*Виссон* – байыркы баалуу кездеме. Падыша, төбөл жана жогорку даражалуу дин кызматкерлеринин кийимдерине колдонулган.

*Габаон* – Иерусалимге жакын жайгашып, ыйык деп саналган тоолуу жер.

*Геон* – Аму-Дарыя, грузинче Джеон.(Жейхун)

*Гепард* – мышык тукумундагы жырткыч. Байыркы кезде аларды колго үйрөтүп, мергенчиликке чыгышкан.

*Гуланшоро* – жомоктогу деңиз жээгиндеги өлкө. Персче мааниси – «Розалар шаары».

*Давид* – Давид Сослани, падыша Тамаранын экинчи күйөөсү (1207-жылы өлгөн).

*Дивнос* – айрым изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча V кылымдагы Дионисий Ареопагит деген ысым менен жазган христиан философу.

*«Дионос»* – Эзростун ырлар жыйнагынын аталышы.

*Достакан* – кошкабат стакан.

*Драхма* – майда тыйын, ошондой эле тараза өлчөмү.

*Дэв* – грузин мифологиясындагы жомоктогу дөө.

*Зарадхана* – курал-жарак чатыры, кампасы.

*Зуал* – Сатурн планетасы.

*Индиго* – көк боёк (краска).

*Кадж* – жаман, кара күчтөрдү элестетүүчү адам кебетеленген жан (каж).

*Каджети* – кажеттердин жомоктогу сепили.

*Каис Кейс* – Низаминин «Лейли менен Мажнун» поэмасындагы мажнун.

*Кербен сарай* – Орто жана Жакынкы Чыгыштагы кербенчилер өргүүчү, эс алуучу жай.

*Кронос* – Сатурн планетасы (Зуал).

*Лал* – лаал таш, рубин.

*Майдан* – ар кандай оюн-зоок жана мелдештер өтүүчү, ошондой эле базар аянты.

*Марих* – Марс планетасы.

*Мекке* – мусулмандардын ыйык шаары, Мухаммед пайгамбардын мекени.

*Мерани* – канаттуу акбозат, грузин мифологиясындагы образ.

*Месхи* – Грузиянын түштүгүндө, азыркы Ахалцихи районунда жашаган элдердин бири.

*Миджнур* – арабдын «меджнун» – сүйүүдөн акыл-эси танган деген сөзүнүн грузинче өзгөртүлүп айтылышы. (Низаминин «Лейли менен Мажнун» поэмасындагы каармандын аты).

*Моурав* – башкаруучу.

*Мукры (Молдо)* – мусулмандардын дин кызматкерлери, алар дарыгерлер да.

*Муллим* – молдонун жаш жардамчысы, келечектеги молдо.

*Мулгазанзар* – жомоктогу деңиз жээгиндеги шаар.

*Муштар* – Юпитер планетасы.

*Нарды* – шашкиге окшош чыгыш оюну.

*Отарид* – Меркурий планетасы.

*Платон* – байыркы грек философу (б.э.ч. 427–347-жылдар).

*Рамин* – Гурганинин «Вис жана Рамин» повестинин каарманы.

*Ростом* – Фирдоусинин атактуу «Шахнаме» дастанынын каарманы – Рустам (XI кылымдын башталышы).

*Сал* – Иран адабиятынын бизге жетпей калган чыгармасындагы каарман. Балким, Рустамдын атасы – Зал.

*Саламан* – романтикалык «Саламан жана Абсал» поэмасынын каарманы, бул чыгарма кийин Жами тарабынан (1414–1492) кайра иштелген.

*Сирин* – уламыштагы бейиште сайроочу куш.

*Стадий* – байыркы гректердин узундук өлчөмү, он чакырымга барабар.

*Тамара (Тамар)* – XII кылымдын аягындагы грузин падышасы. Анын учурунда феодалдык Грузия гүлдөп өнүккөн. Кириш сөздө айтылгандай Руставелинин поэмасы ушул падышага арналган.

*Томогвели Саргис* – XII кылымдагы грузин акыны, Руставелинин замандашы, бизге жетпей калган «Диларгетиани» поэмасынын автору.

*Турач* – сейрек учуроочу жапайы куш, Закавказьеде жашайт.

*Хатаети* – Түндүк Кытай.

*Хатун* – айым.

*Хонели Мосэ* – Руставелиден мурда жашаган грузин акыны, «Амиран-Дареджаниани» поэмасынын автору.

*Хорезм* – борбору Аму-Дарыянын куймасына жайгашкан, ХП–ХШ кылымдагы улуу держава. Поэмада хорезм мамлекетине перс падышалыгы да киргени айтылат.

*Чачнагыр* – шарап куйгуч, ордодогу даам таткыч.

*Шавтели* – «Абдул-Мессия» одасынын айрым үзүндүлөрү бизге жеткен ХП кылымдагы грузин акыны.

*Эзрос – «Дионос»* («Диванос») жыйнагынын автору, XII кылымдын башталышындагы еврей акыны.

*Түшүндүрмө сөздүк «Жолборс терисин кийген баатырды» Н. Заболоцкийдин котормосунда, «Художественная литература» басмасы 1984-жылы чыгарган китептен алынды.*

*Басылмага төмөнкү художниктердин тарткандары колдонулду:*
*Михай-Зичи (21, 49, 115, 131, 201, 263, 295-беттер)*
*Серго Кобуладзе (19, 29, 125, 139, 149, 179, 269, 325-беттер)*
*Ираклий Тоидзе (67,95, 121, 129, 185, 289, 293-беттер)*

## ШОТАНЫН ШООЛАСЫ

***Памирбек Казыбаев***

Грузин эли Европа менен Азиянын, мусулман дүйнөсү менен христиандык дүйнөнүн түйүндөш, чектеш жеринде жайгашкандыктанбы, адабияты менен маданиятында да ушул жагдайдагы көрүнүштөр көп байкалат. Араб, түрк жана моңгол жапырыктарын башынан өткөргөн өлкө соңку эки кылымда Россия карамагында болуп, эми гана эркиндигине жеткендей туюлганы менен кезектеги «кожоюн» АКШ алдында күнкор абалда. Украина, Кыргызстандагы «күлгүн революциялардын» сценарийинен Грузия деле эч айырмаланбасын саясатчылар сайрап жүрү.

Намыскөй, достукка бекем жана айткан сөз өтөөсүнө чыга билген, эң башкысы эзелки эне тилин, тамгасын унутпаган жана байыркы тарыхын даана баалай билгендиктен башкаларга теңата мамиледе жүргөн грузиндердин улуттук угуту өрнөк тутууга арзыйт.

Ошондой руханий өрнөктүн шооласын Шота Руставели дээрлик тогуз кылымдан бери «Жолборс теричен баатыры» менен Грузияга эле эмес, дүйнөнүн көп бөлүгүнө төгүп келет.

Бул чыгармасынын мынчалык күчү, негизи даремети эмнеде? – деген суроону кыргыз арасына тараткан жана ага өзү укмуштай жооп тапкан Алыкулдун мээнет чыйырынын башталганына, «Жолборс теричен баатырды» кыргызчалап кайра жазганына 70 жылдан ашты.

Шотанын эр достугу, махабат жана шертке, антка, убадага туруу жөнүндөгү даңазалуу дастанын которуу Алыкулдун өзүнө да угуттуу адабий сабак болгону эбак белгилүү. Котормосу котормо делбей эле, нукура элдик же акындын өзүнүн түп нуска чыгармасындай саналарына анын алты жолу кыргызча чыгарылганы далил. XXI кылымдагы алгачкы, жалпы 7-басылышы жарык көргөнү өзүнчө кеп.

Шота Руставелинин тагдыры менен баш карманы Тариэлдин, Тамара падышасы менен Нестандын тагдыры окшош болгон. Шота аттуулардан беш-алтоо падыша сарайында кызмат өтөгөнү, алардан бирөө гана Грецияга барып, философиялык билим алганы, дагы бирөө Палестинадагы (Иерусалимдеги) грузин монастрында

өмүрүнүн акырына чейин кызмат өтөп, сөөгү ошол жерге коюлганы жөнүндө булактар бар.

Окуялардын кийинки өнүккөнүнө караганда, грузиндер египеттик султандан 200 миң динарга сатып алган монастырь кийин гректерге өткөндө, алар мурунку ээлерге байланыштуу бардык издердин жигин билгизбей жашырганга, өчүргөнгө өзгөчө аракеттенишет. Ушул себептен Шотанын мармар мамыга чегилген фрескасы да XX кылымды 60-жылдарына чейин белгисиз, ал турмак талкаланган деген пикирге чулганган эле.

Грузиндердин илимий жана чыгармачыл интеллигенттеринин Ираклий Абашидзе башында турган өкүлдөрү Палестинага атайын барышып, Шотанын дайынын табууга жасаган аракети үзүрүн берет. Көрсө, грузин монастрына ээ болгон гректер Шотанын аты-жөнүн билгизбөөнү көздөп, анын элеси түшүрүлгөн ташты XVII кылымдан тарта кара боек менен үстү-үстүнө боёлуп белгисиздиктин катмарына каптала берген.

Ошентип, Шота Руставелинин жаткан жери, тартылган сүрөтү кайрадан аныктала, улуттук жана дүйнөлүк адабияттагы орду, өмүр баяны такталат.

Мына ушул окуяга тиешелүү фотону Алыкулдун күйөрмандарынын бири, Кыргыз-Россия университетинин окутуучусу, илим кандидаты Аттокур Жапанов Алыкул үй-борборуна алып келиптир. 2007-жылы Израилге адистигин жогорулатууга барганда Иерусалимге жасаган саякаты маалында Шотанын жайына да кайрылат. Тилекке каршы, акындын бейнеси түшүрүлгөн мармар мамыны, бейитин фотого тартууга руксат жоктугунан, сырттагы эскерткич тактаны гана видеотасмага түшүрүп, сүрөтүн ошондон чыгарыптыр.

Шота Руставелиге окшоп, өзүнүн махабатына жетпей калган тагдырынан улам таланты ташкындаган Алыкул айтылуу котормосун тез арада бүтүрүп:

Шота аба чын достуктун эң кымбаты,
Эр үчүн керек жерде ак кызматы.
Жөнөй бер, дагы сонун жерге алпарат,
Алдагы мен берген кыргыз аты, –

деген маанайда өз милдетин татыктуу өтөп, Шотанын өзүнө жана каармандарына кыргыз аттарын тартуулай, Ала-Тоо атпай журтун аралатканына 70 жылдан ашты.

Бул китеби жетинчи ирет чыгарууга даярдалганы менен каражат жоктугунан «Бийиктик» басмасында 5 жыл жатты. Ушул учурда «Ата-Мекен, Ата-Журт, Ак-Жол, Кыргызстан сени жыргатам» деген ураанды чакырып чыккан 150дөй партияны кой, шайлоого катышкан 29 партиянын бири да адабият менен маданиятка көңүл бурбады. Ага караганда аты-жөнүн белгисиз калтырган Алыкулдун анык күйөрманы «Жолборс теричен баатыр» поэмасын чыгарууну өз эсебинен каржылаганы анык атуулдук эмей эмине?..»

Анда эмесе, Шота менен Алыкулдун рух дүйнөсүнөн жаралган: достук, махабат, сөзгө туруу, мекенди туу тутуу сыяктуу асыл-нарктарды камтыган улуу чыгарманы XXI кылымдын кыргыз окурмандарына алгач сунуштоо менен «Жолборс теричен баатыр» уул урматына, кыз сыйына башкы баалуу тартуу болоруна ишенебиз.

# МАЗМУНУ


«Жолборс терисин кийген баатар» баяны ............ 5
Бет ачар ..................................................... 9
I. Араб ханы Ростеван жөнүндө баян ....................15
II. Ростеван менен Автандилдин мергенчиликке чыгышты ................................ 24
III. Арабдын ханы Ростевандын жолборс терисин кийген баатырга жолугушу ................ 26
IV. Тинатин Автандилди жолборс терисин кийген баатырды издөөгө жөнөттү ............................... 34
V. Автандилдин калкына жазган осуяты .............. 43
VI. Автандилдин Тариэлди издеп чыкканы ............. 46
VII. Кара үңкүрдө Асмат менен Автандил сүйлөштү...................... 56
VIII. Тариэлдин Автандилге айткан сыры ................ 71
IX. Тариэл Нестан-Дарежанга кантип ашык болгонун айтканы ................................. 79
X. Нестан-Дарежандын ашыгына жазган биринчи каты ....................................... 86
XI. Тариэлдин сүйгөнүнө жазган каты .................... 87
XII. Тариэл Хатавага киши чаптырганы .................. 89
XIII. Нестан-Дарежан Тариэлди чакыртты ................. 90
XIV. Хатава ханынын Тариэлге берген жообу жана аларга кыргын салуу .................... 92
XV. Хатаваларды жеңгенден кийин Тариэлдин Индия ханына жазган каты ............ 103
XVI. Нестан-Дарежандын экинчи каты .................... 108
XVII. Тариэлдин Нестан-Дарежанга жазган жооп каты ......................................... 110
XVIII. Нестан-Дарежандын жоголгонун Тариэл уккандыгы туралуу баян ...................... 123
XIX. Деңиз жээгинде Тариэл Нурадин-Фридонго жолукканы туралуу баян ..... 128
XX. Тариэлдин Нурадин-Фридонго көрсөткөн жардамы ...................................... 134
XXI. Нурадин-Фридон Тариэлге өзүнүн көргөндөрүн айтты ...................................... 136
XXII. Автандил аман-эсен туулган жерине кайтышы ........................................ 146
XXIII. Автандил атасы Ростевандан уруксат сурады ... 157
XXIV. Автандил жөнөр алдында Шермадин менен кеңеш курду ......................... 165
XXV. Автандилдин жөнөп бара жатып атасына жазып калтырган осуяты .................... 168
XXVI. Автандилдин мечитте сыйынганы .................. 172
XXVII. Ростеван Автандилдин кеткенин билип калат ... 173
XXVIII. Автандилдин экинчи жолу Тариэди издеп чыккан жери ........................... 176

XXIX. Автандил Тариэлдин жолборс менен алышып жатканын көрөт ................................. 183
XXX. Тариэл жолборс менен кармашканын айтып бара жатты............................................ 191
XXXI. Автандил менен Тариэл үңкүрдө калган Асматка келишти .............................. 193
XXXII. Автандилдин арманы .................................... 199
XXXIII. Автандил Нурадин-Фридонду издеп чыкты ......... 204
XXXIV. Автандилдин Нестан-Дарежанды издегени ......... 214
XXXV. Автандилдин Гуланшоро шаарына келиши ........ 221
XXXVI. Автандил менен Батманын жолугушуусу .......... 224
XXXVII. Батмажан Автандилди сүйүп калды ................. 226
XXXVIII. Батмажандын каты.......................................... 227
XXXIX. Автандилдин жооп каты ................................. 229
XXXL. Автандил Чачнагырды өлтүрүп кайтты ............ 232
XLI. Батманын сөзү...............................................234
XLII. Батманын Нестан-Дарежанды сактап калганы жана ал тууралуу Үсейинге айтканы ..... 238
XLIII. Үсейин падышага айтып койду........................ 242
XLIV. Батма сөзүн узарта берди ............................... 251
XLV. Батманын Нестан-Дарежанга жазган каты ......... 261
XLVI. Нестан-Дарежандын Батмага жазган каты ......... 265
XLVII. Нестан-Дарежандын ашыгына жазган каты ....... 267
XLVIII. Автандилдин Нурадин-Фридонго жазган каты..... 273
XLIX. Автандил Тариэлге карай жөнөдү ..................... 275
L. Тариэл менен Автандил Фридондун шаарына бет алышты ...................... 284
LI. Үч батырдын кеңеши ....................................... 288
LII. Кажеттердин сепили талкаланды .................... 292
LIII. Гүланшорого келишти ..................................... 298
LIV. Кайрадан Фридондун шарына келишти ............ 302
LV. Меймандарды күтүү жана Аравияга жөнөөгө камдануу ............................ 305
LVI. Баягы үңкүрдөгү дүнүйөлөрдү алышып, андан ары карай жөнөштү ............................... 310
LVII. Автандил менен Тинатиндин тою .................... 318
LVIII. Тариэл менен Нестан-Дарежандын тою .............. 323
Тамамы ....................................................... 327
Түшүндүрмө сөздүк ........................................ 328
Шотанын шооласы ......................................... 331

Көркөм-адабий басылма

**Шота Руставели**

# ЖОЛБОРС ТЕРИСИН КИЙГЕН БААТЫР

*Поэма*

Жетинчи басылышы

Которгон *Алыкул Осмонов*
Редактору *П. Казыбаев*
Корректору *Ш. Шерматов*
Сүрөтчүсү *Р. Исаков*
Компьютердик калыпка салган *Т. Жаныйзаков*

Терүүгө 2010-жылдын 15-мартындада берилди.
Басууга 2010-жылдын 25-августунда кол коюлду.
Офсеттик кагазга басылды. Форматы $84x108^1/_{16}$.
Көлөмү 21 б.т. Заказ № 444 Нускасы 1000 даана.

Бишкек шаары, «Бийиктик» басмасы,
Ю. Абдрахманов көчөсү, 170а, тел. 66-17-25